Скорб
Ы 99

Куштарбек Ысманов

# АТАМДЫН ТАГДЫРЫ –

## XX К. АДАМЗАТТЫН ТАРЫХЫ



1р.

Скырг
Ы99

Куштарбек Ысманов

# Атамдын тагдыры – XX к. адамзаттын тарыхы



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483746

Бишкек – 2022

...гул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

УДК 821.51-3
ББК 84 (Кир)-46
Ы 99

Ысманов Куштарбек
Ы 99 Атамдын тагдыры – XX кылымдагы адамзаттын тарыхы. Даректүү баяндар, эскерүүлөр. – Б.: 2022. – 256 б.

ISBN 978-9967-9377-8-9

Бул китептин каарманы Ысман Одонов XX кылымдын алдыңкы өкүлү. Анын тагдыры аркылуу ошол мезгилде жашаган адамдардын элге кылган эмгеги, жерин коргогон эрдиги, өлкөсүнүн өсүп-өнүгүүсүнө кошкон салымы жеке мисалдар менен айкын баяндалат. Замандын талабына, учурдун өктөмүнө жараша ийкемдүү өмүр сүргөн Улуу адамдын даректүү тарыхы жаштарга өрнөк.

Майыптыгына карабай тирүүлүктүн туусун бийик көтөрүп, улуттук каада-салттарды, нарк-насилди сактай билгендиги менен замандаштарынан тыш, мамлекеттик да сый-урматка татыган Улуу адамдын элестүү бейнесин, келишимдүү келбетин адабий каарман катары көркөм сөз каражаттары аркылуу автор ишенимдүү чагылдыра алган.

Чыгарма жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК 821.51-3
ББК 84 (Кир)-46

ISBN 978-9967-9377-8-9

© Ысманов К., 2022.

*Баш сөз ордуна:*

## ДОСУМ ЧЫН ЭЛЕ ЗАЛКАР ЭКЕН

Атайын ат арытып, ашуу ашырып, алыскы Алайкуудан классташы Каныбек Чыраков аркылуу Бишкекке берип жиберген досумдун аманатын, т.а. кол жазмасын алганда күнүмдүк же катардагы иштин бириндей, анчейин маани берген эмесмин. Ак кагазга түшкөн ариптердин көрүнүшү – биз бала кездеги кардын же ылайдын үстүндө калган каргалардын изине окшош, алар ары-бери баса берип, чаташтырып салгансыйт. Адабият жаатында алектенип жүргөн жаным, автордун бул кемчилигин орус жазуучусу Алексей Пешковдун – Максим Горькийдин кол жазмасына салыштырып да алдым. Ал дагы өзүнө таандык, өзү түшүнүп окуй ала турган, башкалар үчүн анча ачылбаган өзүнчө жазманы колдончу экен. Качан гана чаташкан тамгалардын артындагы айтайын деген ойлорун орду-орду менен чечмелей баштаганымда, көкүрөгүм ачылды, көңүлүм көккө серпилди, көздөрүмдүн чарчаганын унута, баш-отум менен киришкенимди билбей калдым.

Өз мезгилинде, өз доорунда Ысман Одонов аз жашаса да, саз жашаптыр, алыскы да, атактуу да Алайкуу өрөөнүндөгү алакандай айылдын кайнаган жашоо-турмушунда очор-бачар болуп, орчундуу ордун тапкан, оозундагы сөзү, колундагы иши, жүргөн-турганы менен өрнөк көрсөтө алган адамдын образын жаратыш өтө

оор, түмөн түйшүк. Андан да өткөн татаал жагын айтсак – мен билген, мен билем деген жакын кишиң жөнүндө жазуу оңойго турбас, андайга батынгандын өзүндө чоң баатырдык жатат. Коркпой-үркпөй, күмөнсүнбөй эле Куштарбек досумду Адам таануу боюнча аалымдардын катарына кошууга болот, себеби атасынын даректүү, адабий бейнеси аркылуу кыргыз кыртышындагы акыл-эсти, дээрди, зээнди, идиректи, кулк-мүнөздү, жөндөмдү, жүрүм-турумду жана жан туюмду айкын мисалдарга жуурулуштуруп, алдыбызга ачыктады. Анысын азыркы ааламдашуу жараянына каршылыгы катары бааласак жаңылбайбыз.

Адам таануу жаатындагы кемтигибизди аз болсо да толуктаганына, ошондой эле адамдардын ар кандай кыял-жоруктарын, ар түркүн сапаттарын, ар кыл мүнөздөрүн күзгүдөй чагылдырып, чар тараптан ой жорууга, акыл калчоого түрткөнүнө бир куржун ыраазылык. Автордун мына ушундай артыкчылыгы менен, бизди зордоп окуткан коом таануу сабагына караганда катарыбызда жашаган замандаштарыбызды таанып-билүү кыйла өйдө, кыйла жогору тураарына көзүм жетти. Сыртынан сыйда көрүнгөн атасынын өмүрү жана жашоосу сыдыргыга салгандай бир кылка эмес, жакшы-жаманы, ооп-кыйышы, ысык-суугу тирүүчүлүктүн түркүм боёктордун сүртүмүнө сугарылган, бир беткей сүрөттөөлөрдөн алыс. Жыйынтыктап айтканда, кол жазманын китеп болуп жарык көрүшүнө салым кошкон редактор катары, Куштарбек досумдун жалгоосу менен Адам таануу боюнча алгылыктуу илим алганымды моюндашым керек.

Чыгармадагы окуялардын ээси – Адам аттуулардын катмары алтыга, ал эми тил өнөрүн алып жүрүүчүлөр – чечендер үчкө бөлүнөөрүн туйдум. Аларды айтса кетсем: 1. Кул пенде – көзкөр, күңкор, өз алдынча ою да, эрки да жок, башка бирөөнүн айдагына зар; 2. Кем пенде – денесинен майып же акыл-эсинен оорукчал; 3. Көр пенде



– дүйнөкор, өзүмчүлдүгү күч; 4. Жөн пенде – момун, топуктуу жана карапайым; 5. Инсан – даанышман, акылы жетик көрөгөч; 6. Улуу адам – залкар, жөнөкөйлүгү артык, төгөрөгү төп. Ар бирин чечмелеп, кепти узартып, түшүндүрмө берүүнүн кажети жоктур, ток этээрин айтканда, Ысман атабыз Улуу адамдардын сап башында экенин окуп бүтө электе эле сезебиз. Андан көрө чечендерди санайлы: 1. Акыл чечен – аз сүйлөйт, иши менен көптү далилдейт; 2. Тил чечен – ашкере сөзмөр, ойкутуп-кайкытып жиберет; 3. Маңыз чечен – тантык, айтымын жеткире албайт. Каармандардын кыймыл-аракетинен, кыял-жоруктарынан адамкерчилик жаатындагы карама-каршылыктуу сапаттарын ачык көрөбүз. Автордун айтайын дегенине дагы тереӳирээк абай салсак, мындан да бөтөнчө, мындан да өзгөчөлүктүү орошон ойлорду, биз билбеген, биз байкабаган баамчылдыкты табабыз. Бул багытта дүйнөсү кең, чабыты чаңкай асман.

Чынында эле Ысман атабыздын тагдыры – XX кылымдагы адамзаттын тарыхы дегидей бар. Улуу Октябрь төңкөрүшү, басмачылык, жалпы орток чарбаларды уюштуруу, ачарчылык коштогон куу турмуш, Улуу Ата мекендик экинчи дүйнөлүк согуш өңдүү элди психологиялык жактан басынткан, биологиялык жактан жабыркаткан алааматтардын айкын катышуучусу жана күбөсү болгону жакшы белгилүү. СССР аталган дөөлөттүү империяны курууга колунан келген салымын кошуп, башын бийик көтөрүп, ар-намыстуу жашаганын баса белгилөөгө милдеткербиз. Эр жигиттигин далилдеп, эл-жери үчүн эки жолу кан майданга барып келгени эрдикке тете экенин жокко чыгарууга болбойт. Өнөгөлүү өмүр жашоосунда өз учурунун, өз заманынын күрөө тамырын кармай билип, аткарган иши, баскан изи менен өткөн кылымдын ургаалынан алган турмуштук зор тажрыйбаларын артындагы муун өкүлдөрүнө дайындуу, колдонмо маалымат катары калтырып кеткенин – Куштарбек досум таасын окуялар менен тастыктап бериптир.

Баяндоо ыкмаларынын өз тили, өзгөчө жазмасы байкалат. Жергиликтүү мааниде колдонулган сөздөрдү орду менен пайдаланууда алгалоочу жылыштар кездешет. Акетайын айтпаганда да, аш-паш, жорток, ширбаз, илдекер, койноот, кожант, куйсупур, отоо, ободо, пара-пара, паттайи, пайлап, тогонек, тозали, уру, чары ж.б. чакан чөлкөмдө гана түшүнүк-мааниси ачылган адамзатынын байланыш каражаты мындан ары күнүмдүк жана адабий көркөм тилибиздин бир канча ширетмесинде жалпы элдик казынаны байытып, айтылып калгысы бардыр.

Китепти түзмө-түз тарыхый, даректүү чыгарма сыңары бир жактуу кароого жана атоого мүмкүн эмес. Көпчүлүк бөлүгүндө бүгүнкү күндөгү кыргыз кыртышына туура келбеген көйгөйлөр көтөрүлгөн, алардын жообун окурмандар өз алдынча, дараметине жараша чечмелей алат. Демек, муну автордун жаңылыгы катары кабылдасак болот. Маселен, каада-салтты сактоо, жаштарга татыктуу тарбия жана билим берүү, суицид, гендердик теңсиздик, көчкүндүк (миграция) маселелери бизди да, коомчулукту да кайдыгер калтырбайт.

Балким, чыгарманын мазмунуна ичи чыкпай, сын айткандар четтен чыгаар, бирок азыркы күндө адабий сынчылар кызыл китепке кирип кеткендей абалда. Айрым жумурткадан кыр издегендер уруулук, уруктук бөлүнүштөрдүн аталыштарын бетке кармап, ачык айткандарын да уга билүүбүз зарыл. Антсе да бир чындыкты айтпай койбосок капталыбыз эңшериле берет: биз, кыргыздар кырк уруудан турабыз. Колубузга паспорт тие элек чакта өздүгүңдү тактаган бир эле сөз – кайсыл уруктан экениңди суроо менен сенин кимдигиңди, тегиңди биле жүргөнүң ашыктык кылбайт. Акыркы отуз жыл аралыгында бийликтин бийик тепкичинде отуруп, аягында азгын, каңгыган качкын, арты абакка тыгылган аты таанымал адамдардын теги жөнүндө эмнелерди гана



айтпадык. Кыргыз наамын алуу үчүн жетеңди тааны, бабаңды баала, атаңды ардакта, ата-текти таза сакта дегендин жаманы жоктур.

Кол жазманы менден мурда карап чыккан, бир чети иниси, бир чети жердеши, адабий чөйрөгө таанымал редактордун авторго берген сунуш-каалоосун сөзмө-сөз кыстырма кыла кетейин: -Урматтуу Куштарбек аке, кол жазмаңызды бир күн кечиктирип бергеним үчүн кечирим сурайм?! Тегиз көрүнгөнү менен түшүнүп окуу аябай татаал болду. Айрым сөздөрдү таптакыр түшүнө албадым. Ошого карабай, атаңыз (биздин авабыз), агаларыңыз, жалпы эле тууган-урук үчүн нар көтөргүс иш жасаганыңызга терең ыраазычылык билдирем. Эгерде, бул эмгегиңиз китеп болуп иштелип чыгып, элдин колуна жеткен болсо, сиз кайрылып, инсандык мүнөзүн ачууга аракет жасаган адамдардын сөөгү агарып, бир жамбашына оодарылып алат деген ишеничтемин.

Албетте, бул даректүү чыгарма, чакан айылда жашап өткөн тарыхий адамдар. Алардын ар бири жөнүндө өзөзүнчө чыгарма жазса болот. Бирок жетиштүү маалымат жок. Биз балалык кылып, уккан-көргөндөрүбүздү көкүрөгүбүздөн учуруп жибердик. Ошон үчүн, алардын өмүр жолун көз ирмемдик учурга сыйдырып, катары менен баяндап бергениңизге таазим!

Чыгарманын өзөгү боюнча кеп кылсак, кызыктуу окуяларга бай. Атаңыз Ысман авабыздын ата сөзүн эки кылбай, экинчи ирет от күйгөн согушка барып, бир бутунан айрылып келиши, майыпмын деп өкмөткө жүгүн артпай, өмүрүнүн акырына чейин эли-журтуна кызмат кылышы, бүтүндөй элди сабаттуулукка үндөп, окумалдыкка чакырышы, таланттарды баалап, балдарына кам көрүшү – үгүтү жок тарбия!

Мындай жүгү салмактуу чыгарманы, эл адамдарынын таржымалын бир шилтем менен жыйынтыктап коюу дүйнөнү дүңгүрөткөн жазуучулардын да колунан келбейт. Айтайын дегеним: кол жазмаңызда ишеничтүү

өзөк бар. Болгону системага салып, иштеп чыгыш керек. Айрым жерлерине көркөм боёктордун кошулушу зарыл. Мисалы, согушка жакын адамдарын кошок менен узатканы тууралуу маалыматты ушул жерден көрдүм. Ошол эле учурда кан күйгөн жерден кайтып келген баласын кайратынан жазбай, экинчи ирет жөнөткөн ата жөнүндө да биринчи ирет билип отурам. Ушул сыяктуу жерлерде бир аз диалог иштеп, ата-баланын өз-өзүнчө ой жүгүрткөн монологу болсо, кол жазмаңыз керемет чыгармага айланмак. Авабыздын ишмердүүлүгүндөгү агартуучулук багыты боюнча да, өнөр адамдарына, туугандарына жасаган мамилеси боюнча да көркөм сөз каражаттарын пайдаланып, кененирээк кеп кылса болот. Компьютерге бастырып берсеңиз – редактор катары иштешүүгө даярмын. Иниңиз М. Жаныбеков.

Бул китептин дагы бир артыкчылыгы ушунда: Алайкуу өрөөнүндө өсүп-өнгөн, ошого карабай турмуш шарттын айынан бүгүнкү күнү айылынан алыста жүргөндөрдүн жүрөк дартына дабаалыгы. Сары оору кылган сагынычтан, көңүл чөгөргөн кусалыктан арылтат, өздөрүн көрбөсө да атын уккан жердештери тууралуу, ал эми уламышка айланган өмүр ээлеринин арбактары эстерине түшөт, жер-суунун аталыштары балалыгына кайтып барышына өбөлгө түзөт. Эс тутуму менен аймактагы кооз жаратылышты, татына табигатты бир сыйра көз алдында элестүү чагылдырып, көмөкөйүн бууган ички бугунан жеңилденип алаары чын. Ага автордун ой чабыты, көркөм сүрөттөөлөрү толугу менен түрткү берет. Ошону менен бирге, кийинки урпактарды түз жолго салууга багыт, жок эле дегенде бала-бакырасына калтырган мурасы катары саналаары бышык. Айрым жерлериндеги фактылардын кайталанып кетишине кейибейли, анткени ал – кесиптик көндүм. Эмгек ардагери болгонго чейин айылдык мектепте мугалимдиктин түйшүгүн тартты, сабак өтүп жаткандагы кайталоонун, бышыктоонун жүз бериши кечиримдүү.



Бүгүн мен коркпой, сыймыктануу менен жар сала алам: Куштарбек досумдун, Куштарбек курсташымдын өзү да атасынан ашкан Залкар экен. Бул чечимди чыгарууда өтүп жаткан өмүрүнө, жашап жаткан турмушуна саресеп салдым, баа бердим. Чогуу окуган күндөрдөн тарта ага мүнөздөмө берген күндө да, ал баштапкы калыптагы басыгынан жаза элек. Жүрүм-туруму оор басырыктуу, сабырдуулугуна чен жок, уруш-талаштан тыш, өз оюу, өз көз карашы бар, айтканынан кайтпаган көк, жолдоштукка, достукка туруктуу, мага окшоп мактанбаган жоош жан. Бирок "жооштон жоон чыгат" деген чын белем, жеке эле атасы жөнүндө эмес, жамы Алайкуулуктар жөнүндөгү баянын жүрөгү менен жазыптыр. Ар дайым Ата жолун улап, Күйөө-Таш айлынан чыкпады, кудум Ысман Одоновдой кыз-уулдарын жакшы өстүрдү, татыктуу тарбия, жеткиликтүү билим бергенге жетишти. Түбөлүктүү түгөйү Батмажаны менен эриш-аркак, бактылуу үй-бүлө, балдарына ардактуу ата-эне, айылында кадырбарктуу адамдар. Кудурети күчтүү кудайым эч нерседен кем кылбай, бир өзү сактасын: -Түф, түф, жамандын сөзү менен көзү тийбесин!-деген тилегим менен ой-пикиримди жыйынтыктоону туура таптым.

*Ишенбек Осмонтегин Тыналы уулу,*
*автордун курсташы, Ата-Башылык досу*
*жана китептин редактору*

## БАЛАЛЫК

*Бир жашында билбеген,*
*Эки жашка келгенде,*
*Эне-атага эркелеп,*
*Элде жокту тапкын деп,*
*Кыйнап турган балалык.*

***Жеңижок***

Өз оокатына тың, жашоосуна тыкан, жалпы Кара-Жылкы элиндеги кадыр-барктуу Одон Тегерек-Саз, Жаман-Тал, Ак-Таш жайлоолорунда көчүп-конуп, тууган-дары менен жайлоосун бирге жайлап, кыштоосун чогуу кыштап, тирүүлүктө татыктуу өмүр сүрдү. Кудайдын кудуретине шүгүр, ай-күнүнө жеткен алган жары экинчи уулун аман-эсен көз жарып, кубанычына кубаныч кошту. Маңдайы жарыла Жаратканга, Көкө Теңирге, Алда Таалага жалбаруусун айтып, жаңы жарыкчылыкка келген наристесине азан чакыртты. Үч ирет кулагына: -Атың Ысман, ысмың Ысман-деп, ырымын кылды. Биринчи уулунун атын Осмон аташкан, эми анын экинчи уулаш иниси – Ысман аталды. Ошентип, бул өмүрдө түбөлүгү жалган тирүүлүктүн саны бир жанга көбөйдү.

Ал, ээ-тобокеч, үч жаштан баштап башкаларга караганда өзгөчөлөнгөн бала болду. Кара каш, бакыраң көз, маңдайы жылдыздуу, кишиге жугумдуу. Тили да так, сүйлөгөнү чоң агасы Осмондон чыйрак, андан да тил алчаактыгын айтпайсыңбы. Күндөн күнгө бир кылыгы чыгып, көпчүлүккө сүйкүмдүү. Төрт жашынан баштап, жакын туугандардын боз үйлөрүнө сүзө качыра



кирип-чыгып, тартынганды билбей чоңойду. Беш жашында алы жеткен иштерге жумшаса, кыйыктанбайт, айтканыңды шамалдай аткарат. Элпектигине эч нерсе жетпейт, оздон жел чыга электе эле эпилдейт. Аракетине жетине албаган айыл-апа ыраазы боло – алдыңа кетейин дегенин алкоого айлантат. Анан кантмек, көз алдында көмөктөш, жаныңа жакын жардамдаш болгон жаш балага жибибей же ийибей коёсуңбу?

Айылдын жаратылышы төгүлгөн керемет. Уйкудан улар үнү менен кошо ойгонуп, кекилик менен чилдин жумурткаларын издеп, таандын балапанын кармап, тандан кеч чарчаганды билбеген Ысмандын балалыгы Орто-Казык, Миң-Булак, Тепши, Эки-Чат жайлоолорунун атыр жыттуу абасында, аңкыган гүл жыттуу салкын төрлөрүндө, көк кашка тунук сууларына жуунуп, Алайкуунун ак карга чулганган бийик өрөөнүндө өттү. Эс тартканы улуу тоолордогу ээндиктен эркиндикти алды. Кара курсагы үчүн жалдырап жалчылыкта жүрбөдү. Анығын айтканда жокчулуктун айынан колу-жону жашоо турмуштун оорчулугун сезбеди. Себеби атасы Одон Сарыгул байдын экинчи уулу болчу. Балдардын эң улуусу Эрмекбай, андан кийин Одон, анан Жаңыбай, эң кичүү уулу Аппак.

Эрмекбай малдуу, пулдуу Алайкуунун кадырлуу байларынын катарында жашап, Ак калпактуу мырзалардын мыктысы болгон экен. Ал Токтобай, Сыдык деген эки уулдуу болуптур. Атаганат, арман күү, балдары атасын тартпай, артка кеткени өкүндүрөт. Эрмекбайдын көзү өткөндө инилеринин аялдары – келиндери байдын байбичелерине кошулуп, жылдыгына чейин кошок кошуп, кадимкидей жоктошкон. Айрыкча жайлоодон жайлоого көчкөндө ат үстүндө кошок кошуп, жоктоо ырын ырдаган кыз-келиндердин катары ка-

лындап, бул бир жагынан кадыр-барктуу адамдын тирүү кезиндеги жасаган жакшылыктарын даңазалоо, пенделик зоболосун көтөрүү, экинчи жагынан мар-кумдун арбагын сыйлоо иретинде чанда гана үй бүлөлөрдө кездешүүчү ал кездеги көнүмүш эле.

Эрмекбайды мүнөзү жагынан небереси Айтмамат тарткан. Аны калыс, чынчыл, ак жүрөк деп калышат жакындан билгендер. Дагы деле көптөгөн урпактарынын арасынан бабасын тарткан ата уулдары чыкса керек. Кан менен көзгө көрүнбөгөн көп нерселер берилет тура. Күтө туралы. Бир жаман жери Эрмекбай атабыздын тагдыры, өмүрүнүн акыркы күндөрү өтө аянычтуу жагдайга туш келиптир. Совет бийлиги: “Эрмекбай бай болгон, Калкожо басмачынын алтынын тапкан” деген шылтоо менен Оштогу абакка камаган. Жолдун алыстыгынан да, барып-келүүнүн кыйынчылыгынан бир туугандары көпкө дейре кабар алууга мүмкүндүгү жок, убакыттан уттурушат. Ой-Талда эсепчи болуп иштеп жүргөн Жаныбеков Быштакты дайнын билип келүүгө жумшаган менен, ал дагы аманатты кырдаалга байланыштуу аткара албаптыр.

Уялаш иниси Жаңыбай Буйгадагы кайын-журтунда экен, убарасынан качканбы, агасынан кабар албай, Алайкууга келет. Абдан ачууланган Одон Жаңыбайды жакшы тилдептир: -Туугандык сезимден куру жалак, таш боор турбайсыңбы-дейт да, Ошко өзү жөнөйт. Бирок буйругу жок окшойт, бир жума мурда Эрмекбай жарыкчылык менен коштошуп, чым жазданганы белгилүү болот. Түрмө кайтаруучулардын көрсөтмөсү боюнча бейитинин башына барып, ыйлап-сыктап, куран түшүрүп, айылга кайтып келээри менен бата окутуп, аялдарын, кыз-кыркындарын жыл бою кошок коштуртканы ошондон болуп отурат.



Эрмекбайдан кийинкиси Одон. Өзү карапайым, ар дайым ак эмгеги менен жашаган, курдаштарынын арасында азил-тамашалуу кылык-жоруктары аркылуу кадырланган адам. Аты аталган эки бир туугандын артынан Сарыбай байдын байбичеси кыз төрөйт, түгөйү кыз менен кошо жашоого келбей, курсакта калып, кийинчерээк төрөлүптүр, ошондуктан жаңырып төрөлдү дешип, атын Жаңыбай коюшканы белгилүү. Ал эми чоң атамдын уулдарынын улуусу Осмон. Кыялы апасынын мүнөзүндөй чукчуңдаган, жапес бойлуу болгон. Эң биринчи көз ачып көргөн эрке перзенти. Ошондуктанбы, ар кандай оор иштерден калкалап, колтугуна корголотуп, колу жоорубас, бели оорубас жумуштарды аткартып, жакшы эле жаны кыйналбаптыр.

Иниси Ысман андан беш жашка кичүү болсо да, атасы Одон маанилүү иштерге: -Ысек, сен бар, Осмонго ишенбейм-дечү экен. Айлантып келип эле, ит өлчү жерге Ысманды жумшачу. Бул эмнеликтен? Көрсө, ата балдарынын мүнөзү менен жөндөмүн жаттап бүткөн. Айтканды аягына чыгарбай, тапшырманы чалагайым аткаргандын кимге кереги бар да, кимге кызык. Андыктан жыйынтыктын акыры натыйжалуу болгону ондур. Менин баамымда атасы үчүн Осмондукуна караганда Ысмандын артыкчылыгы жогору окшобойбу. Бирок, антейин десең, согуш маалында Осмон колхоздо бригадир болуп, чал-кемпир, катын-балдарды зыркырата катуу иштетип, “уш-шу Осмон жилбиктин азабы өткөн” дедирте сөз ээрчитип, өз учурунун доорун сүргөнү да чын.

Осмон 1914-жылы туулган, Атам Ысман 1919-жылкы. Балдары менен чоң атабыз дайыма Ак-Таш жайлоосунда турган. Ал жер малга жайлуу, күңгөй бети жылуу, кары оор кышта да жайыт ачылат, мал бакканга оңой. Коркпой-үркпөй кыштасаң болот. Атам он үч

жашка чыккан кезде Алайкууда кар оор түшүп, жут башталат. Күйөө-Таш, Жаман-Тал, Терек ичинде жашаган эл менен үч ай бою катташуу кыйындап, кокту-колоттор кар көчкүгө толуп, ат бастыраар жол жок, байланыша албай калганбыз дечү. Ошондо Одон: -Осмон чабалдык кылат, колуңа таяк алып, эрте жөнөп, көчкүнүн үстү менен жүрүп, Күйөө-Таштагы эл-журттан кабар алып кел-деп жөнөтүптүр. Айлананын баары аппак, тунарык. Бул убак жаздын башталышы – кар бузулган март айынын аяк чени экен.

Атам түшкө жакындаганда Чоң Сары-Тектирге келсе, Теректик Абыш аксакал колхоздун койлорун багып, ошол жерде отуруптур. Зор арчага отоо жасап, ачык талаада жашап, күнгөйгө кой жайып, эртеңки күндөн үмүтүн үзбөй, беш маал кудайга жалбарат. Андан да кызыгы, аялы Жибек ачык отоодо кыз төрөйт. Арча отундан алоолонто от жагып, жаңы боюнан бошонгон жубайына кызын кучактатып, чоң ак тонго ороп, отургузуп коюптур. Учурашып, ал-абалды сурашкан соң: -Кел, уулум, кыздуу болдум. Жентек же-деп, жарты карын сары майын атама ооз тийгизиптир. Ошондогу кызын: -Аязда, ачык аба, асман алдында төрөлдү-деп, атын Абаз койгон экен. Атаңгөрү, ал кездеги адамдардын кажырына, кайратына, күч-кубатына айрантаң каласың, азыр биз анын бирин да жасай албайбыз.

Атамдын жаш кезинде өзү көргөн, жентегин жеген ошол Абаз кыз узак өмүр сүрдү, уул-кыз өстүрдү, небере көрүп, жакшы жашап өттү. Бүгүнкү күнү андай шартта төрөгөн аялзаты туулган наристеси менен кошо өзү деле тоңуп өлүп калса керек. Менин оюмча, табигаттын катаалдыгы менен жашоонун татаалдыгы кишилерди чыйралтабы дейм. Аталарыбыз жана апаларыбыз кабагым-кашым дебестен, бирөөгө милдет-жүгүн



артпастан турмуштун ачуу чындыгына чыдап, өмүр көчүн улабады беле? Эмне үчүн биздин жана бизден кийинкилердин чыдамы аз? Негедир жукаланып бараткандай таасир калтырат. Айрыкча өз өмүрүнө кол салып, жан кыйган жаштардын кайгылуу окуясын көргөндө же укканда жагымсыз абалга кабылам. Андайлардын жосунда жок жоруктары жүрөгүмдү оорутат.

Ошентип, атам Тар дарыясын бойлоп, муз үстү менен жөө-жалаңдап жол жүрүп, Күйөө-Таш айылындагы агасы Жаңыбайдын үйүнө кеч киргенде келген. Агасы жаңы эле Кашкар шаарынан кайткан учуру экен. Ал мезгилде Алайкуулуктар үчүн Кара-Кулжа, Өзгөн, Ошко келип кеткенге караганда, Кытайдын Кашкар шаарына барып-келиши оңойго турган. Жазгы кош айдоо учурунда себилген үрөндүн көбү ошол тараптан. Эрте бастырган атчан кечинде кайра тартып, балдарынын кашында болуп калчу дешет. Атам агасынын ында бир күн өргүп, Күйөө-Таштагы тууугандардын кабарын билип, эртеси бир аз унду баштыгына салып, адатынча жөө басып, Ак-Ташка 6-7 саатта жетет. Ал эми ат менен жол жүргөндө экөөнүн ортосундагы аралыкка 4 эле сааттык убакыт сарпталат.

Сарыгул байдын уулу Жаңыбай үчүнчү баласы. Бардык ишке башы менен аралашкан шылуун, чыйрак адам өз мезгилинде Ади басмачынын аскерлерине да кошула калган жайы бар. Кашкарга тынбай каттаган. Замандын толкунунда кошо аккан байбичеси Буйгалык таздардын кызы. Жаңыбай чоң атанын биринчи көргөн перзенти Ашым Улуу Ата мекендик согуштан кайтпай калды. Майданга кетеринде Боло деген адамдын Сакен деген кызына үйлөнүптүр. Бирок, балалуу болгучакты согуш оту тутанып, тагдырын талкалап, өмүрүн эрте соолтуп таштаган. Ашым акем өз учурун-

да ичкериден окуп, билим алган. Эгер согуш тагдырына балта чаппаганда, бейиши болгур, келечегинде керилген мыкты адам, кесипкөй адис, кыйын кызматкер чыкмак дешчү аны көрүп-билгендер.

Жаңыбай чоң атабыз төрт кыз, үч уулду тарбиялап өстүрүптүр. Уулу Акимжан авабыз Кыргызстандын совет доорундагы күжүрмөн партиялык кызматкер, чарбалык иштердин мыкты адамы. Бул киши жөнүндө кийинчерээк дагы кеңири сөз кылабыз. Кенже уулу Ысамамат ава. Кара-Кулжа районунун ардактуу атуулу, эл агартуунун мыктысы. Дүйнөдө Наполеон коньягы менен кол чайкаган жалгыз инсан. Көкүрөк күчүгү, эң кенжеси Аппак. Жигиттик курагында Ой-Талдык басмачы туугандардан ок жеп, жаштайында жайрап калган.

Эмнегедир Сарыгул бай уулдарын ылдый тараптагы таздардын кыздарына үйлөндүргөн. Улуу уулу Эрмекбайды жана үчүнчү уулу Жаңыбайды Буйгалык, Одонду Ажикелик таздардын кыздарына баш коштурган. Бул жакта жашаган элдерди Алайкуулуктар Анжияндыктар деп аташат. Мага эл ичиндеги: -Билинбейт элдин башкасы,

Таздар элдин тазасы-деген ырдын саптары зор кызыгуумду арттырчу. Анжияндыктарга күйөө бала болгон Одон чоң атам Ысмандан кийин Какы жана Жамила аттуу эки кыздуу, Орунбек, Арынбек деген эки уулдуу болгон.

Ал кезде жашаган адамдардын мамилеси, сыйы, ынтымагы өзгөчө болуп, мейли жайлоодо, мейли кыштоодо болсун бирге коңшу конуп, чогуусу менен ирегелеш жүрүшкөн. Улуусунун үйү – Чоң үй аталып, туугандардын башын бириктирген, биримдиктин туткасына айланган. Же азыркы тил менен айтканда, бийликтин резиденциясынын милдетин аткарган. Атам Ысманга



баары бир экен. Бирде Чоң үйгө, бирде Ортончу үйгө, бирде Кичүү үйгө салып-уруп жетип, бардык туугандардын ысык, майлуу тамак-аштарына ортоктош болчу элем дечү. Карасаң, балалыктын тынымы жок, шок кезин. Көбүнесе, Эрмекбайдын байбичеси сары майга мыкчыма жасаса, каймакка талкан көөлөсө бөлүшүп жеген. Ал эми байдын токолу тамагын кызганып: -Исек, сени апаң чакырып жатат-деп, алдачу экен.

Бир жолу үйлөрдүн ортосунда шамалдай чуркаган бала жетип-жетпей: -Апаке, мени чакырдыңбы?-деп сурайт: -Жок, чакырган жокпуз-дешет үйүндөгүлөр. Кайрадан жетип келип: -Мени чакырбаптыр, калпычы турбайсыңбы-деп уятын чыгарат. Аргасы кеткен келин актангандын ордуна мыкчымасы менен тең бөлүшө, Ысмандын алдында күнөөсүн жууп, акталып алат. Ошол эликтей туйлаган ойноок мезгилде, тактап айтканда алты жашында кекиликтин жумурткасын алам деп, аскадан кулап, бети-башы тамтыгы жок жарылып, бир өлүмдөн калганы айтыла калчу. Өпкө-жүрөгү, боору аман, бирок сырткы денеси катуу урунуп, көк аласы көпкө кетпейт. Анысы ай айланып араң өчүптүр. Тентектен тамагын кызганып, жаман көргөн жеңелери: -Башыңды жегир, ушуну көрмөксүң-деп, таба кылышат. Шок, бирок жамандыгы жок, дилгир баланы көпчүлүгү жакшы көрүшүп: -Тез сакайып кет, садагасы-дешип, кудайдан тиленишкен.

Ага-туугандар күздүн башталышында алыскы жайлоолордон кыштоого жакын Тегерек-Саз чөлкөмүнө көчүп келишет. Ысмандын тогуз жашар томсуган шок кези, токтоло элек мезгили. Ой-Талдык бөрүлөрдөн (уруктун аталышы – ред.) чыккан Курманбек корбашы желдеттери менен айылды чабат, талап-тонойт. Басмачы келет экен-дешип, эркектер эбак бекинишип, too

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483746

аралап качып кетишкен. Айылда өңчөй аялдар менен балдар калышкан. Ошого карабай Ой-Талдык бөрүлөр Каражылкы бөрүлөрдүн айылдарын аралап, мингич аттарын, көзгө толумдуу буюм-тайымдарын каракчыдай эле үй-үйгө кирип, тартып алышат. Муну өз көзү менен көрүп турган атам басмачылардын башчысы Курманбекке тартынбай: -Эй, кыйын болсоң орустарга барбайсыңбы, бизди тонобой-деп, тике айтыптыр.

-Эй, жашабагыр, кимдин баласысың?-дегенде, энеси: -Бас оозуңду, үйгө кир-деп, боз үйгө түртүп киргизип жиберет. Балким, энеси жанында болбогондо ачууга алдырган корбашы атып салуудан деле кайра тартмак эместир. Анысынан дагы басмачылардын артында ээр токуму жок, арык атты жетелеген бирөө атамдардын үйүнө кирип, апасынын атайы Ысманга арнап жасаган оймолуу токулгасын тартып алат. Атам андан талашып, токулганы коё бербей койгондо, энеси ортого түшүп: -Маа демектен башына кийип алсын-деп, алып берип коёт. Антпесе, жаш баланы мертинтип таштоого толук негиз бар болчу. Куралдуу кишиге кантип туруштук бермек катын-калач, жаш балдар. Күчкө күч гана татыйт, күчтү күч гана тааныйт. Алсыздын аргасын түгөткөн арсыздардын куралы ушу.

Басмачы жайдак атка токулганы жаап, жетелеген бойдон дагы үйлөрдү кыдыра баштайт. Атам өжөрлүгүн карматып, кокус токулганы ат үстүнө калтырып, үйлөргө кирип кетсе, алып качам деген кыязда артынан аңдып жөнөйт. Ал дагы далайды көргөн куу тумшук экен, кайда кирсе да колтугуна кысып, таптакыр алдырбай коюптур. Ошондогу Ой-Талдык басмачылар бөрүнүн төртүнчү уулу Байторунун Чынбагыш уулунун балдары болгон. Демек, алар айланып келип эле агасы Келдибектин тукумунун айлын чаап, душмандан бетер талап-тоноп жатка-



ны атамдын намысына тийип, кыжырын келтире берчү. Ойго келбеген орунсуз окуя сыңары же бир көргөн жаман түш катары өмүр бою эсинен чыгарбай туруп алды. Тууган арасындагы байланышка доо кетирген кесепетин эстеген сайын каңырыгы түтөөр эле.

Атамдын бул айткандарын өзүнүн баяны боюнча эскерип жазып олтурам. Балалыгынан баштап, башынан өткөргөн ар түрдүү түйшүктүү мезгилдери жөнүндө толук маалыматты камтый албадым. Анткени мен атамдын көзү менен өткөн чакка – ал адамдын сөзү менен кыйла артка кайрылуума мүмкүнчүлүгүм жетпес. Атамдын тагдыры – XX кылымдагы адамзаттын тарыхы. Тамчыдан деңиз куралгандай, бир өмүрдөн экинчиси, дагы башкасы жаралат жана кийинки жарык дүйнөнүн отун өчүрбөйт, андан аркы жашоого шооласын, нурун чачат, тирүүлүктү улантат. Жаратылышыбыздын, табиятыбыздын мыйзамы ушундай, азыр бизди коркутуп жаткан Акыр заман же Кыямат кайым аягына чыкмайынча, Аалам бизге кучагын жаят, убактысы менен мейкиндигин берет, Күн, Ай, Жылдыз, Жер эне бир бүтүндүктө.

Сүйлөшүп калганда мени кызыктырган бир суроо көкүрөгүмдү тиречү. Акыры аны да берип тындым: -Ата, Сиз, кандайдыр бир нерседен корккон учуруңуз болгонбу?-дегенимде, -Аа, карышкыр жеген койлордун эттеринен ач бөрүнү элестетип, корккон элем-дегени бар. Ал мындайча болуптур. Кеч күздө айылдагылардын койлоруна карышкыр тиет. "Бирди жейм, миңди кырам" деген антты карманган кашаба жөн коёбу, ар кайсы кокту-колотту караба, өлгөн же жарадар койлордун тулкусу жайнайт. Эркектер мал болбосун союп, боз үй ичиндеги ала баканга эттерин илип, биринин үйүнө бири конокко жөнөп, жыргап калышат. Одон

чоң ата да койдун этинен казанга кенен асып, отун жагып кайнатып, шам маалында коңшу тууганды үйүнө баш багат. Эртеден бери оюнга алаксып жүргөн атам коломтонун оозунда жылынып олтурса, ала бакандагы эттердин арасынан карышкыр карап тургансыйт. Жалгыз эме огобетерден коркуп, ордунан кыймылдай албай, кокус кыймылдаса эле ал баса калчудай, жадаса мурдунун суусун тарта албай, жан дили менен дене мүчөлөрүн аябай коркунуч каптайт.

Канткен менен көк жал жырткычтардын сырттаны да. Анын сүрүнөн алибеттүү, кайраттуу деп эсептелген эр-азаматтар да сестенген. Көзүн көргөндө кыйкырганга алдары келбей, үндөрү буулуп, бир тыным нес болоору анык. Ал кездеги төрт жашар Ысмандын коркору бышык, бул боло турчу көрүнүш. Мындан башка мен эч нерседен корккон эмесмин, шайтан-шабыр, албарсты-мастан сыяк коркунучтуу мокочолорду көргөн жокмун. Болгону бала кезиндеги карышкырдан корккон кезин күлкү менен эскерип, ырахаттанып айтып берчү. Чын-чынында кызыл-ала кой-козулардын абалы, карышкырдын кызарган көзү менен арсайган азуусу тууралуу айтылган адамдардын аңгемелери жалгыз калган жаш баланын оюна бүлгүн салып, ындынын өчүрө, "Коркконго кош көрүнөт" кылса керек.

# БОЗ УЛАН КУРАК ЖАНА СОГУШ

*Мен кечээ эле жаш балдарга кошулуп,*
*Уя чукуп, кармап жүрсөм балапан.*
*Сүйүү деген бирөө келип созулуп,*
*Жигит кылып кеткен экен карасам.*

**Расул Гамзатов**

Убакыт өткөн сайын Кыргыз жеринде Совет бийлиги толук орноп, басмачылардын кыймылы токтоп, эл арасынан тазаланып, колхоздоштуруу аяктап, аймактарда райондор түзүлө баштайт. Азыркы Кара-Кулжа району менен Алай району бириктирилип, борбору Гүлчө айылы аныкталган. Ал жерге жети жылдык мектеп интернаты ачылыптыр. Ал эми бүгүнкү Сары-Булак айыл өкмөтүнө караштуу Ажике тарабы Гүлчө кыштагына жакын жайгашканы маалым. Атам алга умтулган жеткинчек катары кат таанып, билим алыш үчүн Ажикелик Эркебай тагасынын колунда жүрүп калат. Ошол учурда окууга дилгир, билим кууган түндүктүк кыргыздардын балдарынын саны арбып, бул багытта жетишкендиктери көп болгон. Андыктан алардын алдыңкыларын түштүк тарапка мугалим кылып, жөнөтүп турушкан.

Атамдын билим алууда бактысы бар экен. Кыргыз эл акыны, балдар адабиятына зор салымын кошкон Муса Жангазиев менен парталаш болуп, бир класста окуп калат. Себеби, атактуу адамдын ата-энеси Алайга агартуучу катары жиберилгендерден эле. Учурдун урааны жана жаңылыгы болгон билим алуу жарайнында атам алдыңкы окуучу болуу менен, мектептеги

спорттук мелдештерде ар дайым жеңүүчүлөрдүн сап башында турган. Артыкча турникте ойноодо дасыккан гимнасттардай көнүгүүлөрдү так аткарып, мектептин, райондун жетекчилеринен: -Ап, бали! Ай, баракелдеген мактоо-алкыштарды угуп, жан дүйнөсү менен дене-боюн бирдей өнүктүргөнгө маани берген. А киши эр жигиттин акыл көрөңгөсү күч-кубатына шайкеш келгенде гана көркүнө чыгаарын алдын ала билгендей.

Тагасы Эркебай өз мезгилинде колунда бар бай адам болгондуктан уулу Мамазакир менен жээни Ысманга жорго аттарды мингизип, окуусунан калтырбай Гүлчөгө убагында жөнөтүп турган. Атам мурда өзү туулуп-өскөн Тегерек-Саздын жана ага жакын жайгашкан Ак-Таш, Жаман-Тал, Күйөө-Таш чөлкөмдөрүнүн кооз, керемет жерлерин эле көргөн болсо, окуунун арты менен ажайып Ажике жергесин, көркөмдүү Алай өрөөнүн аралап, боз улан курагы эркин учкан куштай сызып, дүйнө таанымы дүпүйгөн дарактай бийиктей берди. Алайкуу капчыгайынан жаңы чыккан өспүрүмдүн ой-санаасы менен кыял чабытына канат бүтүп, бүткүл Кыргыз мейкиндигинин мен деген мыкты жерлерине: Көк-Ойрок, Суусамыр, Босого, Кулданбес, Сары-Челек сыяктуу аймактарына баргысы келет.

Жаштын тилегин берет тура, кудайдын буйругубу, Гүлчөдөгү мектепти жакшы баалар жана үлгүлүү жүрүш-турушу менен аяктап, Фрунзе шаарындагы айыл чарба техникумуна окууга өтөт. Бул окуу жайы азыркы Айыл чарба Академиясы, илгерки атагы таш жарган Айыл чарба институту. Бирок, атамдын окуу жайды толук аяктоого тоскоол кылган кырдаал – Экинчи дүйнөлүк согуштун туташышы себеп болуптур. 1940-жылдын аягында куралдуу күчтөрдүн катарына чакырылат. Аскердик милдетин өтөп бүткүчө тарыхтагы Улуу Ата мекендик



согуш чыгып кетип, кан майданга, жоо бетине аттанат. Болгондо да маршал Буденныйдын атчандар армиясынын курамында катышат. Бул жагынан ат үстүндө чоңойгон атама жеңил болгон менен уруш талаасындагы тактикалык жүрүштөр таптакыр башкача эле.

Тилекке каршы, атчандар армиясы граждандык согуштагыдай ийгиликтерге жетише алган эмес. Ошондуктанбы аларды жоюп, андагы аскер бөлүктөрүн кандуу кармашка шайкеш келтирүү үчүн мото-аткычтар жөө аскерлеринин катарына кошот. Мурдагы кызмат өтөөсүнөн мындагы талап таптакыр башкача экен. Адегенде жүдөй түшүп, баары бир толук эмеспи, бат эле чыйрала, көрсөтүлгөн тапшырмаларды так аткарып, алдыңкы тизимдердин жоон ортосунда жүргөнүн Коо-Чатылык Забытакун аксакал айтып калчу. Ал экөө алгачкы атчан аскерлердин курамына бирге түшүшкөн. Жаштайынан ат жалында ойноп-өскөн Алайкуулук жигиттерди албаганда, кимди алмак эле, жылкы жаныбардын мүнөзүн, кыял-жоругун жоокерлердин арасында алардан кыйын билгендер жокко эсе болчу да.

Забытакун аксакалдын айтуусу боюнча "мени Ысмандан бөлүп, башка жакка жибербесин" дегендей коолтонуп, бирөө бирдеме десе эле: -Орусча билбеймин-деп, Ысманды такымдай ээрчип, жанынан жарым кадам чыкпаптыр. Бири бирин эш тутуп, кайда барса да, кандай иш кылса да жанындагы аскерлерден өзгөчөлөнүп, сый-урматка татыктуу жердештерди кезектеги кандуу беттеш ажыратат. Атам жеңил жарадар болот. Забытакун аксакал Ысмандан бөлүнүп, баягы тил билбейм дегени калып, чакылдап орусча сүйлөп, аскерлерди таң калтыра, андан ары майданга кирип кетет. Кудайдын буйругу экен, Забытакун аксакал согуштан алты саны аман келип, ветеринардык билим

алып, шамалдай шуулдап, тың-тарс иштеп, эмгегинен баар таап, сексенден аша өмүр сүрдү.

Атам жеңил жаракатынын кесепетинен туулган айлына кайткан. Бирок, үйдө отуруп алмак беле, Совет районунун Сары-Булак айыл кеңешине жооптуу катчылыкка дайындалат. Болуп-толуп турган жигиттик курагында тага журтуна кызмат кылып жүргөндө сүйкүмдүү кызга жолугат. Тагасынын чоң колдоосу аркасында сүйүктүүсү менен бирге түтүн булатып, үйлөмөкчү да болот. Кыздын ата-энеси да көнүп, кызынын турмуш курушуна макулдугун беришет, жакшылыкка камылга көрүлө баштайт. Эки жаштын сезимдери ойноп, боло чок жашоолорун болжой, өрттөй жанган кыялкечтик өрөпкүтүп, нике кыйыла турган күндү күтүп калышкан. Бирок, тагдыр деген бар экен, бат эле быт-чытын чыгарып, көксөгөн ой-тилектерине терс таасир этип, экөөнүн баш кошуусуна тоскоолдук жаралат. Атакем аруу сүйүүсүн арнаган кыз кийин уулдарынын бирине Ысман ысмын ыйгарганы айтылып жүрөт.

Бул эмнеден кабар берет? Демек, кыз дагы арзыган адамына ак дилин, ак сүйүүсүн арнаганынын белгиси эмеспи. Бакытка жаңыдан балкый турган убакта кош жылдызы жанган жаштардын жалындуу жана ысык мамилесине муздак суу куйгандардын тилеги жүз берип, моюндашкан, ынак, эркин балапандарды эки айрылыш жолго салышкан. Көрө албастык деген, кызганычтык деген жугуштуу илдеттер канга аралашканда, каректерден чагылганда, андайларга карандай калпы көп ушак кошулганда – тоодой тосмо да четинен урайт турбайбы, кудай урган. Кайра калыбына келгиче убакыт учкан куштай сызып, кырдаал экөөнүн пайдасына чечилбей, теңирден тескери өзгөрүп, умсунган бойдон улутунуп отуруп калышыптыр. Башкача айтканда,



кыздын сыртынан көз салып, баасын бычып жүргөн жергиликтүүлөр Ысманга ыраа көрүшкөн эмес.

Ойлогон ою ордунан чыкпай, бир аз чүнчүп, капа болуп, кабагы салыңкы, элден, иштен оолактай, өзү менен өзү алпурушуп калат. Ошол учурда атамдын агасы Осмонго аскерге чакыруу кагазы келет. Ал айылдаштары менен коштошуу үчүн жоро уюштуруп, бозого тоюп, анан ага мас болуп, башы-көзү жарылып, өйдө турууга алы келбей, төшөк тартат. Чоң атамдын жан туюмун чочута турган, ойлонто турган негиз бар эле. “Капырай, баягынын баласы аскерден качыптыр, анын жаны таттуу бекен, биздин деле балдарыбыз барып жатпайбы...” деген сасык сөздөр намысына сөзсүз тиймек. Ага деле терикпей, кол шилтеп, кулак жапырып койсо болмок, бирок мыйзам боюнча уулу катаал жазага тартылып, өмүрү менен кош айтышкан күндө да, жаманатты кеби кези келгенде жаңыра бермегин кайда катасың?

Алайкуудан аттанган аксакал киши кыйналганына карабай атама келип, Осмондун ордуна согушка сен барып кел, анпесек аганды аскер качкыны катары сottоп жиберет деп өтүнөт. Атанын сөзү ок, жок деш оор, ошентип атасынын айтканын эки кыла албай, бир тууганынын ордуна кайрадан экинчи ирет кан майданга жөнөгөн. Биз согуш жөнүндө тартылган кинолордо музыка менен узаткан көрүнүштөрдү көркөмдөп бергенине күбө болобуз. Ал кезде майданга жөнөгөндөрдү боздогон, озондогон, шолоктогон ый, токтобой аккан көз жаш менен узатышканы айныксыз эле. Чоң атам калбаатын жазбай, болгон кайраты менен: -Ысек, уулум, аман барып, эсен кел-деп, көкүрөгү канап турса да, көздөрүнө жаш албай жакшы көргөн баласын ажал чачкан согуш талаасына аргасыздан жөнөтүптүр.

Атамдын ошондогу экинчи жолку согушка катышкан учуру 1943-жылдын башталышына туш келет. Бул мезгилде Советтик армия душмандарды батышка карай кубалап, басылып алынган аймактарды биринин артынан бирин бошотуп, демилгени колго алган кези. Албетте, башында жоокерлердин бөөдө өлүмү көп катталып, курал-жарактардын кемтигинин натыйжасында туруштук берүү төмөн болгон. "Бардыгы фронт үчүн" урааны ачык-айкын күчкө ээ болгондо артыкчылыктуу куралдардын түрлөрү жасалып, баскынчылардын жазайын бергенге ыңгай жаралган. Муруңкудан советтик аскерлердин курмандыгы азайып, жеңиштин жышанасы бизге ооп, салгылаштарда өлүм саны аз каттала баштаган. Дзоттун оозуна, танктын алдына боюн таштагандар кескин кыскарган.

Атамдын бактысына жараша Батыш Белоруссия фронтуна караштуу маршал Коневдин армиясынын курамындагы полктун аскерлеринин катарында кан кечет. Көпчүлүктүн арасынан бат эле өзүн көрсөткөндүгүнө байланыштуу полктун командиринин адъютанты – улук сержант наамын алып, аскер жетекчилигинин ишенимине кириптир. Жанына жакын алып жүргөн полковник: -Сени согуштун даңктуу баатыры кылам, кыргыздын азамат жигитисиң-деп, ар дайым атамду мактачу экен. Күндөрдүн биринде душман тарап тынчып калат, бар-жогунун шеги билинбейт. Ошондо командири таң эрте – үрүл-бараңда атамдын алдына тапшырманы аткарууга буйрук этет: -Жолдош улук сержант, душмандын позициясына карай автоматтын кезеги менен ок аткын! Бол, тез аткар...

Атам автоматын сунуп, душмандарды көздөп, кыска-кыска атып баштайт. Каапырлар ушуну эле күтүп турганбы, ал жактан да мылтыктын үндөрү чыгып,



таңкы тынчтык будуң чаңга айланат. Аңгыча адамды ажалдай издеген душмандын огу жоокердин оң бутунун жоон санын талкалап кетет. Жыбылжыган жылуу кандын жыты каңылжаарын өрдөп, көздөрү ымыр-чымыр, шайы акырындык менен боюн таштап, ок тийген жери оорутуп, жанын көзүнө көргөзгөндө чиркин-ай, тимеле чыдоого мүмкүн эместей. Тез эле медициналык жардам чакыртылып, маңдайындагы полковник атамды чыйралтыш үчүн кайрат кылууга чакыра: -Бутуң айыгат, эл-жериңе эсен-аман бар, солдат-деп, госпиталга жеткирүүгө буюрат. Мындайда катарлаш жоокерлер да карап турбайт ко, ары-бери талаа госпиталынын чатырына киргизип беришет.

Күн өткөн сайын жарааты мына жакшы болот, ана жакшы болот деген атамдын үмүт-тилегинин майы түгөнүп, өчүңкү тартып бараткан кара чырактай бүлбүлдөп барат. Дарылоонун натыйжасы аз, тескерисинче жарааты ырбап, сасык ириң кан жүгүргөн тамырлар аркылуу башка дене мүчөлөрүнө коркунуч келтире баштаганда аскер врачтары оң бутун кесүүгө бүтүм чыгарат. Атамдын кестирүүгө караманча каршы болгонуна карабай, наркоз менен уктатып, жото жиликтин ортосунан ылдыйкы бөлүгүн алып ташташкан. -Ойгонсом эле оң бутум жок калган экен-деп, эскерчү ошол күндөрүн. Сол бутунун да жоон сандагы булчуң эттери оюлуп, жарадар калыбында. Бул жактан алынган эттер кесилген буттун жараатына жамаачы катары колдонулган окшойт. Экөө бирдей ооруп, онтотконун айтпа...

Ажалга аралжы аскердик врачтардын арты менен талаа госпиталынан чыгып, Татарстандын борбору Казань шаарында дагы үч ай бою дарыланат. Шарты кыйла жакшыртылган госпиталдын чоң залында катар-катар коюлган керебеттерде жарадар жоокерлер

жаткырылган. Айыгып калгандары ары-бери басып, төшөк тарткандардын акыбалын сурап, жардамын берип, жок эле дегенде чер жаза сүйлөшүп, жарпта-ры жазылып, жыргап калышат. Ал арада айыгып келе жаткандардын көңүлүн көтөрүү үчүн атайы оюн-чыны тамаша да чыгарып: -Госпиталдын башкы дарыгери аябай сулуу аял киши экен. Жараатыбызга кошуп, жүрөгүбүздү оорутпайын деп, эч кимге көрүнбөй, бизди түн ортосунда кыдырып, көрүп кетет-дешип, күлүп жүрүшөт. Деги, тирүүлүктүн белгисин ушул сыяктуу жөп-жөнөкөй сүйүнүчтөр түзөбү дейм…

Бирок, бала чагынан кептин чын-бышыгын текшерип көнүп калган атамдын зиректиги менен ишенчээктигин жанындагылар кайдан билсин. Ошол башкы дарыгер аялды көргүсү келгендиктен түн ортосуна чейин уктабай күтөт. Айтышкандай эле түн оогон кезде катар-катар керебеттерди аралай баскан, аскер формачан, полковник даражасынын жылдыздарын тагынган, ак жуумал, аябай келишкен, орто жаштан өтүп калган перидей аял жакындай бергенде кыңкыстап, онтоп калдым деп эскерчү. Ал керебеттин четине отуруп, атамдын чекесин жумшак, жылуу алаканы менен басып көрүп: -Жоокер, бир жериң ооруп жатабы?-деп, кулагына эңкейип, шыбырай сурайт. Башкы дарыгердин келбетине, жасаган мамилесине эрип кете таштаган атамдын бир нерсе деп жооп берүүгө чамасы келбейт.

Жалдырама тийгендей, каректери катып калган атамдын кебетесин көргөн кыраакы врач жоокердин бутунун кесилгени эч нерсеге арзыбасын, аман-соо калганы чоң олжо экенин, келечекте бактылуу, бакубат жашоо күтүп тургандыгын мээримдүү көз карашы менен, коңур жумшак үнү аркылуу жугумдуу айтып, анын алдында дарыгер өңдүү эмес, энелик милде-



тин аткаргандай болуптур. Ысман айылдан кеткени мындай жылуу сөздөрдү кыйла убактан уга элек эле. Асыресе, адамга аз да болсо көңүл бөлүп, жагымдуу мамиле жасап, жан сүйөр сөз айтылса – ал алтынга тете, зарыл учурда андан да артык. Кызыгы, кыргыз жоокерине кайрылганы, каалоо-тилегин билдиргени жөн жерден эместир. Аңгемесин андан ары улаганда: -Мына мен ошондо асылзат, мыкты айымдын накта жүзүн көрдүм-деп, атам мулуңдап алчу.

Улам жеңиштин жышанасы жакындап, душманды биротоло жексен кылууга болгон далалат күчкө күч кошуп, жаркын жашоого дем бере баштаганда кечээ эле өлүм-өмүр ортосунда жаткан адамдардын ар кандай ой-кыялдары да өзгөрүүгө багыт алгандай. Башын көтөрүп басканга жарап калган жарадар жоокерлер айылына барганда аткара турган иштерин айтышып, ар бири алдына максат коюп, элдин, жердин, зор өлкөнүн эртеңки өсүп-өнүгүүсүнө кошуучу салымдарын санап, кыялдануусу баштарынан ашып, көккө чабыттайт. Атам бирде жарым жан болуп калганына кападар, бир жагынан алтын башы аман калганына сүйүнөт. Айылга барганда эмне иш кылаарын деле билбейт, бак тобокел, бара көрөрмүн деген ойлору менен алек, госпиталдан коопсуз айыгып, тез кетишин гана тилеп калган.

Күткөн күн да келди. Кесилген буттун мултугу менен сол бутунун жоон санындагы жараат толук бүтүп, карттардын тагы кадыресе өчүңкү тартып, сакайгандардын сап башына тизилип, автоматын эки балдакка алмашып, Ысман деген ысмына – Ысман чолок деген кошумча ат кошулуп, аскердик китилине согуштан алган: “За отвагу”, “За боевой заслуги” күмүш медалдары баштаган көптөгөн төш белгилерди тагынып, касиеттүү Күйөө-Ташым кайдасың деп, жолго чыгат. “Жол азабы

– көр азабы” дейт, татар туугандардын башкы шаарынан үйүнө дейре далайды көрүп, ата-энесине, бир туугандарына, эл-жерине болгон кусалыгы күн түйшүгүн, түн уйкусун качырып, жок бутунун кордугуна карабай, үзүлбөгөн үмүтү алга жетелейт. Киндик кан тамган жеринин суусу менен топурагы көздөн учат.

Орус ойдуңунан Орто-Азияга багыт алып, шарактаган товардык вагондор адегенде Ташкенге, андан Ошко, Кара-Сууга жарадар болуп согуштан кайткан жоокерлерди ташып жатты. Ар кимиси өз ыңгайына жараша жолдон түшүп кала берип, кош колдун манжаларынан ашпаган эле аскер кийимчендер Кыргыз жергесине жеткенде, өз элин, өз жерин көргөн атам кадимкидей өрөпкүп, толкунданганынан көз жашы куюлуп атканын деле этибар албаптыр. Эмнеге ыйлап жатат дегендер деле тыйбаса керек. Анан кантет, бир согушка эки ирет катышып, мүчөсүнүн бирөө кем болсо да, аман-эсен айлына баратканы – тагдырдын баа жеткис белеги эмеспи. Маңдайына ошондой жазылган окшойт, балким, биринчи жолку жаракат алган кезде кесепети оор, жараксыз абалга кабылганда, кан кечкен майданга, ажал чачкан алааматтын экинчи эшигин кайдан ачмак?!

Ал кездеги элдин пейли башкача экен, азыркыдай кайдыгер эмес. Кан майдандан кайтып келаткан атамды тааныгандар да, тааныбагандар да сыйлап, колунан келгени курсагын тойгузуп, колунан келбегени жакшы тилегин айтып, майып жоокерге ак жол каалашканы айгинедир. Жөө басуудан мүмкүнчүлүгү чектелгендиктен ат-көлүгү барларды көпкө күтүп, эптеп Кара-Кулжа айлына араңдан зорго жетет. Андан ары өз алдынча жөнөй берүүгө ылаажысы жок. Дагы жакшы атасына кат жазып койгону акыл болуптур. Ысман



келатыптыр деген кабар желдей тарап, өзү өсүп-чоңойгон ак мөңгүлүү, аска-зоосу бийик өрөөндүн ар бир тектирине, кокту-колотуна, бак-дарагына, суу-ташына, ал түгүл, асманына аралашып, жалпы журт кулагын көтөрүп калганы акыйкат.

## СОГУШТАН КИЙИНКИ ЖАЙ ТУРМУШ

*Биз адамдар эртең менен шаңданып,*
*Келебиз да эли батпай жайнаган.*
*Бирөөн каргап, кайра өзүбүз каргалып,*
*Өмүр деген бир вокзалга токтолуп,*
*Күш-пүш этип, жол тартабыз кайрадан.*

**Расул Гамзатов**

Чоң атам Одон малдуу-жандуу, камдуу адамдардан дебедикпи, баласынын балдакчан келатканына кайыл, кош ат жетелетип, Кара-Кулжадан айылына алдырып келиптир. Экинчи ирет ажалга салып берип жаткан-да көздөрүнөн тамчы жаш чыгарбай, кайраты менен узаткан атасы уулунун амандыгын көргөндө мончок-мончок жашын куюлтуп, тосуп алган экен. Жүрөгү эзиле: -Чын көрдүмбү же жалган көрүп жатамбы?-деген ойго келсе керек, жарыктык. Ага-тууганды, жамы журтту, ачыгын айтканда тайлуудан туяк калтырбай чакырып, кудайыны өткөрүп, колунда бар үчүн кайрадан жаңы төрөлгөндөй жентек берген дешчү билгендер. Бул жасааты менен өзү согушка жөнөтөөрүн жөнөтүп алып, жаман ой-санаага батып, кыйналган күндөрүн, уйкудан чочуп ойгонгон түндөрүн эсинен чыгаргысы келгендир…

Ооруктагы оор турмуш элди каржалтып, ачкачылык, ач-жылаңачтык көптөрүн оорукчан кылып, жетишпей турган заманда атам үчүн майып элем деп жатып алуу уят болчу. Анын үстүнө кан майдандагы чуңкурда коммунисттик партиянын катарына өткөн адам катары огобетерден осол иш. Ошондуктан белин бекем бууп, төрт жылы катары менен башталгыч мектепке мугалим болуп эмгектениптир. Отурган жерде: -Мен окуткан окуучуларым бир жылда эле шар окуп, туура жазганга жетишип калышчу-деп, көтөрүлө кетчү. Чынында эле мактангандай болчу: -Окуучуларымдын көбү жогорку билимдүү-деп, Токтомушту, Ымамаматты, Ырысбекти мисал тартчу. Анан өкүнгөдөй: -Бир гана Заринбеков Акиш атайын техникалык билимге ээ болуп калды, ат-аа-дей, кейигенсип калаар эле.

Ошо кезде майда, чакан уюштурулган колхоздор ар-бынырaак. Анткени элдин саны аз, ага кошумча урууулук жакындыгына карап, биринен бири алыс, ар кайсы кокту-колотторго жайгашкан. Жалпы жамааттык чарбаларды ирилештирүү саясаты ичкериден келип, жергиликтүү элдин катмарына түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүгө тийиш болгон. Демек, элдин үнүн уга алган, элге өкмөттүн токтомдорун жалпак тил менен жеткирүүгө жөндөмдүү элден чыккан адамдар керек эле. Андай адамдардын арасынан атам Ысмандын аты биринчилерден аталып, мугалимдик кесип менен коштошууга туура келген. 1958-жылга чейин майда, чакан колхоздордо партиялык комитетти жетектеп, калыстыгы, уюштуруучулугу менен эл оозуна алынып, мамлекеттик идеологиянын кужүрмөн жоокерине айланган.

Эмгеги текке кетпей, кокту-колоттогу колхоздор чоң-чоң чарбаларга бириктирилип, ирилештирүү аякталганда үч ирет ири колхоздордун партиялык комитетинин катчысы катары кызматын абийирдүү аткара алды. Өзгөчө элдин социалдык жактан өнүгүүсүнө басым жасап, турмуш шарттарын жакшыртуу багытында чарба жетекчилеринин көңүлүн утур-утур бурдуруп турган. Аларды карапайым калктын жөнөкөй жашоосуна жакын болууга үндөгөн жана талап кылган. Айрыкча жакыр, начар жашаган үй-бүлөлөрдөн дайыма кабар алып, жакындан жардам көрсөтүүгө дилгир эле. Бир жолу Коо-Чаты айылында оорукчал аялдан кабар алуу үчүн таң эрте жетип барса, байкуш аял түн ичинде эле эбак оо дүйнөгө сапар алыптыр. Ал эми жанындагы наристеси муздак эмчекти соруп, жата бериптир.



Коңшуларын чогултуп, уулун туугандарына тапшырып, маркумду мезгилдин шартына ылайык жайына койдуртат. Кийин энесинин эти муздаганына карабай эмчегин эмген бала алдуу-күчтүү чоңоюп, аман-эсен эрезеге жетип, жалаң райкомдун секретарларын тарткан чоң шоопур болгон. Өлгөндөн калган перзент – Макилдик жөнүндө Алайкууда азырка чейин аңыз айтылат: -Бизде райком кыйын, бирок райкомдон Макилдик кыйын-деген. Мындай мисалдардын дарегин арбын. Айта берсе сөз түгөбөйт. Мен коркпой-үркпөй ачык жыйынтык чыгара алам: -Атам эл үчүн эмгегин эле эмес, өмүрүн кошо арнаган адам. Ал кишинин бир касиети бар эле, адамдарга жардам эте албай калсаң, жок дегенде жакшы сөзүң менен колдо. Агер антkенге жарабасаң – эч качан жамандык жасаба, андай пастык оюңа да келбесин-дечү.

Тагалар тарабы, Гүлчөдөгү мектеп, Фрунзедеги айыл-чарба техникуму, анан эки жолку кан майдан отузга чыга элек элеттик жигитти мырзалык деңгээлге көтөрдү. Эл көрдү, жер көрдү, адамдардын ар кандайын да көрдү, ар түрдүү жашоо шартты, турмуштук

жагдайларды башынан өткөрдү. Атааң-гөрү, эркелигин карматып, улактай оюн салган кокту-колотунан, көзүн караган ата-энесинин колтугунан чыкпай калса эмне болот эле? Балким, малы көбөйгөн сайын туягын санап, көр пенделиктин моюнтугун көк желкесине илген бойдон бай Ысман же Ысман бай аталып, баймасы ашык, байлыгынын арты менен кадыр-баркка жетмектир. Бирок атам андай жолду тандамак эмес, мезгил менен тең жарышып, заманага жараша билим алып, алдыга умтулууну туура көргөндөй.

Чоң атамдын сөзүн эки кылбай, экинчи ирет ажалга аттанганы өзгөчө эрдик. Бул жагынан атам ошо кездеги бир тукумдун ичиндеги кошоктолгон түйүндүү жипти – оор маселени чечкенин эми билип олтурабыз. Биринчиден, атасынын аманатын аткарып, ыраазычылыгын алса, экинчиден, бир тууган агасын тикелей өлүмдөн сактап калганга жарады. Ар качандан бир качан айылда жөн жүрбөгөн Осмондун кан майдандагы тагдыры кандай болмок? Чоң атамдын жан туюму улуу уулуна ишеним артпай, болду-болбоду Ысманым жарайт дегени көңүлүнүн чордонунда, ток пейил сымал. Баласынын башынан берки адатын жакшы билген – тапшырманы так аткарат, иштин аягын алабармандатпайт. Ошентип, атамдын жоопкерчиликти сезе билүүсү, атасын уятка калтыргысы келбеген мүнөзү жаштайынан калыптаныптыр.

Оңбогон согуштун оор кесепетинен оң бутун жоготуп, кошумча ысымга эгедер, элден саал кем, тең болбой жүргөндө Саадат энебиздин Ысек дегенде ысык илеби бүткүл ички дүйнөсүнөн, бардык денинен, эң башкысы карагаттай эки көздөн Күн нурундай төгүлүп, атамдын тирүү жан, болгондо да эр жигиттигин ойготуп жатпайбы, аттиң! Баягы Сары-Булактан кийин көңүлү кайт, шагы сынган боюнча үй бүлө куруу жөнүндө ойлонгусу жок, күч-кайратын кызматына гана арнап, капарсыз карт бойдок жашоосун уланта бермек беле, ким билсин? Ойго келбеген ишке олуттуу кароого туура келди. Жүрөктөр менен каректер сүйлөшүп, бир бүтүн болуп алышкан. Тага тарапта калган сүйүктүүсүнө таарынбай калган. Жакшы атты, сулуу кызды кайсы эл эле сыртка чыгаргысы келсин, чоочундарга ыраа көрбөйт да.



Биринчи сүйүүсүнөн же азыркыча айткандай алгачкы махабатынан ажырап, арманы ичинде жүргөн атамдын сезимин дүүлүктүргөн, көңүлүн жибиткен айылыбыздагы Саадат энебизге ырахмат. Тууган-туушкандардын тикелей каршы тургандыгына карабай, бирин бири жактырган эки жаш Улуу жеңиштен кийин эл катары баш кошот. Кудайдын буйругубу, мүмкүн көзү же сөзү жамандын каргыш-илкишиби, айтоор, бир жарым жылга аяк басканда Саадат энебиз боюнан бошоно албай, бул жалган дүйнөдөн өтүп кетиптир. Ошентсе да атам ал апабыздын ага-инилери менен өмүрүнүн акырына чейин ысык мамилесин, карым-катышын үзбөй, сыйлап жүрдү. Биз да Сабыт, Жунус тагаларыбызды бир тууган тагабыздай эсептедик, алар да апамды ар дайым эже дешип, сыйлап жүрүштү.

Жашырганда не, кыргыз үчүн кыз бактысы кымбат. Жарым жан немеге бербейбиз дегендер жеңди, экөөнү туура көрбөгөндөрдүн катары көбөйдү. Бирок, алар бир нерсени эске алышпаптыр – кыз көңүлү канчалаган кыйынчылыктарга карабай Ысек деген изги сезимине ишеним берген ички туюмун кошоктоп, башын байлап, тагдырын тартуулаганы айгинелик. Атам ага татыктуу эле. Алты саны амандардан кем калышпай, жок бутуна жыгач балдак байланып, атасынын үйүнүн

жанына там тургузуп, соо кишидей дубал согуп, устун тартып, ылай чылап, ички-тышкы шыбагын шыбап, кужурмөндүгүн көрсөтө алган. Ага кошумча айткануынан кайтпаган өжөрлүгү, түйшүктөн коркпогон кажыры, бардар жашоого умтулган жигери мүнөзүндөгү дагы далай мыкты сапаттарынын сап башындагысы.

Аттиң-ай, ажалга айла жоктур, арзыганын алып тынды, да бир арманды атамдын башына үйдү. Кайратын карманды, кайгысын түк сырткa чыгарган жок, күйүтүккө түшүп, күйүтүнөн сынбады. Жаркын, күйгүлтүккө жашоонун туткасын жаңы гана ачканда Кудай Таала кайрадан сыноо бергенин түйду. Бул жазбактылуу жашоонун туткасын... мышка да чыдады, баягы басмачынын артынан аңдыган өжөрлүгүн карматтыбы, ким билет, тирүүлүктүн түндүгүн туу сыяктуу көтөрүп, эки эсе өчөшүп жашады. Жамандыктын артынан жакшылыктын нуру жанаарынан үмүтү өчпөй, эртеңки күнү бүдөмүк эмес, эл арасында айтылгандай – чапкан сайын көз чыкпас, түбөлүгү түз болот деген тариздe ичинен тилек кыла, бата тилей берди. Жаратканым тилегин кабыл кылды, кайгы-муңун укту, улуулугун жана ыйыктыгын далилдеп, кайрымы менен мээримин төктү.

Кудаанын кудурети аркылуу, балким нике кайыптыр, андан кийин коңшу Терек айлындагы Сүйүн деген Токон уулунун кызы Уултайга – биздин апабызга үйлөнгөн экен. Ошентип, өчкөн оту тутанып, очорбачар үй бүлө түптөлө баштайт. Беш уулдуу: улуубуз Мамбет, андан кийин мен – Куштарбек, менден кийинкилери Асилбек, Кеңешбек, Айбек, төрт кыздуу: Эркебү, Санамбү, Сайрабү, Орозбү. Эң кенжебиз Орозбү оорукчан болуп, тогуз жашка келгенде дүйнө салып кете берген. Мамбет авабыздан да мезгилсиз ажырагaнбыз. Калганыбыз Аллахка шүгүр, аман-эсен



күндүн жарыкчылыгын көрүп, бала-чакалуубуз, атабабабыздын тукумун улап, түндүгүн түшүрбөй, очогун өчүрбөй, түтүн булатып жатабыз. Алардын ар бири тууралуу кезеги жеткенде кеңири сөз кылып, кимиси ким экенин ачык айтып беремин.

Мага бир нерсе кызык эле, ушунча даражага жеткен атамдын көкүрөгүндө – адам катары же пенде сыңары түйшөлткөн, кыжалат кылган маселе барбы деген жөнөкөй суроо жанымды жай таптырчу эмес. Кантип эле ой баскан, сыр каткан талуу жери болбосун, баскан-турганында, иштеп жатканында тынчын ала кабатырга салып, кыйнап койчу купуялуу санаасы жокпу? Атам (бала кезиндеги карышкырдан корккон элесин эсепке албаганда) эмнеден эси чыгат, көөнүн түпөйүл кылган, эс-акылын кабатыр кылган кандайдыр бир кудуктөнүү көңүлүмө келе берчү. Анткени мындай собол ар бирибиздин аң сезимибизде жашайт жана ага орун берилген. Акыры анын да жообун алдым. Ал үй бүлөдөгү Атанын орду менен коомдогу Ата баркы экен. Жакшылыгың да, жаманаттың да айланып келип атаңа тиет тура.

Атанын назарынан калуу же атага наалат айттыруу чоң осолдук экенин бала кезинен дээринде сактап, анысын өмүр бою сезимталдык менен аздектеп, жаңыдан өсүп келе жаткан муунга, бөтөнчө өз уулкыздарына мыкты тарбиячы катары дүйнө таанымыбызга кыт куйгандай катырды. Бизге, балдарына кан какшап кайталабай, какыс-кукус кылып, уруп-сокпой, жеке инсандык үлгүсү аркылуу улууну урматтоону сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө айкындай алды. Акылгөй, көптү көргөн, тажрыйбасы мол, даанышман атабыз эч бир затка алмашкыс, бактыбызга жаралган жол көрсөткүч. Баарыбыз башатыбыз катары эсептейбиз жана

небере-чөбөрөлөрүнө, андан аркы тукумуна жаркын элесин сактап берүүгө милдеткербиз. Тирүүлүктө арийне, арабыздан акыретке аттанып кеткен адамдын арбагын ыраазы кылуу ажап.

Атамдын өмүрүнүн өзөгү мен билгенден эки багытта өттү. Биринчисинде эмгекчилдигин айтат элем. Элим-жерим дегенде күндү күн билбей, түндү түн билбей, керектүү дарекке чыгып кетүүчү кыялы бар эле. Өзүн ошол ишке арнап койгондой, андан башка адам аны аткара албачудай сезчү окшойт, курган киши. Маанилүү же майда маселеби, көп же аз көйгөйбү – анысына карачу эмес. Эң башкысы карапайым эл наразы болбой, жумуштун жыйынтыгы жакшы натыйжа бергенине канааттанчу. Ар бир арыз-даттанууларды дыкат карап, керкисине да, кемигине да тартпай, калыстык менен чечкенге көнгөн. Араздашкандарга ортомчу болуу оңойго турбас. Ошондонбу, партком кезинде жердештеринен ырахмат менен ыраазылыкты, ал эми жетекчилик тарабынан алкыштардын далайын алыптыр.

Экинчиси – агартуучулук ишмердиги. Бул атамдын кудайдын кудурети менен тубаса берилген таланты. Идиреги бар экен, ушул жаатты тереңдетип, улуу-кичүүгө бирдей билимдүү, маалыматтуу болууга чакырган касиети акыл парасатынан, көз карашынан, жадаса бүкүлү турпатынан шооладай чачырап турар эле. Бирөөгө кеңеш берүүнү туура көрсө, куру чечендик менен эмес, жүйөөлүү далилдерди келтирип, анысын турмуштук мисалдар менен бекемдеп, булактын көзүн ачкандай, ой жүгүртүүнүн тыянагын акыл сураган адамдын өзүнө калтырчу. Өз пикирин, өз чечимин эч качан таңуулаганын мен эс тартканы көргөн жокмун. Ар дайым дүйнөлүк илимдин ачылыштары, жаратмандуу жаңылыктары тууралуу иште да, чай үстүндө да



ыгы менен баяндап, сезимтал жаштардын кызыгуусун ойготуп, шыктандырып турчу.

Чарбалык, партиялык иштерде ийгилик жаратып, эл арасында кадыр-барк күткөнүн жогоруда белгилеп өттүм. Ошону менен катар жоро-жолдош күткөнүн айткым келет. Мунун далили катары Кайың-Талаалык Жору элинин абышкалары, аксакалдары менен өмүрүнүн аягына чейин кол үзүшкөн жок. Айрыкча Абакул, Ташыбек өңдүү башкармаларды дос кылып, сыйлашып өттү. Коочатылык, Ой-Талдык, Көңдүктүк, Кан-Коргондук, Көк-Арттык аксакалдар: Токтосарт, Жумагул, Өмүрали, Ормон, Орозали жана башка көптөгөн адамдар менен сый-урматы артып, дасторкон четинде ырыскылаш жүрдү. Ал гана турсун, райондук, облласттык ишмер инсандар менен сый мамиле түзө алган. Өзгөчө Ош облусунун биринчи катчысы Балтагулов атамды – Ысманым деп, бир тууганындай жакшы көрүүчү экен.

Ал адам кызматтык тепкичке көтөрүлүп, Фрунзе шаарына которулат. Анан сокур ичегиси жарылып, ооруканадан операция жасашат. Бирок, ошол боюнча соо чыкпай, кайтыш болгондо: -Түндүктүктөр, Оштон чыккан мыкты адамды атайлап өлтүрүштү-деп, алгачкылардан болуп кыйкырып чыккан, атамдын ачуу жашы Тар дайрасы менен бирге агып, армандуу үнү Алайкуудан түштүктү түрө кыдырып, чындыкты, ачыктыкты талап кылган дешет. Антсе да, адаттагы бийликтин өзүм билем кутуму айылдык парткомдун сөзүн тоошап коймокпу? Тескерисинче, кайра ага акыл айткандар четтен чыга баштады: -Койсоңчу, болбогон кепти. Ичкен кудугуңа түкүрүп жатасың? Алдаартыңды ойло-деген кыязда эскертип да, зекип да жатышты. Себеби, азыр өлтүрөм десе да, өз оюнан кайтпаган өжөр атама тикелей тийишүү кыйын эле.

Көп өтпөй эле Кыргызстандагы жогорку бийлик өкүлдөрү орун алмашып, Турдакун Усубалиевдин кызматтык доору башталып калды. Бул аныгында чоң, орчундуу оорунун башталышы, башаты дегенге татыйт. Түндүк-Түштүк ажырымы акырындык менен тамыр жайып, биз тараптагылар экинчи сорттогу адамдардын тебетейин кийдик. Ачыгын айтканда, Ош областындагы колхоз-совхоздордун (бригадирден башка) башкы агроном, башкы зоотехник, башкы экономист өңдүү кызмат орундарында Кочкорлук, Нарындык адамдар өрүп кеткен. Муну менен жергиликтүү адистердин дараметин, билимдүү жаштардын жигерин басып, колунан эч нерсе келбейт дегендикти көрсөтүү далалаты көз көрүнөө жүзөгө ашырылды. Илгеркиче: -Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн принциби эрежеге айланган.

Аркалыктардын келишине анчалык деле таарынмак эмеспиз. Алардын бизге жасаган мамилесине, өөдөсүнгөн текеберчилигинин артындагы өз жериңде өгөй, өз элинде дөдөй көрсөткөн басынтуусун баса белгилөөгө тийишпиз. Албетте, алардын арасында жогорку билимдүү, акыл-эстүү, бийик интеллектүү, насил-нарктуулары бар дечи, бирок көпчүлүгүнөн чоң кызматтагы пирине чиренген, аты-жөнүн топтолук, катасыз жаза албаган көбүрөөк көр пенделерин көрдүк. Андайлар эл көзүнө өздөрүнүн өксүктөрүн жашыруу максатында Советтер Союзунун коммунисттик партиясынын, Кеңеш өкмөтүнүн алдыңкы, активдүү өкүлдөрү катары таанытууга жан үрөштү. Кожодой колдоо тапкандар бат эле кызматтык баскычтарды аттап-буттап, улам өйдөлөп, көкөлөй беришти. Көрсө, биз, космодром болгон экенбиз.

Замандын өзгөрүүсүн, бийликтин оош-кыйышын атам кыраакылык менен байкаганбы, 1958-жылы



иниси Акимжандан саны миңге жетпеген китептери бар китепкананы өткөрүп алган. Ага дейре инисин өзү китепканачы кылып, ишке орноштурган экен. Бир аз болсо да, эл менен мамиле түзүүгө такшалтып: -Эми, жарайсың! Жашсың, келечегиң алдыда-деген насаатын айтып, Акимжанды колхоздун бухгалтердик кызмат ордуна жөнөткөнү агалык туура жол көрсөтүүсү турбайбы. Бир тууганы да акесин уят кылбай, милдеттүү ишин жөндөп кетти...

Ал жылдары Кыргыз жергесинде китеп басып чыгаруунун алтын доору башталганын баса белгилөөм керек. Себеби, СССР өлкөсүнүн социализм идеологиясы бүткүл дүйнөнү дүңгүрөтүп, гегемондук абалга ээ болуп калганы бештен белгилүү эле. Мына ушул тармакты өнүктүрүүдө, айрыкча айыл жергесинде жашаган адамдардын аң сезимине мамлекеттик саясаттын маңызын жеткирүүдө китепканалар абдан зор ролду ойногонун азыркы жаштар таназар албайт. Атам партиялык кызматтан кеткен менен идеялык иштен – башкача айтканда, өзүм белгилеген өмүр өзөгүнүн да бир өңүтү – агартуучулуктан кеткен эмес. Майда, бирок маанилүү жумушту аткарып, жоопкерчилигин моюндап, талыкпай, чаалыкпай милдетин так аткарды. Мен эс тарткандан баштап, атамдын китепканачы болуп эмгектенген жылдары жогорку окуу жайын окуп жүргөн учурума чейин уланды. Айылдагы китепкана анын экинчи үйүнө айланганын алыс-жуук жакшы билет. Ишине 20 жылдык убактысын арнады.

Ал адегенде Кызыл-Жар айылдык кеңешинин китепканасын өткөрүп алганын көптөрү билбейт. Аталган жайдагы китептердин нускасын акырындап көтөрүп, 28 миңге жеткиргенде Кайың-Талаа, Коо-Чаты, Терек айылдарына китепканаларды бөлүп чыгарып,

өзү башкарган китепкана борбордук деңгээлге көтөрүлгөн. Күн өткөн сайын китеп окууга адамдардын кызыгуусун арттыруунун ар кандай ыкмаларын ойлоп таап, илимдүү, билимдүүлөрдүн калың катмарын түптөгө чоң салымын кошту десем жаңылбайм. Эмгеги элге алынып, Алайкуу өрөөнүнө дүң боло баштаганда, Москвадан келген аземдүү, алакандай кагаз атамды ого бешбетерден эрдемситип жибергендей. Маңдайы жаркып, маанайы ачылып, баскан-турганы шайдоот, жумушуна майрамга баратпкандай шаттанды, эй.

Атагы алыска кеткен, жүрүм-туруму, аткарган иши уламышка айланган ошо кездеги СССРдин Маданият министри Екатерина Алексеевна Фурцованын колу коюлган, мөөрү басылган күбөлүктү тапшыруу салтанаты Кара-Кулжаны бир дүргүтүп алганы бар. «Ысман чолокко Москвадан Алтын жылдыз келиптир, оо, Ысман акем кыйын, орустардын да тилин табат, кудай кут кылсын, мээнети кайтыптыр. Ар бирибиз ушул кишидей иштесек, коммунизмди эки жылга эрте курмакпыз ж.б.» сыяктуу бүйүр кызыткан сөздөр Алайкуунун аягынан аркы башына чейин дуулдап, кыйлага дүңгүрөп турду. Жакшы санаалаштары, достору, ага-туугадары атайын келишип, жасалгасы жакшы төш белгини бизге да жуксун кыябында ырым кылгандай, жакаларына таккандар болду.

Эмгекти баалап, мээнетти кайтарган бул наам атам үчүн сыйлык болсо, балдары үчүн сыймык болду. Бүгүнкү күнгө чейин күбөлүгүн аздектеп, табериктей сактап, кийинки урпактарына белек катары өткөрүп берсек дейбиз. Кимдин эле атасы ишинен майнап чыгарып, жарабылышы катаал, жол катнашы татаал, көзгө көп уруна бербеген буйтка айылда жатып алып, Кеңеш өкмөтүнөн болгондо да эң жогорусунан алкоо жана баалоо алып



жатыптыр. Кудайга миң мертебе шүгүр, эмгегинин акыбети кайтып, райондон эле эмес, облустун жетекчилери тарабынан ооздон түшпөй, иштермандыктын тирүү мисалына айланып отурат. Кичине жана чоң чогулуштарда, маарекелик салтанаттарда ардактуу конок, айрым иш чараларда айта турган сөзү бар катышуучу сыңары ар дайым ардакталып, чакыртылып турган.

Бектурган Сыдыков деген башкарма Сагындык колхозун башкарып жүргөн кезинде он эки метрлик карагайларды токойдун өзүнөн кестиртип, усталарга жеринен төрт кырлата чаптырып, өгүз, төөгө тарттырып келип, чоң клуб салдырган. Андагы маданий очоктун сахнасынын – азыркыча айтканда өнөр сесисинин арткы бөлмөсү атамдын китепканасы эле. Айылга оюн-зоок, концерт койгону артисттер келген учурда ал жер өнөрпоздор үчүн чечинип- кийинүүчү жайга айланчу. Ошондуктанбы, атам алар менен да аралашып, жакшы мамиледе, айрымдарына жакын курбу, дос болгону мага белгилүү. Ал эми өз мезгилинде элге аттын кашкасындай таанымал Шекербек Шеркулов менен партком болуп жүргөндө таанышып, өмүрү өткөнчө кол үзүшкөн жок. Таасын талант үйүбүзгө чейин келип, далай жолу даам сызды.

Комузда кол ойноткон Шекербек аяш ата досуна арнап "Ысман агайга" деген обондуу ыр чыгарганын сыймыктануу менен эскерчү. Андай аттуу чыгарма убагында элге анча алымдуу болбогондуктан көп ырдалбай, бара-бара унуткарылып кетсе керек. Канчалык издетсем да, аталган обондуу ырды уга да, таба да алган жокмун. Сөз кылып жаткан чыгарма мүмкүн бардыр, ким билет, балким, автордун өздүк архивинде бүгүнкө дейре сакталып калгандыр. Үмүтүбүздү үзбөй туралы. Дагы бир замандашы Мыскал Өмүрканова тууралуу минтип

айтканы бар: -Өңү кара тору болгон менен жылдыздуу экен. Бетине упа сүйкөп, жасаныp, онунчу чырактын жарыгында кош этек саркеч көйнөкчөн ырдап чыккан-да, керемет үнү угармандарды сыйкырлап, Мыскалдан өткөн сулуу эч жерде жоктой сезилчү...

1969-жылдын күз айларында Кыргыз филармониясынан Токтосун Тыныбеков баштаган бир бригада артисттер келип калышты. Мен бой жеткен өспүрүм кезим. Атамдын үйдөгү түйшүктөн колу бошобой, китепкананын эшигин сен ачып бер деп, мени жөнөткөнү эсимде. Антандап, салып-уруп келсем, Токтосун Тыныбеков күтүп туруптур. Шак эле: -Ысакем өзү келбедиби?-деп, суроо салды. Жүзү нурданып, кызылына тарткан, шайыр адам экен. Анын жетегиндеги Дүйшөнбек Үкүев, Замирбек Үсөнбаев, Гүлмайрам Момушева өңдүү жаңыдан өсүп келе жаткан жаш муун артисттерди биринчи көрүшүм. Толкунданганымды айтпа, өзүмдү алардын арасында жүргөндөй элестетип, жаман оюмда тигилерге теңелгим келип, делөөрүп алгам. Кичи-пичи комуз боорун тырмай коймоюм дүүлүктүрдү көрүнөт.

Аңгыча артисттердин арасындагы улгайган аял карытып туруп эле Жапар Чабалдаевди жамандай баштаса болобу. Мага анын:-Кудай Теңирин таанылбай, көөп кетти-дегени катуу тийди. Эй, тобокеч, жаш аткаруучунун жаңы эле Куба өлкөсүндө өткөрүлгөн жаштар фестивалында Кыргызстандын атынан ырдап чыгып, алтын медаль алганы жөнүндө жалпы журтка жакшы кабар желдей тарап жатпады беле?! Бул эмнеси, жаңыдан бүчүр байлап, мына-мына жемишин төгө турган, талантын такшалтып, элге кызмат кылганга талпынган барчынды баса калганы – эмелеки энесиндей болгон ургаачыга аброй алып келбестир. Ал аял менин көзүмчө сыйдан, урматтан кетти. Артисттерге аралашсам деген аруу ти-



легим менен дегдеткен дымагым суу сепкендей өчтү. Уккан кулагыма ишенбей, селейе каттым.

Биринин жакшылыгын, экинчисинин атагын көтөрмөлөмөк турсун, көмөлөтө чапкан көрө албастык өнөр адамдарында жокко эсе деп ойлочу элем. Себеби булар сезимибизди ойготкон, ички дүйнөбүздү дүүлүктүргөн, жашоо кумарына жетелеген ар түркүн чыгармалары аркылуу адамдарга таасир берүү мүмкүнчүлүгүнө жана түрткү берүүчү күч-касиетке ээ. Жакшы нерселерди жайылтып, бизге үлгү болууга татыктуу. Ырчы-чоорчусуз күнүмдүк турмушубузду элестетүү кыйын. Чынымды айтсам, күнүнө жанга жагым бир ыр укмайын жашообуз супсак. Жок эле дегенде окшошпосо да, өзүбүз обон созуп, көмөкөйдөн кайрып алмайыбыз бар. Анан ушунтип адамдарды алга үндөгөн, акыйкатты сүйлөгөн өнөр ээлери катарлашынын ийгилигине ичи тарып, ичегисине ит өлгөнүнө күбө болгонума өтө өкүндүм.

Эл клубдун ичине батпай калды, артисттер аргасыздан сыртта концерт беришти. Китепканага кирип-чыгып аткандар, арбындуусу артисттер – атам жасалгалаган “Соеттик аялдар”, “Кызыл Армияга даңк”, “Кыргызстандын кооз жерлери” ж. б. сүрөттүү плакаттарды кызыгуу менен көрүштү. Өзгөчө “Огонёк” журналынан кыркылып алынган жүзүм көтөргөн кыз кудум эле Гүлмайрам Момушеванын өзүндөй окшош экен. Мөлтүрөгөн сулуу, жаш айымга көзү түшкөн Токтосун Тыныбеков: -Карачы, сенин сүрөтүңдү таап, чыгарып коюптур-деп, Момушевага сөөмөйү менен көрсөтүп жатты. Жанындагылар жапырт күлүп, китепкананын ичи каткырыкка карк толду. Арасында өнөрлүүлөрдүн өңүн көрүп, сөзүн угууга куштарланган айылдаштарымдын караандары арбын.

Замирбек Үсөнбаев көздөрү күйүп-жанган, кетирекей кара бала экен, айтыш өнөрүнө арбалып, жана да

комузчулукту, анын ичинен күү чертүү өнөрүн колго алган кези бейм, Токтосундан улам-улам: -Ушундай чертилеби?-деп, кол ойноткон кайрыктарды кайра-кайра тактап жатты. Мага, айылдык аңкоо өспүрүмгө, алардын ар бир сүйлөгөнү, ар бир кыймылы кызык көрүнүп, керемет дүйнөгө кирип кеткендей, кыялым менен толкунданып алгам. Алгач атама, агезде кудайды деле анча тааный элекмин да, абдан ыраазы болуп, бүгүнкү окуялардын күбөсү кылганына төбөм көккө жете, сүйүнүп турдум. Көз алдымдагы көрүнүштөр эс тутумума бекем орноп, азыр да эскерип жатканым бекеринен эместир. Демек, бул өткөндөн калган эстелик, кийинкилерге айта жүргөнгө себеп, жекелик тарых.

Дагы бир мен мактана турган факты – ошондогу артисттер Сагындык колхозунун башкы экономисти болуп иштеп жаткан, жаш обончу Жеңишбек Шамшиевдин үйүнө конок болушкан. Сөздөн сөз чыгып, айылдык жаркын таланттын бир ырын эл алдына алып чыгуу озуйпасын Дүйшөнбек Үкүевге тапшырма катары беришиптир. Эртеси ал улуу акын, жердешибиз Сооронбай Жусуевдин сөзүнө шайкеш келген "Карагым келет" деген обондуу ырды созуп, көрүүчүлөрдүн купулуна толгонун көрдүм. Шатырата чабылган колдор ырды кайрадан кайталоого мажбур кылып, аткаруучунун чекесинен чыпылдаган тердин тамчыларын куюлтуп турду. Мындан өткөн ырахат барбы, кулактан кирген абаз тулку бойду эмес, жан туюмга бүлүк салып, аң сезимди арбап, көңүлдү көккө көтөрүп, ыргалтып турду го, чиркин-ай.

Бул көрүнүштөн талантты талант гана таанытаарын жана колдоорун билдим. Борбордон келген Дүйшөнбек ага биздин айылдан олжолуу кайтты. Ыр куржунуна Жеңишбек Шамшиевдин уккулуктуу обонун аярлай ороп салып, Кыргыз жергесинин кыйырына кыйла жыл



жаңыртып жүрбөдүбү. Кийин радионун алтын коруна жаздырып, кийинки урпактарга аманат калтырды. Мен өзүм күбө болгон ырдын таржымалы ушундай, студент кезимде жыргап укчумун. Ошол мезгилди көз алдыма элестеткен сайын, сөзсүз түрдө атама ыраазы боло берем. Ал кишинин көрөгөчтүгүн карасаң, бир шылтоо тапкандай, атайылап мени жиберип жатпайбы. Эл көрсүн, улуу-кичүү менен алака-мамиле түзгөндү үйрөнсүн, такшалсын дегениби? Убагында сезбеген, түшүнбөгөн жагдайларды жашың өткөндө жакшы сезет экенсиң.

Кара-Кулжа районунун маданият үйүнүн артисттери да атамды бир тармакта чогуу иштешкендигинен жакындан тааныш болушкан. Артыкча аккордеонду азанаткан, чеберлиги чектен тыш Табылды Маматбаевдин эки оозунун бири эле: -Ысман авам – алтын адам!-деп турчу. Катуу кадырлачу. Бир жолу күздүн алгачкы айында концерт коюп келип, үйгө конуп калды. Огороддогу жыйналбай жаткан экинчи орум бедени үймөктөрүн көрүп, билегин түрө бешилик менен каба-каба сайып, там үстүнө ыргытып, жыйып таштады. Муну көргөн кошуна-колоңдор: -Ботом, Мамбет келип калган го десек, башка бала турбайбы-дешкен ыраазы боло. Анда Мамбет акем Фрунзеде чоң окушта эле. Анын ай сайын тургай, жылына бир келгенге чамасы жок, билимдин артынан түшкөн бийик максаты бар чагы.

Ош шаарында, азыркы областтык акимчиликтин жанында аймактардагы китепканаларга китеп бөлүштүргөн кампа жайгашкан. Андагы иштеген орус улутундагы аялдар фронтовик Одонов Ысман келатат дегенде, эт-бетинен кетип, чыдамсыздык менен күтүп турушчу. Атам ал жерге куру кол барчу эмес, үйдөгү курут, каймак, сары майдан алып, кызматчыларды сүйүнтүп, көндүрүп койгон. Алар да Кызыл-Жар айылдык китеп-

канасына сыясы кургай элек, таңгак-таңгак китептерди жөнөткөнү жөнөткөн. Ошондуктан Алайкуу өрөөнү акыркы жарык көргөн китептерден кем болгону жок, улам жаңысын күтүп, жол карагандар көбөйгөн. Азыр ойлосом, аттиң, атам ишин андагы китеп басып чыгаруунун алтын доору аркылуу баштап, акырындык менен солгундап, соңу аянычтуу аяктаганы өкүнүчтүү.

Бирок, ишине жүрөгү менен берилген адамды токтотуу кыйынчылык, жаңыдан басмадан чыккан Кыргыз совет адабиятынын мыкты жазуучу-акындарынын чыгармаларына китеп окурмандары менен талкуу өткөрүп, ар бир айда конференция уюштуруп турчу. Өрөөнүбүздө өзгөчөлүү китеп сүйүүчүлөрдүн тобу бар эле. Алардын ар бирөөн жатка билчү. Кайсы тармакка же темага кызыгат, анысы да жадында. Китепканага керээли кечке отурбастан, кызыл таар куржунуна китептерди толтура салып алып, тоо арасындагы булуң-буйткадагы малчыларга чейин барган күндөрү болгон. Көбүнесе, чарба жетекчилери малчылар тууралуу маалыматтарды атамдан алышчу же алардын муктаждыктары менен аманаттарын колхоздун кеңсесине өзү жеткирчү. Азыр да атам баарына кайдыгер эместей элестейт.

Эгер атакем эптеп эле айлык алган, ортосаар китепканачы болгондобу, анда Кыргызстанда которулуп, басылып чыгарылган дүйнөлүк адабий классикалык чыгармалар окурмандарына жетпей, текчелерде тизилген тейде, убайын чычкан көрүп же көгөрүп-чирип, колго илинбей калмак. Китептердин жукасыбы, калыңыбы – көлөмүнө карабай, бапестелип багылган, зарыгып күтүп табылган баласындай эле. Ыгы келген жерде китептин ыйыктыгын, көмүскө тарбиячы экенин айкындап, адамдарды түйшөлткөн, кээ кезде жан туюмдагы чиеленишкен өздүк суроолордун жообун



айтып берчү кеңешчи катары пайдасы тиерин ынанымдуу далилдечү. Мындай жүйөөдөн кийин окурмандары дагы бир нечеге көбөйө турган.

1960-1980-жылдар аралыгында Алайкуу өрөөнүндө олтурса-турса колтугуна кыскан, койнуна каткан китепчендердин саны арбыган. Алардын арасынан илим-билимге умтулган, атактуу окумуштуу илимпоздор, мыкты экономисттер, врачтар, айыл чарбасынын дасыккан адистери, акын-жазуучулар өсүп чыгып, райондун өздүк көрсөткүчтөрү боюнча бардык жагынан даңк-даңазасы арткан. Ошол атуулдардын руханий бай көрөңгөгө ээ болушуна китепканачы Ысман чолоктун салымы чоң. Ооба, ал аз эмес, саз иштеди, айылдаштарына ак эмгектин арты менен көп нерсеге жетишкенин айкындады. Атамдын өмүрү, мээнети элге өрнөк, өнөгөлүү жашоосунда көпчүлүккө көрсөтмөлүү, көмөктөш. Биреөлөр менен касташкан да, душмандашкан да жок, колунан келсе жардам бергенден кайра тартпады.

Жөнөкөй эле бир мисалын келтирейин. Кыргыз элинин эзелки элдик фольклордогу ооз эки айтылган көркөм эпостору: “Манас”, “Эр Төштүк”, “Эр Табылды”, “Кожожаш”, “Курманбек” ж. б. көптөгөн чыгармалар китеп болуп басылып чыгып, жамы журттун кызыгуусун арттырып, колдон колго өтүп окулуп турганда – кат-сабаты ачылбаган кары-картаңдардын өтүнүчүн эки дебей аткарган. Алардын каалаган эпосун кырааты менен окуп берип, далай ирет батасын алган. Атамдын көркөм окуу жаатында бир бөтөнчө чеберчилиги бар эле. Такшалган чоң артист сымал угармандарына өзүнө гана таандык абаны менен шашпай, сөздүн маанисине басым жасап, түшүнүктүү жана таптак жеткире алчу. Коңур үнү коңгуроодой чыгып, айланада андан башка киши жоктой, кунтун коюп, оозун тиктеп отургандар арбалып турчу.

И-ий, артыкчачы, балакай, жаш, кенже окурманда-рына өзгөчөлүк менен мамиле кылып, аларга ылайык мээримин төгүп, кабагын түйүп, ороюн бузган жок. Ба-лапан окурмандарына сүрөттүү, кызыктуу китептерди таап берип: -Бул китепти окуп бүтсөң, мындан да жак-шысын берем. Кыйын балдар бат эле окуп коёт-деп, мактоосу, алкоосу менен шыктандырганын көп көрдүм. Мурдун бышылдатып, үмүткөр каректерин кадаган жап-жаш окурмандар китепкананын негизги өзөгүн түзгөн. Китепканачы ава берген китепти тезирээк окуп бүтүп, кийинки жаңы китепти алууга дилгир балдар мактоого арзып, апта айлантпай, кайрадан босогону аттачу. Ан-дайларды жадыраган жакшы жүзү менен тосуп алып, ки-тептин мазмуну боюнча бирин-экин собол таштап, акы-рын текшерип коймой адатын аткарып жүрдү.

Мотурайган жаш наристе окурмандарын китепке карата кызыгуусун арттыруу менен аларды жоопкер-чиликке тарбиялоону да колго алган. Албетте, китепти бир мөөнөткө алабыз, анан кайра убагында өткөрүүгө туура келет. Буга айкын мисал айтайын, өз учурунда айылдык Кеңештин жооптуу катчысы Келдибаев Жу-мабай ага уулу Жээнбекти ээрчите кирип: -Ысман ава, уулума кызыктуу китептериңизден бериңиз, окуганга көнсүн-дейт. Атам ага эки китепти колуна карматып: -Кечиктирбей, өзүң алып келип тапшыр, атаңдан бе-рип жибербе, макулбу?-деп, сырдуу дүйнөгө саякат-тоого көздөрү күйүп, каректери балбылдап турган ба-лага кайрылат. Убаданын өтөлүнө чыгуу үчүн өспүрүм белгиленген күнү китептерди көтөрүп, китепканага жөнөгөндө, атасы: -Алыс жерге убара болбо, аксакал-га мен эле берип коём-деген аракети текке кетет. Ыс-ман чолоктун кежирлиги кармап, караманча кабыл албай коюптур.



– Эй, Жумабай, эсиңе ал, мен уулуңду эки нерсеге тарбиялап жатам. Биринчиден, китепке кызыгуусу, экинчиден, келечегинде жоопкерчиликтүү болууга, ан-дыктан айткан сөзгө көңүл коюп, мындан ары уулуңдун өзүн жибер-деп, аябай уяткарган дейт, атам жөнүндө сүйлөшүп отурганда Жээнбек классташым. Андан ары: -Ошондон кийин китептерди өзүм алып келип тапшы-рып, кайра ордуна кызыктуу, көркөм китептердин да-лайын окугамын-деген эле. Демек, жаш муунду тарбия-лоодо эң жөнөкөй, майда нерсе да маанилүү экенин, улуу педагог Макаренко сыяктуу терең карап, жооп-керчиликтүү мамиле жасаганы сезилип турат. Атактуу адам: -Жаштарды тарбиялоодо жөнөкөй нерсе жок, баары маанилүү-дегени жүрөгүнүн түпкүрүндө тура.

Эч качан эрикчү эмес, китепкананын текчелерин өз колу менен жасап, бош калган дубалдарына көркөм-дүү, кооз, эстетикалык көрсөтмөлөрдү, дубал гезит-терди, плакаттарды жайгаштырчу. Алгач китепканага кирген адам андагы сүрөттөргө көзү түшүп, убактысы-нын узак бөлүгүн уттуруп алганын сезбей калчу. Баш баккандар минтип дендароо болгонуна караганда, атамдын тандоо табити күчтүү көрүнөт. Дубалдарда-гы ак-кара, түстүү фото сүрөттөрдө келечектүү совет-тик жаштар, айымдар, Кыргыз жеринин кереметтери, эмгекчил, ак ниет, карапайым адамдардын элестери боло турган. Жасалгалоодо, темасын жазууда да өзү аракеттенчү. Керектүү калем учтарды апкелип, кара, көк, кызыл, сары туштарды пайдаланчу. Чебер сүрөтчү болбогон менен окумдуу, көрүнүктүү жаза билген.

1960-жылы Токмоктогу маданият окуу жайынын китепкана бөлүмүн окуп бүтүп, дипломго ээ болуптур. Ошондон тарта китепканачылык кесибин аркалап, үй бүлөсүн, анын ичиндеги 5 уул, 3 кызын эч нерседен кем

кылбай, карыктырбай багып өстүрдү. Анын арты менен урмат-сыйга татыды. Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинин Ардак грамотасы, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, "СССР маданият кызматкерлеринин отличниги" төш белгиси, Совет районунун, Ош областынын Ардак грамоталары берилген, Совет районунун Ардактуу атуулу наамын алган. Өз заманынын алдыңкы адамы катары Совет доорунун насаатчысы. Мамлекеттик идеологияны жана саясатты көпчүлүк элге жалпак тил менен туура түшүндүрө алуучу коммунисттик партиянын мүчөсү эле.

Капиталисттик, социалисттик түзүлүштөр кырчылдашып, кармашып турган чакта борбую каткан балдардан тартып, тиши түшүп, оозу бош калган чалдарга чейин эки жээкте, эки жаатка бөлүнүп, муштум кезеп, бири бирине кыр көрсөтүп, элдешкис душманга айланбадык беле. Мына ушундай абалда, айрыкча айыл жергесинде тажрыйбалуу, кадыр-барктуу, иш билги насаатчы зарыл болчу. Райкомдогулар андай аткаруучуну убара болуп издебеди, даяр кадрга кошумча милдеттерди жүктөп, талабын коюп, жыл жыйынтыгын күтүп жүрүштү. Акыры жаман болгону жок, атам ал жоопкерчиликти да абийирдүү аткарды. Отурган-турган жеринде мезгилдүү басма сөздө – газета-журналдарда жарыяланган материалдарды талдап, керек кезде жалпылап талкуулап, өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө болуучу жумуш жасады.

Сталиндик башкарууну колдоп, аскердик формасын согуштан кайткандан баштап, чечкен эмес экен. Ал ошол турпаты менен сталинизмдин чыныгы жоокерине айланган. Кийинки келген бийлик Ыстакенин ишбалдасын чыгарып, жер менен жексен кылганда, жеп-ичкенге шарт түзүлүп, партократиянын заманы



башталганда, атамдар Сталиндик кийимди айласыздан чечип, эл көзүнчө бошонуп калышкан. Бирок, коммунисттик идеядан эч качан баш тартпай, коммунизмге болгон ишенимин, ынанымын өлөр-өлгөнчө жоготподу. Улуу Ленин көрсөткөн жолдон тайбай, келечек жөнүндөгү ой чабыты кенен, бүткүл дүйнөдөгү элдердин боштондугу, азаттыгы тууралуу кыялдануусу биздин дагы үмүтүбүзгө канат байлаган. Жаратмандыкты, жакшылыкты жактырган жаш баладай мүнөзү жана ак тилектүү каалоосу зор Атам бар эле.

## ҮЙ БҮЛӨ ТҮЙШҮГҮ, ДОС, КАРЫНДАШ-УРУКТАРДЫ УРМАТТОО

*Уул-кыздуу болсом деп,*
*Кудайдан тилеп дегдедим.*
*Балдарды багам деп жүрүп,*
*Байкабайт өмүр өтөөрүн.*
*Карындаш-урук күтсөм деп,*
*Аллахтан сурап дегдедим.*
*Карындаш-урук деп жүрүп,*
*Билбейсиң өмүр өтөөрүн.*

***Элдик ыр***

Согуштан кайтканда үй салганын алдыдагы бөлүмдө учкай сөз кылгамын. Ал там-тарагы атасынын үйүнө туташ, арыктын үстүндө чоң комната, коридор жана очок үйдөн турган үч бөлмөлүү болгон. Ал эми 1957-жылы ошо кездеги мода боюнча беш айвандуу, беш комнаталуу кенен үйдү салдырган. Конушу чоң жолдун суу тарабынан 20 сотых кеңири жерди ээлеп,

тегерек-четине бак-шак отургузган. Алтымышынчы жылдардан кийин турак-жайларды шифер, тунуке менен жаба башташканда, атам биринчилерден болуп, соодагерлерге сүйлөшүп, Анжиян шаарына чейин барып, издеп таап, чатырын тунукелеп жапканга жетишкен. Жыгачтарды болсо токой аралай бастырып, ылайыктуусун ат үстүнөн өз колу менен балталап кесип, даярдаган экен. Бул ишке эч кимди жалдабаптыр.

Маалыматы бар адам – зор адам. Мезгилдүү басма сөздөгү жашоо ыңгайы тууралуу казып окуп, учурдун заманбап эмеректерин айылга апкелип, "о-й, бо-ой, ушундай да болот экен" дешкен ага-туугандардын оозун ачырганын көрүп-билип калдым. Үйүбүздө радио, патефон, апамдын тикме машинасы бар эле. Башка керектүү буюмдарды айтпай да, атабай да коёюн. Элде жок кезде бизге велосипед, кыш мезгилинде лыжаларды алып берген. Мен Мамбеттен төрт жашка кичүүмүн, ошондуктан атайын орточо лыжаны, агама чоң адамдарга ылайык лыжаны Ош шаарынан саттырып келиптир. Бутка байланып алып, ой-кырларды кыдырып, жакшы эле убайын көрдүк. Калп айткан менен болобу, эчтемеден кем болгон жокпуз. Бизди көргөн айылдык балдардын көбү лыжаларын саттырып алдырышты.

Андагы 60-жылдардын орто ченинде кыш да сонун, өзгөчө болчу. Адегенде лыжа байланган агам экөөбүз элек, күн сайын, күн алыс катарыбызга кошулган балдардын саны арбып, тоонун боорунан ийри-буйру түшкөндү, кар күрткүдөн үйүп, анын үстүнөн секиргенди, деги койчу, лыжа тебүүнү ар кандай алакеттен өткөрдүк. Андай эмес, мындай, сенден мен кыйын, мына муну жасай аласыңбы дегендей, атаандашуунун миң түркүн айла-амалдарын таап, ойносо оюнга, күлсө күлкүгө тойбой, табигаттын кучагында кумардан канган



учурубуз – неберелерибизге жомок. Ал кездеги аппак жааган кар алтынга тете экен, ааламдагы тазалыктын, жаратылыштагы жагымдын, эң башкысы балалыктын бактылуу күндөрү билинбей өтүп, артта калыптыр. Ага алгач шарт түзүп берген атама атан төөдөй алкыш.

Велосипед жөнүндө өзүбүздүн арабызда аскиябыз бар. Адегенде Мамбетке үч буттуу велосипед сатып келет. Карындашы Жамила эжем бир жолу төркүлөп келген кезде, Мамбет менен жашташ уулу Нурпазылга үч-төрт күн тээп, кызыгы тарасын таризинде кадырын салып жатып, велосипедди сурап, кошо ала кетишет. Баласы канча күн минип, ойногонун билбеймин, бирок Чигитай жездебиз да кызып кетип, кырдан ойго түшүп, жаш балдардын велосипедин талкалаганы аз келгенсип, омурткасын оорутуп алыптыр. Ордунан туралбай жатып: -Атаны кокуй-ай, акмагым чыгып, аябай уят болдум-дейт имиш. Бакыйган кишинин бала кылбаган кылыгын байкап тургандар баркылдай күлүп: -Ай, Чигитай, күйүт-ай, эми кайнагандан кантип кутуласың?-дешип, огобетерден каткырык менен какшыкташыптыр.

Атам өз мезгилинин акчалуу адамы экенин далилдеп берейин. 1961-жылы Советтер Союзунда акча алмашуу жүргөн. Дүйнөлүк акча биржасында курсу боюнча алтын менен жогорку деңгээлде корголгон жана куну, кунары бийик болгон. Жаңы акча менен сактык банкка салым салып, капитал топтоого өтөт. Анткени, 2-топтогу майыптыгы үчүн 60 сом алат, китепканадагы маянасы 120 сомду түзөт, демек, бир айлык акчасынын кириши 180 сомго барабар болуп жатпайбы. Бир айга үй бүлөсүнүн күнүмдүк азык түлүгүнө 30 сомдун тегерегинде каражат жумшап, 150 сомун нак кармап турууга мүмкүн эле. Анда 1 чыпта ун – 12 сом, күрүч, кумшекердин килосу, чай оромосу ж. б. 1 сомго жетпеген баада.

Керектөө индекси 30 сомго жетпеген учурда 180 сом бир кыйла кирешени түзөөрү көзгө түшөөрлүк.

Мындан сырткары мал кармачу. Советтик доордо көмөкчү, жекече чарбаларды өнүктүрүүгө, менчик малды көбөйтүүгө чектөөлөр күчтүү эле. Ошого карабастан атам төрт башка чейин жылкы, эки саан уй, жыйырмага жакын майда жандыктарды урунган. Колхоздун топоздорунун арасында эки топозу боло турган. Алардын пайдасын көрдүбү же көрбөдүбү билген жокмун, бирок жылыга малынын төлүн мамлекет зордук менен төктүрүп алчу. Андан түшкөн акчаларды топтоп, биздин курсагыбызды тойгузуп, киймибизди кийгизип, керектөөлөрүбүздөн кемитпеди. Колундагы малды сарамжалдуулук менен асырады. Ар дайым: -Сарамжалдуулук – байлыкка тете-дегенин басым менен айтып, тоют топтоо кыйынчылыгын өз алдынча чечкен. Огороддогу 18 сотых бедени эки ирет оруп, ошончо малга жеткирчү.

Алайкууда аз дегенде 7-8 ай кыш болот. Катаалдыгына тартып кетсе, карандай суук какшатып, аягы барып жут болот. Андыктан алдын ала камданып, Күн көзүн карап, Ай астын санап, айдан аман, жылдан эсен чыгуу алдыдагы милдет. Атам жол бүтөлө электе, эрте эле 5-6 чыпта 1-2 сорттогу унду үйгө түшүртүп, сарамжалдап койчу. Мынчалык унду эмне кылат деп ойлочу элем. Көрсө, көрөлегиң көп турбайбы, мен эс тарткандан унга тартыштык Никита Сергеевич Хрущевдун бийлигинин акыркы 1962-1963-ж.ж. мезгилинде, 1966-1969-ж.ж. кар оор түшкөн, чоң жутта болду. Ошондо атам унга зарыккан тууган-коңшуларга эки чыпта унун таратып бергенин көрдүм. Жок деген сөздү жининдей жек көрөт эле, ыгы келгенде: -Бар деген сөздү бакыра айтып, башынды бийик көтөрүп жүр-дечү бейиши болгур.



Берешендиги жагынан алдына киши салдырбады.

Советтик доордун гүлдөй баштаган согуштан кийинки мезгилинде өлкөдө жаңы жеңил автомашиналар – ГАЗ-21, Москвич 407 чыгарылып, дүйнөлүк авторынокто алдыңкы орундарды ээлеген. Ошондо Совет району боюнча биринчилерден болуп, Москвич 407 автомашинасын сатып алган. Бирок, бир бутунун кемтиги өзү айдаганга мүмкүндүк берген эмес. Анын үстүнө Алайкууда жол жаман, айдай турганга балдары жаш. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, анан алган машинасын иниси Акимжандын алдына тартуулап жатпайбы. Өмүрүндө жөө жүргөн Акимжан агабыз машинанын пайдасын кыйла эле көрдү. Ал аны Токтогул акеге айдатып, Ош тарапка келгенде кызматтык иши менен жеке турмушу үчүн армансыз жакшы колдонду.

Кийинчерээк кайран машина колдон колго өтүп кетти. Акыркы жылдары Күйөө-Таштык Күкөн деген эжебиздин күйөөсү Пайизбектин карамагына тийип, акыр аягында аты түгүл заты жоголду. Кызы, башы биздики болгон менен пайда-батасын башкалардын шыбагасына буйруптур. Буга деле атам кейип-кепчип, антип койду, минтип салды деп, күйгүлтүккө түшпөдү. Бала-чакасынын башы аман, ден соолугу чың, курсагы ток, кийими бүтүн жана көңүлү өскүлөң болушун каалагандай түр көрсөтүп, көөнү топуктуу эле. Айтор, атам машинасына жасаган мамилеси аркылуу биздин дээрибизге кор дүйнөгө анча көп маани берүүгө умтулбагыла дегендей мисалды үлгү кылды көрүнөт. Ошонусу менен балдарын ачкөздүктөн, өзүмчүлдүктөн сактагандай таасир калтырды десем туура болмокчу.

Атамдын жоро-жолдош, дос-тууган күтүү, меймандостук кылуу турмушунун негизги өзөгүн түзүптүр. Ансыз Ысман чолоктун жашоосу тузу кем аштай,

кунары жок күндөй, өмүр сапары маңызсыз өткөндөй. Кыштын узак түндөрүндө майдандаш досторү: Ашымбай, Абдыш, Абдил, Забытакун, Токтош менен душманга каршы кармашка чыккан күндөрдөгү эрдиктерин, аскердик жүрүштүн кемчиликтерин айтып, аягы үшкүрүк менен бүтчү. “Өх” деген ысык илептин артында согуштун оор кесепети – адам өмүрүн алган ажалды карөзгөй, карамүртөз адамдар көз көрүнөө өз колдору менен чакырып, наристеби, кырчындай өспүрүмбү, кары-картаңбы баары бир, жаш өзгөчөлүгүнө карабай бөөдө өлүмгө салып берип жатканы өкүндүргөн окшобойбу. Анткени алардын каректеринин кычыктарынан жаш куюла түшчү.

Ал эми аке досторун: Доорон, Курмантай кудаларын, Сари, Бердибай, Эгеш, Тумак агаларын урматтап, сыйга бөлөп, өткөнчактан, учурчактан, келерчактан кеп салышып, кеңири баарлашып, чер жазгандары – биз үчүн чоң майрамга айланчу. Кең жазылган дасторкондун бетинде түркүн даамдын түрүнөн да, анын четинде даам сызып олтурган бакыйган карыялардын сөөлөттүү караандары опол тоодой. Жүзүнөн төгүлгөн тунук нурлар биздин кенен үйүбүздүн ичин жарык кылгандай жана кут түшүргөндөй, ар бири кызыр алейким саламдай калбаат. Эзелтен ата-бабам тутунган нарк-насилди сактаган, каада-салтты карманган, үрп-адатты улантткан улуу муундун өкүлдөрүнөн эле. Эми андай зор адамдардын элестери кичинекей болсок дагы кошо аралашып жүргөндүктөнбү, биздин гана эсибизде көбүрөөк калды.

Конок келбей калган түндөрү атамдын чоң өнөрү – китепти көркөм окууга дилгирлиги артчу. Мен өйдөкү бөлүмдө дикторлугун эң чеберлердин бири катары белгилебедим беле. Онунчу чырактын жарыгында ка-



дим артисттердей каармандардын айтымына жараша үнүн өзгөртүп, кебетесин келтирип, сөзгө басым жасап, маани бергендегиси өзгөчө кулакка угумдуу эле. Чырактын майы аздап, өчүңкү тартып баратканда, билигин улам көтөрүп, бир же эки саат талбай окучу. Ошондо Т. Касымбековдун “Сынган кылыч”, Т. Сыдыкбековдун “Зайыптар”, С. Өмүрбаевдин “Телегей”, К. Баялиновдун “Боордоштор”, К. Жантөшевдин “Каныбек” романдарын, З. Сооронбаеванын “Астра гүлү”, “Жетимдер” повесттерин чоң ак тондун ичине кирип алып, аягына жете укпай, уктап калган күндөрүм болгонун ачык айтышым абзел.

Атамдын арты менен мен жогорудагы аталган китептерди өзүм окуган жокмун. Коңгуроодой коңур үнү азыр да кулагымдан кетпейт. Артыкча “Сынган кылыч” романындагы Шералини хан көтөрүүдө Ашыр деген жигитти мууздаган окуяга жеткенде демим чыкпай, денем дүркүрөп, тилим күрмөөгө келбей калган. Кожожашты туугандары аскадан чыгара албаган аракеттерин, Курманбектин жарадар болуп, Акканга жолугуп, найзаны сууруп тургандагы эпизоддорун келтире окуганда муундарым титиреп, кадимкидей жашып, ыйлаганым эсимде. Кыскасы, кеч киргендеги көркөм окууда атам мага атан төөдөй кызмат кылыптыр. Жакшы тыңдаган экемин, Кыргыз мамлекеттик университетке өтүп, студент болуп жүргөнүмдө адабий чыгармаларды талдаган кечелерде ооз ачканга ойда пайдасы тийди.

Карындаш-урук күтүүдө “Ата тапкан” карындаш урукчулдукту – сөөгү таза, теги мыкты, акылдуу адамдар гана улантып кете алган. Ой-Талдык туугандардагы Жумагулдун аталары Сарыгул бай менен туруктуу катташкан дос-тууган экен. Ошондуктанбы атам чоң атасы тапкан карындаш-уруктан кол үзбөй, Жумагул

бай менен достошуп өттү. Карым-катнаш канчалык көбөйгөн сайын, адамдар ортосундагы мамиле-алака ошончолук артыла берет турбайбы. Жумагулдун улуу уулу Чокон атамдын өкүл атасы. Жакындыктын белгиси деп ушуну айт, ал каза болуп калгандан кийин кичүү уулу Ормонду атама өкүл бала кылып, өтмө катар болушкан. Жакшылыгында да, жамандыгында да бири бирине колдоо көрсөтүшүп, сый-урматты туу тутушкан. Жок эле дегенде бири биринин дайын-кабарын билип турушкан.

Ушул жерден артка чегинип, Ой-Талдык басмачылардын огунан оо дүйнө салган Аппак агабыздын окуясына орун бере кетейин. 1926-жылдары колхоздоштуруу мезгилинде чарбанын майда активинин кызматын аркалаган келбеттери келишкен Абдымомун, Сагынбай, Аппак деген жигиттер Ой-Талдык туугандарына колукту издеп барышат. Айтымдарында эр бүлөөсү жок, өңдүү-түстүү жаш келинди күйөөлөгөн үчөөнүн бирөөсү алмак экен. Ал жердеги басмачыларга кошулган Мурзали жаңы бийликти жактырбай, силер Совет мамлекетин жактадыңар деп, тигилерди күнөөлөп, балким, алар алчу жаш жубанды кызгангандыр, жазага тарттырат. Абдымомунду жуурканга ороп, жыйып койгон жеринен таап, качканына карабай, ак таңдын жарыгында атып өлтүрөт. Сагынбайды да кармап атат. Аппак качып кутулат, бирок атына жетпей, жөө калат. Жанталашып качып баратса, алдынан Ой-Талдык Жумагулга жолугат. Ага болгон окуяны: досторун атып өлтүргөнүн, өзү качып келе жатканын айтып берет. Жумагул бай баш чайкай: -Ата-аңга, туугандарым жаман иш кылган экен. Кой, мага учкаш, атынды алып берейин, жөө кетпей, атыңды мине кет. Мен турганда сага эч ким тийише албайт-деп, артына учкаштырып,



кайрадан Ой-Талга алып келет. Ажалы жеткен Аппакты Жумагул бай ортого түшүп, арачаласа болбой, атып өлтүрүшөт. Ошентип, күнөөсүз күнөөлүүлөр канкорлордун, тактап айтканда көркоолордун колунан бейажал кетип, кырчындай жигиттердин өмүрү кыйылыптыр. Тууган ичинде, айыл арасында бул тууралуу нааразылык күчөп, өч алуу, кун төлөтүү сыяктуу маселелер көтөрүлүп, Совет бийлигинин кийлигишүүсү менен убагында бас-бас болуптур.

Айылдаштарымдын арасындагы ачуу сөздөр убакыт өткөн сайын унутулуп, кудайга койдук деген тыянак менен тынчып калышкан. Арбактарга арнап, Күйөө-Таш айылындагы Ак-Бейиттин жанына атылган жигиттердин аты жазылган эстелик орнотулган, кээде эскерип куран түшүрүшөт. Ушул тууралуу кийинчерээк туугандарыбыз бир дүргүп алды. Ага себеп – Аппакты алдап алып барып аттырган Жумагул менен Ысман авабыз дос болуп, катташып жүрөт деген күңкү кеп. Атам Жумагулда күнөө жок экендигин, мылтык кармаганына эсирген басмачылар ортого түшүп, арачаласа болбой, атып салганын түшүнгөн жана Сарыгул чоң атасы катташкан адамдар менен жылуу мамилесин үзгүсү келген эмес. Касташкандан, тирешкенден көрө, эпке келип, ымала түзүп, достошкондон жакшы натыйжа чыгаарын билгендей.

Ой-Талдык туугандарымдын дагы бир кылыгын айтып берейин. Үч жигиттин жанын алып жатканда эки колун артына байлап, мойнуна аркан салып, Жорго Казак деген кызыл аскерди колго түшүрүп, жетелеп келишет. Жедеп кан ичкич болуп калган эмелер аны табылгыга байлап коюп, аткылап ойношот. Жан чиркин кыйын эмеспи, ок чыгаарда ары буйтап, бери секирип, шамдагайлыгынан аттырбай коёт. Ошол учур-

да Курманбек (баягы атам бала кездеги каяша айткан) корбашы келип калып: -Муну эмне атпай, карап олтурасыңар?-деп сураса, беркилер: -Ажалы жок окшойт, октон буйтап аттырбай жатат-деп жооп беришет. Жини келген Курманбек: -Өзүбүздүн балдарды атып өлтүрүп, анан муну энеңерге эр кылып бересиңерби-деген бойдон башка атыптыр. Ал жаштайынан көнгөн көзгө атар мерген экен.

Атамдын чоң атасы Сарыгул байдын атасы Асан зор балбан болуптур. Жүктүү төө баткакка тыгылып, чыга албай турганда кургак жерге сүйрөп чыккан экен. Бир жолу жолоочулап келатып, төрт каракчыга жолугат. Алар капилеттен кол салып, Асан атабыздын атын тартып алмак болгондо, бири-бирине чаап, эсин оодарып, байлап келет да, орго салат. Керек кезде туткундарга оор жумуштарын жасатып, кул катары иштеткен. Качан гана күлтүлдөгөн жигиттердин күчү кетип, каруудан тайып, кылган иштерине өкүнгөнүн сезгенде, убадасын алып, башын азат кылган дешет. Да бир ирет Алайдагы чоң маарекеге барып, жеңишке жетишип, байге алыптыр. Конок болуп, жатаар мезгилде: -Асан буурук деген сенсиңби?-деп, кабыргага нукуп өттү эле, бир кабыргам сынган турбайбы деп, сынык жерин сыйпалап койгон экен.

Жазга маал ошол чоң атабыз бир тууганы Бошкой экөө арык казып жатса, өтүп бараткан Сарыбаргылык жолоочу:

– Асан, Бошкой болушуп,
Арык иттей солушуп,
Арык казып жатабы?-деп, тамашага сала, жамактай кетет. Аны шылдың катары кабыл алган Асан чоң атабыз ачууга алдырып, атынан оодара тартат да, жерге бир чаап өлтүрүп, арыктын жээгиндеги чымга бас-



тырып, көөмп таштайт. Минген атынын куйругун кесип, Орто-Казыктын жайлоосуна агытып жиберет. Кийин ошол чолок куйрук карагер ат таанылып, анысы аз келгенсип айгак чыгып, тукуму менен кун төлөөгө аргасыз болушкан. Э-э, акетай, алдуу-күчтүү кишинин акылы азыраак болобу?

Өлчөөсү ченелген кундун эсебинде Бошкой чоң атабыздын бойго жеткен бир кызы кошо кетиптир. Ал кездин бүтүмү катаал – алмончоктой бир кыздын ыйлап-сыктаганына карайбы, эптеп эле элге кеп болбой, тууган-уругун сактап калуу далалаты биринчи орунда болгон. Эки урук өмүр бою сөөк өчтүү душманга айланып, далай өмүрлөр кыйылып, чабыш кыйлага токтомок эмес, ынтымак бузулуп, ырк кетмек. Эртеңкисин ойлонгон энелер кызды көндүрүшсө керек, барган жеринен баар таап, очор-бачар бала-чакалуу болуп, тукум улап, кудай берген жашты жашап өтүптүр. Ушул жерден атамдын кыйындыгына таң калам, мына ошол кунга кеткен кыздан тараган жээндер: Өмүрали, Ормонго боор тартып, бир туугандык сезим менен сый мамилесин жасап, жамандык-жакшылыгында катташканын такыр үзбөдү.

Бул окуяларды эмнеге биринин артынан бирин тизмектеп жазып жатам, атам арканды алыс таштап, турмушту терең көз караш менен караганы, ошондой эле бийик адамгерчилик сапаттары бар экендигин далилдегим келди. Мейли дос-тамыр, теңтуш-курбу болобу же карындаш-урук болобу, кандай болсо да баарына тең, калыс мамиле жасап, алардын туугандык байланыштарын эсине сала, эртеңки күнү түбүңдү унутпа дегендей эскертүүсү бар. Ошон үчүн кыргыз түптүү, уюткулуу, улутун жоготпой улуу элдердин сап башында жүрөт. Муну ички туюму, дээри менен сезгендиктен

алыс-жакынына карабай алака түзүп, кийинки өсүп келе жаткан муундун өкүлдөрүнө – балдардын, неберелердин, чөбөрөлөрдүн эс тутумуна кулак кагыш кыла, өмүр таржымалын, өткөнүн биле жүрсүн дегендей...

Алтымышынчы жылдардын аягында заман оңолуп, Алайкуунун дүкөндөрүндө эмен жыгачынан жасалган капкактары апакай жаркыраган, сырты жылма лакталган жакшынакай кооз комуздар сатыла баштаган. Колунда барлар талап алып жатканда, атам да бирөөн сатып келиптир. Балдарым комуз үйрөнсүн деген тилеги күч көрүнөт, комуз черткен өнөрлүү адамдарды үйгө ээрчитип келип, жакшылап меймандап, комузун сынаткан экен. Алар кол ойнотуп, обон созуп, ыр ырдап, аягында залкар күүлөрдөн бирди шартылдатып бүткөндөн соң: -Ысман ава, комузуңуз абдан жакшы, ийкемдүү экен. Кут болсун-дешип макташчу. Добушу менен көрүнүшү бап келип, көргөндүн көз жоосу тургай, көңүлүн көркүнө бурдурган мыкты жасалган комуз эле. Аны колуна алган адам өзүн бактылуу сезчү.

Атамдын да анча-мынча чымыны бар болчу, азыраак кыска күүлөрдү кыңылдатып калаар эле. Комуз сатып келгенден бери эки ишинин бири – бизге комуз чертүүнүн ыкмаларын үйрөтүүгө өттү. Адегенде комузду кадыресе оюнчуктай көргөн жаныбыз үндөрдүн айкалышын бузуп, ыкка келтире албай, ыргактан чыгып, кыйнала баштаганда чертмекти четке ыргытып, артты карабай качканга даяр элек. Анда биз балалык кылыппыз, музыканын сырдуу, керемет дүйнөсүнө баш бага албай, сезимдин сересиндеги, көңүлдүн түпкүрүндөгү жеке өзүңө таандык талантты, өмүрүңдү коштой жүрчү өнөрдү өнүктүргөнгө маани берген эмеспиз. Бул киши эмнеге эле ээзип жатат, комуздун боорун тырмагандан башка толтура ырахат алчу нер-



селер бар да, сөзсүз эле үйрөнүшүм керекпи өңдүү шайтан суроолор далай ирет ойго келген.

Күндөрдүн биринде атам олбурлуу жаш жигитти үйгө ээрчитип келди. Алдына аш коюп, аябай сыйлады. Анан баягы эмен комузун колуна карматып, күүлүндагы комузду айланта бир карап, тепкесин жылдырып, кулактарын кезеги менен бурап, күүгө келтирип жатып, баарыбызга бүркүтчөсүнөн текши көз салып, оңтойлоно отуруп, "Көкөй кестини" терип черте баштады. Үйүбүздүн ичи түгүл, кең көкүрөгүбүз менен дене турпатыбыз күүнүн мукамдуу да, муңдуу да кайрыктарына толуп, балкып жатып калдык. Мага биздин комузга тил бүтүп, сүйлөп жаткандай туюлду. Ыргагы улам алмашкан сайын жаным жыргап, кыял чабытым бир укмуш дүйнөгө жетелегенсийт. Ичимдеги бирөө: -Сен дагы ушинтип комузуңду сүйлөтө аласыңбы?- деп, демитип жаткандай.

Ошондогу жаш жигит Терек айлынан келген Шамшиев Годовай аке экен. Анын колуктусу Батма жеңенин да өнөрү өргө чапкан, күйөөсүнөн артык комузду мыкты черте алган. Годовай аке комуз менен кошо аккордеонду да жакшы ойногонду өздөштүргөндөрдүн бири. Иниси Жеңишбектин обондорун комузу, аккордеону менен коштоп, ырларын радионун алтын фондусуна жаздырганга жакындан жардам берген. Ал эми элге таанылып калган обончу Жеңишбек Шамшиев биздин үйдүн сүймөнчүктүү коноткорунан болчу. Келген сайын комуз чертип, ыр ырдап, чакан концерт коюп берген учурлары көп эле. Бир ирет комузду чертип жатып, үстүңкү кылды оң колунун бармагы менен бастырып, терип чертти. -Мындайды Жапар Чабалдаев экөөбүз гана жасай алабыз-дейт куудулдана.

Дагы бир жолу атам: -Аяш уулум, үйдөн даам татсын-деп, Кара-Кулжанын 1-Май айлынан колхоздо жаш адис катары келинчеги менен иштеп жүргөн Кадырбек деген жигитти ээрчите келиптир. Кең-кесири чайлашып олтуруп, өнөр жаатында кенен талкуу-дүкөн жүрүп кетти. Сөз арасында өнөрдүн өлбөстүгүн, өнөрлүү адамдын экинчи өмүрү бар экенин билдим. Тышкы байлыктан да, ички байлык адамды кайра жарата турганын сездим. Байманасы ташыган байлардын канчасы көр дүйнөнүн астында басылган бойдон баш көтөралбай, аты-жыты жок ааламдан өткөнүн айкын мисалдар менен айтып жатышты. Аларга караганда атам заманда көзү өткөн ак таңдай акындар, залкар күүчүлөр азыр да арабызда жүргөндөй өнөрлөрү аркылуу калың элге кызматын көрсөтүп келатканы чындык эмей эмине?!

Кадырбек да өнөрдү кадырлаган, комузду колунан түшүрбөй барктаган, кара күүлөрдүн касиетин сактап, өзүнөн кийинки жаштарга өткөрүп бергенге дилгир, жашы өйдөлөгөндө жалдырап отурбай, эрмек кылаар, эш тутаар кудуретке ээ, үлгү болорлук адам экен. Кыргыздын кыйырынан жана кыртышынан жаралган комузда кол ойнотуп, Токтогулдун, Атайдын, Карамолдонун ж.б. залкарлардын күүлөрүн өтө чеберчилик менен аткарып берди. Угуп аткан пенде ичегиден жасалган кылдар менен эмес, жүрөктүн кылдары менен чертип жаткандай термелип, арбалып, кайрыктардын ичинде кайкып учкан кушка теңелет. Жарпың жазылат, жаның жыргайт, кыялың алып учат. Ал мени ушунчалык таасирлентти окшойт, эмнеси болсо да эртеңден баштап, комуз черткенди үйрөнүүгө бел байладым.

Акыры ошол кыялыма жеттим, көксөөмдү ишке ашырдым. Бирок чоң комузчу боло алганым жок, ортозаар комуз черткенге жарадым. Мен көргөн аталарым: Токтобай, Орунбек, Арынбек комузду бир ай бою черте алышчу, аларга салыштырмалуу начар экем. Өнөргө жакындык жанды сабап, техникалык жактан үйрөнүүдөн тышкары, кан менен, кен менен келүүчү касиеттерден. Биздин жакын туугандардан Алайкуу өрөөнү боюнча эч кимди алдына чыгарбаган кыякчы Торубай авабыз жашап өткөн. Кичинекей наристе кезимде, акыл-эсим токтоло электе каза болуптур. Ошондуктан ал кишини элестете албай калдым. Тегерек четтеги Датка, Кийизбай, Сулайманкул сыяктуу кыл кыякчы, комузчулар Торубайды устат катары эсептешип, сыйлап турушкан. Бири да алдынан чыкканда тууралаанып, кыя өткөн эмес.

Аттиң, авабыздын өнөрүн үйрөнүп кала албадык, уул-неберелеринин эч кимиси учугун улап, жолун уланткан жок. Кыягын Сулайманкул сурап кетип, кийин тыптыйпыл жоготуптур. Бүгүнкү күнү Торубай авабыздын өнөрү тууралуу эл арасында эскерип калышат. Ал эми белгилүү обончу, Кыргыз Республикасынын маданиятынын эмгек сиңирген ишмери Шайырбек Кадыров атамдын бир тууган жээни. Обончулар: Асилбек Одонов, Акбарали Тасмаев Торубай авамдын урпактары, балким, чоң атабыздын талантынын уландысыдыр. Канткен менен уучубуз кур эмес, кудайга миң мерте дуба, өсүп келе жаткан уул-кыздардан үмүтүбүз чоң, көптү күтөбүз. Убагында атабыз жакшынын шарапаты тийсин деп, куттуу үйүбүзгө таланттуу инсандардын өнөрү жуксун деп, биринин артынан бирин ээрчитип келе бергенди жактырган тура, жарыктык.

Эсимде, бешинчи классты окуган кезимде, улуу агам Мамбет кечкисин комузду койнуна катып, мени ээрчитпей, кайдадыр бир жакка кетүүчү. Акырын ар-

тынан аңдып барсам, армиядан жаңы келген, келген-де да ал жактан Валентина Макаревская деген украин кызды колтуктап, колукту кылып, айылдагы апасынын үйүндө жашап жаткан Акил Келеев аганын эшигин ачып, кирип кетти. Көрсө, бул үйгө комуз үйрөнүү үчүн чогулушат экен. Себеби, Акил агабыз аскерге чейин Совет районунун маданият үйүндө иштеп кеткен жайы бар. Ал, тагдырдын тамашасын карасаң, бир туутан агасынын аялын – жеңесин сүйүп калып, ага жашыруун үйлөнүп, Казакстандан кыргыз жергесине качып келген таланттуу артист Алтымыш Ауэбаевден үлгү алган, комуз менен аккордеонду мыкты ойногон алдыңкы айылдаштарыбыздан эле.

Мен дагы баш баксам, үйдө Мамбет, Абдыманап, Замир, Койчуман, Таабалды, Камчыбек – менден улуу балдар койкоюп, катар тизилип, комуз үйрөнүп жатышат. Адегенде алар Атайдын "Маш ботоюнан" башташып, төртүнчү кайрыкка чейин жетип калышыптыр. Ошол эле күнү күүнүн төрт кайрыгын черткенге үйрөнүп, тигилерди kууп жетип, эртесинде ашып өттүм. Балдардын айрымдары төртүнчү кайрыкты өздөштүрө албай, андан ары комуз черткенди үйрөнүшпөдү. Алтындай атамдын акылынан айланайын, бизге, Мамбет агам экөөбүзгө эмен комуз сатып берип, музыка дүйнөсүнө аралаштырып, өнөрлүү болушубузга чоң өбөлгө түзүп берди. Мындай мүмкүнчүлүктү балдарынын келечегин ойлогон камкор, мээрман гана ата жасай ала тургандыгын кеч түшүнгөнүмө кез-кез кейип кетем.

Мамбет агам да, мен да комуз черткенди жакшы үйрөндүк. Күүлөрдү жаңыртып, комузга кошуп, обондуу ырларды созо баштаган учурда: -Кана, балам, мага ырдап берчи, өнөрүңдү көрөйүн-деп калды атам. Мен тартынып, уялам деп, ырдабай койдум. Ошондо атам ачууланган түр менен: -Атаңдын гана оозуна чайын, менин алдымда тартынбай ырдасаң, эл алдына чыгып ырдаган ырчы болот элең! Тартынып, мага да ырдап бере албасаң, аялыңдын маңдайына жалгыз ырдаган ырчы болосуң-дегенин унутууга эрким жетпес. Атакем олуядай эле таамай айтыптыр. Азыр чакан отуруштардын ырчысымын, теңтуштардын, коңшулардын арасында аба жарып, обон созуп коймоюм бар. Бирок эрмек кылып, үйдөн кыңылдап ырдаганымды аялым укмак түгүл, тик багып карагысы келбейт. Анан атамдын айткан сөзүнө ынана баш чайкайм.



Биздин бир туугандардын арасынан Мамбет агам мыкты ырдачу. "Жеңишбектин (Шамшиев) ырларын мен гана өзүндөй аткара алам" деп, мактанып калчу. Уялаштарым да комуз чертип, кыякта эркин ойноп, ырдашат. Аккордеонду үйрөнүп калышыбызга атамдын эмен комуздан кийин орус элинде гармошка атальшы менен таанымал кичинекей кыяк сатып бергени себеп. Бир кезде Муса Баетов, Асек Жумабаев өңдүү таланттар тартып, ырдап чыкканды көрүп, аларды далай туурадык. Иним Асилбек Одонов обончу, аткаруучу. Жакшы, жанга жагым обондору бар. Кара-Кулжа райондук маданият үйүндө иштеп жүргөн учурунда Эл чыгармачылыгынын республикалык кароо-сынагында "Ак-Таш жайлоо" деген обондуу ыры үчүн баш байгени жеңип алып, күмүш медаль тагынып, акчалай сыйлыгына татыган.

Ал Бүбүсайра Бейшеналиева атындагы искусство университетинин дирижерлук бөлүмүн бүтүргөн, жогорку билимдүү. Кийинки он жылдан бери чыгармачылыктан алыстап, Москва шаарында тиричилик кылып жүрөт. Чынын айтыш керек, маданият кызматкерлеринин маянасына жашоого мүмкүн болбой

калды. Өнөрдү баалоо өлкөбүздө өзгөчө төмөн, жанды жанга уруп, керээли кечке мээнет кылып тапкан акчаң күнүмдүк керектөөңө жетпейт. Анан өйдө тартсаң, этеги ачылган эптеп жашоону же өлбөстүн күнүн ким эле көргүсү келсин. Өзгөчө уул-кыздары чоңойгон сайын татыктуу билим берүү, бакубат жашоого шарт түзүү зарылдыгы биринчи орунга чыгат экен. Ошондуктан айылдан эле алыстабастан, эл-жеринен безип, эң башкысы – талантын ташыркатып жатканы чоң өксүк.

Мындан кийинки Кеңешбек иним да таланттуу. Комуз чертип, ырдайт, үнү уккулуктуу. Куудулдук өнөргө жакын. Эстрада ырчысы Динара Акулова Кара-Кулжа районунун борборуна концерт коюп келгенде, Кеңешбектин күлдүргүчтүгүн баалап, "бизге кошул" деген сунушун кабыл албай коюптур. Ошондо кошо кеткенимде Кыргызстандагы белгилүү куудулдардын катарында жүрөт элем деп, бүгүн өкүнүп калат. Эми өкүнгөн менен эмине, андагы аткарылышы жүз пайыз ыктымалдыгы бар мүмкүнчүлүк өттү да кетти. Бири кем дүнүйө деген ушундай окшойт. Анын азыркы кесиби шоопур, айдоочулукту аркалап, үй-бүлөсүн багып, эл арасында. Райондун чоң сахнасында: -Обону апамдыкы-деп, үнүн жасап, "Эр Табылды" эпосунан узун сабак үзүндү айтып, куудулданып ырдап, жалпы көрүүчүлөрдү күлдүргөнгө жарайт.

Эң кенже иним Айбекте да талант бар. Комузда кол ойнотот, аккордеон, баян аспаптарында мыкты ойнойт, өтө шыктуу. Бирок, өзүндөгү өнөрдү баалабайт, музыкалык жөндөмүн жөн салды эрмек сыңары эсептейби, атайын кесип катары аркалабай, башка иштерди аткарып, жан багууда. Элге таанымал өнөрлүү адам өңүтүнөн бир чыкса ушул – Айбегимен бир нерсе чыгат эле. Жалпылап деле акыл-кеңеш айтып көрдүк, болбо-



ду. Үмүтүбүз акталган жок. Ар бир пенденин өзүнүн бешенесине жазган жазмышына жараша жашоосун улап, өзү каалаган дүйнөсүн же чөйрөсүн түзүп алабы ким билет, айтор айткан-дегенге көнбөгөндү көр жемелегенден не пайда деген тыянакка келгенбиз. Ырасында ар бир адам башкаларга салыштырмалуу өзгөчө жөндөмгө, бөтөнчө касиетке ээ. Болгону аларды өнүктүрүүсү кажет.

Бизге берилген талант, шык, жөндөм атабыздан биринчи Уултай апабыздан оогондой. Алтындай апам көңүлү жайдары кезинде Кеңешбек айткандай – "өзүнүн обону менен" "Эр Табылды" эпосун толук айтаар эле. Жаңылып, жазып калганын көргөн жокмун, айтуучулук өнөрү өзүнө гана таандык болчу, антип азыр эч ким айта албайт. Беш эркек баланы мээримдүү кучагына бөлөп өстүргөн апакеме чексиз ыраазыбыз, башыбызды ийип, урмат кылабыз. Кичине кезимде апакем ооруп калса, Кудайга кайрылаар элем. Ичимен жүз жолу: -Апам оорубасын, апам өлбөсүн-деп, тилек кылчумун. Кудайым тилегимди кабыл кылды, уул-кыздарынын урмат-сыйын аздыр-көптүр көрүп, 2010-жылы февраль айында сексен жаш курагында каза болду. Мусулманчылыктын эрежелерине ылайык жерге бердик.

Эң улуу эжебиз Эркебү өзүбүздүн айылдагы жоош уруусунан Курмантаев Касмалиге турмушка чыккан. Нaристе кездеринде эле ата-энелери кудалашып коюшкан экен. Азыр уулдарынын балдары солкулдаган улан болуп, кыздары орто жаштардагы эне болуп, тукуму уланууда. Жэжем небере-чөбөрөлөрү менен бапырап, бактылуу, бардаш турмушта. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, башы кандай башталса, аягы ошондой бүтөт деген элдик тыянактын чындыгы бардай. Эркебү

эжемдин синдиси – Санамбү да Тайбагаров Акунжанга баш кошуп, уучу узарып, уул-кыз төрөп, тарбиялап өстүрүп, чоң энелик милдетин мыкты аткарып жатат. Ушул эжемдин кыз болуп туулуп калганы өтө өкүнүчтүү. Эгерим эркек уул катары төрөлгөндөбү, атасы Ысмандай кайраттуу, эрктүү, эмгекчил жигит болмок белеби дейм.

Кайратынан, калбаатынан жазбай, Тайбагаровдор мокоткон эркин кайра чыңап, моюнсунбай жашоосун улантып келет. Уулдары урматтап, апасынын эркине эрк, кайратына кайрат кошуп, каркыттап жашатса эмне?! Кыздарына кудайдын атынан чоң рахмат, зор алкоолор болсун, эжемди ар дайым колдоп, көкөлөтүп тургандары үчүн. Жээн кыздардын энесине жасаган жакшы мамилелерин көрүп, ичим жылыган. Менин да тунгуч перзентим кыз болгонуна өтө кубангам. Кагылайын кыздай болобу, эң күйүмдүү, эң сүйкүмдүү, эң жакын адамың экен. Санамбү эжемдин оош-кыйыш турмушун ойлогондо оозума жуптаашкан уйкаш саптар утур-утур кептеле бермейи бар: -Бир жакшыга бир жаман, укмуш экен шум заман! Муну кайсы акын айтканын билбейм, бирок таамай айтканына тан берем.

Уул балдардын улуусу Мамбет авам, Мамбет агам, Мамбет акем, Мамбет боорум жөнүндө сөз учугу түгөнбөс. Атасынын кубанып күткөн, уңгусун уланта турган эркек баласы. Агабыз төрөлүп жатканда эл ичинде мындай уламыш таркайт: - Алайкууда тулпар туулуптур, аны Күйөө-Ташта төрөлгөн сөлпү баш бала минип, элин башкарат экен-деген кеп-сөз уу-дууга айланат. Тулпар туулганбы же жокпу, аныгына күбө өтө албаймын, бирок сөлпү баш ымыркай төрөлгөнү чын. Ал Мамбет акебиз, анын башы сөлпү болгон. Андыктан айылдагылар атынан айтпай, чоңойгонго чейин



эле Сөлпү баш дешип эркелетип келишкен. Андай кошумча, ылакап атка авабыз да көнүп бүткөн, улуу-кичүү арасында ардангандан урушуп же таарынганынан коркутчу эмес. Мүнөзү токтоо, сабыры күч, сүйлөгөнү орундуу болчу. Бирок, бала кезинде жаны тынбаган айылчылыгы бар эле. Орунбек авасы: -Басканы тарптарп, сүйлөгөнү калп-калп, бул ким?-десе, иниси табышмактын жандырмагына жооп кылып: -Ал – мен!-дегенде күлбөгөн киши калбаптыр.

Авамдын бизге белгисиз бир өнөрүн классташы, Кан-Коргондук сарыбаргылардын кызы, Аркалыктардын келини Жумабү Мамасыдыкова эжебиз жакын досума айтып бериптир. Ал кезде Кайың-Талаа орто мектебине төрт айылдын балдар-кыздары барып-келип окуп турган убак дейт. Ат менен келген Мамбет акем мектепке баш багаары менен эле, математиканы чемичкедей чаккан, түшүндүрүү учурунда ушунчалык берилип кеткендиктен шилекейи чачыраганына кайыл, мыкты мугалим Сабыт Алипсатаров агайын өзүндөй туурап, парталаштарын күлдүрчү экен. Бул кылыгы үчүн далай ирет эскертүү алыптыр, бирок токтотпоптур. Демек, авамдын адамдарды өзүндөй тууроо жагынан өнөрү тукумубузда бар окшойт, мындай кылыгын уланткан Кеңешбек инимдин Аскар Акаевдин ажолук мезгилинде казак-кыргыз ичинде аттын кашкасындай таанылганы бекеринен эместир.

Жогорку окуу жайды аяктаган соң айылга кайтты. Эмгек жолун Сидоров атындагы совхоздон баштады. Адегенде Сидоров совхозунда, анан Сагындык атындагы совхоздо башкы экономист, жумушчу комитетинин төрагасы кызматтарды аркалады. Кандай гана ишти аткарбасын өзүнүн калыстыгы, мээнеткечтиги менен элге жакты. Чарбанын чоңдору жалпы менчик-

ке кол салып, турмуш-тиричилигин оңдоп жатканда, үй-бүлөсүнө, жеке оокатына карабай, элдин иши деп, көрүнгөн жерде конуп-түнөп эмгек этти. Көптүн көзү көрөгөч да, анын ак дили, ак эмгеги бааланды, өз алдынча жаңыдан уюштурулган "Өзгөрүш" колхозуна башкарма шайланды. Карапайым калктын аттуусу да, жөөсү да чурулдайт, баштары кошулган жерде эле Мамбеттин таламын талашкан кишилердин катары көбөйө берди.

Союз ыдырап, борбордон ырк кеткенден кийин ар бир айыл, ар бир кыштак, ар бир өрөөн эртеңкиге ишенич, таяныч издөөгө өттү. Ортого топтолгон байлык тонолуп-таланып, четинен жок болуп баратканы оркойо көрүнбөсө да, көмүскө ээсин таап, кумга сиңген суудай соолуй баштаган. Мына ошого каршы тура алган эрк десе эрки бар, кайрат десе кайраты бар, эл ишенген насыкөй жигиттердин бири менин акем Мамбет экен. Бир тууганым башкарма болоор алдында райкомдун биринчи катчысы Тайлакбай Мусаев менен Акимжан байкеси биригип, каршы чыгышкан. Алар: -Сени айылдык Кеңештин төрагасы кылабыз, башкармалыкты башка кишиге өткөрүп бер-дешип, кысмакка алышканда: -Эл мени сыйлап көтөрдү, мен дагы элди сыйлаймын-деп, таккесе айтып, ооздорун аппак кылган.

Боорум Мамбет баш-аягы алты жыл "Өзгөрүш", "Күйөө-Таш" колхоздорунда башкарма болуп иштеди, иштегенде да майын чыгара иштеди. Ошентип, баягы тулпар тууралуу уламыштын жарымы жалган, жарымы чын болуп чыкты. Элдин ишеничин актаган менен райкомдун биринчи катчысы Тайлакбай Мусаевдин элдешкис душманына айланды. Ошондогу сунушуна моюн сунуп, ордун берип койгондо мынчалык болбос беле, ким билет? Каршыккан биринчи катчы асылга-



нын койбоду. Каарына алып, колхозчулардын алдында кадыр-баркын түшүрүүнү көздөө менен кызматтан алуу кыялында окшойт. Ал Коо-Чаты элине келип (өзү аталган айылдагы Шадан уругунан), чогулуш өткөрүп: -Мына, бүгүндөн баштап, башкармаңарды кызматтан бошоттум-деп, мактаныч менен жар салганы бар.

Агезде райкомдо иштегендер элдин кудайындай болуп турган учур эле. Карапайым калк элес албай, түшүнүп-түшүнбөй бүтүм чыгарып иймейи бар: -Бечара Мамбетти өкүрттү. Иштен алды-дешип, ич-ара күңкүлдөшүп, дымып калышат. Катчы сүйлөп бүткөндөн кийин сөз алган Мамбет: -Тайлакбай Мусаевич, Сиз эмне деп дөөрүп жатасыз? Мени эл шайлаган, Сиз шайлаган эмессиз! Мени кызматтан эл тарабынан шайланган колхоздун башкармалыгы бошотот. Сиз мени бошото албайсыз-дегенде, араң турган көпчүлүк шатырата кол чаап жибериптир. Кырдаалды байкап отурган Тайлакбайдын агасы Сүйүнбай: -Азанчынын баласынын сүйлөгөн сөзүн кара, Ата уулунун сүйлөгөн сөзүн кара-деп, Мамбет авама абдан ыраазы болуптур. Антсе да, акыры Күйөө-Таштык туугандардын колу менен кызматтан алынды.

"Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман" деген эмеспи ата-бабам. Манас баатырды да ичте жүргөн ийри жылан сымал ойногон арам ойлуу душманы Коңурбайга сырын айтып ураткандай, Мамбет агамды башка эл урматтап, башкарма кылса, тескерисинче жакындары жайлады. Бирок өкүнүп да кереги жок. Күйөө-Таштык, Кайың-Талаалык эл үчүн көсөмдүк менен салдырган кан жолу жердештериме кызмат кылган сайын маани-маңызы чыгып, "Мамбеттин жолу" деген айкын аталышка ээ болуп баратат. Демек, авамдын артында өлбөс-өчпөс аты калды. Мүмкүн,

пенде катары Мамбеттин да толгон кемчиликтери болсо керек. Анысына карабастан агам бизден өзгөчө, бөлөкчө жаралган жан эле. Сөз көтөрүмдүү, сөгүнүп-сагынганды жактырбаган, өтө ачуусу келсе да:-Мукураттыңар, балээ болдуңар го-дээр эле. Бейиши болгур, 61 жашында арабыздан акыреттик, түбөлүктүү жайына кетти, бизге, бир туугандарына жана үй-бүлөсүнө күйүттүү арманды калтырды.

Агабыздын, аттиң-ай, дагы бир элде жок асыл сапаты бар эле, анысы – адамдардын көңүлүн калтырбаганы. Жанындагылар: -Өзү башкарма болуп туруп, Назаракундун чимкирик балдарын эмнеге эркелетип өбөт?-дешип, текебер кыязда кеп кылышчу. Катарлаштарына бирдей мамиле кылуу анын ички дүйнөсүнүн уңгусу жана уюткусу, адамгерчилигинин туу чокусу болгондой. Бир кызык окуясын айтып берейин. 80-жылдарда Алайкууда Сагындык менен Сидоров совхоздору бар эле, ошол кезде ортолорунда социалисттик мелдеш делингени менен артында эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүү боюнча атаандаштыктын кылтыймасы жаткан. Анын жыйынтыгы өз ара текшерүү аркылуу аныкталчу, анда Мамбет авам Сагындык чарбасынын жумушчулар комитетинин төрагасы кызматында. Алар кезектеги текшерүүгө жөнөйт, азыркы Кан-Коргон айылындагы экинчи бөлүмгө түшөт. Ал бөлүмдү башкарган Онкенов Опош аке немистердей так, кишичилиги өзгөчө жан, текшерүүчүлөр келатат деп, алдын ала даярдык көрүп коюптур. Беш кар баскан үндүктүн ичегисине бышы жасатып, акемди баш кылып, сабаа жардыга алпарат да, чүйгүн эт менен аракка абдан тойгузат.

Бирок текшерүүнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн кечки саат төрттө Сидоров совхозунун клубуна келиш керек. Авам Опош акенин сый-урматын таштай



албай, чогулушка кызымтал абалында киргенин көргөн Сагындык чарбасынын директору Сабыркул аке: -Мамбет, сенин эбегейсиз уятың жок экен, мас болуп алганың аз келгенсип, кечигип келгениң кандай?-деп тилдесе, ал мадырайып: -Сабыркул аке, кызыксыз да, аракты ийилип суна, сыйлап турса, арча менен ысырыктап, чучук быжыны ысылыкка берип атса, кантип ичпей коё аламын-дегенде, залдагылар дуу күлүп, кыйлага басылбай турган экен. Кийин Сабыркул аке: -Чын эле сыйлап турса, кантип ичпей коюуга болот, ыя?- деп, башын чайкай, күлкү менен айтып жүрдү дешет уккандар. Бул сөз эл арасында: -Мамбет айткандай-делинип, бүгүнкү күнү да унутула элек.

Эки эжемден, бир агамдан кийинки ата-энемдин экинчи эркек баласы – мен, Куштарбек 1956-жылы, 20-сентябрда Кара-Саз жайлоосунда, боз үйдө төрөлүпмүн. Тунгуч уулуна тирек иниси жарык дүйнөгө келгенине атам аябай кубанып, айылдаштарына чоң жентек той берет. Төрдүн көркүн ачкан байбиче-энелерге кайрылып:-Уулума ат коюп бергиле-деп өтүнөт. Алардын ар кимиси ар кандай аттарды аташат. Төрканов Жумабек акенин энеси:-Аты Куштарбек болсун-деп айтып алып, кайра уялып, кысына түшүптүр. Атам а кишинин ошол абалын курч көздөрү менен көрүп туруп:-Неге Куштарбек деп айтып алып, кайра уялды-деп, ичинен ойлонот да, ушул ысымды азан чакыртып, мага ыйгарат. Бирок, купуя сыр бат эле маалым болот. Көрсө, байбиченин келини да төрөп, атын Куштарбек коюшкан экен.

Менин артыман ээрчий келген Сайрабү карындашымды Моруш тага менен атамдын жатындашы Калиман эже асырап алышып, багып-өстүрүштү. Ал кичинесинен Морушова болуп катталып, бой жет-

кенде үй-бүлө курду. “Баатыр эне” наамды ошол кыз алды, азыр абдан бактылуу байбиче. Бизге карата бир аз таарынычын таштаса эле бардыгы жакшы болгону турат. Андан кийинки карындашым Орозбү оорукчан төрөлүп, тогуз жашында көз жумганын белгилеп өткөм. Атам кызын сакайтып алыш үчүн барбаган дарыгери, окутпаган молдосу, кайрылбаган бакшысы калган эмес. Кудайдын кылганы экен, дартына дабаа, оорусуна шыпаа табылган жок, бизге окшоп балалыктын бактылуу күндөрүн башынан өткөрбөдү. Өзү да кыйналды, ата-энесин да түйшөлттү, балким, кыздын тагдыры татаал же буйругу ошондой болсо керек.

Бир кызыгы, биздин үй-бүлөбүздөгү уул-кыздардын Асилбекке чейинкилери Ысмандын, андан аркылары Одон чоң атабыздын атын чакырышты. Минткен себебин түшүнүп турам, өз атасынын аты өчпөсүн, тукуму уланып, эл арасында айтылып жүрсүн деген аруу тилеги. Ар бир ата ушуну ойлойт, уучум кур болбосун дейт. Бирок менде атама байланыштуу көкүрөгүмдү көптөн бери уялаган, оюм менен кошо келаткан бир түйшөлүү бар. Аны да сыртка чыгарып албасам, эс алчудай эмесмин. Ал – тээ илгери Сары-Булактагы атамдын алгачкы аруу сүйүүсүнө барып такалат, мени азыркыга чейин таң калтырып келди, жандырмагын таппай, атамды аяй берчү элем. Анан калса, арзыганына жетпей калган арманын огобетерден күчөткөн аялзатынын аракети табышмак, буюрган алат дегендей, барган жеринде төрөлгөн баласына Ысман ысмын бергени эмнеси? Ошого жооп кылып, сүйүктүүсүнүн атын кыздарынын бирине коюп алса туура болмок дечүмүн.

Эми, бул маселе боюнча бүгүнкү күнү менде башкача көз караш пайда болду. Жаш өткөн сайын балалыктын баёо сезими өчүп, акыл калчоого өтөт экенсиң, бир



жактуулуктан, бир тараптуулуктан алыстап, натыйжасы жакшы нерселерге же тескерисинче жаман кесепеттерге алып келеби деп, абай салуу жөндөмү үстөмдүк кылаары күмөнсүз. Ойлоп отурсам, атам артын сактаптыр, ар кандай ушак-айың аралашкан кепти ээрчитпептир. Жаштыгына салып, мастыгына салып, мына ушундай кылам деп оолугуп, өз билгенин жасаса деле жарашмак. Бирок абийирине балта чаппай, уят иш катары караган сыяк. Мүмкүн кабат-кабат карттанып бүткөн жүрөгүн кайрадан ооруткусу жок, арманын кабыландай кайраты менен жеңдиби, ким билет. Мындай сапат эрки күчтүү, кыйын кишилерге гана түгөй, демек, уяты бар адам – Улуу адам, ал менин Атам.

## АТАМДЫН ТУУГАНДАРЫ

*Ага-ини, эже-карындаш,*
*тууган-туушкандар сен үчүн*
*бул дүйнөгө бир гана келет.*
*Аларды тандоого болбойт.*
*Акылман адам аларды*
*урматтоо менен*
*өмүрүн баштайт.*

***Элдик накылдан***

Согуштан соң жай турмуш башталып, аз-аздан тирденип, тиричилик жанданган мезгилде атам ат менен бастырып келатса, Терек тараптан жыңайлак өспүрүм баланы чек арачы жоокерлер алдына салып айдап алган окуяга күбө болот. Орусча билбеген уланды солдаттар бир чети келекелеп, бир чети эрмектеп, убакыт

өткөрүп жатышкан экен. Атамды көргөн бала араң турганбы, жакын кишисин көргөнсүп, ба-а деп бакыра, тоо жаңырта ыйлап жиберет. Айласы куруп, амалы түгөнгөндөй өспүрүмдүн аянычтуу кебетесине боору ачыган атам солдаттарга эки ооз сөз айтып, арачалап алат. Тигилер ары карай өз жолуна түшүп, кароолун улантканы артка кайтышат. Орустун түсүнөн, мылтыктын сүрүнөн кутулса да, дагы эле бышактап, ыйы басылбай, солуктап жаткан баланы сооротуш атам үчүн кыйынга турат.

Акыры эпке келтирип, кайда, кимдикине бараткандыгына кызыгат. Мына сага, сураша келсе ал бала кыйла жыл мурда каза болуп калган Арапбай деген агасынын экинчи уулу – Эрали экен. Терек айлынан таң эрте чыгып, Күйөө-Ташка тууганчылап келе жатып, чек арачылардын колуна түшүп калыптыр. Ошондо атам чындап намыстанып, Ырысбай атадан тараган туугандарды бир жерге чогултуу керек деген чечкиндүү чечимди кабыл алат. Болгондо да Чычырканак чөлкөмүндөгү Күйөө-Таш айылына көчүртүп келет. Бул аймак өрөөнүндөгү жерлердин асылы, кара топурактуу. Саздын көзүнөн чыккан тунук булактарга бай. Шалбаанын шибер чөбү керилгенде аттын кара капталына жаба тиет. Жазы эч кечикпейт. Ылдый тараптын аксакалдары: -Жал камышка жаз келдиби?-дешип, каттагандардан сурап турушкан.

Мына ушул касиеттүү жерге алгачкы карлыгачтардай болуп, адегенде Сарыгул уулунун балдарынан Жаныбай, Одон көчүп келишип, байыр алышкан. Андан кийин башка жактагы туугандар – көбү Теректин Жаман-Талынан ооп, биз тарапка кошулду, чогуу-чаран оокат-тиричилигин өткөрүшүп, бирге жашашат. Буга атамдын зор салымы бар, жашоо-турмушунун маңызы



*Атамдын бир туугандары: 1 катардан оңго карай Осмон абам, Орунбек абам, атам Ысман, кичүү бир тууганы Арынбек, апам Уултай*



*Атамдын бир тууган карындашы Жамийла эжем үй-бүлөөсү менен*



*1939-жыл. Атамдын аскерге чакырылган убагы*



*Тасмаев Токтош*



15-январь, 1941-жыл



70-жылдар Акимжан, Ысма, Аматжан



Солдон оңго: атам Ысман, Орунбек, Арынбек



*Студенттик жылдарым*




*Чоң уулум Сагынбек*



*2003-жыл. Балдарымдын окуучу мезгили:*
*Сагынбек, Адылбек, Иманбек жана жубайым Батмажан*



*Алтын кызым Динара*



*Кичинекейим Иманбек*




*Ортончу уулум Адылбек*



*Кызым Динара*



*Уулум Сагынбек*



*Неберелерим: Нурдөөлөт, Өмүрбек, Чыңгыз*



*Атамдын бейнеси*



туугандардын башын кошуп, бириктирүү менен сый мамилени, иштиктүү алаканы түзүп, ынтымакты чыңдоого арналыптыр. “Ынтымак болсо, ырыс токтойт, ырысы бар элдин байлыгы мол” дечү накыл кепти айтаар алдында өнөгөлүү, өрнөктүү өмүрүндөгү көрөгөчтүгүн, турмуштук байкоосу менен тажрыйбасын бизге өткөрүп эле тим болбостон, тууганчылдыкты туу туткан, жакындыкты жар салган мүнөзү аркылуу жалпынын эсинде калды.

Баянымды башынан бери окуп келаткан окурманым астейдил суроо салышы мүмкүн: -Ысман чолок ак кагаздай такыба, түз жолунан адашпаган укмуш киши турбайбы?-деп. Жо-жок, андай эмес, ал пенде сыягында көп жаңылгандыр, болгону мен бир гана кылыгын ачыктай алам. Атам Жаңыбай иниси менен сый мамиледе болгону менен, эркек тана катары экөө тең жесир калган чукул кошуна сулуу келинге сугун артышып, бири биринен кызганып жүрүп өтүштү. О-о, ошондогу ортодогу атаандаштык короздорчо чокушканга жеткирет беле, ким билет, акылдуу, даанышман Бапы чоң энебиз баарын байкап, ишти жөнгө салып, оңдоптүздөп турбаганда. Менимче, Одондун тукумунда эне тараптын таасири күчтүү болгон экен, тескери жүрүштөрдүн алдын алып, ар кимисин акырын ордуна коюп койгонго жараган үчүн.

Жаңыбай чоң атам оокат-аштуу, Николай заманында да, Совет доорунда да жакшы жашап өттү. “Бул жалганда кылбаганды кылдым, уурулук да жасадым, ошентип сени ушул даражага алып келдим. Калганы өзүңдөн” дечү уулу Акимжанга жай отуруп кайрылганда. Айткандай баласы бакандай башкаруучу, мыкты инсан болду, анын жакшы адам катары калыптанышына албетте, апасы – биздин чоң энебиз Бапы бай-

бичинин да өзгөчө салымы зор. Акылы зирек, ак элечекчендердин алды, айылдагы айымдарды тескеген кажыры бар, табыпчылык касиетти карманган, уулкыздарын үлгүлүү тарбиялаган кеменгер аялдардын алдыңкысы эле. Баянымдын башка бөлүктөрүндө аты аталган апабыз тууралуу ар кандай маалыматтардын кездешүү ыктымалдыгы жогору, алтындай сапаттарын айтып түгөткүс зайыптардан.

Атам ардактаган, бирок өзүм көрбөгөн, билбеген туугандарды жана Акимжан менен Макен аваларымдан кичүүрөөк инилери жөнүндө китепке киргизген жокмун. Жакын эсептелген Мураталы аваны атам абдан сыйлап, урматтаар эле. Ансыз төрү көрксүз, дасторкону берекесиз сезилчүдөй, дайыма чакыртып, даам сыздырмай адатка айланган. Ал кишинин мүнөзү алпейим, жумшак жана сыр билги адам болчу. Эртең менен эрте туруп, айылдын жылкыларын айдап келип берүүчү экен. Мен дагы Теректин тескейинен бир-эки жолу саан бээлерди өзүбүздүкүнө кошуп, алдыма салып, айдап келсем: -Ата-аң, Мураталы акеден кийин эч ким антпей калды десек, сен бар турбайсыңбы?-деп, Сариев Төлөгөн аке мага тийиштик кыла, каткырык салды. Күлкүсү тыйылгыча күттүм да, мен дагы тамашалай жооп бердим.

-Мен Мураталынын инисимин, Осмонали балбандан кийинки эңилгендердин экинчисимин-дедим эле, ал кишинин күлкүсү мурдагыдан да катуураак күчөдү. Себеби, менин айткандарымдын төркүнү бар болчу. Бул таржымалды Жаанбаев Токон агайдан укканым бар. Согуш учурунда душмандардын колуна түшүп, туткундар лагеринде жүрүп, аман-эсен кайтып келген Маматеминди үйлөп, бата алып бериш үчүн туугандары 1954-жылдары жайдын толуп турган мезгилинде чоң



той өткөрүшөт. Ал той уруш бүткөндөн кийинки, элди биринчи кубанткан салтанат болуптур. Чогулган эл селкинчек тээп, ыр ырдап, көңүл ачып, анан улуттук оюндарды уюштурат. Бөрү бир жакта, Жору экинчи тарапка өтүп, балбан күрөш, эр эңиш боюнча эрегиш башталат. Мындайда жеңишке жетишип, мөрөй алуу – үстөмдүк.

Алгач балбан күрөштөн күч сыналат, жору элинен жапжаш Зире балбан ортого чыгат. Ага каршы бөрүлөр Шекен деген жаш жигитти жөнөтөт. Ал буйдамга келбей жыгылат. Кайрадан Ашымды коё беришет. Анысын да аш-пашка келтирбей, көтөрүп чабат. "Жыгылган күрөшкө тойбойт" болуп: -Түү-ү, атаңдын көрү, баарыңар Зиреден жыгыласыңар-деп, эрдемсинген кичинекей бойлуу Токторбай чеңгээл жулкунуп барат. Кармаш көпкө созулбайт, көрүп тургандардын ооздору күлкүдөн бошобойт. Токторбайды пара-пара кылып айлантып, тарагын чыгарган Зире жерге урат. Бөрүлөр мостойгон тейде, бул сынактан жоруларга алдырып жибергенине ичтери ачышып, көңүлдөрү чөгүңкү, көкүрөктөрү бош. Куру намыс куйканы куруштуруп, эл алдында эндекей калганына ардыкkaндар акырындык менен ачууга алдырышат.

Экинчи беттеш – эр эңиш. Эми, мындан эмне болоор экенбиз деген бөрүлөр арасындагы алдуу-күчтүүлөрүнөн үмүт эте карашат. Биринчи эңишке Осмонали балбан чыкканда, дөөдөй болгон тулкусун көргөндөр жеңишти алдын ала ага ыйгарышып, колтук кере компойгон сайын, каршы тарап: -Муну ким эңе алат? Мындан да жеңилет экенбиз-дешип, түңүлгөндөрү андан көп. Чыкпай койгондон көрө, чыкты деген сөз жакшы дешти окшойт, ошондо чыканактай Мураталы авабызды салып берип жатышпайбы. Ал ушунчалык шамдагай, ат жалында ойногон чабендестиги бар

экен, Осмоналиге колдорун карматпай, кайра анын билектерин бурай-бурай, булчуңдарын канжалатып жибериптир. Денеңдин чоңдугу курусун, дардайган менен бат чарчайт да, шайы ооп, шалдырап калганда кармашты токтотушат, байгени авабызга ыйгарат.

Бул оюнда мөрөй алган бөрүлөрдүн демдери чыгып, кичине шерденип, атүгүл эрдемсий түшөт. Анан кантмек, алгачкы жеңишти эч ким күтпөгөн, эзели эңишке түшпөгөн, эңгезер эмес, тескерисинче кичинекей Мураталы намыска жарап, алып келип жатса. Ички сезимдер дүүлүгүп, көөдөнүң менен төбөң көккө жеткендей абал жаралат да. Оюн андан ары уланып, экинчи эңишке жорулар Матике аттуу дагы бир зор, тоодой балбанын ортого чыгарат. Бөрүлөр да жөн турабы, ага теңдеш, локуйган, олбурлуу Токтомурат балбанын коё беришет. Ал жакшы эле үстөмдүк кылат, бирок эки балбан бирин бири эңип кете албай, аябай чарчашканда тең-тең болду кылып, ажыратып коюшат. Мында да бөрүлөрдүн демдери катуураак чыгып, өздөрүнө келе баштайт. Деги, жеңилүү ызасы канчага чейин көңүл чөгөрмөк?!

Үчүнчү эңиштин кезеги келгенде, жорулар тарап Ысмайыл деген жүктүү атандын жартыгындай болгон, калдайган балбанды сунуштаганда, бөрүлөрдөн карышы чыккан Аракеев Макен эңип эле тим койбой, атка сүйрөтүп кетиптир. Мына ошондо көрүп ал, бөрү тарап бөтөнчө сүйүнүп, өх деген бойдон: -Эңиштен биз жеңдик-дешип, жандары ордуна келе, дардайып калышат. Сыртынан караганда балбан күрөш, эр эңиш бул оюн сыягында көрүнгөнү менен ары жагында көзгө илинбес чоң-чоң катылган маңыз жатат. Күч сынашууну жана эл-жерди коргой турган жоокерлерди даярдоону, ден соолукту чыңдоону эске албаганда, эки жааттык,



атаандаштык, үстөмөндөө – кыйыр түспөлүндө көкүрөктү жара тээп, бири бирине кыйынсынууга зор өбөлгө. Ошондуктан эски кишилер: -Оюндан от чыгат-деп, бекер айтпаса керек.

Күрөшкөн жагынан Зирени өрөөн боюнча эч ким жыга албаптыр. Бир жолу: -Зиркиресеңиз жаныңызга киши жолобойт. Анан эмнеге Зиреден жыгылып жүрөсүз?-деп, Ашым акеден тамашалай сурасам: -Акетай, анынды эч ким жыга алгыдай эмес, жонунда зоңкойгон жалы бар экен-деди эле. Ата-аң, машыктыруучусу келишсе Зире акелер эркин күрөштөн дүйнө чемпиону болмок. Убагында мамлекеттик спорт комитетинин камкордугуна алынбай, тийиштүү шарттын жоктугунан жана да жердин алыстыгынан аксап калбаганда, ар бир айылдан атагы таш жарган балбандар чыга келмек. Көпчүлүгү белгисиз бойдон күч-каруусун боюна катып, өмүрү өттү. Алардын көчүн улаган артындагы жаштардын басымдуу бөлүгүн арак, тамеки, апийим курутту десем ашыкча болбос. Же көмүскөдөгү кылмыш дүйнөсү түбүнө жетти.

Мураталы авамдан башталган кептин учугун узартайын. Жана Сариев Төлөгөн акеге жооп иретинде баянымды баштабадым беле. Эл арасы: -Мураталы жорток ат минсе, жорго кылат-десе, теңтуш-достору: -Аял болсом, Мураталыга тийип алат элем-деп тамашалап калышчу. Агабыздын айрыкча жылкы баласына жасаган жылуу-жумшак, жакшынакай мамилеси сөзгө алынып, чабандестиги, шамдагайлыгы, балбандыгы өзгөчө бааланчу. Ал эми эл арасындагы сүймөнчүгү башкаларга үлгү, салыштыруунун айкын мисалы эле. Бирок "жакшынын бир аты кемчил" дегендей, авабыздын жарык дүйнөдөн так өтүп жатканы өкүнүч жаратчу. Артында туяк калбаган адам бат унутулат. Бар-жогу билинбейт, эстей жүрчү тукуму болбойт. Байбичеси

мурунку эринен бир кыз ээрчите келген, ал учуру келгенде төрдү бошотуп, учкан кушка айланат да.

Анан калган өмүрүн аялы менен тиктешип отура бермекпи? Менин атам бир айласын табайын десе керек, басса-турса авасынын абалы оюнан кетпей, экинчи жагынан жеңесине боор ачыйт. Ал бечара ичте сөөк калды деген оорудан жабыркап, таптакыр төрөбөй турган болгон экен. Илгери билбестиктен түйүлдүк жатында туура өспөй, ордунда куурап калып, көп энелердин бактысы буулуптур. Анда азыркыдай медицина тармагы өнүгө элек. Айласыздан тагдырына баш ийип, жаратканга жалынып, башка салганды көтөрүп, жашай беришкен. Бир мыкты жагы, эртеңки күнүнөн күдөр үзбөй, күнөөнү башкадан издебей, кудайга шүгүр менен жакшылыкты күтүшкөнүндө. Эртеби-кечпи, теңирим берет деген ишеними күчтүү болуптур. Чыдамдуулугуна, сабырдуулугуна, түйшүгүнө сөз жеткис.

Мураталы авабыз Токтобай тууганынын экинчи уулу Маметмусаны багып-өстүрдү. Асыранды балага канааттанып, балтыры канабаган аялынын сүйүүсүнө балкып, жашы улам өйдөлөп, өмүр жазы өтүп жаткан. Жай ортосу келип, чөп чабык кычаган маалда атама Күйөө-Таш менен Коо-Чаты айылдарынын ортосунда-гы чоң жолдон бир келин жолугуп калат. Болду-болбоду, бул байкушту бир мээнет чырмаса керек, ээн жерде энтеңдеп, басканы башкача. Бутуна кийгени паттайи көлөч, качып келаткандай түрү бар деген ойду ойлогон атам келинди сөзгө тартат. Кайдан чыканын, кайда бара турганын сураптыр. Улуу кишиден ийменген тейде, ал өз тагдыры тууралуу айтып бериптир. Бир ыйлап, бир соороңуп, бирде бутун кучактап, солуктаганы басылгыча көз жашын жоолугунун учу менен сүртүп: -Теректеги Жумали дегенге турмушка



чыккам. Уул төрөдүм, балам торолгон соң, менин керегим жок болуп калды. Ымыркайды алып калышты да, мени үйүнөн кууп жиберишти. Бара турган деле ата-энемдин, тууган-туушкандарымдын, кыскасы төркүнүмдүн көздөрү өтүп кеткен. Мен бир бейтаалаймын. Жан сактоонун айынан Коо-Чатыдагы Жусуга баш кошком. Ал айласыз аракеч экен, мас болгон сайын сабай берди, жинди болоюн деп калдым, акебай. Эрте-жарыкта Кан-Коргон айылына жетип алайын, ыбаа караган, өң тааныштарым бар эле. Алардын ишин кылып, кара курсагымды тойгузуп турсам, дагы кудайдын айтканы болоор-деп, чын сырын айтат. Буларды уккан атам ичинен кым дей, көктөн издегени жерден табылып, бечара келинди колунан чыгаргысы келбей, кайра суроо салат: -Барган жериң кучак жайып тосуп алаарыңа көзүң жетеби? Бечара келин эмне демек, башын шылкыйтып, жалдырап туруп берет. Анын акыбалын көргөн атам: -Андай болсо балалуу болбой жүргөн, арак ичпеген, намаз окуган менин агаларым бар. Алардын бирөөнө алып берейин, садагасы. Сен айылга жеткенче жөө кыйналасың, эч жакка кетпе. Азыр чөптүн маалы, айылда киши жок. Токтош деген тууганымдын үйүнө барабыз. Ошонун үйүндө жүрүп тур-деп, ээрчитип жөнөйт. Кыйналган келин кайда качмак, илкий ээрчип, Токтош акенин үйүнө келишет да, аялы Жамийла жеңеге катуу табыштап, артка тартат. Жолдо ката ойлонот, пенде эмеспи, келинди көңүлүнөн Мураталы авасынан мурда Осмон агасына ыйгарат. Канткен менен жакын бир тууганы, көптөн бери бала жытына кумар.

Түптүз келип, агасына болгон окуяны баяндап, келинди киргизип алууну сунуш кылат. Осмондун ит кыялы кармап, инисинин тилин албай: -Мен эмне,

сенден катын сурап жатамбы?-деп урушуп, таптакыр көнбөй коёт. Бир тууганынан кагуу жеген атам баштапкы оюна кайра кайтып: -Сен албасаң, Мураталы авама алып берем-деген бойдон жеңеси Самарды макул кылууга аракеттенет. Байбиче келинди кийинтүүгө кийим жоктугун айтып, куру шылтоону бетке кармап, моюн толгойт. Атамдын болгон далалаты текке кете турган абал жаралганда, жеңесинин укадаштарын жардамга чакырат. Кийим жок дегенди уккандар: -Мына көйнөк, мына чыптама, мына маасы-дешип, өлүмтүгүнө сактаган сандыктагы кийим-кечеден биринен сала бири Самардын алдына таштап, жөн салды жүйөөнү, куру шылтоону токтотушат.

Теңтуштары Мураталыны көндүрөт, кыска убакыттын эле ичинде нике кыйылып, баягы байкуш келин дагы бир чоочун босогону аттайт. Айтор, Ысман чолок түздөн түз аралашкан, анан да өтө тездик менен жүзөгө ашкан иш чаранын артында кандай күч, кандай түрткү болушу мүмкүн экендигин боолголосок – элибиздин Мураталыга карата ак батасы, ак тилеги, урмат-сыйы абдан жогору тура. Жаш-карысы дебей, жалпы баары авабыздын наристе жытын жыттап, аталык даражасын алып, тукуму улансын, аты өчпөсүн деген каалоосу жана колдоосу экен. Ошондуктан тикесинен тик турушуптур, жасалган жөрөлгөнү жактырбагандар, суук сөзүн агытып, каршы чыккан бирөө көрүнбөйт. Жакшылыкты жандап, туура чабарлардын саны арбын, эки сөзүнүн бири эле Мураталы чабандестин бактысы жөнүндө.

Мындай жасаатты кудай да туура көрдүбү, Мураталы авабыз жыл айланбай, балканактай эркек баланын атасы болду да калды. Сүйүнбөгөн, кубанбаган кишини эр болсоң таап көр, көпчүлүктүн ниет-пейилин кабыл



алган көрүнөт, ыңаалаган үн айылды жаңыртып жатты. Абышканын нурдуу көздөрү күлүңдөйт, кыткылыктаган кыска күлкүсү тыйылбай, жетине албагандыктан кимге ыракмат айтаарын билбей жаткандай. Артындагы атын чыгаруучу орун басары – тукум улоочу уулу жарыкчылыкка келип, дүйнөсү түгөл. Мындан өткөн бакыт барбы, маңдайы жарыла, маанайы ачык. Баягысынан да басыгы тыңып, жашоого болгон кумары артык, өткөн-кеткенди тамашалап, көңүлү шайдоот. Чиркин, адамга азганактай эле нерсе керек экен, бат эле баймынасы ашып, бактылуу күндөрүн өткөргөнгө.

Бирок бир жаман жери Самар байбиченин бечара келинди басынтканы, кодулаганы күчөптүр. Үйгө-жайга ээ, үйүр басты болуп калган аял баланы кызганып, кызылдай кыр көрсөтүп, күнү-түнү күнүлөшүнө күн көрсөтпөйт. Мураталы авабыз ары айтып, бери айтып көрсө да, байбиче баш бербеди, кайра эки эсе кычап, кусаматы артты. Бул кусуру тиер ишке атам да киришe албаптыр, анткени ар бир үй-бүлө өз маселесин эч кимдин кийлигишүүсү жок чечүүгө тийиш. Ич-арабыздагы өйдө-төмөндө сенин кандай тиешең бар десе, эмне дейсиң?! Акыры, "Багы жокко дагы жок" болуп, баягы бечара келин сыртка чыгарылат. Жолбун иттей дагы жолдо калып, каңгыган бойдон башы ооган жакка кеткен экен, боюнда да бар имиш. Кийинки тагдыры эмне болду, ага кызыккан киши жок, бир келген коноктой болду го, байкуш.

Келинди керексиз буюмдай, зыркыратып кууп жиберген кезде атам Ошто экен. Келээри менен жаман кабарды угуп: -Мен келгенче коё турбайсыңарбы? Калыя менен бир жыл кармаштырып, Осмонду балалуу кылмакмын. Алмакан менен арбаштырып, Тумакты тукумдуу кылбайт белек-деп, жеригендердин ката-

рындагы машташкан көп катынды тилдептир. Кызыгың түшкүр, атамдын айтканын карасаң, бечара келин биздин айылга асыл тукум кунаажындай кызмат көрсөткөнү келсе да эмне болуптур. Же ал: -Күндө туусам, күндө жок-деп, арман кылчу мекиян эместир. Ансыз да тагдырынын тайкылыгынан эки-үч эр сөрөйлөрүнүн биринен да орун-очок алалбай, бейпайда жүргөнүнө боору ачыса болмок. Жуучулугу курусун.

Мына ушинтип, сурап алаары, кууп келээри жок келинди келекелегени аз келгенсип, басынтып, кордоп, көзкорлугунан колдонуп, анан кубалап жиберген жердештериме жол болсун. Туулган баласы жакшы, өзү жаманбы? Бул суроого бүгүнкө чейин жооп издеп келем. Эң таң калыштуусу – алсызды аябай, адам катары санабаган карөзгөйлүк кайдан чыккан? Акылмандар айтышы мүмкүн: -Мындай көрүнүш алмуздактан бери келатат деп. Анда биз эмнеге андайга каршы туралбай жатабыз? Буга күчүбүз же кудуретибиз жетпейби? Менин оюмча, кыргыз кыртышы илгертен кайдыгерлик деген катуу дартка чалдыккан. Ал өнөкөткө айланып отуруп, сормо саздай сай сөөктөн бери ымдап, кулгунага айлантып бараткандай. Кудайым ыбаа карап, ушул илдеттен бала-бакырабызды сактап калса дейм.

Менин тилегим – баланы энеден ажыратпасын. Эне мээримин көрбөй, эне жытын искебей өскөн наристе кара мүртөз, мерез болуп калат. Керек учурда кең дүйнөңдү тарытып, тескери иштиі жасайт, мүнөзү оор. Көптөгөн көйгөйлөргө кабылтып, жүрөгүңдү оорутаары бышык. Андыктан бечара келинге боорум ооруганы ачуу чындык. Кийинчерээк кызыгып көрсөм, Кан-Коргонго турмушка чыгып, мөөнөтүнөн эрте эркек уул төрөгөнүн уктум. Бирок, бир чети анын аянычтуу тагдыры өз мезгилинин курмандыгына ай-



ланткандай. Адам санын өксүткөн кан майдандан кийин эл ичи башка чукак абалга келип, ошол кезде үйбүлөдөгү ар бир бала эсепке алынып турганы чындыр. Тирүүлөр үчүн жоктун ордун толтуруу аракети мага экинчи четинен табигый кубулуш же көрүнүш катары туюлат. Кимди күнөөлөрүңдү да билбейсиң...

"Эр – энеден туулат" демекчи, Торубайдын байбичеси Мария чоң эне таздардын кызы экен, балбандыгы бар зор аял болуптур. Баласы Токтомурат кыякчы Торубай Молдобаевдин уулу. Атадан жалгыз, мурунку алп адамдардын акыркыларынын бири. Атасындагы кыякчылык өнөр эмес, бабасы Асандын балбандыгы жугуптур. Андан да улакчылыгычы, аттын кулагы менен тең ойноп, көк бөрүнүн көркүн чыгарчу эле. Эңишке десе, элден мурда кетчү. Кандай гана маараке болбосун, Токтомурат жеңилиптир деген сөздү кулагым чалган жок. Курсагы ток кезде тоону томкоруп, ачка болсо кыткылыктап, алсыз абалда, эрки мокоп калуучу. Биз тырнактай тикенек кирсе чыдай албайбыз, ал армиядан калыш үчүн амалданып, бир бармагын кыя чааптыр. Анысына карабай жумушчу батальонго чакыртылат.

Ал жакка да баргысы келбеген балбан: -Колум минтип мужуйуп калган-деп, оң муштумун ачпай коёт. Мен деген карылуу жигиттер күчкө салып ача алышпайт. Аскер комиссары Токтомураттан өткөн кыйтыр, далайды көргөн как баш экен, топ ичинде далдайып турганда: -Токтомурат, сага Черикбаев Мураталы дарбыз берип жиберди. Ме, тутуп ал-деп, аны көздөй ыргытып иет. Муну күтпөгөн алаңгазар балбан алаканын ачып, дарбызды топтой тутуп алыптыр. Ошентип, айла кылып, колун жазбай жатканын билгизип, аргасыздан жумушчу бөлүккө барып, кезмети бүткөнчө

иштеп келген. Кийин ал турмуш оңоло баштагандын белгисиби же адамдарга оюн керекпи, Алайкуудагы үч сельсоветтин эли бирин бири чакырып, чоң аламан улак чабыш башталганда андайлардан калбай өнөрүн чар тараптан көрсөттү, акетай.

Ошондой улак чабышка барган Күйөө-Таштык өспүрүм уландардан Токтомурат: -Улак аштыбы?-деп сурайт да: -Ашыра албасаңар, ушул жерди пайлап тургула-деген бойдон аламанга аралашып, ал жактан улакты жулуп келип, улак ашыра албаган жеткинчек жердештерине, ышкылуу инилерине ашырып берчү экен. Бул эмне деген шыкак, эмне деген сый? Азыр биз, балдарыбызга мындай үлгүнү көрсөтүп жатабызбы, ким билет-ай, ким билет. Токтомураттын дагы бир жаман кылыгын эстебесек болбойт, ал урганын уруп, сабаганын сабап салмайы бар эле. Бербеген катындардын колун сындырган учуру болгон, күчкө таянган балбанга каршы турууучу ошогезде каруу жоктой. Бир жылдарда анын муштумуна Осмон атабыз кырманда иштеп турганында кабылганы туура-луу кабарым бар. Аны катуу уруп коюптур.

Чыр албетте, Осмон атабыз тараптан кетсе керек, мүнөзү чогоол, ачуусу өтө чукул киши эле. Аны уккан атам атына минип, кырманга бастырып барса, агасын төөдөй болгон Токтомурат минип алып, боздотуп уруп жатат. Баары бир боор тартпай койбойт ко, ат үстүнөн туруп, балбандын мойнуна чылбырдан сыйыртмак салып, акырын чыңап тартып коёт. Эмне болуп кетти деп, ал артына кылчайса, Ысман чолок күлүмсүрөй, сыйырттмактын бир учун кармап, ээрде кыйшайып отурат. Токтомуратта үн-сөз жок, Осмондун үстүнөн туруп, артына кылчайбай үйүнө кайтат. Кырың этти дегиче, атка сүйрөлмөгүн түшүнгөндүр же атамды сыйладыбы, экөөнүн мамилеси жакшы болчу. Балбаныбыз өз оокатына тың,



уул-кызын бапестеп өстүргөн, өрөөндөн тышкары, дубанга таанымал инсандардын катарында өмүр сүрдү.

– Ээ-эй, чычымдар, өрдөк учурбайлыбы?-деп, бизди да, уулдарын да тамашалап калчу. Көрсө, кепти көркөм-дөп, карандай калпты кошуп айтканды жактырчу тура, жарыктык. Анын бир тууган агасы – Токтобай чарчы бойлуу, жээрде сакалы бар адам эле. Ачуусу чукул, эгер чындап ачууланса, мурду муштумдай болуп көгөрүп чыгат. Сүйлөгөндө каркылдап, үнү дирилдек. Атасы Эрмекбай бай болгондуктан Токтобайды убагында молдолукка окутуптур. Алайкуунун эң кыйын молдосу Акмал тали менен беш жыл бою бирге билим алган, Курани карим сабатын ачкандардын алгачкысы. Анан да атам менен эшиктеш коңшу. Күйөө-Таштын сай тарабына үй салышкан. Кыш мезгилинде биздин үйдө үч жолу сүр союлчу же атам аттыртып келген кайберендин этин жакын туугандары: Токтобай, Осмон, Орунбексиз жеп калды дегиче, тамагынан аш өтчү эмес.

– Бар, Токтобай абанды чакырып кел-дегенде, жалкоолугум кармап: -Ал сизди үйүнө чакырбайт, сиз эле чакыр-чакыр дей бересиз-деп, моюн толгомой учурда: -Абам чакырбаса, мен чакырышым керек-деп, жүзүнө жылмаюу пайда болчу. Убагында түшүнбөпмүн, атамдын айлык кирешеси 180 сом дебедим беле, ал эми абаларымдын пенсиясы – 12 сом, демек, бала-чакалуу үй-бүлөлөрдүн агездеги тиричилиги ченелүү турбайбы. Ошондуктан атамдын алар үчүн кечки тамакты уюштурган ишааратты – бир аз болсо да жеңилдик кылгандай түр көрсөтүптүр. Дасторкон үстүндө божурашып, кеңешип-акылдашып, чер жаза сүйлөшкөндөн ырахат алыптыр. Ата-аң көрү, азыр улуу ата-бабалардын ынтымак ширелген чогуу тамактануусу четке сүрүлүп, арт жакта калып кеткени абдан өкүндүрөт, бир чети кейиштүү.

Рыспай уулунун ичиндеги туугандардын арасынан Токтобай ава катын алуу жагынан рекорд койду десем туура болот. Адегенде Ади басмачынын карындашына үйлөнүп, Кашгар шаарына чейин барып, кийин кайнагасы өлгөндө аялы жок кайра келиптир. Андан соң катары менен үч жубан алып, ал аялдарынын ар биринен бирден кыз төрөткөн. Кыздарын туугандары чоңойтту. Үй-бүлөсүнө анча карамдуу эмес, улакчылыкка, чабандестикке көңүлү ооп, Торкашка аты менен атагы чыкты. Айыл арасында: -Бах, чиркин, Токтобайдын Торкашкасы-деп, тамшана кеп кылышчу. Элге дүңкылган кыл куйрукту көрүү мага буюрбаптыр. Кыргызда сулуу кыз, күлүк ат, алгыр тайган, бүркүт-куш, түз тийген мылтык ээсинин даңкын алыска чыгарган. Алар тууралуу ар бир айылда, ар бир аймакта миш-миштер жөн жерден эле тараган эместир.

Ошондуктан Токтобайдын Торкашкасы жөнүндө элдин айтуусунда бир серпим баян жазбасам жаным жай албас. Басыгы жок, өпөңдөп аяк шилтеген, жайды жайлай тындырбай тиричиликке минилген чобур бапестеген багуу көрчү эмес дешет. Качан гана күзгү жыйым-терим бүтүп, аш-тойлордун башталаар алдында куу казык кылып, бирок кашканы жемден үзбөй, он күн тыныктырып, кайра эле таң ашырып, табына келтирип алчу экен. Андан соң көрүп ал, жарышка салса жарыштан, улакка чапса улактан алга озуп, көзгө көрүнө, сөзгө алынып, карап тургандардын бүйрүн эле кызытпастан, көпчүлүктү шыпшынтып ийчү касиети бар туяк. Ат оюндарында кокусунан Торкашка катышпай калды дегиче, андай меллдеш кызыксыз, супсак жана көңүлсүз болуптур. Аты Алайкууга таанымал жылкы баласы маарекелердин көркүн ачкандай.



Күлүктөн тулпар туулат дешип, Торкашканы айгырга агытышат. Мына ошондо чыныгы кыялын көрсөткөн экен, жаныбар. Айылдагы эркек аттуунун баары жакага ишке кеткенде, шукшурулган тейде боз үйдө калган аялдарды, бала-чаканы сыртка чыгарбай тиштеп, тээп, желедеги бээлерди саадырбай коюптур. Үйдөн үйгө үн салып сүйлөшкөндү да жактырбай, добуш чыккан үйдү кош аяктап тепкилеп, керегелерди сындырат. Айласы куруган аялдар туурдуктун тешигинен шыкаалап турушса, Терек жактан колхоздун кеңсесине бараткан эркектин караанын көрүшөт. Ал адамга кыйкырып, болгон жагдайды түшүндүрүп, Торкашканын ээсин чакыртышат. Токтобай келип, торболоп кармап, байлап-тушап, кайра жумушуна минет. Ошентип, жаман кыялы – жылкы мүнөзү менен кайран кашка үйүрүнөн ажырайт.

Ата-аң, багуусу келишип, Шергазыдай мыкты саяпкер таптагандабы, Токтобайдын Торкашкасы айтылуу Чүйдөн чыккан Байеттин аты уйкаш тулпарындай дубан жарган дулдул чыкмак. Көп жеринен өксүгү менен кемчили көзгө көрүнүп турса да, айылдын атагын чыгарып, намыска жарап, карманган таяныч, тутунган ишенич сыңары Кашка тору эл оозунан түшпөдү. Ээси экөөнүн жылдызы жанган бир учур – Көндүктөгү Абдилобол көптөн бери балалуу болбой жүрүп, уулдуу болот. Ал жетине албай, Кара-Кулжа районунан бери эл чакырып чоң той өткөрөт. Ылай-Талаалык Майлыбаш улакчы зор кара аргымагы менен Алайкуулуктардын көзүнө өзгөчө түшүп, Шамшы баштаган жергиликтүү улакчылар ага улак ашырышып, жалпылап абылып-жабылып, жагалданып калышат.

Муну байкаган Токтобайдын жини келип, мурду көк муштумдай түйүлөт да: -Баарың неге Майлыбаш-

ка жагынасыңар? Карап тургула, ат-маты менен аңтарып түшөм-деп, жаалы бетине чыга, кыйынсып аткан улакчынын ат жалындагы улагын тескери басып, Торкашканы: -А-а, жаныбарым, чү-дегенде, тигил айбуйга жетпей, ат-маты менен чалкасынан аңтарылып кетет. Ачуусу менен айтканын аткарган балбан жулуп алган улагын өнөктөштөрүнө ашырып берет. Анын жана минген атынын накта күчүн көргөн эл дүр дейт, жеңиш биздики деген кыйкырык-чуу менен коштой. Мөрөй алыш оңойбу, жеринде жеңилип ким эле кепке-сөзгө калгысы келсин. Ошондогу тойдун ат жарышында Коо-Чатылык Жакыптын Сары тулпары алдыда чаң чыгарып келатканын көргөндө, ат ээси:

– Келе жатпайбы, жаныбарым, келе жатпайбыдеп, көзүнө жаш ала жаш баладай ыйлаган экен. Адам пендеси кайгы-муңга эле эмес, ушинтип сүйүнүчкө, кубанычка ыйлаган учуру көп болсо эмне?! Аз өмүрдү арманга айлантпай, майрамга айланткан кандай жакшы. Ошон үчүн той-маарекенин өтүшү күнүмдүк түйшүктөн, сары санаадан, жаман ойлордон арылтат тура. Жашоо кумары жаңырып, жаның жыргайт, көңүлүң ачылат, сезимиң ойгонот, дүйнөң толот. Калың элдин катарынан калбай, калдая басып, каткырып-күлө той ээсинин кубанычын тең бөлүшкөндөн өткөн ырахат барбы? Бул тирүүлүктүн белгиси да. Бүгүнкү Абдилобол берген жентек, куруп койгон оюн-тамаша кимге арналды? Тэ-э алыстагы адамдар ат арытып, убактысын коротуп, биз тарапка эмне издеп келди? Баам салып, байкай жүр.

Конокторду мындай коёлук, Алайкууну ата-бабасы жерделген Сары баргы, Кара баргы, Таз баргы, Жору, Бөрү уруктарынын өкүлдөрү шатыра-шатман катышып, сырттан чакырылган меймандар менен аз



келгенсип, өз-ичара атаандашып, мөрөй талашканын биринчи жолу көрүп жаткан жокпуз. Мелдеште уткандардын сөзү чоң, жеңилүү ызасын тарткандарга кырданып, кыйын болуп алышат. Мисалы, ошондогу эр эңиште Көндүктөр Капар аттуу жаш балбанын чыгарган экен, аны Коо-Чатылык Чоро балбан колдорун тескери кайрып, ыйлаткан абалга жеткирип, ээрден оодарыптыр. Бул жеңиштен кийин улуттук оюндар боюнча бөрүлөрдүн ооматы артып, жылдызы жанганы ачык билинген. Байгенин биринчилери ушуларга буйируп, кезинде кадимкидей эрдемсип, көкүрөк кергенин көрүп жүрдүк.

“Ат – адамдын канаты” дейт, Ысман чолок үчүн мингич аттары колу-буту, көксөгөн жерине жеткирген кош канаты болгону анык. Атам атты жан жолдошундай ардактап, аяр багып, асырап минчү. Бая Торукашка жөнүндө баян кылгандан соң, эми атамдын Чабдар тулпары тууралуу айткым келип жатат. Алайкуудагы үч сельсовет эл чогулуп, Көк-Арт айлындагы өткөн чоң улакта Чабдар атты Коо-Чатылык Бакаш улакчы алгачкылардан болуп таанытып, даңкын чыгарган. Ошондо жаныбарым, Чабдар тулпарым жайнаган топтун чок ортосунан улакты ашырып алганда, топ бузулбай, учкан куштай атып чыкканын көргөндөрдүн көзүнө жаш келиптир. Жөндөн жөн эле көздөр нымшыбас, мындайда алдыңдагы атыңдын ыкка көнүп, аракетиңди алдыртан колдоого алып турганы абдан маанилүү. Анан кантип ыраазы болбойсуң?!

Ошол эле Көк-Арт айлындагы дагы бир чоң тойдо Чабдарды таптап, суутпай этпей, минип барган жеринен ат жарышка – аламан байгеге кошуп жиберет. Аралыгы жыйырма чакырым алыс, айрым тууган дар: -Алда кокуй-ай-десе, атам: -Алда кудай-деп, тобокелге

салган экен. Чабдарды жаш өспүрүм Осмонали чаап-тыр, ал жаштайынан чыйрак өскөн бала, ошондуктан ишенишсе керек. Маарага Көк-Арттыктардын Ак бай-пак күлүгү биринчи, Чабдар тулпар экинчи келиптир. Туугандарыбыз күлүктүн келечегинен көптү үмүттө-нүп, буюрса деп турганында атамдын досу Жумагул су-рап келет. Эл арасында чыныгы досуңду сынагың кел-се – андан эң аялуу нерсесин сура деген кучунаштуу эреже бар эмеспи. Досунун көңүлүн калтырбай, атын тартууга берип, ордуна мал алып, жылкы курайт.

Достуктун кадырын билгендиктен жана достукту бекем туткандыктан жакшы көргөн жан жолдошун – Чабдарын кармата берип, жанына тынч, мингичке жа-рактуу Карагер жоргону тага журтунан алып келет. Көп жыл бою бирге жүргөн кош канаты жөнүндө кези кел-генде баян кылармын. Менин айтайын дегеним, биз-дин тукумда ат кадырын билгендер арбын. Алар аркы-луу атактарын чыгарганы тууралуу азыр да эл арасын-да кеп айтылат. Маселен, жорток атты жорго кылган Мураталы аганын Буурулун көрүп калдык. Токтомурат балбандын Карагери, аны калыңга кошуп берип жибе-рип, кийин кыйлага өкүнүп жүрдү. Токтобайдын Тору кашкасы, Ысмандын Чабдар тулпары, Карагер жоргосу, Токтоштун улак чабышта чачыратып чуркаган Чабдар кашкасы менен Акимжан минген Боз жорго бар.

Ушул Боз жоргонун даңазасына басым жасайын, убагында ал Аметов Мусанын ээлигинде экен. Аким-жан авам менен дос болуп жүрүп, ага тартуу кылган. Алчактата бастырган Акимжан авам райондун борбо-руна баратканда Чалмалык, Ылай-Талаалык аксакал-дар жорголологонун көрөбүз дешип, жол боюнан күткөн учурлары көп болуптур. Суктанганын, кубаттаганын жашыра алышпай: -Пай-пай, баракелде, ат эмес бе-



кен-деген добуштары бийик чыгып, көздөрү да, өздөрү да узатып калышчу дейт, жарыктыктар. Чындыгында эле бул Боз жорго Шырдакбектин атактуу Боз жорго-сундай даңкы менен өттү. Мага буюрса, менин менчи-гим болсо дегендер четтен чыкты, баасын сыртынан бычкан ортомчулар көбөйгөн. Бирок, аттын кадырын ардактаган агаларым оңой менен олжосун башка би-рөөгө кармата бербеси анык эле.

1960-жылдардын башында майда, чакан колхоз-дорду ирилештирүү арааны жүргөн кезде, атам ар кай жерде чачыраган туугандарын Күйөө-Ташка бирик-тирген деп айтып өткөм. Терек, Жаман-Талдан акыр-кылардан болуп Эркинбай, Арзыбай, Быштак, Макен, Аттокур, Бокон, Жума, Эрали ж.б. жакын туугандар келип кошулуп, жолдун эки тарабына үйлөр түшө баш-таган. Ысман менен Токтош тиккен тал-теректер ас-ман тирей дүпүйө өсүп, айлананы көркүнө чыгарган. Же баса белгилеп айтканда, жылаңач таштуу айылды – Күйөө-Ташты шаарга айлантты. Ары-бери өткөн-дөр өздөрүн шаарга келип калгандай сезишчү. Агезде Алайкуулуктар жашылдандыруу ишин колго алыш-паптыр, бир түп чырпык сайган эмес экен. Атамдар-дын аракетин көрүп, бак-дарак тигүүгө батынышкан. Бул жараян биз үчүн чоң жаратмандык болду.

Эркинбай аганы көрдүк, бирок анда биз жаш элек, карыянын жакшы касиеттерин билбей калдык. Ал ки-шинин желкесинде домпойгон уру бар эле. Келиндери “Эр желке аке” дешип тергешчү. Аялы эрте каза болуп, энесиз жетим калган уул-кыздарын кыйналып багып жүрдү. Бул учурда карындашы Бөпө эже чоң арка-бел, тирек болуп берди. Тагдыры тайкы экен, эжебиз бала жытын жыттабады. Антсе да анын насибине айылдагы 1-класска кирген окуучулардын кат сабатын ачуу ва-

зийпасы буйруптур. Дайыма мектеп босогосун алгач аттаган бөбөктөрдү окутту. Алар 2-класска киргенде башка мугалимге өткөрүп берчү да, кайрадан жаш балдардын милдетин алчу. "А" деген арипти таанытуу Бөпө эженин маңдайына гана жазылгандай, мектеп жамааты, айыл адамдары ал адамга ишеним арткандарын жашырышчу эмес.

Бүкүлү турпаты менен наристелерге билим берүүнү өмүрүнүн өзөгү сыңары кабыл алган жөнөкөй аялдын мээнети убагында өкмөт тарабынан баа-баркын албады. Балким, мектеп жетекчилери басып койдубу, ким билет, азыркы күнгө чейин арман кылып келем. Аттиң-ай, эжеге "Эл мугалими" наамын берсе да аздык кылмак, атына заты жарашмак. Бирок, бир жаман жери агезекте андай наам же атак болбоптур, тилекке каршы. Бөпө эжем артыкча атамды Ысман акем деп, эч кимге ыраа көрбөй, жападан жалгыз өзүнө таандык кыла, жанындай жакшы көргөн мамилесин жалпыга жарыялаганын көпчүлүк көрүп жүрдү. Бир туугандык сезими өөрчүгөндүктөн десем тар түшүнүктүн таасиринде калармын, ички көрөңгөсү аркылуу атамдын адамдык сапаттарын, турмуш чындыгына карата түз, калыс көз караштарын баалагандай.

Атамдын дагы жакын тууганы – Арзыбай карасакал абам чарчы бойлуу, бели доңкойгон темир уста болчу. Кызыган темирдин жарыгынан жазганып, бир көзүн жүлжүйтүп, узанганын уланта берчү. Устаканасы эртеден кечке чака-чук, темирге тийген балканын үнү басылбай, Дөөтү колдогон көөрүгү гүү-гүү. Алайкуу өрөөнү боюнча зарыккандар аттарына така-мыгын, балта-чотун жана керкисин же ж. б. керектүү буюм-тайымдарын жасатыш үчүн алыстан келип, кезек күткөндөрү арбын эле. Анын негизги ишинен бөлөк, атын



элге тааныткан башка өнөрү бар болчу. Ал Арзыбайды он сегиз жашында атактуу кылган. Терек айлында өткөн чоң тойдо балбан күрөшкө чыгат. Чыкканда да жорулук Арзыкул балбан менен беттешет. Ал жеткен тогонекчил, чалып жыкма ыкмасын мыкты билгендердин дөө-шаасы экен.

Кармаш катуу болуп, каршылашынын тогонегин токтотот, мүмкүн жаштыгы жардам бердиби же каруу-күчү жеттиби, айтор айлантып туруп, көк майсаңга көтөрүп чабат. Мына ошондон кийин көрүп ал – көпчүлүк деген көпчүлүк, күрүү-гүү түшүп, балбан көтөр ырасмиси жасалып, жерде жаткан Арзыкулга көңүл бөлүнбөйт. Ордунан араң турган балбан: -Менден оомат кетти-деп, кадимкидей кайгырып, ошол жылы кайтыш болуптур. Акетай, адамдын эл алдында шагы сынбасын, сындыгиче анын аягы жакшылыкка алып келбейт, кайгылуу аякташына кепилдик жоктур. Андан кийин Арзыбай карасакал эч бир маарекеде, той-ашта күрөшкө чыкканын тумалак токтотту. Арзыкул балбандын аянычтуу тагдыры жүрөгүн тургай, жүлүнүн кошо оорутса керек. Айтмакчы, адам көңүлү гүл сыяктуу эмеспи.

Атамдын ардактуу коңшу агасы, 1966-1967-жылдардагы кар оор түшкөн жуттагы ун-талканын алгандардын бирөө Арзыбай балбан болгон. Өмүрү өткөнчө атамдын жакшылыгын унутпай, учуру, ыңгайы келгенде ыраазылыгын билдирип, биздин, ачыгын айтканда балдарынын өркөнү өссүн деген аппак тилегин билдирип өттү. Ал агабыздын балбандык өнөрүн жетимиш жылдан соң – дагы Жорудан чыккан тогонекчил, айры төштүн астында калбаган Токтакун балбан менен күрөштө Нурбек инибиз кайталады. Күйөө-Таштагы Мурзалинин алтымыш жылдыгына арналган тоюнда "күч атасын тааныбайт" кылды. Алдуулардын

айкашында ар кандай айла-амалына карабай, далысын жерге тийгизип, таза жеңишке жетишти. Андан кийин Нурбек дагы эч ким менен күрөшпөй жүрөт, өздүк чечими ошондой болгон көрүнөт.

Быштак абабыз сары, чийкил жүздүү, көздөрү нурданган, ар качан жымыңдап турган, өзгөчө өнөрлүү сөзмөр, жамакчылык жагы бар, Улуу Ата мекендик согушка катышкан адам эле. Майдандан кайтып келгенде Ой-Тал колхозунда партком болуп иштеген. Келбетине келиштире кийинген жагынан алдына киши салбаптыр. Кийиктин терисинен ийлетип, түгүн сыртына чыгара, жарашыктуу калпак тиктирип, анысын алчыланта башынан түшүрбөй, жорго сөз менен жамактатып, маанисине карай макалдатып, чакылдап сүйлөгөндө тымтырс, үн чыгарбай, дитин коюп тыңшабаган жан жок болчу дейт. Бир ирет эл алдында сөз сүйлөп жатканын уккан жана көргөн Сабыт агай Алипсатаров көп жолу эскерип, кайра-кайра айтып калчу: -Баракелде, ушундай да мыкты сүйлөгөн адам болобу? Карасаң, кеби тирик, кебетеси тың!

Кыйын кишинин ачык да, кыңыр да душмандары кыйла көп болот. Ошол Ой-Талда иштеп турганында сүйүктүүсүн таап, мына-мына баш кошоордо ишинен кемчилик кетирди делинип, Быштак аба түрмөгө кесилип кетет. Муну укканда туугандарым дегенде ичкен ашын жерге койгон атам арпа айдатып, аны туугандары менен көптөп, кырманга бастыртып, эгининин чек арачылардын тозотуна өткөрүп, акчага айлантат да, тиешелүү органдын кызмат адамдарына сүйлөшүп, берчүсүн берип, мөөнөтүнөн мурда абактан бошотуп келет. Антпесе андан ары туугандык байланыштары үзүлмөк, түрмөнүн түпкүрүндө эмнелер гана болбойт. Кемсинтүүгө, кордоого тушукпаса да, шарттын оор-



дугунан жугуштуу кеселден кутулууга ылаажы табуу кыйын. Анын үстүнө: -Сурап алаары бар бекен?-деген суроо коюлганда – терс жооптун бүтүмү жаман.

Ошондуктан атамдын жан үрөгөнүн түшүнүп турам. Бир тууганын камактан чыгаруу үчүн башкаларга пара бергенин айыптагым келбейт. Атам ак эмгеги менен акча таап, агасын аман-эсен сактап калды. Бирок, айтайын дегеним, бүгүнкү күндөгү мамлекеттик деңгээлде арааны ачылган алдым-жуттумдуктун жана сатымалдыктын сазы азыр эле жаралды дешке ооз барбайт. Албетте, пенде болгон жерден башталышы да, башаты да чыгат. Ал кезекте казынадан ап этилген миллиондор жөнүндө эмес, миң сомдуктар тууралуу да түшкө кирбептир, акетай. Бардыгы заманга жараша окшойт, оомал-төкмөлүүсү бир. Ар адам өз мезгилиндеги кырдаалга көз каранды, учурга ыңгай аракеттенет экен. Анткени ал кишинин айтканы боюнча: -Айланайын, кудай, ал жакта жылан жатпасын-дегени кулагыма сиңип калыптыр.

Жогоруда өз жоромолумду аралаштырып, атамдын улуу агалары тууралуу баянымды кагаз бетине түшүрдүм. Эми, Ысман чолоктун кичүү инилери жөнүндө эки ооз сөз айтуум зарыл. Өзүнө куйрук улаш чоңойгон, согушка барып, алты саны аман келген тууганы, тууган ичинде кыйбас теңтушу, көздөй ишенген адамы, үзөңгүлөш жан жолдошу жана эшиктеш кошунасы – Токтош Тасмаев экени өрөөндөгү элге маалым. Булар көпчүлүк учурда бирге жүргөн, бирге баскан, бири бирин сыйлаган, бирин бири урматтаган, кокус караандары көрүнбөй калса, кайдасың деп издеген, өтө жакын, өтө ысык боордоштордон эле. Токтош иниси чарбада башкармалык милдетти гана аткарбаптыр, андан башка бардык кызмат тепкичтерин басып өтүп-

бригадир, кампачы, чарбалык иштер-тур: партком, бригадир, кампачы, чарбалык иштердин башчысы ж. б.

Токтош ага элден башкача болду, ат чаап, жорго салдырган жок, улакчы, чабандес, эңиш, күрөш өңдүү оюндарга кызыкпады. Ал эрмегин жерден тапты: картөшкө, пияз эгүү, тал-терек, ак кайың, карагат өстүрүү, кыскасы багбанчылык менен алектенди. 1978-жылы бейиши болгур, кампачы кезинде комбайндан аварияга учурап, көзү өтүп кетти. Анда мен студент элем, атам мага: -Уулум, Токтош абаң өлүп калды. Мен сени сагындым-деп, ыйлап кат жазыптыр. Ысык-Көл облусунун Каракол шаарында студенттик отрядда иштеп жүргөн жеримен уруксат сурап, бир ай эрте Алайкууга, айлыма – атамдын жанына келдим. Баягы эч кимге моюн бербеген атамдын күч-турпаты жок, бөөдө кырсыктан каза болгон Токтош инисинин кокустуктан көз жумганы кайратын кадимкидей бошотуп, көкүрөгүн кайгы-муңга чөмүлтүп салыптыр.

Аттиң дедим, атамды аяп кеттим. Күйүтү ичине түшкөнү билинип турат, кеңеше турган, кептеше тууган жакын шеригинен ажыроо абдан эле тескери таасирин тийгизиптир. Көздөрү чүңүрөйүп, өзү үрпөйүп, баскан-турганы жүдөңкү. Анан кантет, аялына, балдарына айталбаган жан сырын же арманын укканга бир жаралган Токтошунан ажырап калып атса. Ээрчишкен эгиз козулардай жанашып, жамандык-жакшылыктарга чогуу барышкан күндөрү – эми экинчи кайтып келбес. Канчалык жер сабаса да, кээде эркелеп койчу инисинин элеси болгон менен өзү жок. Ошон үчүн айтылат турбайбы: -Атаңдын көрү, дүйнө бок-деп. Атамдын мени сагынганы бекеринен эмес экен, анын ал-акыбалы кусалыктан куурулуп, сүйлөшөргө киши издеп, кайгысын бөлүшөргө тең табалбай, айласы куруп жаткан окшойт.



Жоготуунун жолу оор бул жалганда адам пендеси жамандыкта гана сыналабы? Жакшылыкта шарактап, алды-артыбызды карабай кетебиз. Көз көрүнөө кыйбасың кырсыкка учурап, кайтыш болгону атам үчүн күтүлбөгөн окуя, ага даяр эместей. Ошондуктан Токтошунун өлүмүн жүрөгүнө жакын кабыл алып, кадыресе чүнчүп, кайгыга басылып жатканы жөн жерден жаралбаса керек. Арийне, буга чейин далай бир туугандарын, досторун, тели-теңтуш, кошуналарын, өзүнүн кызын акырет жайга узатпады беле? Анда кадимкисиндей башын бийик көтөрүп, кайратынан жазбай, болуп жаткан жасаатты жашоо мыйзамы, тагдыр ченеми катары эсептеп, жаны күйгөндөрдүн көңүлүн жубатып, көз жашын тыйып, тың-тарс жүргөнү – кеетай, кайда калды? Мен бүгүн башка адамды, чоочун Ысманды көрүп турдум.

Атамдын тарбиясын, жакшы акыл кебин, таалимин көргөн кичүү инилери: Акимжан, Макен, Жума, Аттокур, Бокон, Эрали, Сыдык ж. б. жөнүндө кеңири жазган жокмун. Бирок эки иниси боюнча жазбасам болбос. Алардын биринчиси – Акимжан атамдан он жаш кичүү. Акемдин Сидоров совхозуна директор болгон моменттеги бир окуясы азыр да көз алдымда. Үйүн оңдотуп, туугандарын чакырып, чай берип, бата алып коёюн деген тилеги менен коноктордү күтүп атып, ишинен кызуураак келген Мамашарип агам менен Мамбет авама тарбия саатын өткөргөнү кызык болду. Ал: -Эй, экөөң тең тамактан башканы билбейсиңер! Мени Ысман авам сөккөндө сөгүп, көбүнчө жакшы сөзү менен жолго салып жүрүп, ушул даражага жеткирди, киши кылды. Силер болсо аракка азгырылбай, адам болсоңор боло-деди жекире.

Анын көзүнөн каар чачырап, курч темирден чыккан добуштай, хрусталдай таза үн менен сүйлөдү. Эки

иниси күнөөлүүдөй, ооздорундагы ашты чала жутуп, үн-сөзү жок жер карап калышты. Бирөөлөрдүн көңүлүн оорутпаган, анча ачылып-чачылып, көп сүйлөбөгөн адамдын минтип чукулунан чарт этишинде чоң себеп бардай. Каректериндеги учкундар мээримдүү жылмайса – жаздын жылуу илебиндей, каарданса – как жүрөктү көзөп өтчү курч найзанын учундай коркунучтуу. Теке маңдай теше тиктеген көз карашка туруштук бериш кыйын, андан көрөк тепкисин жеген жеңил. Көбүнчө мындай көзүнүн огу менен кеп жебеген, сөз укпаган, каяшаны катыра берген адамдарды жердин жети катмарына киргизип ийчү касиети бар эле. Айтышып, акыйлашып отурганды жаман көрчү, өзүн кармай билчү.

Өспүрүм кезимде катар тизилип отурган аксакалдарды көрүп, жөн өтпөй учураша кетейин деген кыялым менен сол колумду чөнтөктөн чыгарбай, бир колдоп кол алышып жатсам, алардын арасындагы авам Акимжан манжаларымды катуураак кысып, кармап калды да: -Эй, сенин бир колуң иштебейби?-деп, көзүмдү теше тиктеп, колумду коё берди. Башка сөз айткан жок. Ошонусу мага жетиштүү болду, андан бери улуу адамдар менен кош колдоп учурашууну үйрөндүм, аны азыркыга чейин улантып келем. Ал жерден Акимжан авам акмагымды чыгарып, тилдемек турсун, сабап салса деле туура болмок дечи. Бирок, өзүнө гана таандык көз карашы аркылуу мага жакшы жол көрсөтүп, салттуу тарбия бериптир. Кыйын кишилердин кылаары ушу бейм, кыйкым издеп, уруш салбай, акылын жеткирип коймогу бар.

Менин угушумча чечен адамдар үчкө бөлүнөт: биринчиси, “Акыл чечен” – мындай адамдар аз сүйлөшөт жана аз сүйлөсө да саз сүйлөшөт. Акыл чечендин бир



айтым сөзү менен маселе чечилип, ортодо эч кандай талаш жаралбайт. Экинчиси, “Тил чечен” – баяндаган аңгемеси уккулуктуу, ашкере сөзмөрлүккө салып, окуяны ашыкча сүрөттөйт, апыртып жибермейи адат болуп калган. Үчүнчүсү, “Маңыз чечен” – айткан сөзүнүн баш-аягы жок, жыйынтыксыз сүйлөйт, тантып кеткен учурлары көбүрөөк. Акимжан авабыз акылдуу чечен эле, курулай кептен алыс, көп сүйлөбөгөн, маселенин ток этээр, талуу жерин таап, бир сөз айтуу менен талашсыз чече билген. Ал кишиден кийин эч кимиси андай эмес, мындай болчу дей турган тыянакты чыгарууга батынбай, биздин авабыздын акылын баары макул көрүшчү.

Бир жолу сый тамак үчүн кең жайылган дасторкон үстүндө досу жана теңтушу Шекен ажы сөзмөрлүгүнө салып, башынан өткөн кызыктуу окуяларын уккулуктуу сүрөттөп, анда-мында отургандарды күлдүрүп, айланасын шаңга бөлөп жатканда Акимжан аванын жүзүнөн нур жанып, сөз бөлбөй, унчукпай угуп турду. Айтылып жаткан окуяны ал дагы жакшы билет. Качан гана кеп төркүнү чындыктан тайып, кыйшая баштаганда чыдабай кетти көрүнөт: -Ай, Шекенбай, ал жери мындай болбоду беле-деп, сөз түзүмүн түздөп, окуянын өнүгүшүн оңдоп коюп, кайрадан досунун баянына мемиреп кулак төшөп калды. Ортодогу сөздү жыра талашкан жок, курдашын калпычы деп чычалатпады, болгонун айтты. Анысы менен бизге окшогон жаштарга уга билүүнүн үлгүсүн эле эмес, маданиятын айкын көрсөттү.

Шекен ажы Акимжан авамдын жетимиш жылдык тоюнда: -Акимжан аксакалды замандашым, теңтушум, кудам, досум жана устатым десем болот-деп, жалпыга жарыя кылганы эсимде. Ар дайым ажы аке

ага карата: Акиш же Аксакал деген сөзү менен урмат-таганын жана сыйлаганын сездирип туруучу. Ал эми менин атам – Ысман инисинин ишине байкоо салып, ийгилигин кубаттап, начар жактарын ачык сындап: -Ошенткениң туура болдубу?-деп, кайра өзүнө суроо салчу. Экөөнүн мамилеси менен алакасы өзгөчө эле. Алайкуу колхозунда башкарма, совхоздо директор болуп турганында Акимжан авамдын көңүлүнүн бор-борунда атамдын үлкөн орду бар эле. Атам менен ке-ңешип, акыл сурап алдынан өтпөй калды дегиче, өзүн күнөөлүүдөй сезчү. Эртели-кеч атамдын акыбалынан кабар алып турмайды адатка айланткан.

Колунан келип турганда Акимжан авам инилик милдетин мыкты өтөдү. Агасын ардактап, ар жак-шылыгында төргө отургузду, сый-урматын көргөздү. Калп айткан менен болобу, материалдык жардамын да аяган жок. Бирин-экинин атап айтсам: атын айгыр-га агытканда колхоздун эсебинен мингич бердирди. Үйүбүздүн кире беришине терезе салып алсын деп, ка-рагайды атайын чоң араадан өткөртүп, майда тилим-дерин бердиртип ийгенде сүйүнгөнүбүздү айтпа. Там салганда жыгачты кололоп, сомолоп көнгөн жаныбыз кире бериштеги бут чечмебиз күзгүдөй жаркырап, жа-рашыктуу, жакшынакай күнөсканадан артык болгону чоң жаңылык эле. Айылга жетпей, Ой-Талда калган “Москвич” автомашинабызды чоң машийнеге жүктө-түп жеткиртекени жардам эмей эмине? Балдары үйлөн-гөндө да акчалай көмөгү көп тийди.

Акыры Алайкуудагы үч колхозду бириктирип, сов-хоз уюштурулду. Катаал шартта колхоздор өсүп-өнүгүп кетпегендиктен, бийлик мына ушундай кадамга бар-ган. Аны Сидоров атындагы совхоз деп атады. Кеңеш өкмөтүнүн башталышында биздин аймакта кызмат



өтөгөн Андрей Сидоров аттуу кызыл командир солдат-тары менен кошо Айтмерек басмачынын колунан өрт-төлүп өлтүрүлгөн экен, ошол шейиттин ысмы ыйгары-лып, чарба жүргүзүүнүн жаңы тарыхы жазылды. Кол-хоз – бул жеке чарбалардан бириккен орток чарба, ал эми совхоз болсо мамлекеттин карамагындагы чарба болуп саналат. Чарбысын ургандай, тармактары урап, кирешеден тумалак кол жууп, чыгашасы чачынан кө-бөйгөн кезде жалпы чарбаны чачыратып, өкмөт өзүнө өткөрүп алып, ар дайым канатына калкалап келген.

Бириктирилген чоң совхоздо алгач партиялык уюмдун жетекчиси, кийинчерээк совхозду экиге бөл-гөндө Акимжан авам Сидоров атындагы совхозго директор болот. Бул жаңылыкты биринчилерден ук-кан уулу Мамбет жеткирет, улуу акем: -Ата, сүйүнчү, Акимжан ава директор болуптур-десе, ал: -Эй, балам, мен өзүм директор болбогондон кийин анын эмнеси-не сүйүнөм-деп, мулуңдап коёт. Ошондон соң атамдын сөзү бүкүлү Алайкуу өрөөнүнө дүңк этип, желдей та-райт. Эки кишинин башы кошулган жерде: “Ысман аке айткандай, өзүм болбогондон кийин” деген ылакап да, шакаба да жаралат. Азыр да андай сөз эл арасында ай-тылып жүрөт. Аттиң десең, адамдын өзү өлгөн менен сөзү өлбөйт тура, ар качан арбагын эстетип жүргүдөй.

Ысман менен Акимжан Совет доорунун Алайкуу чөлкөмүндөгү белгилүү адамдардан, биздин элдин Чолпон жылдыздары. Алар бирин бири толуктап, мам-лекеттин чыңдалышына, өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө зор салымдарын кошкондордон. Кайсы гана, кандай гана тармакта иштешпесин, майын чыгарышчу, чала чар-пыт, жумуштун майнабын чыгарбай, арасат таштап коюу дегенди билишкен эмес. Антип көнүшпөптүр, куштун кош канатындай бир ыргакта канат сермешип,

коммунисттик ишенимдеринен да жогору – коммунисттик ынаным менен жаркын келечекке жалындуу жаштыктарын, жалы бар жүрөктөрүн, өрнөктүү өмүрлөрүн арнаганын урпактары унутпайт. Булар биздин замандын кишилери эле дегидей атакка ээ. Өз мезгилинин өнүмдөрү жана жаратмандары, жалпынын оор жүгүн көтөргөндөр.

Атам Сталинге берилген, улуу, тарыхый инсанды туурап кийинчү, тактыкты талап кылуучу, темирдей тартипти жактыргандардын сап башында турчу, элдин эсебинен жеп-ичкендерди жининдей жек көрчү. Агезде бир килограмм арпа үчүн да камак жазасы бар эле. Ошондуктанбы, айрым жегичтердин кылык-жоругун жогорку бийлик тарапка билдирип турган жазмакерлиги өөрчүгөн окшойт. Атамдын айынан арыз боюнча республикадан, облустан, райондон текшерүүлөр келип калчу. Бул жагынан Акимжан ава менен келише алчу эмес. Иниси: -Ушунуңузду койсоңуз боло-деп атып, тили тешилди көрүнөт, башкача ыкма менен күрөшүүгө өткөнүнө күбөмүн. Ал эң жакшы көргөн улуу уулу – Мамбет агамды атасына каршы пайдаланды, колдонгондо да мыкты жана ыктуу сокку урду бейм.

-Мамбет, сен эс тартып, чоңоюп калдың, мына эми жакында эр жигит болосуң. Ысман авам жазгычтыгын койсун, муну токтотуу сенин гана колуңдан келет. Мен абдан жакшы билем, атаң тилиңди алат. Мага да кээде Акимжандын агасы жазган деп, сөз тийгизип жатат-дейт да, окуучуга жаттаткандай үйрөтөт. Биз, үйдөгүлөр: -Эмнеге Акимжан ава Мамбетти чукулунан чакырды экен?-деген күдүк ой менен күтүп аткан быз. Кирип келгенде жалпыбыз менен чакырткандын себебин сурай кеттик. Ошондо ал өзүн жоопкерчиликтүү көрсөттү: -Авам суранды, атаң сенин тилиңди алат. Мындан ары материал жазганын таштасын деди. Мени уят кылбаңыз, ата! Мен да чоңойдум, экинчи жазбайт деп убадамды берип келдим-дебеспи сегизинчи класстын окуучусу каадалуу кебин баштагандай олуттуу.



Атам уулунун бой жетип, тетик өсүп келатканына жетине албай, сүйүнгөнүнөн: -Макул, балам-дей салды да, Мамбет авамды ойлуу тиктеп отурду. Мындан биринчи төрөлгөн эркек наристеси эртелеп жарык дүйнө менен коштошконун, андан кийинки уул баласын Шамбет атап, анысы күлүшүп калганда чырпык сынып, чымчык учкандай чарчап калганын эсине салып жатса керек. Ошондуктан Мамбет авамдын сөзүн эки кылбай, Акимжан инисинин шарт-талабын шар кабыл алды өңдөнөт. Ушундан баштап Ысман чолок элдин байлыгына кош колун салган жеп-жутарлардын үстүнөн материал топтоп, арыз жазмайын тура албаган жазгыч адатын таптакыр таштаган. Бирок, орустар айткандай: “Ыйык орун бош калбайт” сыңары атамдын өнөрүн башкалар өздөштүрдү, айрымдарынын Москвага чейин жетти. Алайкуулуктар ошентип, адилеттүүлүк издеп, укуктарыбызды коргойбуз деп жүрүп, “арызчылардын өрөөнү” атагын кантип алганыбызды билбей деле калышты.

Акимжан авам жөнүндө кеңири сөз кылып, килейген китеп жазса болот. Ал кишинин өткөн өмүрү, өтөгөн кызматы, эл үчүн аткарган жакшы иштери толтура. Мактоого да, эскерүүгө да татыктуу адам. Убакыт өтүп, улам барган сайын аны билген, чогуу жүргөн, бирге иштешкен адамдардын аягы суюлуп баратат. Көпчүлүгү түбөлүк жайын таап, боз топурак жамынып алышты. Азыр да кеч эмес, архивдик материалдар менен эл арасындагы эс тутум мол негиз, түгөнбөс кенч.

Бул ишти уулдарынын бирөө колго алса дейм, Акимжан авамды устатым деп эсептеген Шекен ажы тууралуу балдары "Калк кадырманы" аттуу эскерме китебин чыгарып койбодубу. Мындагы маалыматтар кийинки муундарга мурас. Көңүл буруп, чыгынса эле иш бүтөт, элдин жүгүн көтөргөн айылдык алдыңкы инсандар тирүүлөрдүн эсинен чыкпашы парз.

1970-жылдардан тарта Совет доорундагы партократия негиздеген бюрократтык оор илдет башталган. Коомдун мүлкүн жең ичинен талап-тоногон, жеп-ичкен көрүнүш көндүмдүү адатка айланган. Ошондогу: "Карга карганын көзүн чукубайт" деген учкул сөз макалга өтүп, кемчиликтерди ашкере кылган жазмакерлерге "эл бузар" жарлыгын тагып, жалпыга жаман көрсөтүү жүрүмү араанын ачканын кантип унутабыз. Анын кесепетинен чоңдордун артын жалаган кошоматчылардын же куйсупурлардын классикалык үлгүдөгү тобу үйүр басты. Көптөгөн кыргызбайлар ушул ооруну ченемсиз жугузуп алып, азыркыга чейин айыга албай келет. Ал өтүшүп отуруп, өзөктүү өнөкөт кө айкашты, өлкөбүздөгү жүзөгө ашып жаткан жаман окуяларга өбөлгө болуп берди. А-а, акетай, биз өткөнүбүздөн сабак албайт экенбиз.

Бүгүнкү күндө да бийлигиң барда башынан өйдө көтөрүп, көкөлөтө мактап, кызматтан кыйшайган кезде тирүүлөй көргө көмгөндөн кайра тартпаган коштоп чабаар – кошоматчылардын доорунда жашап жатабыз. Чыныгы эл бузарлар, журт бузарлар мына ушулар. Динаятчылар айтмакчы, жалган жарыкчылыкта жалаң карандай калп менен оозанган жердештерибиз Ата-Журту түгүл, энесин саткандан кайра тартпастай, бир күндүк жыргалы үчүн улуттун уңгусун уйдун бөйрөгүндөй бөлүп-жарып, боор тартканды мындай кой,



уктап калсаң керектүү мүчөңдү кесип алгандан коркпой калган абалга жеткирди. Ыйманын жеген, уят-сыйытын, абийирин жоготкон чоңдор бала-чакабыздын, небере-чөбөрөлөрүбүздүн ырыскысына суук колун салып, майлуу да, кандуу да каапырлык аракеттерин улантканын токтото элек. Булардын былык-чылыктарын көрүп туруп, аргасыздан баш чайкайсың.

Айткандарымдын анығын, чындыгын далилдеш үчүн тарыхыбызда болуп өткөн бир окуядан мисал келтирейин. 1961-жылы Москва Кыргыз ССРинин компартиясынын 1-катчысы Искак Раззаковду кызматынан алуу максатында атайын өкүлү Титовду Фрунзеге жөнөткөн. Уюштуруу маселесин кароого байланыштуу чогулган пленум эки күнгө созулат. Төрөбай Кулатов баштаган кыргыздар ич ара сүйлөшүп алгансып, баары башынан ылдый жугунду куюп, жамандай баштайт. Ошондо Кулатов сүйлөп жатканда Искак атабыз: -Төрөбай Кулатович, бул сизби же башка бирөөбү?-деп, таң калганын жашырбаптыр. Тескерисинче, Нарын облусунун 2-катчысы орус тектүү Ульянов гана накта коммунист экен, чындыкты айтып, Раззаковдой иштерман, акылдуу, көсөм адам миң жылда бир жаралаарын, демек, анын баркына жетели деген чакырык таштайт. Муну "улут каймагы" укпай койду.

Өйдөдө Ысман чолок уулу Мамбеттин каадалуу кебин уккандан кийин материал топтоп, жазгычтыгын токтотту дебедимби. Бирок, ички дүйнөсүндө ак эткенден так эте акыйкаттыкты, калыстыкты карманган мүнөзүн калтырган жок. Ал кездеги жалпы байлыкты өзүнүкүндөй пайдаланган алдым-жуттумдарга, уурукескилерге элдик көзөмөл комитети аркылуу коомдук башталышта иш алып барып, кошоматчыларга кошулбай, дайыма эл тарабында болуп, чыныгы коммунист-

тик ишенимден тайган эмес. Чогулуш-жыйындарда жегичтерди уяткарып, жасап жаткан жаман иштеринин тыянагы кайрылып келип, баштарына тиер таякка айланаарын эскертип, бирде чымчып, бирде зекип, накыл сөздүү насааты менен күрөшүн уланта берди. Кээсине жалгыздатып айтса, кеп жебей, моюн толгогондорду топко салып жазгантчу.

Ал убакта СССР боюнча элдик көзөмөлдөө комитети түзүлүп, жер-жерлердеги жетекчилерди кызматтык милдеттерине атты камчы менен жазганткандай сүрөп калган чак. Аталган комитеттин Ош областтык бөлүмүнө дайындалган Ходос деген орус оюндагысын кыла желим өтүгүн кийип алып, күн дебей, түн дебей сугатчылардын, малчылардын жанына барып, өндүрүштүк кемчиликтерди кетирген башкармалардын жүрөгүнүн үшүн алган кези эле. Анын аракети аркылуу арбын эскертүү жана жеме уккан Сагындык колхозуна көп жыл эмгеги сиңген Апытай башкарманын: -Ходос өкүртөт-дегени учкул сөзгө айланган. Ошол сыяктуу эле айылдык жыйындарда, чарбалык чогулуштарда "эми, Ысман аке өчүрөт" деген күбүр-шыбыр айтылбай калчу эмес. Дагы эмнени баштайт болду экен дешип, жүрөкзаада болгондордун аты-жөндөрүн ачык атабай эле коёюн.

Атамдын дагы бир иниси – Макен молдо. Өңү сары, кызыл көз. "Каранын ачуусу келгиче, сарынын жаны чыгат" деген макалдын нак далили. Өз оюна туура келбеген нерселерге чарт этип, ширеңке чаккандай тез жини келген, анан кайра жаш баладай жаркый түшкөн, ишенчээк, жумшак мүнөзү бар. Жанагы электр жарыгынын оң жана терс дүрмөтүндөй, кыялы бир укмуш, чарт-чурт. Молдокенин ички дүйнөсүн толкутуп турган – жакшы дейин десең жамандай, жаман дейин



десең – күттүрүп тийген Күн нурундай, эч кимде жок, өзгөгө табылгыс, балким, сезимталдыгы менен же чыныгы өңү менен периштелерге жолуккан бөтөнчө жан. Жашоо-турмушунда ислам динин ыйык тутуп, өз жөндөмү, өз аракети аркылуу арабча кат таанып, молдо атагына жеткен. Аялын кызгануу жагынан жаштарга классикалык үлгү көрсөткөндөрдөн.

Сексен жаштан өтүп, өмүр сүргөн жашоосунда арак аттуу шайтандын тамагын оозуна албаптыр. Ал жөнүндө мындайча эскерчү: -Эч качан аракты ууртаганым жок. Бир жолу Ашымдын үйүнөн кымыз ичсем эле, көңүлүм кушубак болуп, күлкүм келип, денем жибип, ырахатка баттым, чынымды айтсам кызыдым. Ашыкем кымызга арактан кошуп бергенби деп да, күмөнсүп калдым, болбосо аракты өмүрүмдө ооз тийген эмесмин... Молдонун актыгына ишенгеним менен актанганына анча ынабадым. Ошондуктанбы окуянын чын-бышыгын билүү дилгирлиги көкүрөгүмдү уялап, аныктоого болгон далалатым ашынып баратты. Айрым учурда ушундай акыбалга тушугасың – бир суроонун жандырмагын тапмайын жаның жай албайт, кайра-кайра эсиңе түшүп, жүрөгүңдү өйкөй берет.

Мен Ашым аке менен айылда коңшу жашап, аркы-берки көп нерселер жөнүндө ачык сүйлөшчү элем, түз сурадым: -Молдокенин кымызына арак кошуп бергенсизби? Ашымдын кымызын ичкенден кийин эле күлкүм келип, ырахатка балкыдым деп жүрбөйбү-десем, ал: -Жок, айланайын, кымызга арак кошуп бирөөгө ичиргендин өзү уят. Көп күн ачытылган күчтүү, тунма кымыз эле-деп жооп кайтарды. Ооба, коңшум туурасын айтты, илгери кыргыздар жети күн, жети түн думбалап, жылуу кармап, кымыздан чагырмак жасаганын кулагым чалганы бар. Аны ичкенден соң ичегилери

ысып, тулкусу жазылып, күлкүсү чыгаары бышык. Ашым акенин кымызы узак убакыттан бери ачып, даяр чагыр болуп калса керек. Кыргыздын кыйрынан келаткан улуттук ичимдиги мүмкүн, такыба, таптаза тулку-бойго башкача таасир эткендир.

Макен молдо Ысман агасын жүрөгү менен сүйүп, жакшы көргөнүн жашырчу эмес. Ар дайым таламын талашып, жаман сөз тийгизбей, коргон болуп турчу. Бир ирет боз кыроо түшкөн кеч күздө Көк-Арт айлындагы Осеков Ыбыш аксакалдын энеси көз жумганда, атам тажиясына атчан барат. Ошол жерден молдоке Акимжан авамды эл алдында: -Эй, кудай аткыр, машинаңа кошоматчыларыңды толтуруп албай, алардын бирөөн таштап, Ысман акемди жылуу орунга отургузуп, сала келбейсиңби?! Карачы, суукта үшүп, ат минип келиптир. Же амалдан көзүң бозоруп, Ысман акени сыйлаганды унуттуңбу?-деп тилдеген экен. Тигиниси ак дебей же көк дебей, үн-сөзү жок туруп берди дейт. Экөө тең курбал, бири бирин сыйлаган туугандардан эле.

Чындык үчүн чыркыраган, эч кимден коркпой бетине айта алган Макен молдонун мүнөзүндөгү кежирлиги менен тажаалдыгы кээ кезде башынан ашып кеткен учурлары болгонун кимден жашыра алабыз? Анысын кудай өзү көрүп турат да. Айылдагы Жумашов Пактакун өз учурунда эл бийлеп, башкармалыктын эки тизгин, бир чылбырын кармаган кыйын кишилердин катарын толуктаган. Бирок ал агезде май чогултукан жөнөкөй кызматты аркалап жүрүп, молдокенин кыйыгына тийип алат. Мына анан көрүп ал, Макендин үйүнүн жанынан колхоздун кеңсесине түз өталбай, кеткен сөзүн, келтире сөгүүсүн укпаш үчүн тектирдеги арыктын ичи менен кампасына каттаптыр. Ошондой



өз оюндагысын бербеген ченде жок терс мүнөзүнүн айынан азапка кабылган, айыпка кириптер болгон күндөрү элдин эсинен чыгып кете элек.

Токтобай Мамашарип деген уулун үйлөндүрүп, Рыспай уулуна кирген тууган-туушкандарын кошумчага чакырат. Алдыга тамак келгиче аркы-берки көр тирликтин сөзү сүйлөнүп, койдун кезүүсү боюнча талаш чыгат. Макен молдо адатынча кычык баштап, Токтомуратка тийиштик кылат. Анын айтымында ал күйөө баласынын койлорун өзүнүкүнө коштуруп, анын ордуна бир күн кошумча кезүүсүн кайтарбай жаткан имиш. Бул сынга Токтомурат корс эте, орой жооп бергенде экөөнүн ортосунда күрпөңдөшкөн уруш тутанат. Кармаш катуу болгонбу, жыйынтыгында Токтомураттын буту сынып, ордунан тура албай калат. Жини менен милицияга арыз жазып, ишин тергөөчүгө өткөрөт. Эгер убагында агасынан кечирим сураганда ким билет, түрмөгө түшпөй калат беле? Кечирим сурабайм, андан көрө кесилгеним жакшы дептир кежирлене.

Ошентип, кежирлигинин кесепетинен үч жыл отуруп келди, анысы кимге пайда, кимге зыян? Элдешүүгө, мунаса табууга миң түркүн мүмкүнчүлүк бар эле го? Туугандарымдын сокур намыс кыялдарын, куу чирен мүнөздөрүн түшүнө албай күйөм. Оң айтсаң, тескери сийет, шумдугуң кур. Ошол окуяга байланыштуу: -Токтомурат Ысман акемин тилин алмак, бизди бириктирип, жараштырып койсо болмок-деп, Макен молдо атама карата нааразылыгын билдирген экен. Атам: -Экөөң тең мага тең туугансың, ортоңорду көбүрөөк ич күптү, күңкү кеп аралап кетиптир. Андыктан мени аралаштырбагыла, ага тартты, буга тартты деген таарынычтар эртең эле айтылат. Агөрөк, кадырлуу, калыс адамды ортого салып, алдына барардан мурда ага-

ңа костюм-шым кийгизип, башыңды ийип, кечирим сура, “Түбү тууган түтүшпөйт”-деп, акылын айтыптыр.

Бирок, өз оюн өзгөлөрдөн өйдө коюп, жеке бүтүмүн туудай тутуп, көзгө басардай көнүп калган кежир молдоке андайга көнөбү, анын сап кармаганы агасынын буту сынбай-этпей, жөн эле догурунуп жатат деген корутундусу. “Токтомуратка бергиче – оруска бергеним оң” деген кыязда кой-айга көнбөй, моюн толгой берип, сот жообуна тартылып кетишин кырсык дешке, тарткылык дешке ооз барбайт. Мен мунусун өтө эле ашыкча, өтө эле өзүн артык баш көкөлөтүү же тескерисинче, тежиктик деп түшүнөм. Кичүү болгондон кийин кичине ийилип койсо эмне? Бу жарыкчылыкта жалгыз жашаган жоктур, айлана-чөйрөңдүн баарын адамдар курчайт, адам менен сен адамсың. Атактуу, ак таңдай акын Арстанбектин айтканы бар: -Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң! Андыктан ортобузда ар дайым ынтымак болсун.

Атамдын мына ушундай касиет-кусур жалгашкан, таанымал туугандарын гана китебиме киргиздим, баяндарыма баарын батыра албадым. Кийин соңунда өктө кылып, күйгүлтүккө түшкөндөрдөн алдын ала кечирим сурайм. Мындайда тең ата өскөн боорлоштордун таарынычы, наарazылыгы күчтүү болорун билем. Айрымдарынын ич күптүсү сыртына чыгып: -Бизди неге тизмектен калтырып койдуң? Ысман акебизди элден кем сыйлаган эмеспиз, ал киши жеке эле Одон тукумунун сыймыгына айланбай, жалпы Рыспай уулдарынын урматтуу аксакалы-дегендерине толук кошулам. Бирок, бул жолу таарынычыңарды суугa салгыла, агайындарым. Силер менин жүрөгүмдүн түпкүрүнөн, көңүлүмдүн борборунан эс тарткандан бери орун алып келаткан сүймөнчүктүү, жанымдай жакшы көргөн адамымсыңар!

## АТАМДЫН ӨЗҮНҮН БИР ТУУГАНДАРЫ

*Агаң жакшы болгон соң,*
*Күндө кызык, күндө той.*
*Айлыңдан кетпей топ-жыйын,*
*Кандарың курган ордодой.*
*Иниң жакшы болгон соң,*
*Кымбат баалуу жакут таш,*
*Кызыган шаар базардай.*

***Жеңижок***

Эми, кеп кезеги келди окшойт, Ысман чолоктун өздөй бир туугандары тууралуу баяныма өтөйүн. Себеби бир боорлору анын уялаш тукуму, кандаш-жандаштары. Аларды ата-энеси багып-чоңойткон менен турмуш жолуна, чоң жашоого атакем өз колунан учурган десем – эч качан жаңылбас элем. Бул тууралуу башында бир аз баян кылган болсом, кеңири токтолуп, дагы толуктап жазып кетким келди. Агасы Осмон атамдан беш жашка улуу экен, ошондо 1914-жылы төрөлгөн болот, чоң атабыздын биринчи перзенти, тунгуч чүрпөсү. Ата-энесинин жанынан эгерим алыска чыккан эмес, негедир аны аяп, оор, жоопкерчиликтүү иштерге атамды жумшаганын жогоруда белгилеп өткөм. Кан күйгөн согушка да анын ордуна барып, ал акырын атасынын этегине жамынып, айылда калып калган. Бирок, бош жатпай, колхоздо көп жылдар бою бригадирликти аркалаган.

Осмон авамдын биринчи байбичеси – Теректик Сактан дегендин кызы. Балалуу болгондо эң биринчи-

си уул экен, уулу үч жаштан өткөндө көзүккөнү өтүшүп кетип, чарчап калат. Андан кийин Акыш эжем төрөлүптүр, бир жаштан өтүп калганда энебиз оорудан көз жумат. Ошентип, Осмон авабыз кызы менен жалгыз бой жашоосун уланта баштаганда, ошол эле Теректик Баймат уругунан Амат аттуу адамдын күйөөсү көчкү алдында калып, каза болгон жесирин – Калыя деген кызын алып беришет. “Өз жесирибизди Рыспай уулуна бербейбиз” дешиптир намыстанган Күйөө-Таштык Качыбек уругу. Анан Терек айлынан биздин айылга келүүчү эки белди тосушат. Атам: -Эки белди тосуп отура беришсин, Шиштей тараптагы туура жолго салып, Күйөө-Таштын үстүнөн түшкүлө-дейт. Айткандай апабызды ошол жак менен качырып келишкен.

Көрсө, бул каршылыктын артында катуу кармаш, калабалуу чыры менен купуялуу сыры бар экен. Колхоздо ал кезде көзгө басар Өмүракун деген жалгыз уста иштептир. Ал Калыя чоң энебиздин өлгөн күйөөсүнүн бир тууган иниси. Агасы табигый кырсыкка кабылып, көзү өткөндө эски салт боюнча жеңесин кайнисине алып берип, баш аттатпай, өзүбүзгө байлап алабыз деген тарызде Качыбек уругу куру намыска уугуп, куу союлун такымга кыстырып, камчысын оозго тиштеп, ортодогу каттамды, кош белди бууп, жол тоскону бекеринен эмес тура. Атамдын акылы болбогондо эки урук эрегишип, балким кан төгүлгөн чабышка жетет беле, ким билсин. Аймактын булуң-буйткасын жаштайынан жакшы аралап, көзү каныккан киши бүлөсүн бүлүнтпөй, аман-эсен апкелип алганы чоң олжо болбодубу.

Бирок, бир жаман жери, Калыя чоң энебиздин мурунку эринен кызы болгон менен Осмон авабыздан согончогу канаган жок, келин-кесектер: -Алда шордуунун ичинде сөөк калыптыр-деп калышчу. Төрөттөн



калган менен Акыш эжемди абдан кастарлап, өз кызындай багып-өстүрдү. Ал гана турсун, кармаган-тутканы таза, жасаган иши тыкан зайып Осмон атанын кирпигине кир жугузбай, жакасын агартып, курсагын кампайтып, өз мээримине, жылуу-жумшак мамилесине алаканга салгандай бөлөп, балалуу болуу үчүн башка аялга үйлөнүү зарылдыгы тууралуу ой-тилектерин мээсинен да, көкүрөгүнөн да, жан туюмунан да сүрүп чыгаргандай. Осмон авам ар дайым аялынын айткандегени менен ынтымактуу, ырыс-кешиктүү ак жашады, атамдын: -Агамдын артында тукум калсын-деген аруу тилегин таш каптырды.

Осмон атамдын бир туруп, жаш баладай ишенчээктигин, бир туруп, ачуусу өтө чукул, тез туталанган мүнөз-кыялын түшүнгөндөр аз болгон. Ошондуктанбы, көптөгөн адамдар менен тил табыша албай, мушташып-чабышып, чаар баш короздой ар качандан бир качан көзгө да, сөзгө да илээшип, айылдагы ушакчылардын талкуусунан түшчү эмес дешет. Бир тууган иниси Орунбек:

– Токтобай кылат жумушту,
Осмон ойнотуп ийет кылычты.
Эмне болоор экен деп,
Жаңыбай, Быштак экөө тең,
Төш жактан аңдып турушту-деп, бекеринен ырдаган эместир.

Антсе да ал көч башы пенде катары өз оокатын тың өткөргөн Одоновдордун кадырлуу карыяларынын биринен эле. Биз, баарыбыз Осмон ата деп, сыйлап өстүк, кудайдын буйруну айла жок экен, жетимиш алты жаш курагында бул жарыкчылыктагы жашоо менен коштошуп, акырет жайын таап, дүйнө салды. Башынан өткөргөн бир кызыгын айта кетейин, төшөк жаңырткан соң

Осмон авабыз жаңы үй салып баштайт. Анткени, Кеңеш өкмөтүнүн тушунда, тактап айтканда жетимишинчи жылдардан кийин, Күйөө-Таштагы арыктын үстүндөгү күңгөй тарапка салынган жепирейген үйлөр калбай, бардык айыл тургундары арыктын алдына жаңы үйлөрдү тургуза башташкан. Элден эмнеси кем, атабыз да өз үйүн көтөрүп, көзгө көрүнүп, үстүн жабайын дегенде, уста таппай туруп калат. Катын талашкан Өмүракун устаке анын тамына өлсө да басып келбес.

Эми, эмне кылабыз деп, атам баш болгон тууган-дардын баштары ооруйт. Үйлөрүн жаңырткандар биринин артынан бири кудайысын берип, өрүлүктөгөн-дөрдүн саны арбыган маалда Осмон атабыз аялынын айынан артка калып, абдан ыңгайсыз абал жаралат. Ары ойлонгон, бери толгонгон атамдын акыры чыдамы кетип: -Сенин деле элдикиндей эки колуң, эки көзүң бар, мендей чолок эмессиң. Байтеше менен балканы колуңа алгын да, Осмондун үйүнүн үстүн жап, агаңды катардан калтырба-деп, Орунбек инисин мажбурлаганга чейин барат. Мына ошондон кийин, кудайдын кулагы сүйүнсүн, Орунбектин устачылыгы башталып, акырындап отуруп, Алайкуудагы атактуу усталардын бирине айланганы анык. Анын чапкан ээр токумдарын өрөөн боюнча азыр да аздектеп колдонуп жүргөндөр кездешет.

Орунбек – Каакы жана Жамила эжелеримден кийинки чоң атамдын үчүнчү уулу. Кызыл жүздүү, кой көз, анан калса кепке кыйын, жеткен сөзмөр, ыр жандуу. Жалпы айылдагы адамдарга жароокер мүнөзү менен жагат, эмгекчилдиги ченде жок, алтын колдуу уста. Биздин чөлкөмдө үйдүн үстү сарапталып жабылат, мындайда сараптын эки жан жыгачтарын куралганга өтө чеберчиликти талап кылат. Кыналган жерлери кынтыксыз жымыйып, ажырабай турган үйлөрдү көргөндөр: -Ой, муну Орунбек уста жапкан турбайбы-дешип, ким жасаганын айттырбай билип алышат. Атасы Одондун илгерки кароосуз калган тегирменин калыбына келтирип, элдин сообуна калды. СССР ыдырап, токсонунчу жылдардын ичинде заман бузулуп, кара жанды багыш үчүн эл өз алдынча буудай айдап, ун-талкан даярдоого өткөндө пайдасы зор болду.



Колхоздун көзүн карап, бекерге көнгөн жаныбыз жанталашкан жараянга шайма-шай кире албай, кыйналып жаткан чакта Орунбекке окшогон эл багар балдар суурулуп чыгып, үй-бүлөсүн, бир туугандарын, жердештерин кошо бакканын жадыбыздан чыгарган жарабас. Ачыгын айтканда, орток чарбадагы мал-мүлктү шылуундарга тарттырып жибердик, кой-козуларды, жылкыны, уй-топозду үйүрү менен үйлөп салгандай түгөттүк, техникаларды жабдуусуна кошуп, темирге өткөрдүк. Жетимиш жылда жыйналган байлыкты жети жылга жеткирбей талап-тонодук, ата-бабабыз айткандай: -Кашыктап чогултканды чөмүчтөп чачтык. Ошентип, эртеңки күнүбүз бүдөмүк болуп турганда Орунбек сындуу жаратмандар иши менен көзүбүздү ачты, аракетке – берекет дегендей жол көрсөтө алды, акетай.

Мен ошондо жаш үй-бүлө элем, ал киши салабаты менен эл наркын улап, кепсен бергени келдим деп, бир чыпта унду үйүмө таштап кетти. Жокчулукта Орунбек авамдым бул жоругу – чынын айтсам, төбөмдү көккө жеткирди. Бир туугандыкты эле эске салбастан, адам катары, айылдаш катары жакындан жардам бергени менен биздин үй-бүлөбүздүн эсинде калды. Кичинекей кылган жакшылыгы жүрөгүбүздү жибитти, ишене турган, таяна турган акебиз бар экен деген астейдил оюбуз огобетерден көкүрөгүбүздүн төрүнөн орун алды. Жашырганда

эмне, айылдагы жарты кашык унга зар, жашык бышкан нанга көздөрүн сатып аткандардын ажатын ачып, Ысман чолоктун иниси ишке жараганы ырас. Ушул учурдан пайдаланып, эл-журттун алдында ыраазычылыгымды билдирип, ырахматымды айтып алайын дедим.

Темирдей тартип, мыйзамдуулук ушул тегирменчилерде болот экен. Андагы кезекти жылдырууга ата-энеси, жатындашы келсе да сөзү өтпөйт, нөөмөтү менен кете берет. Мыйзамды сактоону азыркы чоңдор мына ушул тегирменчилерден үйрөнгөнү оң. Тааныш-билиштик, бир туугандык, жакындык деген буларда болбойт. Кадырыңа карабайт, баркыңды баалабайт, кайсы убакта келдиң – катарыңды бил да, кезегиңди күт. Илгертен тегирменчилер Дөөтү пайгамбардын осуятын сактап, ырыскы чачкан, берекеси арткан алтын эрежени карманып келатканы менен бир өзгөчө топ, катмар жараткан, ишинен баар тапкандардын сап башында. Ошон үчүн го: -Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү-дегендей, Орунбек авамдын Алайкуу өрөөнү боюнча ардактуу, атактуу орду бар, анын ар дайым сыйдын төрүндө болгонуна сыймыктанам.

Атам Орунбек инисине Коо-Чатылык Абдил башкарманын карындашын алып берген. Экөө үзөңгүлөш дос, бир чети кызматташы, чогуу жүргөн теңтушу. Ата-энеси эрте кеткен карындашын Абдил өзү узатып, бүткүл милдетин көтөргөн. Мүмкүн ушуну эстейби же бир туугандык сезими күчтүүбү, атамдын айтканын моюн толгобой аткарган Орунбек авабыз. Жайлоого жанаша чыкчу, атамдын катыгыраак жумуштарын колу бошто кыңк этпей жасап берчү. Жубайы Марапат чоң апабыз эстүү, нарктуу байбичелердин катарын толуктайт. Колунан бардык иш келет, үй-бүлөдөгү тазалык биринчи орунда, меймандостук, берешендик жашоосунун, өмүр



сүрүүсүнүн негизин түзгөн. Көп уул-кызды өстүргөн мээрбан эне болгон. “Аял жакшы – эр жакшы” дегендей, авабызга татыктуу жар, артындагы тирөөчү.

Айылыбызда: -Орунбек оңой киши эмес-деген айныгыс чындык кеп айтылып келатат. Бул анын бир сөз менен берилген эн тамгасы же эл ичиндеги мүнөздөмөсү ушундай. Арчадан комуз чапкан, ага койдун кара ичегисинен кыл тагып, шартылдата черткен өнөрү бар. Техника жетишпей, чөп чабыктын кыйкас маалында ат менен чөп чапкычты иштетип, өндүрүшкө чоң салымын кошкондордон. Бир жолу ат жетелеген бала: -Орунбек аке, менин жылым кичинекей кезимде жылан экен, эми эмне болду?-деп, сурап калат. Ал токтолбостон: -Эмдигиче ажыдаар болгондур-деп, какшык менен жооп бергенде, угуп тургандардын боору эзиле, күлкүдөн ырайлары бошобой: -Ол-да, Орунбек акебай-дешип, ыкшыган тейде, куудулдун кучагына бой таштаган бойдон күлкүнүн доошу кырка тоолорду аралаптыр.

Алайкуу өрөөнү боюнча акыреги, колу-буту сынып же чыгып кеткендер ушу Орунбек авама салдырышчу. Сынган жерлерин шакшак менен таңдырып, колу жеңил устадан тез сакайып кеткендердин катары арбын эле. Атыккан травматолог Ысманали аке өзүнүн акырегин Орунбек аркылуу ордуна келтирип, алты ай бою жанынан кетпей, кошо аралашып жүрүп, көп нерсени үйрөнгөн. Устаке Осмон агасынын үйүн жаап, ишмердиги башталса, акырында менин үйүмдүн үстүн жаап, чатырын чыгарып, устачылык ишин аяктаган. Улгайган сайын тез чарчап, кан басымы көтөрүлүп калганына карабай кайраттанып, катуу аракеттенди. Кошо кармашып, кол кабыш кылганга балдар жаш, менин да ден соолугум туура келбейт, каныккан көзү, дасыккан өзүнүн дарамети менен бир туугандык милдетин өтөдү.

Бир ирет чай үстүндө чогуу отурганда чын сырын айтып алды: -Балким мен колума балка кармабай деле калмакмын, устачылыкка мойнум жар берчү эмес. Ысман акемдин: -Сен мендей чолок эмессиң!-дегени катуу тийди, эки кулагымдан кирип, төбөмөн чыгып кетти. Бул сөз мага өзгөчө таасир берди, намысымды ойготту, арыма келтирди. Анан мен жасабаганда ким жасайт деген чечимге келдим. Алгачкы күндөрү бармагымды чаап, тырмактарым түшүп, жыгач же мыктын учуна илинип, шымым айрылган учурлар көп болду. Колуман келбейт экен дейин десем, баягы агамдын бир айтымы кыйкырыктай мээмди жейт, аны эстеген сайын көшөрүп, өжөрлөнүп, кайраттана ишке киришем. Ай, ошондогу акемдин акылын караң, кыраакы киши да, менин устачылык жөндөмүмдүн бардыгын ички туюму менен сезип тургандай ордума койбодубу...

Ооба десең, ооздон чыккан сөздү кулак сыртынан коё берип, ар кандай шылтоолорду бетке кармап, аткарбай койсо деле болмок. Бирок, Орунбек байкемдин мууну бөтөнчө жетилди, башкача өстү. Айтылган сөздүн маани-маңызына баам салып, эмне жөнүндө кеп болуп жатканын илгиртпей билип, ашынган ашкеби эмес, артыкча ажыр жообу жок, аа дегенди аткарганга маш, жаш баладай таза жандардан. Атаңгөрү, азыркы балдардай кайдан болсун, быягынан айтсаң тыягынан чыгып, келжең-келжең эте кыялын көрсөткөнү аз келгенсип, ушул чалдардыкы өттү дегендеричи? Күйбөгөн жериң күл болот, биздин жашка келбей калчудан бетер. Улуу адамдын сөзүн, кеп-кеңешин уккан Орунбек байкем жаман болдубу, ордун тапты, жөндөмү ачылды, эмгеги менен эл арасында кадыр-баркка жетти, жашоосу бакубат, турмушу байгер.



Азыркы балдар атасынын сөзүн укмак турсун, кайра карыяларга акыл үйрөтөт, кылым жашап койгондой. Жанагы интернет айдыңынан алган анча-мынча маалыматы боюнча азуусун Айга жанып, өздөрүн жүрүмү менен Көктөн түшкөндөй сезгени жанды кашайтат. Бол айтканды, жашоо өмүр, өмүр турмуш бир күн менен чектелип калбасын башына түк чыга элек балапан түлөк кайдан билмек. Улуттун уңгусун улоочулар эне тилди, нарк-насилди, каада-салтты, үрп-адатты сактоонун ордуна – жериген, четке каккан турумду кабыл алып, бир даары орусча чокунуп, Түндүктө жүрсө, бир даары ак дамдалды кийип, сакалын салаңдатып, Жакынкы Чыгыштын таасиринде. Ар бир жаран өзү туулган, киндик каны тамган жеринде гана бактылуу болоорун – эки жерде эки төрт дегендей айныксыз чындыктай билүүсү шарт.

Арынбек – Одоновдордун эң кенжеси, көкүрөк күчүгү. Энесинен жаштайында жетим калган, эң кежир жана мүнөзү терс адам. Жеңелери аны: -Чатак бала- деп тергешкенинче бар. Бир нерсенин оңун сүйлөсөң, тетири кабыл алган, тескери жагын айтсаң, кайра оңутун тапкан, кыялы көп кырдуу. 1954-жылы чоң атам каза болгондон кийин Арынбекти атам үйлөндүргөн. Ага дейре окуп, билим алсын деп, Кызыл-Кыя, Ош шаарларынын орто окуу жайларына жиберген. Кесиптик окуу жайдан орто билимди жана тракторист-машинист деген кесипке ээ болуп, бирок ал кесипте эч качан иштеген эмес. Агабызды үйлөндүрүүгө убакыт келгенде, өзү Тасма уругунан болгон менен Кайың-Талаадагы жору туугандарында жашап, турук алган Турдугул байдын кызы Сонунбүбүнү ал деп, атам Арынбекти күйөөлөтүп жиберет. Анын апасы өзүбүздүн эле эжебиз Күкөн.

Сонунбүбүнү жандап, көздөрү күлмүңдөгөн сары кыз кошо чыгат. Болочоктогу жары оосарланган, эрке мүнөздүү жан, жалгыз кыз экен, өзүнчө эле оозун чоюп, күзгүгө каранып жатып: -Ысман сулуубу же мен сулуумунбу?-дегени Арынбектин кулагына угулуп калат. Эмитен эле ооз кесир сүйлөгөнүн жактырбаган агабыз анын жанындагы жылдыздуу кызга көзү түшүп, жактырып калганын жашырбайт. Ал кыз азыркы Салима жеңебиз, кайындап, сөйкө салып койгон жери атагы таш жарган Майтике балбандын Курмангали деген уулу. Агезде Салиманын атасы Ташыбек кудабыз – Жору элине башкарма, болуп-толуп турган чагы дейт. Атам ар кандай тоскоолдуктарга карабай, Арынбек агабыздын сүйүктүүсүнө баш кошуусуна болгон күч-аракетин, бар байлыгын салып, зор салымын кошот.

Салима өңдүү-түстүү, көпчүлүк жигиттерди тамшандырган татына саргыл, жаш кезинен тикмечилик өнөрдү өздөштүрүп, өзү сүйгөн, өзүн сүйгөн бозоюна чийбаркуттан костюм-шым тигип бериптир. Мынча болгондон кийин атамдын ар-намысы ойгонуп, талашка түшкөн кызды келин кылып алуу үчүн аябай жанталашат. Атактуу Манасты Санрабига энебизге үйлөндүрүүдө бир көрүнүш бар го, кызды кыргыздарга бербестин амалы кылып, төлөй албай турган сан жеткис калыңды салышкан. Ошол сыңары Ысмандын күчү жетсе төлөп алсын дешип, кырк миң сом сураган экен. Бул сумманы табыш кыйын эле, бирок бөлүп-бөлүп берүү жагын сүйлөшүп, Ташыбекке паланчанын көзүнчө мынча акча бердим деген жазуу түрүндөгү кагаздары азыр да сакталуу. Кызыгың түшкүр, ал кездин кыздары кымбат окшойт.

Ошентип, кызынын баркын көтөргөн башкарма кабелтең калың алып, кайра кайтарымын – себин



бергенде элдин сөзү менен көзүнө түшүп, кыйлага уу-дуу болгон. Күмүш бастырылган ат жабдыктарын жасатып, аны келишкен жоргого токутуп, алдына салып, жууркан-төшөгүн, сандыгын, идиш-аягын алып келгенде ата салтты абдан сактаганын далилдей алган. Арынбек авам өзү жактырган сүйгөнүнө үйлөнүп, кырк миң сомдук келин кандай болду экен дегендер эшигинин алдынан кетпей, Салима жеңемди көрүүгө ашык болгон боз уландардын катары күндөн күнгө көбөйгөн. О-о, агезде 40 000 сом деген, эбегейсиз чоң акча экен! Бактыга жараша, эки жаш эл ичинде ынтымактуу, байгер жашашты, бактылуу ата-энелер. Авам Ош мамлекеттик педогогикалык институттун география факультетин бүтүрүп, пенсия курагына чейин мектепте үзүрлүү эмгектенди.

Атамдын бир тууган карындаштары: Какы жана Жамила удаама удаа төрөлүшкөн. Какы эже Терек айылындагы Кадыр аксакалга турмушка чыккан. Эжемден мурда да үйлөнгөн экен, эки уулу эжемдин колунда өсүп-жетилди. Жездебиз учурунда Жаман-Тал чөлкөмүндөгү “Күн жарык” колхозунда башкарма болуп иштеген, элге эмгеги сиңип, кадыр-баркы өткөн адам. Ошондуктан Кадыр аксакал тууралуу жазып жатам. Молдолук сабаты бар, өз мезгилинин мусулман динчиси. Эжем экөө уул-кыздарын эрезеге жеткирип, бактылуу өмүр сүрүшкөн. Балдарынын улуусу – Шайырбек белгилүү обончу, Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер наамынын ээси. Жаман-Тал, Терек айылында талантуу адамдар арбын, атай кетсем: Бакеш, Бокон аттуу комузчулар, Мергенбай, Годовай, Жеңишбек, Апы сыяктуу ырчылар чыккан.

Азыркы кезде эже-сиңдилүү Эркинбаевалар ырдап жүрүшөт. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, талантта-

ры ташып, үндөрү таңшып, уккан кулактын кумарын кандырат. Ал эми илгерки Бакеш комузчу атактуу Карамолдодой кара күүлөрдү кемелине келтирип, чоң комузчулардын салтын улаган. Айылдан чыкпай, өнөрү өзү менен өтүп кетти, уулу Кошбай комузчулардын республикалык кароо-сынактарына катышып, байгелүү орундардан куру калбайт. Жеңишбек менен Шайырбек кыргыз кыйырына белгилүү обончу, аткаруучулардан. Какы эжем ошол таланттар такшалган, таңшыган айылдагы таанымал адамдардын биринен болчу. Колу ачык, тамак-ашы берекелүү, мээримдүү мүнөзүнө ниет-пейили жарашып, ар дайым маңдайы жаркып, өзүнө тарткан өзгөчө касиети бар эле. Бейиши болгур, жерге жаксын.

Жамила эжем Күйөө-Таштык Жоош уруусунан Бакиев Чигитай менен баш кошуп, он баланы тарбиялап өстүргөн "Баатыр эне". Жездем экөөнүн жашоосу малчы болгондуктан жалаң тоо-ташта өттү, алар колхоздун же совхоздун бир короо коюн багышкан. Сагындык Өмүрбаевдин "Телегей" романы бар го, ошол Телегейдин тагдырын, кылган эмгегин Алайкуу өрөөнүндө атамдын карындашы, менин эжем кайталады. Учурунда колдоосу жоктугунан эң жогорку сыйлыкты – "Социалисттик эмгектин баатыры" наамын жана Алтын жылдызын ала албай калган. Болбосо Жамила эжемдин эл алдындагы зор эмгеги менен энелик касиети кандай гана каармандык! Кара жанына карап, жылуу үйдөн чыкпай, ысык-суукка тоңбой, түйшүк тартып кыйналбай, тынч жашай берсе аны эч кимибиз иштей берсин деле эмеспиз.

Боорукерлигинен да кыргызчылыгы күчтүү өнүккөндөй. Иниси Арынбектин балдары токтобой жүргөндө ырым кылып, Нурбек деген уулун багып алган.



Ден соолугу темирдей чың болсун деп, атын Чынтемир коюп, өз баласындай, эч нерседен кемитпей, эркин чоңойтуп-өстүрдү. Бул жөрөлгөсүн кудай да жактырды көрүнөт, ошондон кийин Арынбек авам эки уул, үч кыздуу болду. Балким, Жамила эжем түбүбүздөн бери келаткан ырым-жырымды учурунда жасабаганда бир тууган иниси үй-бүлөлүк көйгөйдөн жүдөп, тагдырына таарынып, жан дүйнөсү жабыркап, көкүрөгү кирдеп, көңүлү бузулуп, көптөгөн кыйналыштарга тушугат беле, ким билсин. Эжебиздин билермандыгы, көсөмдүгү менен бир үй-бүлө бүлүнбөй же бир шаар урабай, ынтымактуу, ырашкер жашоосун улантып кеткени калетсиз.

"Карайласаң – карындаш тап", "Кардың ачса карындаш изде" деген макалдын түпкү маңызы алыскы Алайкууда жашаган тоолуктарга арналып айтылгандай. Райондун борборуна, андан ары Өзгөн, Ош шаарларына кызматтык иш сапарлар менен барып-келип турган атам үчүн өйдөкү накыл эки эсе мааниге ээ. Себеби, мейманкана менен конок үйлөрүнүн ал кезде аты бар заты жок эле. Эптеп конуп кеткенге жараган менен бир мүчөсү кем адамга үйүндөгүдөй шарттын жоктугу ар дайым кедергисин тийгизип, кээ күндөрү кейиген абалга жеткирчү. Ошондуктан ал тарапка буту баспай, бир туугандан артык карындаш тапкан. Ал – Топо эже, кыткылыктап, шаңдуу күлүп жүргөн, мээрими мейкин төгүлгөн, аймүрөк аялзаты. Адамды сыйлаган жана баалаган жагынан ал кишинин алдына чыгыш кыйын дешчү.

Келиндери ич-ара: -Каткырган эже-дешип тергешкен менен, сый-урматтан айрылбады. "Ысман акем келатат" дегенде ысык чайын, жылуу төшөгүн белендеп, жаркылдап-жайнап, атайы күтүп турганы өзүнчө

эле ажайып дүйнө. Кызыгы, ал атам менен уялаш же тукумдаш эмес, бирок бир туугандык сезими жашта-йынан өөрчүп, жакындарына караганда кыйла жого-ру болуптур. Топо эжеден кийин атамды жана жал-пы Одон атадан тарагандарды мээримине балкытып, жаркын маанай менен тосуп алып турган Акыш эжем эле. Алтыным, Акыш эжем, оорунун айынан түбөлүк-түү жайыңа эрте кетип калдыңыз. Сиздин жылмаюу кетпеген жүзүңүз, күлмүң көзүңүз, жылуу мамилеңиз биздин жүрөгүбүздө дайыма сакталып турат. Элеси-ңиз эсибизде, эң мыкты эжебиз болгону тууралуу не-бере-чөбөрөлөрүбүзгө ар дайым айтып өтөбүз.

## АТАМ ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШ

*Дүйнөдө түрлүү сонун бар,*
*Түгөнбөйт тура сонундар.*
*Түбөлүк менин сонунум,*
*Трууган эл жүргөн ой-кырлар.*

***Байдылда***

*Алайкуу менин сыймыгым,*
*Жүрөктө медер ыйыгым.*
*Ажайып асыл сезилет,*
*Атакем жүргөн ой-кырың.*

***Куштарбек***

Табият менен атамдын турмушу ажырагыс эле. Кө-рүнүшү көркөм, жаратылышы жакшына, абасы менен суусу дары, өскөн чөбү, тал-тереги керемет, топурагы тургай, ташы алтын – көптөгөн элдердин көзүн кызарт-



кан, табылгыс, таза аймакта төрөлүштүн өзү – кудай сүйгөн пенде экенинен кабар берет. Ал 1958-жылдан баштап, китепканачылык кызматка өткөндө узун моюн, жалы жалындай ыргалган Карагер жоргосун минип, Алайкуу өрөөнүнүн болгон-бүткөн кооз жерлерин кы-дырганы чындык. Арбындуусу жумушуна байланыштуу болсо, айрым учурда ышкысы күч алганда аңчыларга кошулуп, аска-зоону аралап кетмейи болуптур. Аны да атам менен жанына кошо баргандар жөн айтышпайт, көркөмдөп, кошолонтуп жибермей адат ко, ошондой окуялардын бирин атайын айта кеткеним оңдуу.

Мергендер кийик изи гана чубап өткөн тескейде аттарын жетелеп, алды-артын карап, арандан зорго абайлап өтүшөт. Атам андай “кыяматтын кыл көпүрө-сүнөн” оң жагындагы жыгач бут менен басууга чама-сы жок, мүмкүн да эмес. Айласыздан артта калат, анан алар атама: -Аркы беттеги айланма жол менен кели-ңиз-деп, акыл айтышат. Антейин десе, анын убарасы көп, 3-5 саат убактысы коройт. Башын тобокелге бай-лап, беттегенин бербеген өжөр – көктүгүн карматса керек: -Эй, жигиттер, силерде эки бут болсо, менин атымдын төрт буту бар-деп, Карагерин жалгыз аяк чы-йырга салып, баш айланткан тик, бийик беттен бас-тырып жөнөйт. Муну көргөн мергендер ичтеринен: -Атаны, кокуй-ай, эми Ысман чолок учуп өлсө, догуна калдык-дешип, көздөрүн жуумп жиберишет. Акырын ачып карашса, атам аман-эсен алардын жанында.

Минтип тоо-таштуы аралап, кийик кубалаган күн-дөрүнө сан жеткис, жарым жанында жатак болбоду, жаратылышын сагынган кезде жапайы сезими – аң-чылык ышкысы менен кумары дүүлүгүп кетеби, ки-йикке чыгып келүүнү кээде өзү уюштуруп жибермейи бар эле. Бир күнү эки-үчөөнү ээрчитип алып, Эки-Чат

жайлоосундагы кайберендердин дүйнөсүнө бүлгүн салганы жөнөйт. Алдыдагы тозотчусубу же артындагы айдакчысыбы, айтор, жандоочусу жаңылган көрүнөт, шыралга тургай, шыйрак жок, шаабайлары сууй шалдырап, кабактарына кар жаап, куру кол кайтышат. Жолдо ката: -Сен кылдың, мен кылдым-дешип, бири бирин күнөөлөгөн күңкү кептердин аягы чырга айланат, анан кантет, эки күндөн берки бекерге корогон убарасы, чарчап-чаалыккан ал-абалы, андан да азыктары түгөнүп курсактары ачканы мергендерге жакшынакай, жаркын маанай тартууламак беле?!

Уруш-сөгүш улам катуулап бараткканда атам аларды тыйып: -Ай, баатырлар, араздашканыңарды токтоткула, азыр Адан ветврачтыкына кайрыла кетебиз. Атыңарды ылдам бастыргыла-дейт да, буйткадагы субай кой баккан короого беттеп, алдыга түшөт. Алы күчүнөн да, шайы оогон жигиттер бир аз жанданган дай тез-тез теминише боз үйгө жакындаганда аларды тосуп чыккан Адан аке аттарын алдыртып, учурашкан соң, жолу болбой келаткандарын жаземдебей сезиптир. Ал көп жылдар бою кызматында эл менен иштеп жүрүп, жөн билги болуп калганбы же балким салтты сактагандыр, айттырбай эле торпоктой чарыны – төгөрөк тиш ирикти көтөрүп чабат. Адегенде карчыганын бүлкүлдөгүнөн тууратып, бөйрөк майына куурдак даярдап, ачкалыкты алыска айдатып, артынан көрөңгөлүү бал кымыздан бастыртат. Баягы бири бирин көрөйүн дегенге көздөрү жок аңчылар сый ээсине, анан Ысман акесине ыраазы, үйдү үч көтөрө бака-шака.

Эт бышкыча эрмектешип, аркы-беркини сүйлөп, маанайлары көтөрүңкү. Адамдан өткөн өзгөрүлмөлүү жандык жоктой, акетай, биртике ысыкты, биртике суукту, кымындай кыйынчылыкты көтөрө албагансып,



териси тар. Үч саат мурда эле үтүрөңдөгөн, үрпөңдөгөн кебетелери кайда кетти булардын? Жан жыргалы жашоосундагы жакшы мамилеге, ичкен ашка, жылуу төшөккө байланганбы? Суроолору абдан көп, жооптору аз-маз, арбыны курук, ар кимиси ар кандай айтат. Анткен менен атамдын жандоочулары кадыр-барктын, сый-урматтын кандай экенин өз көздөрү менен көрүп турушту, Ысман акесинин арты менен союш союлуп, сый көрүп, шатыра-шатман отургандарына көңүлдөрү карк. Алардын туюмун билгендей, атам орусча бир сөз кошуп, кошул-ташыл куюлуштура бакылдап жиберип-тир: -Мына, Адан иним мой мерген, мага арнап кой союш берген, күтпөпмүн-ой силерден, кийик атпай куру келген... Уккандын баары күлдү дейт, ошондон тарта Адан акеге “Мой мерген” аттуу жардамчы ысым ыйгарылып, элге тарап кетиптир...

Карагер жоргосуна катуу ишенчү, аны менен бастырганда дүйнөсү түгөл, көңүлү куунак, жаны менен тулкусу шайкеш, эч нерседен капарсыз, жашоосу жыргал, андан өткөн бактылуу киши жок болчу. Экөөнүн ортосунда көзгө көрүнбөгөн, колго илинбеген бир укмуш мамиле бар эле. Атамды адам десем, атын айбан десем да, мен түшүнө албаган, бирок булар ич ара туташ жана сырдаш, ойлогонун айттырбай билген достордой таасир калтырганы кызык. Карагерди кокусунан бөлөк бирөө минип калды дегиче, чунаңдап, кыялы чыгып, кыйлага барып жоошуганы мага дайын. Ал эми ээсин көргөндө кадимкидей эркелейт, менимче унаа, көлүк, мингич катарында эмес, өзгөчөлүгү артык, ким билсин, өтө эле башкача байланышы бардай. Балким, мындай мыкты, ушунчалык жакшы жакындык жаратылыштын сырдуу, купуялуу көрүнүштөрүнүн сыры болуп жүрбөсүн?

Ошол кадимки Карагер жоргосунан айрылып кала жаздаганына күбөмүн. Адегенде бийлик билерманы атыгып, андан кийин куу тумшукка айланган Никита Хрущевдин тушунда Алайкуулуктардын кең дүйнөсүн тарытты, жан сактоосу, жашоо шарты жалаң атка байланган жердештеримди: -Мындан ары менчик ат минбейсиңер!-деген катаал көрсөтмөнү жогортодон жумгактап, эшек түркүмүнө күн түшүргөн күндөрдүн биринде буйрукту ала дөбөттөй аткарып көнүп калган райкомдун нускоочусу – атама акырын кытмыр, кекээр менен кайрылат: -Сиз коммунисттик партиянын мүчөсүсүз, анан неге токтомду тоотпой, ат минип жүрөсүз?-деген суроосуна токтолбой туруп: -Мен чолок – ат минбегенде, сени минемби?-деп, бетке чапкандай жооп берсе, зал ичи күлкүдөн күйүп, мындай сөздү күтпөгөн нускоочу кызарып-татарганынан кирээрге жер таппай калыптыр, шоруң каткыр. Андан да артыгы аткан октой айтылган таамай сөз Алайкууну бүгүнкү күнгө чейин ай-жылдап айланып жүрөт.

Адатта, Алайкуулуктар аттын тизесине чейин кар жааган кезде карышкыр кубалашат. Ошондой бир тарабы сонуркаткан, бир тарабы коркунучка кабылткан эр көкүрөктөрдүн оюнуна эки ирет катышып, олжолуу кайтканы эсимде. Бирок, бир жолкусунда өз өмүрү менен кош айтышып кала жаздаганы тууралуу айтылган аңыздын аягы күлкүгө айланганын азыркыга чейин унута элекпиз. Карагерин камчылап, кууп жетип, тумшукка катуу чапканда эси оой түшкөн кашаба аттын алдына жыгылат. Эти оор атам эңкейген бойдон чалынган аттын башынан алыс кете, жыгач буту үзөңгүгө илинип, карышкырдын үстүнө түшөт. Кудайыма тобо, жаныбарым, Карагер жорго жан далбастап качпай, атүгүл кошкуруп да койбой, бир ордунан жылбай-



чычпай же ээсин сүйрөп кетпей, былк этпей туруп бериптир, акетай.

Аңгыча, карышкыр эсине келе, капырай, ал да тирүү жан го, эптеп суурула ордунан сендиректей турат да, туш келди качып жөнөйт. Атам жаткан жеринде турмушу кысталат, айла жоктон эптеп бир капталына кыйшайып, кырданган соң, табарсыгын бошотот. Андан кийин гана арттагы шериктерине кыйкырат. Алдыга келген айылдашы балдак бутту үзөңгүдөн чыгарып жатса: -Атаңдын көрү, жаман ит түлкүгө жеткенде сийгиси келет деген ушу!-деп, карс-карс күлгөн тура. Атамдын аман калганына шүгүр кылгандар огобетерден талаа жаңырта каткырышат. Ал эми тумшугунан тап жеген араң жан карышкыр деле алыс узабаптыр, кайкыга чыга бериштен Сарыбаргылыктар жаткыра чаап, бирди көргөнүн кебете-кешпиринен түкшүмөлдөшүп, сураштыра башташат. Ысман чологуна карабай көкжалдын үстүнө минип, заара ушатканын укканда ичеги-боорлору эзилген алар, күлкү акысына терисин жеткирип беришкени ырас.

Жаңы жааган кардан кийин сонордун убагы болду деп, атын минип, тонун кийип алып, төш тараптан кекилик, чил кармап келген көнүмүшү бар эле. Колунда куралы эмес, көсөөсү же тузагы жок кантип кармады деген суроо мени түйшөлтө берчү. Өзү келип конуп калгыдай үйрөткү куш болсо бир жөн. Балким, бала кезинде кекилик менен чилдин сырын баштан аяк окуп чыкса керек дейм. Жумурткадай аппак, жумшак карга чумкуган маалын, көздөн далдоо бөгүп жаткан абалын жакшы өздөштүрүп, кайсы учурда кандай аракеттенүү мүмкүндүгүн билгендиги менен олжолуу кайтат окшобойбу. Чилди азыраак кармады. Анткени “чилче тарады” деген туруктуу сөз айкашы бекеринен

айтылбаптыр. Учканда тез көтөрүлөт жана алыска барып конот, анысынан да ар бири ар тарапка багыт алат, топтошпой канат күүлөгөн адаты бар.

Кекилик байкуш оңой менен көтөрүлбөйт, анын жөргөлөгөнүнөн жоргологону көп. Өңгөчө өр тарапты көздөй баратканда бат чарчайт, бодур таштын коңулуна корголоп, башын ката чөгүп, жата калат. Мындайда ыктуулук менен ыкчамдык чечет, антпесең кармай албайсың. Азыр ал кездегидей кекиликтин саны азайган, адамдардын аёосуз аңчылыгы – өз натыйжасын тетирисинен тийгизди, күндөн күнгө, жылдан жылга үйүрү кемип баратат. Кудум кекилик сыяктуу бөдөнөнүн да акыбалы ушундай. Аны да атам актай алаканы менен кармап алганын укканым бар. Жайдын толуп турган мезгилинде Бектемиров Шамшы – колхоздун башкармасы, Бакиев Чычканбай – айылдык кеңештин төрагасы, Одонов Ысман – колхоздун парткому, үчөө тоют даярдоо үчүн чөп орунду жерлерди чалганы чыгышат.

Аттарын алчактата бастырып келатышса, алдынан бөдөнө учат. Көргөндө көз кычышат болуп, баягы үчөө паранданын артынан ат тизгинин коё беришет. Ат туягы дүпүлдөп, куш канаты дирилдек, жарышка түшкөн өңдөнүп, бөдөнө конгон жерге жете барышканда экөө нүн буту бүтүн да, аттан ыргып түшүп-түшпөй, чөп-чарды уйпалай, издеп киришет. Атам ат үстүндө айланага абай салып, астыртан карап отурса, бытпылдык түшкөн чөнинен бир аз өйдөлөп, жогору жактагы өзүндөй бозомук ташка корголоп, бөгүп жатканын көрөт. Акырын атынан ыгы менен ылдыйлап, бөдөнөнү кармап, койнуна салып, кайра атына минет да: -Э-э, акелер, издебей эле койгула, мен кармап алдым-десе, тиги экөө делдейген тейде, эч ишенишпейт. Ошондо бөдөнөсүн колуна алып көрсөткөндө: -Ой, шумдугуң кур, сен кантип кармап алдың?-дешип, таң калышат имиш.



Атам жылдын төрт мезгилинде Алайкуунун ичисыртын эки-үч курдай кыдырып келбесе, бир капталы эңшерилип, башы ооруй турган. Ошондуктанбы, өзүнө окшогон тынч жатпас, үйгө батпас дос-тамырлары, жоро-жолдошторду таап алгандай. Алардын айрымдарынын аты-жөнүн атай кетейин: Коо-Чатыдан Макеев Жакып, жаш чабан атыккан Мамбетжумаев Мамытжан, Теректен Жумакадыр, Борчу, Күйөө-Таштан Качкыналиев Сапа, Чычканбаев Жумабай, Кайыңды Талаадан Кадырберди, Арсбай. Булардын арасында аттары аталбай калган көптөгөн мергенчи ышкыбоздор таарынбасын, алдын ала кечирим сурайм, убакыт өткөн сайын көп нерсе эстен чыгып кетет экен. Менин билишимче атам Качкыналиев Сапа мерген менен аке дос, андан да артык – азилкеч теңтуш, ортосунда ала жиби жок достордон болушкан.

Сапа аке кыл мерген катары да элге таанымал, бир мезгилде агасы Мойдун менен: -Суурду көзгө атып өлтүрөм-деп, мелдеше кетет. Атылган суурду алып келип, агасынын алдына таштаганда: -Ой, мамааны жок Сапа, желмогуз эле экенсиң-дей, таң калганын жашырбай башын чайкап, жеңилгенин мойнуна алыптыр. Бир отурушта:

– Ысман бүркүт – мен күйкө,
Каруусун байкап көргөмүн.
Карабайт алсыз күчүмө,
Колуна тийсем өлгөнүм!-деп, Сапанын ырдаган жайы бар. Бул саптар экөөнүн азилдешкен оюн-тамашасынын бир үзүмү. Атам жыгач бутун узунунан сунуп коюп, жайма-жай отурганда, Сапа атайын тийиштик кылып, ары өтүп муштап, бери өтүп муштап, карматпай коёт. Эркелегендин эбин таппай, калжыңы кармаган ки-

шиге теңелмек беле, беш-алты жолу муштумун өткөрүп, кебелбеген калыбынан жазбайт. Акыры ашынып барат-канында учурун күтүп, удулун келтире, колуна тийгизет да, Сапаны телпектей жерге чабат. А-а дегенге алы кел-бей, анын асманы бир заматта астын-үстүн болот.

Көтөрүп урганына алымсынбай, жанагы жыгач бу-туна кыйла бастырып, өпкөсү көөп, бети-башы көгөр-гөнүнө карабай, акыры: -Абакебай, жаным, акебай, жеңилдим, багындым-дегенинде гана мурутунан жыл-майып, алдынан тургузуп ийип атпайбы. Олдоксондук менен ойногон жигиттин оозунан: -Өлтүрүп коё жаз-дадыңыз-деген жоошуган сөз чыгып, жели чыккан ча-начтай шалпайыптыр. Анан жогорудагы ыр ошондон жаралганы айтылат эл ичинде. Экөөнүн кылбаганы жок деп калышат, мен болгону бир мисалын гана ка-газ бетине түшүрдүм. Демек, илгертен айтылгандай: "Тулпар тушунда, күлүк күнүндө" тирүүлүктүн ыраха-тын көрүп, буюрган ырыскыны тең бөлүшүп, жады-рап-жайнап, жакшы мамиледе жүрүүнүн өзү бакыт. Сый-урматты да көтөрө билүү кажет, антпесе бат эле адамдардын арасына бүлүк түшөт...

Дагы бирөөн айтайын, жайлоонун толуп турган мезгилинде салкын абасын, түркүм гүлдүн жытын са-гынган атам Ток-Теке тараптагы ини досу Сапаныкы-на жөнөйт. Аке досун көргөндө ал барбалаңдап: -Ырас келипсиз Ысаке! Быйылкы баглан козудан барктуу ширбаздан союп, ооз тие элекпиз-дейт да, бата тиле-тип, этти казанга сала, кемегеге асып, атамды конок-той баштайт. Ара-чолодо ажыкыздарын карматып, калжың сөздөр менен кармаша кетип, капкайдагы кы-лыктарын эстешип, эки дос эстери оогончо азилдешет. Алар мындай күндөр бир келээрин, эртеси кайталан-басын жакшы билишет. Азил-чыны аралаш ойда кулак-



тарынын кычуусу канат, көңүлдөрү кушубак. Биринин сөзүн бири сүрөйт, биринин тамашасын бири жирейт, кабактары ачык, бүгүнкү шапар аларга буюргандай. Андан да, өз ара ымалалары төп келгенде, улуу-кичүү ортосундагы жаш айырмачылык мааниге ээ эместей.

Ширбаздын эти эзиле бышып, устукандары тар-тыла баштаганда, эшиктен салам айтып, Сапанын Ой-Талдык бажасы Окен кирип келет. Алик алгандар: -Кел, кел, нээтиң калыс экен-дешип, жарык маңдай менен тосуп алышат. Төрдө олтурган атам: -Пейилиң жакшы турбайбы, бышкан тамактын үстүнөн чык-тың, Сапа бажаң мага арнап козу сойду эле, эми сага да бирди соёт. Бирок анысы ысырапкерчилик болуп калат. Сен менин да мейманымсың-деп, алдындагы козунун башынан бир кесим алып, Окендин ой-бою-на койбой, колуна карматат. Башка бирөө болгондо: -Мен үчүн союлса, сыйлуу устуканды өзүм жейм-деп, мүмкүн, напсисин тыя алмак эместир. Напсисин агыт-кан адам жаман адам, эрки жоктугунан кабар берет. Ал эми, өз учурунда напсини тыя билген адам – мыкты сапаттагы адамдардын катарын толуктайт.

Ошентип, Сапа досунун сыйын көрүп, көөнү карк болуп, Кыздардын белин ашып, кийикке чыгышат. Ал кездин шарты жана жан жыргатаар жыргалы же ышкы-ны козгогон кумары ушул эле. Баягы: -Кең жайлоого ке-лип, бир суур тиштебей кеттим-деген иттин икаясы бар го, азилкечтер аңчылыкка чыкпай калды дегиче, ар-мандарын кимге айтмак? Андан көрө, кайберен колго тиеби же тийбейби, ага кайыл боло, Улуу Тоолорду ара-лап, аңкыган арча жытын искеп, жаратылыштын жагы-мына каректерди кандырып, таза табияттын койнунда камыр-жумур, кенен бастырып келгенге не жетсин. Ку-дай буйруп, ажалдуу кийик жолукса андан жакшы. "Кул

жебестин" куурдагына тоюп, ошол тойгон-татканга канիет кыла, адегенде керт башыңдын, андан кийин үй-бүлөнүн, тууган-уруктун, дос-тамырдын, жамы журттун амандыгын тилегениң оңдуудур.

Буйругу жок экен, бул жолу кийик доңшуп, аттырбай кетиптир. Кайра кайталы дешсе, атам андан ары Алай өрөөнү тараптагы Эки-Чат, Орто-Казык жайлоосунун эң алыскы чөлкөмүндөгү Жумакадыр чабандын журтун карай атынын башын бурат. Көптөн бери үй күчүк боло түшсө керек, киндик каны тамган жерди дагы бир сыйра кыдыргысы келгендей. Көргөндөрүнө көкүрөгү толбой, делебеси козголбой, моокуму канбагандай абалын айттырбай түшүнгөн Сапа алдын тоспой, ак жол каалап, артка кайтат. Атам андан аркы сапарын улай, жорго басык менен чар тарапка көз чаптырып тим болбостон – өткөн өмүрүнө, жасаган эмгегине саресеп салып, балдарынын келечеги жөнүндө ой калчап, таттуу кыялдарга баткан жок деп ким кепилдик бере алат? Акылдуу, асылзаада атанын жасаар иши ошо, кийинки урпактарга кам көрүү.

Жумакадырга бараткан атамдын ичинде дагы бир көлөкөдөй ээрчиген ою бар экенин жанындагылар кайдан билсин. Ал – оңой менен жакадан киши каттабаган түпкүрдө өзү менен өзү алпурушкан койчунун жашоо шартын, тиричилигин өз көзү менен көрүп, акыбалын сурап, кабарын билип келүү болчу. Мунусун мойнундагы милдетиндей сезип, узак жолго түшкөнү тегин эмес. Анда-мында ат чалдыргыча Карагерин эс алдырып, айлана чөйрө менен бир бүтүндүктү түзүп, Жараткандын жардамына, Кудайдын кудуретине тан берип, мелжеген жерине түн ортосунда жетет. Мурда көрүп-билбеген башка киши болгондо адашып кетмек, атам жайлоолордун коён жатагына чейин билчү эле. Жумакадырдын айылдагы акыркы жа-



ңылыктарды угуп, чечекейи чеч, жакшылап коноктойт. Аттанаарда эки текенин этин теңдей артып, узатыптыр.

Атам барган жайлоодон аттын жүрүшү менен айылга дейре түз жолго салса сегиз сааттай убакыт, кыска жолу беш сааттын тегерегинде. Жумакадырдын коңшусу Моруш: -Жүгүңүз оор болуп калды, кыйналбай эле түз жол менен кетиңиз-деген кеңешине көңүлсүнбөй: -Жок, жолдун жакынына карайм, Кара-Бел аркылуу кетем, мага сарсаң болбогула, түн бакырдыкы. Андан көрө атыма мингизип койгула-дейт да, кечкурун жөнөй берет. Курган киши конуп алып, таң эртеси чыкса деле бирөө бирдеме дебес. Бирок балалыгынан баштап өжөр өскөн кежир айтканга көнөбү? Бак тобокелге башын байлап көнгөн жаны алга сүрөп, айтканынан кайтпай, үйдү көздөй бет алат. Бийик тоолордун арасында бат эле күндүн көзү көрүнбөй, күүгүм эрте түшөт эмеспи. Карагер жоргосуна ишенип, караңгы талашкан жайкы түндүн кыскалыгын арданткандай, биз оор уйкуда жатканда келгени белгилүү.

Чабандар жайлоодон түшүп, жайланышкан соң, Жумакадыр менен Моруш келиптир. Атамды көрүп, сүйүнүп кетишти: -Кап, аксакалды жалгыз кетирдик, аман-эсен жетти бекен? Жок дегенде бирөөбүз коштоп барсак эмне?-дешип, сарсанаа болгондорун жашырышпай, акыбалын сурап жатышты. Алардын коркконунча бар, салт атчанды же алты саны аман соо кишини узатышкан жок да, кокусунан анын бетин ары кылсын, ара жолдон кырсыкка учурап калса, биринчи кезекте түздөн түз экөөнө сөз тиймек. Жоопко тартылбаса да, арты-кийин кусаматы күч болмок. Ошондуктан адамгерчилиги артык жандар бири бирине ар түркүн, ар кандай турмуштук кыйынчылыктар тууралуу алдын ала эскертип турушат. Мындай далалат

тирүүчүлүктөгү акыл-эстин, ой чабыттын, жанды сактоонун мыйзам ченеми.

Кабатыр болгондор кайтып баратып, атамдын жарым жан болсо да өзүнө ишенген баатыр мүнөзүнө, коркконду билбеген кашкөйлүгүнө суктанган болуш керек. Бирок мен башкача баа берет элем. Балким, алдында Карагер жоргосу болбогондо чабандарды убайымга салып, түн күзөтмөк эместир. Анын өзүнөн артык ишенгени минген аты, башкача айтканда жан шериги. Айбан дейин десең, акмак адамдан акылы өйдөлүгүндө. Соо бутун үзөңгүгө илип, коюу кара жалын бекем кармап, жыгач бутту ээрден ашыраарда, кудайыма тобо, жорго тизелей калып, ээсине жеңил мингенине жөлөк болчу. Анын бир ордунда былк этпей турушу – мен үчүн жаралуу адамга жакындан жардам берген дарыгер сыңар же алсыз, араң жан жаткан балапанына үйрүлүп түшкөн куш сымал элес калтырчу эле.

Райборбордон чабандардан кабар алабыз дешкен жоон топ кызматкерлер Алайкууга байма-бай каттап турушчу. Алар үчүн эт планын, жүн планын, төл планын аткаруу жүрөк оорусуна айланганы эл ичинде ачык айтылбаса да дүйнөгө дүң эле. Айылга адеп жеткенде эмнегедир атамды сөзсүз чакыртышат, а кишини катарына кошуп алмайынча иши жүрүшпөй, көздөгөн максатына жетпей калчудай, Ысман чолок буларды сактап жүрүүчү тумары сыяк сезилчү мага. Жаздоодон тартып, жайлоону, андан соң кыштоону кыдырып, мал түгөлдөгөн учурда жумалап үйдө жок болгону кадимкидей сезиле түшчү. Көрсө, биз көнүп калгандай, көзгө түшөр олуттуу орду бар экен. Келгенден кийин эмне болгонун жаңылык катары сураганда келки-келки жооп айтып койчу адатынан жазбайт, болгонун кийин элден угабыз.



Бир жолку барышында Терек ичиндеги зоо кыядагы окуя кыйлага дейре айтылып жүрдү. Элүү метр аралыктагы өр карай чыгып кетүүчү тик, жалгыз аяк тар жолдо аты менен токтоп калуу – арттагы атчандын тоодон учуп кетүү коркунучун жүз эсе камсыздоо дегендик. Ошол кыйчалышка активдердин бири токтоп калат, мүмкүн аты өрөпкүп, чарчап калдыбы же кадыр-барктуу Ысман чолокко кичине кыр көрсөткүсү келдиби, ким билсин. Кудай анын бетин көрсөтпөсүн, бул жардан кулаган киши соо калбас, бирок алты саны амандар атынан секирип кетип, жаны калышына кепилдик бар. Ал эми атам үчүн өтө кыйынчылык. Куйрук улаш келаткан Карагер жорго: -Эми чолок кантээр экен?-дегенсип, кыялый караган сынаакы көз караштты сезген белем, акылынан айланайын жаныбарым, алдыңкы аттын шилисинен тиштеп, акырын жол бошоттуруп, астейдил өтүп кетиптир.

Адам жаратылышында ар бир эле пендеге жага бербейт, баары эле ийгилигиңе, жасаган жакшылыгыңа ичи чыкпай, көрө албастык оорусу өтүшүп, айрым учурда өзүнөн өзү душман болгондордун караандары кездешет. Атамды жек көргөндөрдүн саны көп дебесем да, бирин-экинин көрүп калдым. Алар түз бет багып, ачык каршылашканга чыга алышпады, жолборстой күркүрөгөн Ысман чолоктун сүрүнө туруштук берүү кыйын эле. Ошон үчүн бирөөсү билгизбей, тымызын ушак сөз менен беделин түшүрүүгө далалат кылса, бирөөсү байкатпай, туурадан аты менен урдуруп жыгуу аракетин жүзөгө ашырууну көздөгөн. Бир жылы чабык мезгилинде Туюк-Таштагы иштеп жаткандардын өндүрүш ыргагын сындап койсо, арданган бригадир аты менен урдуруп жатпайбы, акетай. Анда да Карагер болушуп, анын атын шилиден тиштей, атамды сактап калган. Тиги артын карабай, качып кутулган, жүрөгү жок.

Алайкуулуктар райборборго машийне каттайлекте шатыра-шатман атчан барышчу. Узак жолдо кетип бара-тып, ошол учурдун башкармасы Асан менен сөз талаша кетет. Анан, анын кошоматчылары карап турабы, атам-ды аттан оодара тартып түшүрүп, башкарманын алдына басып беришет. Үстөмөндөп, бийликтин зээрине мас болгон Асандын мурдун астынан каңтара коюп, ордунан обдула турган атамдын кара жини кармаган бейм, аты-нын белин бек тартат да, баягы жандоочулардын арты-нан сая түшөт. Жеткенин жерге уруп, жетпегенине сөө-мөйүн кезеп, өчүн алып жатканда Орунбек теңтушу ойда көмөгүн көрсөтүптүр, көпкө чейин мулундай, мактанып жүрдү. Айылга келгенде: -Эр чекишпей, бекишпейт-де-гендей, Асан айкөл, кечиримдүү адам экен, аны менен жараштты. Уулу Турдубайды Мамбет менен достоштуруп, сыйлашып, катташып жүрүп өтүштү экөө бу жалгандан.

Ушак тараткан, кеп чыгарган душмандары: -Со-гушта өзүн өзү бутуна атып, чолок болуптур-деген жы-лымчы сасык, чындыгы жок, жалганга жакын маалы-маттарды жакшы эле таратышты. Мындай жаманатты сөздөрдү кан майданды кош катар кечкен атам кулак сыртынан кетирип, көңүл деле бурган эмес. Бир жол-кусунда, болгондо да чоң чогулушта айтылган айгай-луу жалаага ардандыбы же териге түштүбү, ким бил-син, арызын жазып, укук коргоо органдарына өткөрүп таштаптыр. Баягы пастыкка, ыплас ыкмага баргандар Совет өлкөсүнүн темирдей мыйзамдарына ылайык ка-димкидей тергелип, алды сот жообуна тартыла турган чакта – Акимжан авамды ортого арачы салышып, чө-гөлөп кечирим сурап, абактан тыш калышкан. Мунусу Ысмандын чолок бутунан өпкөнгө барабар эле.

Эсептеп көрсөк, Карагер жорго менен Ысман чолоктун бирге жүргөнүнө он сегиз жыл толуптур.



Өмүрдүн бир өңүрүндө экөөнүн башынан не деген ары кызыктуу, ары орчундуу окуялар өтпөдү. Аттын атама жасаган жакшылыгы арбын болгон менен, бир мезгилде ээсин жек көргөн учуру тууралуу айтып ке-түүгө тийишмин. Ал чагымда алыскы жайлоого кө-чүп баргандагы учурга туш келет. Аны айгыр катары жаш үйүргө агытат. Байталдар токтоп, бир баштанып калган кезде, атам иши боюнча мингичке муктажды-гы күчөйт. Аргасы жоктон кайрадан Карагерге күнү түшүп, кайран айгырдын жонунан үч-төрт күн токум түшпөй, үйүрүнө көз салуу үзгүлтүккө учурай баштайт. Карагердин карааны көрүнбөй калды дегиче, желени бөтөн аңгилер имерип, ээлик кылуу аракети күндөн күнгө арбыйт, жаш бээлер беймаза абалга түшүгат.

Кыштактан кеч келген атам Карагердин терин кур-гатып, таңашырып туруп, үйүрүнө агытып жиберет. Эки күн чарчаганын жазып, эртеси айгырды кармап минейин десе, эч жерде жок, ың-жыңсыз, жылан сый-пагандай тегерек-четтен табылбайт. Ары-бери бас-тыргандардан сураса, баары эле баштарын чайкашат. Ошентип, жорго жоголот, издей берип, атам суй жы-гылат. Жедеп шайы ооп, а дээрге алы келбей калганда, акыл калчаганы дөңгө чыгат. Ичинен: -Капырай, кара шумдук, бу жаныбар, жакын жерде болсо көрүнөт эле, болду болбоду алыс кетти. Андан көрө өткөн-кеткен-дерден сурайын-деген бүтүмгө токтоп, эки жакка көз чаптырып, салт жүргөн атчандардын караанын күтөт. Бир саатпы, эки саатпы, эсебин алган киши жок, алыс-тан бастырган жолоочуну күтпөй, астын тосуп чыгат.

Салам-алик болгон соң, жок жоготконун, издеп-издеп эси оогонун жобурап, Карагеринин дайнын сурайт. Тигил киши малдын өңү-түсүн, канча баш экенин такып сурагандан кийин: -Айгырыңыз Кара-

Саздан суу ичип, үйүрүн Кызыл-Колотко айдап кирип кетти-дейт. Атам ага алкышын айтып, үйгө кайрылып, кымыз ичип кетишин өтүнгөнү менен, ой-санаасы алда кайда оболоп, жоргосунун кылыгына, кыялына таң калганын жашыра албайт. Атчандын айтымында Кулданбестен кыйла ылдый, ыраактыгы далай чакырым Чийлүүнүн өндүрүнө жеткен экен. Эми ага чейин итапкан жол, көздөн далда, көрүнбөй качып кеткендей түр көрсөттү, каркыбар. Болбосо, боз үйдүн тегерегинен чыкчу эмес. Чукул келген чоочун айгырларга чукчуңдап, чунаңдап, тиш салгандан кайра тартпай, бул журттун чыныгы кожоюну ошол болчу.

Алыс качкан айгырдын дайны билинген менен атам үчүн айбандын ат жүрүшү белгисиз бойдон. Ары ойлонуп, бери толгонуп, чыныгы себебин аныктап алгысы келет. Басыгы түз, багыты бир Карагеринин артка кайткыс, карарган мүнөзүнө караганда табын жандырып алгандай, тили сүйлөбөсө да: -Сеники жетишет, Ысман-дегидей акыбалга жетип калгандай. Эмнеси болсо да жыты сиңишип, жан бирге жүргөн жоргосуна ичи ооруп, дилинен, көңүлүнөн туура жооп табалбай, бушайман болуп жатканда, Кудай Таала бир ойду кылт эттирди: -Атаңдын көрү, мен куруюн. Жан шеригимди таарынтып алган экемин! Акылыңан айланайын, жаныбарым, жолукканда мойнуңду кучактап кечирим сурабасам элеби? Өзүмдүн кызыкчылыгыма карап, сенин үйүрдөгү эркиндигиңди чектеп, чеки иш кылган экемин, кудай аткырдыкы.

Дөңдөн түшүп, боз үйгө баш бакканда эле, аттын жүгөнүн, ага кошуп торбого эки кочуш жем салып, Мамбет авама карматты. Жылкылар кайда жүргөнүн жакшылап түшүндүрө, кер эшекти минип ал деп буйура сүйлөп, жолго чыгарды. Жарым күн дегенде авам



айгырдын үстүндө үйүрдү алдына салып, конушка айдап келди. Атам барбалактап, уулунун айткандарын укканы жок, түз эле Карагерди көздөй басты. Ал дагы күтүп тургансып, селт этпей, кайра окуранып, жакын кишиси келатканына маашыр, көздөрү менен калдаңдай баскан караанды сүйүп турду. Жетип-жетпей, жоргонун мойнунан кучактаган Ысман тер жыттанган жалга мурдун тыгып, коркурата дем алган кезде, айбан да бошой түштүбү, ким билсин, айгыртепегин саландатып, кыртышты тешип ийчүдөн бетер заарын төгүп, ээсинин көкүрөгүнө башын жөлөй, көлкүп жатты.

Ушунусу менен ал дагы кечирим сурагандай, таарынычы жазылгандай. Айтор, адам менен айбандын айкашы сөзү жок сүйлөшүү аркалуу бири бирин түшүнүп тургансыган көрүнүштү жайлоонун жашыл ыраңына тартуулады го, чиркин. Экөөнүн мамилеси эриш-аркак, бир бүтүндүктү түзүп, бүткүл ааламды бириктирди, дүйнөнүн биримдигин, шайкештигин далилдегендей болду. Мындан ары мындай кылыкты кылбайм дегендей Карагердин чөгүп турушу – атамды кыйла эрдемситти окшойт. Ээр-токумун токуп, жоргосунун жонуна конуп, ак жуумал түсүнө жарашкан бакырaң көздөрү, кара кашы менен кара мурутуна төп келген күлмүңдөгөн жүзү куп жараша караган-чер тарапка шарт бастырып кетти. Бадалдуу туура жолдо бараткан жоргонун басыгына сымбаты келишкен атамдын олбуру бирде токой далдоосуна кирет, бирде булуттан чыккан күндөй жарк этет.

Экөөнүн элдешкенин кубаттагандай, бутактагы кара чыйырчык сымал чымчыктар да шактан-шаккка конуп, Ысман менен Карагерди коштоого алгандай, артынан чуу түшө ээрчип учушат. Куру калгансып куу тайганы да салпактап артында. Дакылдата бастырган атам-

дын бирде табият менен көркү чыкса, бирде табияттын атам менен көрккө бөлөнгөнүн ошол жердеги адамдар дүрбүсү жок эле таанып, боз үйлөрдүн алдында жаңылык, белек-бечкек, таттуу-момпосуйларды күткөндөр атчандын эрте жетишин тилеп, жапырт тосуп турушчу. Ысман чолок алар үчүн жаратмандыктын, анын ичинде жакшылыктын, жаңы кеп-сөздүн жышаанасына айланган. Ал киши маалыматтын, маданияттын чордонунда кайнап жүргөндүгүнөн эмес, адамгерчиликтин туу чокусунда, каада-салтты, нарк-насилди таратуучу инсан катары орду бар экендигинде эле.

Ошо кезде, айрыкча кыш мезгилинде мал чарбасын ал-акыбалын өз көзү менен көргөнү келген райкомдун 1-катчыларын санай келгенде арандан зорго бармак менен сөөмөй гана жумулчу. Көпчүлүгү жылуу кеңседеги жумшак орундуктан жылгысы жок, кол алдындагыларды жиберип коюп, үй койчунун таз кейпин кийип же көшөгөдөгү жаңы келген келиндей жүзүн жашыргандары арбын болгон. Алардан айырмаланып, эл үчүн эмгектенген, мыкты жетекчилердин бири Арстанбек Дүйшеев Сагындык колхозунун малчыларын кыдырып көрөм дегенде, атамдын Карагер жоргосун мингизишкен. Кайра кайтканында алдындагы ат түз эле үйгө бурулуп токтойт. Биринчи катчы: -А-а, аксакалдын үйү ушубу?-деп, күлгөн бойдон аттан түшүп, салт боюнча даам сызганы бар. Жоргого эле ыраазы болбостон, атамдын ишине да ичи чыгып, кызматта жүргөндө кабарын алып турду. Мына жакшы адамдын шарапаты.

Качан гана Карагердин эти качып, баягысындай каруу-күчү жок, карып калганы билине баштаганда атам эмне кылмак, ары карап ыйлап, бери карап күлүп, аргасыздан этке тапшырганга макулдугун берди. Он сегиз жыл оңой бекен? Жан шеригин эстегенде



маанайы чөгүңкү: -Атаңгөрү, жоргомон кийин атка жетпедим-деп, арманын ичке жашыра албай, ачыгын айтып жүрдү. Тукуму атасын тартат деген үмүт менен Тору атты токуп, мингич кылды эле, ал үркүнчөөк, анысы аз келгенсип, аягынан мүдүрүлчөөк чыкса болобу, туягы жаман. Канчалык көңүлүн буруп, сылаптарай, жакшы эле ардактап, тарбияга салса да Карагеринин карааны түгүл, куйругунун бир тал кылына тең келбеди. Чалпоо неме, атамдын оюндагысындай болбой, жылкы мүнөзүн карматып туруп алды. Атам да кызык, өжөрлүгүн айбанга да көрсөткүсү келдиби, өчөшүп жүрүп өтүп кетти.

Ысман чолоктун эки жолу карышкыр чапканын айтып өткөм. Дагы эки ирет жылаңач колу менен кайберен кармаганын эмне менен түшүндүрө алам? Эки буту эсен-соолор кармай албаган кийикти кантип кармады? Ой, койчу ай, бул карандай калп, кадыр-баркын көтөрө чалуу үчүн мактаныч кылган да, ме, мени кармап ал деп, телки же теке маңдайына келип бериптирби? Мына ушул сыяктуу ойлор жана суроолор мээни жеп, мазаны алаары турган иш. Көзү менен көрмөйүн кыргыз өлсө да ишенбейт. Ырасында жөн адам андайды жасай албаса керек, менин түшүнүгүм боюнча кайып дүйнөсүнө кайрылсак – атамды Кызыр жылоолоп жүргөн же Аллахтын амири аркылуу насип этилген деген тыянак чыгарууга туура келет. Эл арасында айтылгандай: -"Буйурбаган ашка ооз тийбейт"-дешет, балким, атама түпкүлүгү түз Көкө Теңирден буюргандыр, ким билет?

Август айынын аяк ченинде атам Ой-Талдын Чоң-Казык жайлоосундагы досу – Жумагул байдын журтуна сапар алат. Бел ашпай, түз жол менен барууну көздөп, Чоң-Казыктын чатын өрдөп жөнөйт. Жанында шериги жок, жалгыз эрте бастырган ал, түш оогон чакта бир ки-

йик чуркап-секирип, сууга түшкөнүн көрөт да, чочутуп ийбейин деп, акырын акмалап караса, суусунун кандырып, жээкке жакын өскөн кайыңдын көлөкөсүндө ылаалап турган экен. Адамдан өткөн жырткыч барбы, көзү кычышып, кантип колго тийгизердин амалын издеп, чычкысы ашып-ташыган сайын: -Э-э, кудай, бере көр-деп Кошу абышкадан өтүп тилек кыла баштайт. Же кароолго ала турган мылтыгы жок, каректери менен атып, абайлап баам салса көк мүйүз текечер куйругун ары-бери кыймылдатканы эле болбосо, эч нерседен элеңдебей бейгам, чаңкайып тийген күндүн ысык аптабынан аз-маз кутулганына жаны жай алгандай.

Баары бир теги тоолук эмеспи, жаштайынан кулунтайга чалма ыргытып көнүп калган Ысман чолок атынын арканын чечип, ага чылбырды улаштырып, ыңгайын удулун келтире, демин ичине алып, Кошу абышкадай жалынган тилегин ичинен кайталай, чалмасын ыргытат. Кош мүйүзгө илинген кыл аркан килейген жылкыны токтотуп атканда, кичинекей, тыгырчык текечер эмне болуп калыптыр. Коркунучту сезген кайберендин кутулам, бошоном деген аракети текке кетти, кайра кайыңга оролуп, каректерин жашылдантып, калтыраганын жашыра албай, койкоюп туруп берди. "Колго түшкөн коёнду, коё берген оңойбу?", атам ыгы менен буттарын бууп, суу жээгине жакындатып, бата кыла мууздап, иче-кардын алып салып, терисине эттерин жая сергитип жатып: -Кап, ушул кийикти кармаганымды бирөө-жарым көрсө болмок?-деп, кыялга батат. Анткени айткан сөзгө кыкеңдер оңой менен муюбайт ко, акетай.

Аңгыча, тоо тараптан: -Атсалоом алейкум, Ысман ава, бул жерде эмне кылып отурасыз?-деп, Ой-Тал колхозунун парткому болуп иштеген Казыбек келип калбаспы, кудайыма тобо. Ал эл-журтка төбөсү көрүнгөн



кызматкер адам. Кыздарын 1-сентябрга карата мектепке жеткирип бара жатыптыр. Аны көргөн атам сүйүнгөнүнөн: -Валейкум салам, кийик кармап алып, союп жатам-дейт, жайылган эттерге карай колун жаңсап. Казыбек да кыраакы жигиттерден, эки жагын астыртан карап, куралы жок экенине көзү жеткенде, текечерди кантип кармап алганын ийне-жибине дейре такып сурайт. Атам болгонун болгондой божурап, буйруктуу насип экенине басым жасап, аларды жолдон калтырбай шыралгасын салып берип, жөнөтөт да, өзүнө тиешелүүсүн куржунуна шыкап, андан ары Жумагул байдыкына жолун улайт.

-Оо, Ысманымдын кийик кармаганы чын, ага бирөө кайберендин боорун бермек беле?-деп, Жумагул бай ишенбегендерге Казыбектин көргөнүн бетке кармап, көпкө чейин айтып жүрдү. Ошондо Чоң-Казык жайлоосунда дагы эки күн мейман болуп, өкүл баласы Ормонго кийик аттырып, кайберендин этинен чүйгүндөтүп, куржундун кош көзүн толтуруп, үйгө келгени эсимде. Кийинкисинде 9-май, Жеңиш күнү болчу. Чарбадагы атка минерлерге кошулуп, Бармактын ичине ойноп келгени кеткен. Капчыгайдын ортосунан Орто-Казыктын кашка, тунук дайрасы агат, табияттын көрүнүшү көркөм, ажайып керемет. Суунун аркы өйүз, берки өйүзүндө кынала өскөн ак кайыңдар көз кумарды кандырып гана тим болбостон, көөдөндөгү сезимдерди бир укмуштай жандырат. Көргөн сайын жан дүйнөң жаңыланат.

Акетай, кай жакты караба арча, бадал жыш. Жаздын шаңына бөлөнүп, жаратылыштын оор кыштан ойгонгон маалында жашыл туландын арасынан жаңыдан кылтыйып чыгып келаткан гүл түркүмү айлана-тегеректин көркүнө көрк кошуп, көңүлдү көтөрөт. Келген-

дердин көбү өздөрү каалаган, өздөрү жакшы көргөн ишин жасап, шатыра-шатман. Бири суудан балык уула-са, кээси бодур таштан кекилик кууйт. Айтор, ар кими-си жарык күндүн жыргалында өзүн эркин сезип, курчап турган теребел менен жуурулуша сергип алгысы кел-гендей. Жакын жерден эликтин телкисин көргөн атам, жанындагыларды чакырып: -Тыягын тос, бер жагына чык-деп жатып, арты жарга такалган туюк черге камап, кармап алышат. Ошентип, аңчынын кейпин кийип, кы-зыгына кирип алгандар: -Ысман ава болбогондо качы-рып жиберет элек-дешип, атама ыраазы болушат.

Бул окуяны өз учурунда Кызыл-Жар ооруканасы-нын башкы дарыгери болуп иштеп жүргөн Кеңешбек Касымбеков ага айтып берген. Мындай баяндар Алай-куунун ичинде арбын. Жана өйдөдө Кошу абышка жө-нүндө кош сөз кыстара кетпедим беле, анын таржыма-лын айта кетейин. Антпесем, окурмандарыма түшү-нүксүз болуп калышы мүмкүн. Бизде "Кошу абышка-дай тилек кыл" деген накыл бар, ал чынында ылакап сыңары эсте калган, демек, турмушта орун алган окуя. Согуш маалында жокчулук менен ачарчылык кен-дирди кесип, оорuktагы адамдар кыйналып атканда Коо-Чатылык Кошу абышка кыш ортосунда жоон топ кийиктерди тоодон жолуктурат. Атып алганга чамасы жок, кайдагы мылтык, кайдагы ок – баары фронт үчүн жөнөтүлүп, тукулжурап турган чак. Анан ал чал ичи-нен да, сыртынан да кудайга жалбара баштайт: -Оо, Жараткан кудай, бир эле кайбереңиңди берип койчу. Үй-бүлөмдү жазга чейин ачкачылыктан аман алып ка-лайын-дейт, тыным албайт, оозун тындырбайт.

Анын тилегин, сураныч кудай кабыл кылган ок-шойт. Калың жааган кардын үстүнөн тозоңдуу куюн жүрүп кетип, тар жылгадан көчкү түшөт. Түшкөндө да



жөн түшпөй, туура тарапка өтүп бараткан чоң текени буйдамга келтирбей, кошо сүрөт. Абышканын тилеги жүзөгө ашып, кудайга жалынып-жалбарганы эселеп күчөйт, отурса да, турса да Улуу Жаратуучуга карата тилегин кайталап, окуясы ооздон оозго көчөт. Ошон-дуктан "Жакшы тилек – жарым ырыс" экенине ишенүү керек. Мынча болду, ушул жерден Күйөө-Таштык туу-гандарымдын мүйүзү тогуз карыш, семиз зор текени чалма ыргытып, кармаганы тууралуу окуяны баяндап, айткым келди. Теке жүгүргөн маалда Ажынын коо-сундагы Кызыл-Таштын түбүнө кайберен каңгып ке-лип, туруп калат. Аны көргөн авалар кыл аркандарын улаштырып, зылдай таштын үстү аркылуу аңдышат.

Байкуш теке катуу жүгүргөнүнөн чарчап калганбы же үйүрүнөн качкыдай кагуу жегенби, ким билсин, чал-мага илинип, колго түшөт. Кармагандар: -Кудай бизге насип эткен экен-дешип, кийикти союп, айылдагылар-дын эч бирин кур ооз калтырбай, этин теңдештирип, бө-лүп беришкен. Андагы элдин ынтымагы, улуу-кичүүнү сыйлаган адеби абдан мыкты – мөлтүр, кашка суудан да тунук болгону бүгүнкүлөр үчүн жомок. Баары тегиз, кимде эмне болсо ортого коюп, чогуу даам сызышкан, аз болсо да канагат алышып, топуктуу жашашкан. Бири бирине кол сунуп, жардам берүүгө ынтызар эле. Бүгүн-күдөй кайдан болсун, үйдү айланта туюк коргон тостук, терезе-эшиктерди чүмбөттөдүк, нан ооз тий деген сөздү мындай кой, дарбазадан ары короого баш бакпай кал-дык. Бул эмнеси, ниет-пейилдин бузулушубу же жаңагы ааламдашуу балакетинин белгисиби?

Жандуу жаратылыш да, таза табият да жабыркап, кең дүйнөсү тарып, тукулжурап, мүңкүрөп, жайдакта-лып бараткандай сезилет. Баягы биз бала кездеги Боз-Тектирдин кунары азыр башкача. Атам жылкыны ай-

дап келүүгө таңында таттуу уйкумдан ойготчу, көзүм жакшы ачылбай, чалыштап баскан сайын жер бетин аймалай, кылтыйып чыгып келаткан күндүн нурлары менен тең жарышкан торгойлордун бири 30-50 метр өйдө көтөрүлүп, сайрап кирет дейсиң. Анысы чарчаган-да экинчиси улайт, андан ары кийинкиси, айтор алар жарыша ырдап, менин алдымда кароо-сынактан өтүп жаткандай туюлчу. Булардын баарын бириктирсек – бир бүтүн ансамбль, жо-жок, акетай, мен жаңылышпып жатам, оркестр десем туура болоор. Кулакка жагым куюлган обон көкүрөктү көзөп, сезимиңди дүүлүктү-рүп, дене боюнду жибиткеничи? Анан, уйку-соодон ой-гонбой көр, көздөрүң умачтай ачылат ко, чиркин.

Учурда талааны, тоо-ташты, токой-бадалды ара-ласаң, мурундукудай шоокум угулбайт, торгойдун сай-рашы, сүйлөсөң сөзүңдү, ышкырсаң өзүңдү туураган качкычыгай, гүүлдөгөн үкү, түнкүсүн ар бир баскан ка-дамың сайын чыйпыйы чыга ээрчиген чыйпылдак чымчык жокко эсе. Ал эле дейсиңби, жай саратанда бутка буралган шиберди же тулаң чөптү араласаң, отуз метр аралыктан бөдөнө учуп, бытпылдыктап тур-ганы кайда? Бакырган эликтин, чуйкулдаган суурдун үнүн чанда эшитесиң, көздөрүн анда-санда көрүп кал-чу болдук. Атамдын калай челекке толтура чие терип келген кездерин сагындым, өзүмдүн мойнум жар бер-бейт. Ошондуктан балдарым жапайы чие кандай эке-нин билбей өстү, бүгүн андагыдай мөмө өнбөйт. Жыл-гындын тобурчагын терип, оюнчук кылчу элек, ал да калды. Айылдын этегиндеги эрте жазда козу-улакты агызган күкүктөп аккан дайрада мурдагыдай суу жок, көпчүлүк учурда сай кургак. Анан ушуларды ойлоп отуруп: - Эмне, булардын баарын атам өзү менен кошо ала кеткенби?-деген суроого жооп таба албай келем...

# АТАМ ЖАНА МЕН

*Баласы: -Ата, сен мени*
*чын эле жакшы көрөсүңбү?*
*Атасы: -Балам, менин сени*
*канчалык жакшы көрөөрүмдү,*
*өзүң балалуу болгондон кийин*
*даана түшүнөсүң. Ошондон*
*бери: "Балам, балалуу болгондо*
*билээрсиң" деген ылакап, накыл*
*кеп болуп, айтылып келе жатат.*

Ушул акылмандык менен айтылган кепти – мен би-ринчи атамдын оозунан уккамын. Аны кайра өзүмдүн уул-кыздарыма айттым десем аздык кылаар, өткөрүп бердим десем туура болот. Бул менин бирден бир ата-лык милдетимдин негизги өзөгү. Кайсы убакыт, кан-дай күнгө туш келбейли, атанын балага түшкөн наза-ры менен сүйүүсү чексиз экенин өз башыман өткөрүп келем. Бала – бул атанын бир тамчы канынан жарал-ган, туптунук агып чыккан булак, ата-эненин адамзат үчүн артында калтырган туягы жана түбөлүктүү жан-дуу белеги. Алгачкы жашоосу жана өмүр сүрүүсү ал-сыз болгондуктан, ал камкордукка муктаж, кароосуз калтырууга болбойт. Анткени анын – Адам баласы дей турган ыйык аты бар. Ордуңду басаар, ысмыңды чыга-раар, орун-очок алган конушунда түтүн булатаар, деги койчу, айта берсе сөз түгөнбөс.

Өйдөкү бөлүмдөрдүн биринде атамдын уул-кызда-ры тууралуу азыноолак маалымат берип өттүм. Балда-

рынын Ысманга карата өздөрүнө таандык жакшы мамилеси, ысык сүйүүсү, урмат-сыйы, ардактоосу арбын болушу мүмкүн, ал тарабын баалай албайм жана алар үчүн жооп бериш татаал. Ар кимиси ар кандай деңгээлде аракетин көрдү да. Эң башкысы атасына карата наразылык менен акаарат айткан жаман сөздөрүн уккан жокмун. Бирок мен, өзүмдүн ички, изги сезимдерим аркылуу атама багышталган аруу, аздектеп көкүрөгүмө сактап жүргөн урматым жөнүндө ачык айталам. Беш-алты жашымда болсо керек, атам Токмок шаарындагы маданий окуу жайдын китепканачы бөлүмүндө сырттан окуп, мамлекеттик бүтүрүү сынагын тапшыруу үчүн эки айга ичкери кетти. Бул сапары баарыбызга табышмак жана сыноо болду.

Бизди Токтобай агасына коңшу кылып, жайлоого көчүрүп барды да, мен келгиче каралашып тур деп, бир тууганына катуу табыштаган. Ошондогу окуусун бүтүп, кайткычакты убакыт мен үчүн тирүүнүн тозогуна айланды. Сагындым, куса болдум, кыйналдым. Күн санап атамды күттүм, эч нерсеге көңүлүм жок, элдир-селдир элдин эсебинде жүрдүм. Сагынычтан сары ооруга кабылат дегенди, кийин ойлосом, бала кезде эле өз башыман өткөрүпмүн, акетай. Буга чейин атам мынчалык алыс жана узакка кетчү эмес. Балким ушул жагдай таасир эттиби же жанынан чыкпай жүрүп, көнүп калдыкпы, ким билсин. Алыстан атама окшош калдайган караан көрүнсө эле, ал жакты талбай, телмире тиктеп: -Атам келатабы?-деген үмүттүн оту көөдөндө күйөт, жүрөгүм түрсө-түрс согот, баалуу бир нерсемди издегендей кайсалайм.

Атам окуусун бүтүп, дипломун алып, айылга жеткенде, биз бырылдап уктап жаткан экенбиз. Эртең мененки жылуу илебин чачкан күн нурундай, атамдын жүзүнүн



нурдануусу кошул-ташыл, боз үйдүн ичи түгүл, биздин, артыкча менин ички дүйнөмдү жапжарык кыла жаңыртып, сүйүнгөндөн, кубангандан баа деп, бакырып ийгенге жеткире, көкүрөгүмдү өрөпкүткөнү азыр да жадымда. Сагынычтын сары оорусуна дары тапкандай, атамдын мойнуна асылып, көпкө чейин коё бербей, кайра эле кетип калчудан бетер кучактаган бойдон тура берипмин. Баары бир өзүмчүлдүк өзөгүндө болот тура, менден башка балдары бар экенин деле ойлогон эмес экем. Качан гана апакем акырын колдорумду чыгарып, көз карашы менен астейдил зекиген кезде кезекте турган уялаштарымдын катарын көрдүм. Чагымда атам меники, мага эле тийиштүү деген түшүнүктө жүрсөм керек.

1968-жылы Ош облусунун Өзгөн жана Совет райондору бириктирилип, бир башкарууга өткөн. КПССтин жергиликтүү райкомунун 1-катчысы Жапаров Бейше биздин өрөөнүндөгү чарбаларды кыдырып калды. Сагындык колхозунда кышка тоют топтоо өнөктүгү начар, техникалар толук иштебейт, эл жайлоолорго боз үйлөрүн тигип коюп, кымыз ичип, чалкалап эс алып жатат деген сөздөр күчөп, чогулуштарда, кеңешмелерде айтылыптыр. Аны уккан биздикилер жөн жатабы, "Бөрк ал десе, баш алган" аткошчулар Алайкуу боюнча боз үйлөрдү бүктүрүп, бүлгүн салды. Жылың төө болсо да, каяша айтып, каршылык көрсөтүп көр – көргүлүктү көзүңө, кордукту колуңа, мыйзамды мойнуңа илип, өмүр бою өзүң эле эмес, үй-бүлө мүчөлөрүңө да өчпөс так салып коюу дарамети күч. Кыңк эттирбей, темирдей тартип менен бийлик жүргүзүлүп, корунуп, коркуп жашаганга көнүп калганбыз.

Ал Ийри-Суунун белинен Ак-Чуңкурдагы атамдын боз үйүн көрөт, жанындагы шыбырчыларынан толук маалымат алган соң, бурк этиптир: -Эртең боз үйүн че-

чип, жайлоодон көчүп түшсүн. Айтканды укпайт экен, партиядан чыгарабыз! Бул өкүм айтылган буйрукту дубай салам катары активдердин бири төкпөй-чачпай жеткирип келди. Айтканды аткарып көнгөн атам үчүн моюн толгоо деген унутта калгандай, таң эрте бизди тургузуп, боз үйүн бүгүп, малын иниси Орунбекке табыштап, Карагер жоргосун желеден кармап, ээр-токумун токуп, ага апам менен кыздарын мингизди. Өзү болсо кысыр калган үйрөткү бээге эки таңылчак жууркан-төшөктү артты да, артына мени учкаштырып, өндүргө карай бет алганбыз. Кыйла аралыкты артта калтырсак да, үн-сөзү жок, унчукпай, ойлуу бастырып келаттык. Негедир жол арбыбайт, атам менен апам өздөрүн күнөөлүү сезгендей, кабактары салыңкы.

Алардын абалын көрүп, мен гана чыйпылдап жибердим: -Ата, эмнеге Жапаровго барып айткан жоксуз? Мен ишим менен келип, кызматтымды аткарып жатам, бар, билгениңди кыл деп, көчпөй койсоңуз деле болмок! Мындан башка дагы көптөгөн суроолорду эле бербестен, көңүлүмдө канат байлап, делөөрүтүп, кытыгылап жүргөн кыялдарымдын чет-бучкагын да ортого жайдым. Чоң окушту Фрунзеден бүтүрүп, чоң кызматчы болгондо күчкө салып, элди бушайман кылбай, ишти ыгы менен жасайм деген ак эдил тилегимди айтканымда, атам адатынча барбаландап: -Тилегиңден айланайын, балам, чоң окуудан өзүм окутам, кудаа каласа-деп, кабагы ачыла кыялкеч өспүрүмдү, боз баланы огобетерден көкөлөтүп, таманымды жер бастырбай, талпынтып жатты. Ошондо акыл токтотуп: -"Ата – артыңдагы аскар тоо"-деген алмуздактан берки элдик макалдын чыныгы маанисин ачык түшүндүм.

Арада кеп-сөз жүргөн сайын жол арбып, кечээтен берки капачылык качып, көңүлдүү келаттык. Ал учурда Тар дарыясында көпүрө аттуу жок. Агын суу киргил тартып, күрпүлдөп кирип турган чагы экен. Кызыл-Мойнок тарапка салып, жайыктан кечип өтө баштадык. Кырсыкты кайдан деп болжойсуң, атам экөөбүздүн алдыбыздагы куруп калгыр, кысыр бээ дайранын чок ортосуна жеткенде, арткы буттары буранդап барып, итче отуруп калса болобу. Кудай көзүңө жамандыкты көрсөтпөсүн, чамынган сууга чалкабыздан кuladык. Кырдаалдын чукул өзгөрүүсүн жан туюму менен сезе билген атамдын кыйындыгы-ай, бир колунда бээнин чылбыры, бир колунда мен – өзү көчүгү менен отурса сомо таштай сороёт, суу агымы жонунан, мүрүсүнөн ашып-ташып жатат. Эки жагын карап, көз болжому туура келди окшойт, мени мойнуна миңгизип: -Бекем карма!-деген бойдон арты менен акырын жылып, ташы көрүнгөн тар жерге серпип ыргытты.



Анан апама: -Кыздарыңды түшүрүп коюп, айгырды минип, мага кел-деп, бакырып атты. Аял алсыздыгын кылат дегендей, окуяны көргөн көздөрүнөн мончок-мончок жаштар төгүлөт, боздоп ыйлагандан башка арга кыла алганы жок. Жыгылган бээге да жан керек тура, мүмкүн биз кулагандан кийин жүгү жеңилдей түштүбү, бир канча тыным убакыт өткөн соң, боюн түзөй ордунан туруп кетти. Чылбыры дагы эле атамдын колунда калыптыр. Коё бергенде абайлай басып, жээкке чыкты. Азыр ойлосом, атам өзүн эптей албаган начар киши болгондо, мени колунан чыгарып жиберип, канчалык кокуйласа да, агынды сыңар ала салып, анда-мында көрүнгөн уулун түбөлүк жоготмок. Ачыгын айтканда, сууга чөгүп өлмөкмүн. Балким, бүгүн атам жөнүндө китеп жазылбай деле калат беле, ким билсин, ажалым жок экен, ага атам аралжы болду. Атакем-ай менин, мен сизге миң мертебе ыраазымын!

Биз кыйсыпыр түшүп, кокустукка кабылып жаткан кезде Пазылов Токтомуш аке жапжаш жигит экен, врачтын окуусун окуп атканда практикага чыгып, үйүнө баруу үчүн кечүүгө келип калыптыр. Карагер айгырды апамдан алып, жетелеген бойдон атама жетти, атка жөлөп-таяп мингизип, дайрадан өткөнүбүзгө зор жардам бергенин кантип унутам? Жакшылык жерде калбас, агезде бала элем, кеч болсо да ырахматымды айткым келет. Бул – кыргыз элинин дээриндеги кыйынчылыкка тушугуп, бөөдө кырсыкка кабылып, караң күн түшүп турган адамдарга кол сунуу, көмөк көрсөтүү озуйпасы байыртан өнүккөн дүктүн эрежеси, мындайда бир да бирөө кайдыгер карап тура албас. Аттиң-ай, эртеңки күнү адамгерчиликтен ажырап бараткан акмактардын айынан алтындай, аруу касиетибизден ажырап калбагай элек.

Жээктеги ташка отуруп, тигишине чейин суу болгон кийимдерибизди чечип, тике тийген күндүн илебине курганып, аман калганыбызга шүгүр дей, эс-учубузду жыйдык. Ушундай өмүр баркы менен өлүм даамын сездирген Жапаровдун дарегине наалат айткандан башка кыла турган аргабыз барбы? Айрыкча мен үчүн райкомдун 1-катчысы ырайымсыз бир желмогуздай элес калтырган. Көрсө, ал киши жайык бет, олбурлуу, бакыйган адам экен. Бирок, азырка чейин Алай-куудагы боз үйлөрдү бүктүргөн окуя – "Жапаровдун үркүнү" деген ат менен аталып, эл ичинде эскерилип жүрөт. Ага каршы ошо кездеги жергиликтүү тургундар тикелей кармашып, уруш-чабышка чыга албаса да, сөз менен бийлик башындагылардын калпыс ишине карата айтылган жаманаттысы, алган өчү. Алды-артын карабай, карапайым калкка кастарын тиккендердин түбүнө сөз менен көз жеткен. Ошон үчүн кыргыздар жаман сөздөн, жаман көздөн сактанууну эп көрөт.



Атамдын арызга отуруп, райкомдун алдына барбаган себебин кийин билдим. Партиянын мүчөлүгүнөн чыгуу – ишсиз, каңгып калууга барабар дегендик. Мен муну Ош теле берүү жана радио уктуруу комитетинде иштеп жүргөнүмдө жакшы түшүнгөм. Кызматтык милдетинен жаза тайып, ката кетиргендер же бийликтин жогорку тепкичиндеги жетекчиге жакпай калгандар карандай жалаага кабылчу, каралангандар көз көрүнөө сынып, көчөдө калышчу. Алардын көпчүлүгү ичкиликке берилип, турмуштагы ордун таппай, талаалап кеткендерин көрдүм. Менин атамдын акылы бар экен, балдарын бакубат багыш үчүн 1-катчынын айтканын аткарып, айылга келиптир. Эми ойлосом, анысы менен ал баалуу, кымбат, өзүнө таандык эки нерсесин: биринчиден, партбелетин – коммунисттик кадыр-баркын; экинчиден, жумуш ордун – жеген токочун сактап калганга жетишкен турбайбы, бейиши болгур.

Жапаровдун кысымы тоолуктарга чоң тоскоолдук кылды. Андан кийинки кыйла жылдар баягы барктуу боз үйлөрдүн ордуна үңүрөйгөн чатырлар колдонулду, кээси кадимки алачык тигип, көздөн далдоо болууга аракет көрүштү. Көлөкөсүнөн корккондор кыштакта калып, ичтеринен чоңдорду жек көрүү менен сөккөндөн башка ылаажы табышкан жок. Чынында эле кең жайык, керемети күч жайлоолорубуздун касиети кетти, жаратылышка жакын эл "Улуктун укуругунун узундугунан" жабыркап, айласыз жатакчылыкка өттү. Ага дейре тайлуудан таяк, аттуудан аяк калбай, жада калса өгүзгө да үйүн жүктөп, ээн-эркин көчүп-конуп жүргөндөрдүн көбүнүн эки буту бир кончко тыгылгандай, тыйылып турду. Айыл арасындагы сөз – жайлоонун жаркын учурундагы арча жыттуу салкын абасын, жанга жагым кымыз менен саамалдын дарылык дабасын, деги койчу, баарын айтып түгөтө алышчу эмес.

Жайлоодой болобу, өспүрүм кезимде бир нече жыл катары Кулун эмбес Кулданбес жайлоосуна чыкканымды эстей берем. Балким, бул балалыктын эңсөөсү дейин десем, табигаттан таасирленген, жаратылышка жакындаган сонун күндөрүм ушул жерде өтүптүр. Бийиктиги деңиз деңгээлинен төрт миң метрге чукул, күн бүркөлсө сөзсүз жаан жаайт, жааганда да мөндүр урат. Шибер чөбү макмал килемдей жайкалат, жан-жаныбардын, өзгөчө канаттуу куштардын үн алышкан шоокуму – доошторудун бир укмуш шайкештигин кулактарыңдын түпкүрүнө куят. Буга булактын шылдыры же ташка урунa өндүргө жулунган суунун шары кошулганда музыка дүйнөсүнө сүңгүп киргенсип, сезимдериңди башкара албай, делөөрүй түшөсүң. Ал жактан арсайган бийик аскалардын артынан таң эртелеп, көөлгүй төгүлчүдөй чыгып келаткан күндүн көзүн көрдүң беле, бурадар?

Кол арага жарап, бой тартып калган балдар ата-энесине жардам кылып, ойдуңдагы токойго отунга барышат. А биз, чымылдаган чыт курсактар – футбол, тебетей телпек ойнойбуз, шабият тебебиз. Чарчаганды билбей: -Келегой, тамак ичип ал-деп, жалбара чакырган апабыздын айтканына моюн толгой, дитибиздин баары оюнда, же ага тойсокчу, акетай. Кез-кезде Жору менен Бөрүлөрдүн жаш балдары жаатташып кетмейи бар, эки тарап болуп мушташкан соң, эртеси эле эркекче кайра табышып алышат. Анткени, керилген жайлоонун сол тарабын Жорулар, оң тарабын Бөрүлөр ээлеп, чогуу-чаран, кошуна турушчу. Ал эми Кулданбестин төрүндөгү булактын башына Жаңыбай чоң ата туугандары менен конуп, туруктуу журту катары эсептеп, эч кимге ыраа көрбөгөндөй түр көрсөтүп, коргоп тураар эле. Атам эмнегедир аларга кошулбай, Күйөө-Таштык Доорон аксакал менен жакын коңшу.



Жаңы көчүп келгендерди мурдагы отурукташып калгандар өрүлүктөп келишет. Дасторкон кенен жайылып, пейилден нур төгүлгөндөй, ырыскы-береке чачкан, колдо болгон азыктар алдыга коюлат. Мындайда куймак менен кымыз көп колдонулаары эп, артыкча муздак кымызга ысык куймакты малып жегендеби, бах, чиркин, оборуң эмес, көзүң да ачылат. Капырай, кермек даамын айтпайсыңбы, кекиртегиңди кычыштырып, кырып өтүп жаткан менен дагы эле жегиңди келтирет. Андан да сиңимдүүлүгүн айтсаң, томпойгон курсагың кайрадан курулдап, эмелеки ап эткен тамагың кайда кеткенин билбей каласың. Бирок, кеп ичип-жегенге эле байланбайт, ак калпактуу аксакалдарыбыз, ак элечектүү энелерибиз төрдүн көркү, мыкты жөрөлгөнүн мыкчыгерлери. Ата-бабадан келаткан салттуу ырасминин жол-жобосун артындагы балдарына, жаш канат-бутактарына жол көрсөтүүчүлөр.

Айрым учурда өрүлүктүн өзү чоң тойго айланат. Анткени, өтө жакыны же карындаш уругу жерге-жээги, кызкыркыны менен түшкөндө тартуусу жок, куру кол келбейт. Демек, мындайда атайы арналып, союш союлат, казанга салынган эт кайнап бышкыча, отургандарды өнөрлүү адамдар зериктирбей, өзүнчө эле бекер концерт – шаан-шөкөттүү иш чарага айланат. Арасында урунттуу окуялар, жакшылыктын жышааны жандаган жаратмандыктар, элдин эртеңкисине кам көргөн демилгелер өндүү кеп-сөздөр козголот. Кыскасы, жашоо-турмуштун канча кыры болсо, ошолор тууралуу кеңири талкуу жүрүп, анын ак-карасы, пайда-зыяны талкууланат. Негедир ушундай отуруштар мага жакчу, ар кимдин сүйлөө ыкмасы, ага карата кол жаңсоосу, добушунун угумуна жана көз карашына жараша бет келбетинин өзгөрүүсүнө чейин кызыгаар элем. Аттиң, бул салтыбыз да калып баратат.

Бир курсак тойгон менен өспүрүм баланын көкүрөгү тойбойт экен. Күндө жаңы нерсени эңсөөсү күчөгөндө жанын коёрго жер таппай, өзүнчө эле бук боло баштайт. Көзү көрбөгөн жакка басып кеткиси келет, анын мындай умтулуу абалын жөнөкөйлөтүп түшүндүрсө болот, ал – кең дүйнөнү таанып-билүү зарылдыгы. Айламды таппай, айлана-тегеректи бир сыйра аңтарыптеңтерип бүткөндөн кийин үйгө мейман, конок келишин каалоочу элем. Ал карыбы, жашпы анча мааниге ээ эмес, эң башкысы мен билбеген, мен туйбаган, мен укпаган жаңылыкты же кабарды биздикилерден бир башкача, бөтөнчө окуяларды, баяндарды айтып берсе болду. Оюмдагыны окугандай, таң эрте кулун байлаганып, малды жайгара баштаган кезде боз кийимчен, сакалдуу, салабаттуу бир абышка баш бакты. Атам киргенкишини жылуу кабыл алды да, балдарды чуркатап коңшу-колоңдорду түгөлү менен кошо чакыртты.

Кымыздан кере жутушуп, кеселер тыным алган кезде атам баягы бизге сатып берген эмен комузду карыянын колуна карматты. Ал аспапты айланта карап, күүлөгөнгө өттү, анысы да башкача экен. Жан шеригин тапкандай жүзү нурданат, каниеттенгени каректеринен билинип турат. Кол ойнотуп киргенде үч кылдан чыккан үн – үй мүйүз тартып отургандардын угуу жөндөмү түгүл, көңүл кушубузду көкөлөттү, тулку-бойлорубузду термелте алды. Кылдат чертилген эзелки кара күү баарыбызды жаңырыгы менен арбап алгандай, койкойгон комуздун капкагынын ичине кирип кеттик көрүнөт. Манжаларынын учтары өйдө-ылдый кылдарга тийип тийбегендей кыймылдаган сайын кызыктай добуш бирде шартылдап, бирде пастап, тили жок сүйлөп жатты. Мына, шыбыргактап, нөшөр тынбай урду бейм, суу болуп калбайын деп, бир байкуш – балабы же кызбы дикилдеген тейде чымылдап баратат.



Ал аңгыча эле асман ачылып, Күн жаркыйт. Жылуу илебине, мээримине бөлөп, жаратылыш жандана түшкөндөй, үч кылдын ыргагы желге башын ийип, ыргалган аштыкты, кылдат кайрыктары чыйпылдаган, жем күткөн балапанды көз алдыңа апкелет. Күүнүн күчү менен сыйкыры ушунда окшойт, отургандар кымыз ичмек тургай, кең-кесири дем тартпай, мукам үнгө муюп жаттык. Ким кандай ойлоду билбейм, мен мейманды чакырган атама ыраазы болдум, эгер ал киши муну жасабаганда комуз кереметин кайдан, кантип туймак элем. Мени музыка дүйнөсү өзүнүн касиети менен биротоло чырмап салды. Күүнүн аягы, акыры шаңдуу бүттү. Уккандардын жүзү жаркып турду, анткени бул акыбал алардын дили, ниет-пейли кыйла тазара түшкөнүнөн кабар берет. Күнүмдүк турмуштун түйшүгү биртике болсо да эстеринен чыга бир көз ирмем эс алгандай болушту. Анан, алдыларындагы кымыздан ууртап-татып, комузчуга суроо узата баштышты.

Көрсө, биздикине келген кадырлуу мейман – Алайкуу өрөөнү эле эмес, аты дубанга маалым – Жору уругунан чыккан Сулайманкул деген чоң комузчу экен. Өнөрүнүн арты менен жан багып, жөнөкөй, карапайым адамдардан кыйла кырданып турганын көрүп калдым. Ошо кезде атагы алыска угулган өнөрпозду күү изилдөөчү Буудайбек Сабыр уулу Мамбет авам аркылуу Фрунзе шаарына чакыртканы айгине. Акемди айыл чарба жумушунан бошотуп, Сулайманкул күүчүнү алып келүүгө тапшырма бериптир. Атам ал ишке ортого киришип, кадырын канча салса да, караманча баш тартып, барбай койду. Көндүм мурасын өзү менен кошо ала жатты, аттиң, антпей койсо деле болмок дечи, бирок, адамдын жеке кыялын, керт башына таандык мүнөзүн түшүнүш кыйын экен. Ошентип, радионун алтын фондусуна жа-

зылган жок, Алайкуудан болгону Датка менен Кийизбай кыл кыякчылардыкы түштү.

Бир жаман жери, азырка чейин ал атактуу адам тууралуу эл арасында терс пикирлер айтыла калат. Өмүрүндө өзүнүн артынан шакирт күтпөптүр, башка бирөөгө өзү черткен күүлөрдү үйрөтпөптүр. Кыскасы, ичинин тардыгынан комузду колуна алгандарга бир черткен күүсүн экинчи жолу өзгөртүп кайрып, атайылап адаштырган адаты бар эле дешет. Торубай чоң атабыздын көзү өткөнүндө кыл кыягын сурап кетип, мындан ары аны эч ким тартпасын кыязында түбү оту менен сындырып салган имиш. Кийин анын небереси таберик катары сактоо үчүн кыяктын кайда экенин иликтеп, көпкө чейин убара тартып, таппай келген. Балким, Торубай кыякчы эрте өлүп калбаганда, Сулайманкулдай тежиктенбей, баалуу өнөрүнүн басымдуу бөлүгү радиого жаздырылып, бүгүн да жаңырып турмак. Биз, артындагы урпактары баркына жетип, сыймыктануу менен атын чакырып, мактанып жүрмөкпүз.

Атам менен менин мамилем, ачыгын айтсам, атабаладай эмес, азилкеч курбулардай өттү дээр элем. Себеби, өз учурунда колуна кол, бутуна бут болгон көзгө басары, акылдашчу да, кеңешчү да уулу, бир жакка чыкса көлөкөдөй ээрчиген карааны – нак өзүм. Мамбет авам окушта, кыздар апасынын жанында, жалгыз ишенгени мен. Канчалык жакын жүрүп, үйүр алышкан сайын, ошончолук ортодогу кеп-сөздүн көбү тарс эткен тамашага, астейдил азилге айланып, көңүлдүү өмүр сүрдүк. Күн өткөн сайын атамдын кыял-жоругуна, кылган ишине, сүйлөгөн сөзүнө, баскан-турганына баам салып, байкоого алууга үйрөндүм. Менде: -Э-э, акетай, бул чолок дагы эмнени кылып иет-деген чочулоо, жүрөксүнүү жок эле. Турмушта тутунаар, кармаш-



та карманаар, айтор, жашоонун жаан-жакшылыгында күтүп-күтүлбөгөн окуяларга даяр туруучу калбаат, бир чети катаал адатынан жазбады.

Кандай кырдаал болсо да, калыстыкты катуу каркыттап, акыйкатты андан ардактап, чындык үчүн чымын жанын садага чабаардан кайра тартпаган кайрат-күчүнүн бардыгы, ага кошул-ташыл адамды тике караган көздөрүнө айкашкан учурда бет келип көр, сүрүнөн сүрдүгүп, келбетинен ийменип, алыстан айланып өткөнгө мажбур болосуң. Айылдаштарынан ар кандай жагдайлардан улам акыл же жардам сурагандардын айрымдары атамдын алдына түз келе алышпай, ортомчу салган күндөр өттү. Ошон үчүнбү, Ысман чолок бирде прокурор, бирде сот, бирде милийсанын ролун аткарып, анча-мынча чыр-чатакты ич ара басып коймой кудурети бар эле. Бир жолу анын запкысына мен да кабылдым, уурулукка шектелип, барымтага алынгам. Аны айтпасам, ичим бышып кетет. Коңшубуз Токтош ава Оштон келип, эртең менен колун жууганда костюмун чечип, илип коёт. Чөнтөгүндө үч жүз сом акчасы бар экен.

Бир аз убакыттан кийин эле костюмун кийсе, акчасы жок. Ары издейт, бери издейт, таба албай, айласы куруйт. Анан, атама келип айтпайбы, каратып туруп эле жоготтум деп. Мына сага көрүп ал, Токтошко жолуккандардын жана аны көргөндөрдүн баарын, бирин калтырбай чогултуп, Тасма чоң атанын эски үйүнүн алдына тизди белем, чүкөдөй. Үнүн улам өктөм чыгарып: -Акча табылмайын, бул жерден эч бирөөң кетпейсиңер!-деген буйругун айтып: -Эгерим акча табылбай калса, каматам-деп, тыным албай күпүлдөп жатты. Ичимен өзүмдү өзүм кайра-кайра сөктүм: -Эмнеге таң атпай Токтош авамкына ойноп бардым? Атам да кызык, өз баласын ууру тутуп, кошуналарга күлкү кылды

го. Ушу кантип болсун?! Бирок, атам менин абалымды түйбагандай, дале өз билгенин улантты, ар бирибизден кимге жолукканыбызды, кимди көргөнүбүздү такып сурайт, кадимки тергөөчүнүн кейпинде.

Мен өзүмдөн эки жаш кичүү Какенге кез келгенимди айттым, ал биздин арабызда эместиги белгилүү болгон соң, эки жашка улуу Токтоштун баласы Замирди жерден чукусаң да Какенди таап келесиң деген тапшырма менен издөөгө жөнөттү. Ал кудайыма тобо, атама ууруну табыша турган түгөй, баш кесер жардамчысына каптап койгондой окшошот. Биз, барымтадагы күнөөкөрлөр, колго түшкөн туткундарча дубалдын түбүндө кыркалекей тизилип отурабыз, ары-бери өткөн айылдагылар кино көргөнсүп, таңыркай карашат. Атам андан бешбетерден басым жасаганын күчөттү: -Акчаны азыр бербесеңер, милицияга айтып, заставага каматам. Силерден эле бирөөң алдың-деп, күпүлдөй бакырат, жүрөгүбүздүн үшүн ала. Боз балдардын колунан эмне келмек, актанган менен айтканга көнө турчу түрү жок, ролго абдан берилип алыптыр. Анын үстүнө арстандай айбатына, каар чачкан сүрүнө, теше тиктесе көз оту албарс миздүү канжардай төшүңөн кирип, далыдан тешип өтчүдөй, ага туруштук берүү кайда?

Барымтада отургандардын айрымдары бышактап ыйлап башташты. Арасында чоң эле аялдар жүрөт. Алар да шайтан айдагандай, таң заар Токтоштун короосуна баш баккандар же учурашканы келгендер. Какен гана дайынсыз, калгандарыбыз Ысман чолоктун каарынан коркуп, бүжүрөп, каяша да айта албайбыз. Анда-санда: -Ий-е, ботом, балээ болбодубу, эми эмне кылабыз?- дешип, аялдар бирин бири тиктей шуңшуюшат. Саат төрткө жакын: -Какен жогору жакка качып баратыптыр-деп, издегендер аны кармаган жеринен



желкелеп, алып келишти. Ал суракта: -Алган жокмун, көргөн жокмун-дегенден башканы айтпайт, актанган сайын алактап, коркконунан калп айтып атканын билгизип койду. Аңгыча, ары жактан биздин дайныбызды билгени келаткан Калыя чоң эненин калтаарыган үнү чыкты: -О-о, ботом, акчаңар мына, жерде чачылып жатат, көргөндө буттарым калтырады, кагылайындар... Чын эле чоң энебиздин мууну бошоп калыптыр.

Пул жоготкон Токтош ава акчасын чогултуп санаса бир сому кем, калганы толук. Уурулукту атам тергеп жатканын уккан эргул ойлонсо керек, бул чолок ишти аягына чейин жеткире турганын. Ошондуктан үстүңкү жол менен келип, акчаларды кол жуугучтун жанына чачып жиберип, кайра качып баратканда кармалып калыптыр. Кайран Какеңдин кол туткагы-ай, уурдалган акчанын бир сомуна “Кис-кис” момпосуюн сатып алып, ар кимди оозанткан экен, айгак чыккан күбөлөрдүн саны заматта көбөйүп кетти. Кудайымай, биз бирөөнү күнөөлөгөнгө жөндөмдүү окшойбуз, жанале онтоп отургандарга да жан кирип, тикелей тирилип турушту. Какен өтө шок, кыйын бала эле, бой жетип, жигит курагында: -Мен тагдырга баш ийбейм, тагдырды мен багынтам-деген таасын айтылган учкул сөзү кулагымдан кете элек. Мынча болду, Какемдин кийинки тагдыры тууралуу айта кетейин.

Ал учурунда кыз качырып келип, колуктулуу болот. Анан, жаш келинди үйүнө таштап салып, өзү белгисиз жакка, дайын-дарексиз жоголот. Ата-энеси, ага-туугандары: -Ана келет, мына келет-дешип, бир ай күтүшөт. Акыры түңүлүп, айлалары кеткенде улуу агасы сүрөтүн алып, өлүү-тирүүсүн билүү үчүн бакшыга барат. Кагаздагы ак-кара элести көргөндө: -Капырай, ушунчалык да калп айткан адам бар экен-деп күбүрө-

нүптүр. Кайран Какем ошентип, көзү ачыктын да жүрөгүн түшүргөн экен. Азыр ал эң алдыңкы, айылдагы мыкты адам. Бардык иштин майын чыгарган, алтын колдуу уста, уул-кыздарынын ардактуу атасы, баркы бар бактылуу инсан. Кудай ыйман берсе, ага кошумча акылың болсо адамдык жакшы сапаттарың артат, ар кандай калпыс, жаман жолго салган, намыс-ардан айрылткан, өмүр бою жаманатты сөзгө калтыруучу адаттардан эртерээк айрылган оң, аны Аллах да жактырат.

Атама байланыштуу өткөн окуялардын учугун улаган сайын улам бири эске түшүп, жазып койбосом, эс алчудан эмесмин. Жайдын толгон мезгилинде Ак-Зоонун алдындагы кең жайлоодо Күйөө-Таштыктардын бир тобу айыл конушкан. Агезде адамдар жайытты бири биринен кызганбай, ынтымактуу чогуу отурушчу. Алардын арасында Жүжүй аттуу кемпирдин да үйү бар. Анын Болотали деген өспүрүм уулу зоонун ортосундагы жапалак арчаларды аралаган кычык жол менен эшегин минип, Кулданбес жайлоосундагы Сари абасыныкына айылчылап жөнөйт. Баргандан кымызга менен мыкчымага тойгон бала энесин эстесе керек, кеч күүгүмдө кой-айга карабай артка кайтат. Куушка жеткенде эртең мененки жолунан адашып, эшеги да жөн баспай, Ак-Зоонун үстүндө калат да, караңгы кирген сайын озондоп ыйлай баштаптыр. Коркуу сезими дүрбөлөңгө салды да, бечараны.

Жаңырган үндү уккандар жакындап барып, эмне болгонун сурашса, айтат дейт: -Ысман авама айткыла, айласын таап, мени ылдый түшүрсүн! Мен камалып калдым, кандай кылаарымды билбей жатам... Жагдайды түшүнгөн соң, алар атама келишти, мен: -Кызык эй, ары жакта алты саны аман Арзыбай уста, Доорон абышка турса, аларга айт дебей, оң буту жок, чолок



Ысманга айт дегенин караң. Авасы анда-мында чолоңдоп, караганда калпагың башыңан кулаган бийиктиктен көз көрбөс көөдөй түндө Болоталини көтөрүп түшмөк беле? Кудайды караса боло?-деп, өзүмчө эле туталана бердим. Мүмкүн, ошол учурда мага бирөө атаңды аяп жатасыңбы же бөлөк, чоочун баланы караган үчүн кызганычың козголдубу десе, жооп деле бере алмак эмесмин. Анткени атамдын андагы айкын аракетинин өнөгөсү тирүүлүктүн өзөгүндөгү өзгөрүүгө дуушар келбес милдет, шерт тура.

Ошондуктан атам балакайдын бир ооз сөзүн жерге таштаган жок, зооканы беттей басты. Жакындаган кезде үн салып, аны чакырып алды да: -Коркпо, бир аздан кийин толгон Ай чыгат, жарык болот. Мен кезек-кезек кыйкырып турам, сага эч ким тийбейт. Эшегиңди жайдактап, токулганды алдыңа салып жат. Кудаа кааласа, таң эрте жол таап келесиң-деген кеңешин үнүнүн жетишинче бакырып-бакырып, тоо жаңырта айтып атканда, айбат көрсөткөн арстандын күркүрөгүнөн өтүп кеткенсиди. Андан да артыгы коркконунан жүрөгү ордунан болкулдаган Болоталиге дем берди, жаш өспүрүмдүн ишеничин актаганы адамгерчилигинин туу чокусу белем. Балким, буту соо болгондо караңгыга карабай жанына жетип, коюндаша кошо жатып, ата баладай алака түзөөрү бышыктыр? Айтор, атамдын арты менен бала аман-эсен үйүнө келгендеги маңдай жарган сүйүнүчү менен кучагы толо кубанычы чексиз эле.

Болот – Али деп, ал балага кош ысым коюлганы көрүнүп турат. Элдин айтымында ошол эки адамдын атын көтөрө албай, жашоосундагы өсүп-өнүгүүсү кечеңдеп, турмушунда ар кандай тоскоолдуктарга учурап жатканы ошонун кесепетинен келип чыккан сыгындагы кеп-сөздөрдүн төркүнү күч. Бүдөмүк, купуя,

көмүскө, жашыруун табышмак катары ачык айтылбай, натыйжасы тууралуу жыйынтыгы же корутундусу жок, түркүн боолгонун, жоромолдун далили – айткан адамдардын абийирине жараша айылга тараганы чын, көпчүлүк ага ынап алган. Алардын бетке кармаар фактысы – бирге окуган парталаштарынан артта калып, класстан-класска көчпөй, анын төрт жылдык мектепти араң бүткөнү мисал. Балдарын коркуткан ата-энелер: -Сен жаман окусаң, Болотали болуп каласың!-деген далилдүү жүйөөнү күн алыс уул-кызына эскертип, коркутууга себеп табышкан. Бул окуяны төгүнгө чыгара албайсың, каршы да тура албайсың, бирок, мектепте көп жыл иштеген мен үчүн кечиримсиз нерсе.

Ымыркайдын торолушунда айлана-чөйрөнүн тийгизген таасири күчтүү болот, ошого жараша баланын мүнөзү калыптанат, ой-жөндөмү ойгонот. Бири шок чыкса, бири болбурап бош, эч нерсе менен иши жоктой, өзү менен өзү. Болоталинин өмүрүндөгү өксүк – анын жооштугунда, канча аракеттенсе да, айтайын дегени тилинин учунда калат, доошу чыкпайт. Мунун себебин мугалим катары жакшы билип калдым. Үйүндө жалгыз өстү, үйрүлүп түшкөн энесинин көзгө басаар уулуна айланды, ээн-эркин, эч кимге кошулбай, кадыресе кагылып-согулган жок. Кирпигине кир жугузбай, эмне каалаганын көз карашынан билген кемпир жаштайынан элге кошкон эмес, күйүп-жанып коргоп атып, тартынчаак, корунган өспүрүмдү коомдон алыстатып өстүрдү. Анын кесепетин кийин баласы тартты, көпчүлүк аны кем акыл сымбаты менен көрдү, мен актагандай болбоюн, бирок ал эстүү жана сезимтал эле. Ошо кезде мындай сапат айылдык балдардын басымдуу бөлүгүнүн шыбагасына таандык, көндүм көрүнүштөрдөн болчу.



“Үйралышкан жоо – атышаарга жакшы” дегендей, атам экөөбүздүн ортобуздагы мамиле барган сайын турмуштун тутумдуу ыргагына айланып баратты. Ачыгын айтканда, жакшылыктын жана жамандыктын тирүү күбөсү сыңары тирек болоор, жөлөк болоор жан күйөөрүнө айландым. Жаштыгыма карабай, атам мени менен эсептешүүгө өттү, кадимки чоң кишилердей кабыл алып, акыл сурачу болду же кеңешимди күтүп, менин чечимимдин маанилүүлүгүнө көңүл бургандай кыяз жасаганы аз келгенсип, кадыресе каада күткөн, акыл-эси ордунда, маселеге олуттуу караган, жоопкерчиликти моюнга алган эр-азамат катары сүйлөшкөнү жөн жерден эмес экен. Көрсө, мени чоң турмушка аттантып жатып, өзүндөгү көрөңгөнү, уңгусундагы уюткуну – дилиме, көкүрөгүмө, жан дүйнөмө, ички туюмума куюп, жуктуруп жаткан тура, жарыктык. Жанагы кыргыздагы дээр деген түшүнүктүн баштаты мына ушуга байланган.

Атам чолоктугуна карабай, үй оокатын, тиричилигин, бар-жогун өзү аткарчу. Колу тийбей калган иши калчу эмес, дубал урганда алдыңкы корук экинчи катардагы сокмону, ага кошуп 130 кг. салмактагы Ысманды көтөрүп турушу керек. Ошон үчүн урган дубалын шашпай тоборсутуп, үстүнө койгон ташын же кышын кылдаттык менен бири бирине байлаштырат. Бир ташты коюп көрүп, эгер жакпай калса, бул болбойт экен деп, ылайыктуу башка ташты тандап, алдыртат да, кынабын келтирет, анысы көңүлүнө жакканда гана жаны жай алчу. Айтканын айткандай аткарып, жардамчы болуп мен жүрөм, ал эми элдин балдары чаңды асманга сапырып, бейкапар ойноп жатышат. Антсе да ардыгып, ичим күйгөн жок, атама мен жөлөк болбосом, ким көмөк берет деген ой менен ой-

ноок сезимимди оргуткан каалоомду өчүрүп, өзүмдү өзүм тыйганды үйрөндүм. Минткеним кийин өз пайдасын берди, бир сааттык же күнүмдүк күсөөм менен көксөөмдү токтотту, акыл калчаганга көнүктүм.

Күнүмдүк керектүү буюм-тайымдарды жасоодо, оңдоп-түзөөдө устачылык жөндөмү ачык көрүнчү. Коңшулардын арасынан атама тең келчү кишини табуу кыйын эле. Кебелбей бир орунда отурат, эч жакка басып кетпейт, зарыл болгон аспабын же жабдыгын айта электе чуркаганы мындай турсун, аны таап, алып келүүчү уулу жанында. Анын бир артыкчылыгы – бир ишти баштадыбы, аягына чыгармайын жерден өйдө көтөрүлбөйт. Керек кезде тамак ичкенден баш тартчу өжөрлүгүн карматып, апамды, уул-кыздарын бушайманга салган күндөрү канча? Ал кишиде: -Эртең жасайм-деген кол шилтөө жокко эсе болчу. Адатта, биз, ишти убагында жасаган жапандар менен немистерди мактайбыз го, андай тактык атама кайдан келгенин билүү үчүн баш катырган күндөрүм өттү. Көрсө, улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун күн сайын адам болуу идеясы асмандан түшпөптүр.

Мен жогорку класстарда окуп жатканымда, атам адаттагысындай эшик алдында устачылыгын улантып жатты. Керектүү нерселерин алып берип, жанында отурган элем. Ылдый тараптагы чоң жолдон өткөндөр алаканга салгандай даана көрүнөт. Ана, жерге салаар шырдакты бөктөргөн эшекке баласын мингизип, бир зайып өтүп баратат. Караандарды ээрчий караган атам: -Бул ким? Кайдан келатат?-деп, бүшүркөй сурап калды. Ошол кезде жылкычы Макен акеге сыйлыкка тийген “Жигули” автомашинасын Мурзали алып, ага кошуп жаңы салган үйүнө той түшүргөн. Мамилелерин өтмө катар, бекемдөө үчүн уулдарын достошту-



руп, катуу катышып турган чагы. Жанагы жүк арткан эшекчен баланын энеси – жылкычы Макен туугандын аялы Беде эже болчу. Мага кудай берип койду, оозумду оңбогон чолок кычыштырып ийбедиби, мындайда жөн турмак белем, сөз менен келиштире согуп алдым:

-Тигине, Беде эже Мурзалинин тамына арнаган тартуусун артып алып, жеткени калды. Биз кудабыз дейсиң, зордуктап эле алардын кызы Базенге үйлөнөсүң деп, кулагымдын кужурун аласың. Кана, куда болсоң, сени тойго чакырганы? Элдин баары жакшылыкка кетип жатса, эшикте темселеп отурасың, колду бошотпой-деп, кыйлага күпүлдөдүм. Менин айткандарым атама катуу тийдиби же таасир бердиби, ким билсин, тескерисинче, жооп берүүнүн ордуна жан дүйнөсү менен денеси кошо солкулдап, карсылдап күлсө болобу, оңбогур. Бу чолоктун качаңкы бир уктап жаткан күлкүсү эми ойгонгондой, деле токтобойт. Делебеси козголду окшойт, акырында ыкшый баштады. Огобетерден эрдемсий түштүм, сөз менен бомбалап: -Кызын аласың эле аласың дешип кыйнашат, кой десем болушпайт. И-и, куда экениңди көрсөтчү, куда болсоң кадырлап сыйлап, кош тоюна чакырат эле го-дедим кырданып.

Бирок, менин оюмда жүргөн, мени кыжалат гана кылбастан, эсимди эки эсе эңгиреткен, уулунун сезими менен эсептешпеген ата-энемдин: -Болуп койдук-деген чечкиндүү тыянагына каршы ич майымды жеген бугумду сыртыма чыгарып алганга ыңгай-шарт түзүлгөнүнө сүйүндүм. Ушул темага кайрылууга канчалык аракеттенип, өзүмдү өзүм даярдасам да, мүмкүнчүлүк болбой жаткан, силер айткан кызды албайт элем деп, таң эрте же кечинде жөн жерден кеп баштамак белем? Кадимкидей жеңилдеп, айтканыма курсант болдум.

ал кездин жазылбаган мыйзамына ылайык – ата-энеге, деги эле улуу кишилерге каяша айтуу, сөз талашуу жосунсуз жорук катары эсептелчү, андайга баргандарды: -Баягы, баланчанын баласындай болуп-делинген ары какшыктуу, ары шылдың сыңары энчилүү кепке калтырчу элдик айтымдын таалим-тарбиясынын мага окшогондор үчүн мааниси менен тарбиясы зор эле.

Атамдын күлүк күлкүсү бир аз пастап, жымшыйган көздөрү ачылып келатканда ичиндеги чын сырын айтып алды: -Мен сени ошол кызды ал деп, зордук кылбаймын, кимди алсаң да, өз эркиң, өзүң бил!-деди каткан боору жазылгандай жайдары. Мага ушул эле керек болчу. Мени көптөн бери кыйнаган оор жүктөн болгон жерден, жөпжөнөкөй кутулганыма кубанып турдум. Кудай жалгап, бул боюнча мындан ары сөз жүрбөйт, ушу менен башы чечилди, эми бүттү таризинде капасынан эркиндикке капысынан чыккан куштай канат байлап, мүдөө-тилегим көктө кайкыйт. Деги, адамдар укмуш, аларды таттуу ойлор алга жетелейт, кыялы менен кыйыр аралап, дүйнөнү айланып келмейи бар. Мен дагы ошолордун кемин толуктап, келечек жөнүндө кенен ойго батам, болочоктогу колуктум – өмүрлүк жарым, жан биргем тууралуу канчалык эргүү менен элестетсем да, аягы бүдөмүктөнүп туруп алды.

Атам менен апам уул-кыздарын кичинекей кездеринде эле, бата тилешип, кудалашып коюшкан. Ушундан баштап, толук кандуу куда-сөөк катары карым-катнашта болуп, ортодогу алака-мамилелери кадимкидей улана берген. Бул салт ошол учурдун көнүмүш көрүнүшү, андан баш тарткандар элдин ичинен же киши сынынан чыгып калууга тете, көпкө чейин уу-дууга айланып, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылууга негиз, айрымдарын ич ара душмандашууга жеткирчү.



Ага себеп кыздын калыңы, себи, сүт акысы жана үлпөт тойдун чыгымы сыяктуу ырасмилердин артындагы акча, мүлк турат. Кээде эки жаштын бактысы, келечеги быякта калып, көр дүйнө талашка түшмөйү кутулгөн иш. Ошондуктан ата-эне байкуш сөзүнө, убадасына туруп, балдарынын эркине каршы иш кылганга аргасыз эле. Бирок, кудай бар экен, бара-бара Совет өкмөтүнүн идеологиясынын күчү менен мындай жосун жашообуздан сүрүлүп чыкты.

Бизден Мамбет агам пешенелүү экен, эч ким менен кудалашпаптыр. Бирок үйлөнөрдө колукту издеп, ар жак, бер жакка чабылганы чын. Атасынын сөзү менен Көк-Арттагы Сатаркулдун кызын көргөнү барат. Кызды жолуктурган жеңелери болуп-толуп турган болочоктогу күйөө баласына арнап, козу союп, катуу сыйлашат. Алдыга эт тартылганда негедир Мамбет авам сүрдөп кеткенби же чала кармап алганбы, айтор, колундагы устуканын – козунун башын түшүрүп жибербеспи. Ичинен кыжалаттана: -Ах, аттиң-ай, бул кыз мага оң келбей калды-деп ойлоп коюптур. Акыры ошондой эле болду, авамды күтпөй, башка биреөнүн этегин кармап кетиптир. Атам адатынча кайратынан жазбай: -А-а, буюрбаптыр балам-дегенин басым менен айтып, уулун арданбасын дедиби: -Муунуң сайын аял, нике кайып болсо, катын өзү келет-деп, көзү ачыктан бетер баркылдап койгон калбааттана.

Кудалашууну салт деп да атоого болбос, жорук-жосун сыягы кабыл алсак жарашат. Башында да учкай баяндап кеткем, андай жүрүм биздин үй-бүлөнү да кыйгап өтпөдү, маселен, эң улуу эжебиз Эркебүнү Курмантай уулу Касмалиге бата тилеп, баш байлашкан. Курмантай кудамдын көзүн көргөн жокмун, байбичеси Анипа эженин колунан далай жолу даам сыздым. Сөз-

мөрлүгү бар, куудулдугу жагынан айылдагы аялдардын баарынын боорун эзчү. Небереси Медетбекке чоң энесинен жуккан окшойт, көңүлү келгенде купшуңдай калса карап тургандар жалпыбыз менен каткырып иебиз. Экинчи эжем Санамбүнү да Теректик апамдын тууганы Тайбагар тагамдын жалгыз уулу Акунжанга кудалап турмушка узатышкан. Алардан кийин мага кезек келип жатпайбы, акетай. Айлыбыздагы Дооронов Исраилдин мени менен тең, бир жылда төрөлгөн кызын ылайыктап, кудаа кааласа бойго жеткендеги колуктуң ушул дешип, кулагымды бышыра баштакан.

Мени жөндөн жөн эле кудалап, миң жылдык тууган бололу дешпептир. Көрсө, атам Саадат энебизге үйлөнөрдө Исраил бир тууганынын башка жерден көздөгөнү барбы, ким билет, карындашын Ысманга ыраа көрүп, бергиси келбей, катуу каршылыгын көрсөткөн экен, ал атамдын көкүрөгүндө кетпес так сыяктуу калып атпайбы. Анын үстүнө энебиздин өмүрү кыска тура, эрте жайрап, тагдырдын тайгүлүк ташы талп этип, жаңыдан жашоо кумарына болгон үмүтү жалп дей, агасынын: -Алты саны аман-соо адамга турмушка бермекмин-деген өктөсү атамдын муун-жүүнүн бошотпой коймокпу. Андай сөздөргө арданган менен өчөшүп, эрегишип эмне кылмак, кайра тескерисинче, акыл калчап, Исраил кайнагасынын көкүрөгүн жибитип, көңүлүн алууга бүткүл далалатын жумшоого өткөн окшойт. Акыры экөө элдешип, анын аягы менин келечектеги үй-бүлөлүк жашоомдун өзөгүнө байланып калганы кызык. Балким, ал кездин шарты ушундай болгондур?

Исраил жаш кезинде эле автокырсыктан каза болуптур, бетме-бет жолугуу буюрбаптыр. Маркумдун арбагын сыйлап, атам тирүүсүндө убадалашкан сөзүн унутпай, үймө үй катташып, кол үзгөн жок. Доорон



аксакал менен Уулбү чоң энени урматтап, жайлоодо бирге көп жыл кошуна турдук. Алар абдан эмгекчил, оокат-аштуу үй-бүлөлөрдүн катарында атасыз калган жетимдерди – неберелерин кор тутпай багып, бөтөн бирөөгө көзкор кылбай өстүрүштү. Мага колукту болчу кыз экөөбүз бирге ойноп, чогуу чоңойдук, ортобуз ошондо эле тартылбай, түртүлүп бүткөнбүз. Балдардын апасы да аракетчил жан, бой жеткен уул-кыздарын борбордогу окуу жайларга киргизип, билим алуусуна кам көрдү. Окушка бараткан уулу же кызыбы, улам бири менен кошо жөнөп, сапары карычу эмес. Эмгеги кайтып, бала-чакасы бапырап, бардаштуу жашоосун жашап, өнөгөлүү өмүр сүрүп, эл арасында, айыл ичинде кадыр-баркка татыктуулардын жоон ортосуна жеткен.

Доорон абышка менен атамдын жакын, жылуу мамилесин кудай үздү, анткени көкчөгөздөй аксакалыбыздын да көзү өтүп кетти. Бирок, атам атанын караанына, атанын жытына зар Исраилдин уул-кыздарына үйрүлүп түшүп, камкордугун уланта берди. Кандай жардам, эмне көмөк керек болсо, аларды аткарганга шашчу, кудайыма тобо, убадага бек ушундай да адам болорбу дей берчү элем. Убагында жардам алган уул-кыздар кийин бири бирине арка-бел, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк абалында жогорку билимге ээ болушту. Жакшы кызматтарды аркалашты, жашоо шарттарын мыкты түзүп, деңгээлдерине жараша жаңы адамдар менен алака-мамиле курушту. Ата-аңгөрү, алар деле пенде турбайбы, баягы ата тапкан карындаш уруктун учугун улап кете алышкан жок. Карыса да каруусун казык кылган чоң ата, чоң эненин эмгектери эстеринен чыккандай, ал эми атам менен болгон аралык алыстап, алака-мамилелер акырындап солгундай берди.

Бир ырдын сабында айтылгандай: -Турмуш башка,
шарт башка-дегендей, Алайкуулук жигиттер борбор-
дон окуп, илим-билим алгандары Аркалык кыздарга
үйлөнүүсү модага айланды. Айрыкча Усубалиевдин
доорунда кээ бирлери амал кызматта көтөрүлүш үчүн
атайы Нарын тараптан түгөйүн таап, үй-бүлө күткөн-
гө жетишип калган. Алардын мындай аракети ошон-
дой максаттабы же чыныгы сүйүүбү, ким билсин, Ис-
раилдин экинчи уулу Мурзали Теңир-Тоодон колукту
алган экен. Совет райкомунда Кадыракун Базарбаев
1-катчы кызматында иштеп турганында кайын журту
мейманчылап, чайга келишти. Конок күткөндү мыкты
өздөштүргөн жердештерим Аркалык кудаларына атам
башында туруп, жакшылап сый-урмат көрсөткөнү ай-
дан ачык. Кадыр-сыйга карк болгон кайын журтун
кыргыздын наркы менен узаткысы келгенби, Мурзали
кайнатасына суусардын терисин белекке бермекмин
деп, кимде барын сураштырат.

Узун кулак билермандар: -Ой, ал Ысман акеңден
чыгат-дешет акырын кулагына шыбырап. Муну ук-
кан Мурзали кайындарынын көзү менен сөзүнө түшүп
коёюн дедиби же Ысман акем берет деп ишенип ал-
ганбы, айтор мейман күтүп, терисине батпай сүйүнүп
турганын жашыра албай, акесине жетет. Ары айтса да,
бери айтса да атам көшөрүп: -Өзүмө керек-деп бербей
коёт. Шагы сына шалпайып кетип бараткан жигитке
боор ачыган апам бечара: -Карындаш урук, куда болуп
туруп, бербей койсок болбойт ко-деп, атамды көндү-
рүүгө алектенсе да, Ысман чолок баш чайкай, көгөр-
гөндөн көгөрөт. Акыры айласы түгөнгөн апам: -Мен
жашырып берип турайын, кийин таап келип ордуна
коюп кой-дейт да, кармата берет. Ортодон көп убакыт
өтсө да, ал аң терини кайрып бербептир. Апам байкуш



күндөр өткөн сайын чийки май жегендей, санаага ба-
тат, анысына Мурзали кайыл.

1968-жылы жайында Кыргыз мамлекеттик универ-
ситетинде иштеген, педагогика илимдеринин докто-
ру, профессор Киреше Иманалиев Акимжан авамкына
эс алганы келет. Ал убагында Алайкуулук атка минер-
лердин арбынын жогорку окуу жайдын сырттан окуу-
га бөлүмүнө өткөрүп, анан акырына чейин бүткөрүп,
бизге таанымал болуп калган кези. Мындай мүмкүн-
чүлүктү колдон чыгарган болмок беле, дагы жакындан
таанышып, достошуп, алыш-катыш мамиле түзөбүз
дегендер четинен мейман тоскон үйгө баш бага баш-
ташкан. Катардан атам да калган жок, окумуштуу ме-
нен чайы менен пайын ичишти, орто кызып калганда:
-Уулум Мамбетти окууга өткөрүп бересиң, акысына
500 сом, бир суусардын терисин аласың-деп, бүтүм
чыгарып, алакан чабышат. Убада боюнча үйгө жетип:
-Ой, байбиче, 500 сом акча менен суусарды кошо ала
чык, силкип-силкип, жүнүн кулпуртуп коёлу-дейт кол
алышканына маашырлана.

Апам кантмек, айткан акчасын санап берип: -Суу-
сар силкинүү бойдон эле турат, эртең менен аласың-
деп, бирок ичинен кан өтүп, ар кимден суусардын
терисин тымызын сураштыра баштайт. Кысталышта
кайдан табыла калсын, ме, менде бар, алагой дей тур-
ган бирөө болсочу? Мукураткан Мурзалиден кайрым
түгүл, дайын жок, чок баскан тооктой чырылдаган ал:
-Атаны кокуй-ай, эми Ысманга эмне деп жооп берем.
Ачуусу кармаганда атка сүйрөткөндөн кайра тартпайт
бу чолок!-деген тейде, айылдын аркы башынан, бер-
ки аягына чейин алынын жетишинче кыдырып чы-
гыптыр. Ак мокоп, аягы талыганда, шалдайып отуруп
алып, көз жаштан күчүн чыгарып, баягы Кошу абыш-

токтотпойт. Тилегин айкадай кудайга жалынганын тып атып, бир даары башка салганды көрөм десе, бир даары бактысына жараша баалуу тери табылып калчудай жүрөгү элеп-желеп. Жанын коёрго жер таппай атып, таңды эптеп атырыптыр.

Эртең менен күйөөсү атын токуп, чөнтөгүндөгү акчаны дагы бир сыйра санап: -Кана, суусарды алып кел-дегенде, эт жүрөгү болк эте, бирок корккону билгизбей чыйрала түшүп: -Суусар жок, Мурзали сураганда бербедиң беле?-деп, кайра өзүн беттен алат. Мына, анан көрүп ал, чолоктун кара жини кармады бейм, көзүнүн чаары чыгып: -Атандын гана оозун урайын, качан бер дедим эле. Сени өлтүрүп тынайын-деп, сөгүнгөн бойдон апамды кубалап жөнөйт. Чымын жаны чыркырап бараткан апам ичинен: -Өлсөм да Мурзалинин үйүнө барып өлөйүн-деген чечимге келет. Жол ылдый бездиккен койдой уруп-салып, атка жеткирбечүдөй чуркаган жеңесин көргөн Макен молдо: -Эмне эле кубалашып, урушуп жатасыңар?-дейт эшик алдынан. Алактаган, акактаган апам аптыга сүйлөйт: -Суусарын айтпай, бирөөгө берип жибердим эле, ордун алып келип берем дегениннен. Силерде суусар тери бар беле, балакетиңди алайын?!

-Бар эле, жеңе. Баш жагынан кичине жери такыр болуп калыптыр. Эгер жараса, алып тургула-дейт молдоке. Апам байкуштун сүйүнгөнүн айтпа, тим эле маңдайы жарылат, ажат ачкан кайнисин алкап бүталбайт. Чечекейи чеч, кош каректен төгүлгөн кубанычтын нурлары кайсалаткан караңгылыкты да жарык кылмак, күндүз болгон үчүн гана алсыз чырактын билигиндей жанды көрүнөт. Көктөн издегени жерден табылып, кудайга миң мертебе алкышын айтат, таяк жесе го мейли эле, каары катуу күйөөсүнүн колунан өлбөй калганына



тобо. Артынан күйөөсү ат менен келгичектеги тыным ажалына аралжы болгондой, андан да Макен молдо кармата койгон суусардын териси адамдан артык, баалуу сезилгени – апам байкуштун акыл-эсин астын-үстүн аласалдырды окшойт. Ызасына уугуп, өзүнчө күбүрөнөт: - Экинчи мындан ары эч кимге жакшылык кылбай калайын, айланайын, кудай өзүң кечире көр...

1969-жылы кыш оор өтүп, жут болду. Өрөөндөгү Ой-Тал, Сагындык, Сидоров колхоздорунун мал-жаны тоюттан кыйналып, ылдыйкы түзөңдөгү чарбалардан Ан-2 учагы менен таңгак чөптөрдү чабандардын кыштоосуна ыргытып жатышты. Башка ылаажы жок, кырылгандан калган малды сактоонун аракетин бешиктен бели чыккан баладан тартып төрүнөн көрү жакын кары-картандарга чейинки куракттагылар көрүп, жамы журт жапырт бут чечпей, Жаратканга жалынган күндөрүбүз-ай. Эмики жумада Күндүн көзү ачылат экен дешип, кечиккен жазды зарыгып күткөндөрдүн саны арбый, жүдөй түшкөндөрдүн, кыйналгандардын түйшүгү түмөн. Кол арага жараган балдар опол тоодой кар күрөйбүз, мал короонун же үй үстүнөн эрбеңдеген караан көрүнсө мектептин окуучулары дей бер. Айтор, партадагы жазуу-сызуу бер жакта калып, чыныгы турмуш сабагын иш жүзүндө алып жаттык.

Күн жылымдап, кар эрий баштаганда баягыдан да башкача көйгөйлөр башталды. Тар дайрасы ташкындап, Ой-Талдын Чоң-Казык чатындагы көпүрөнү агызып кетип, райнонго, Ошко, Фрунзеге каттагандар үчүн кошумча кыйынчылык жаралды. Күрпүлдөп кирген суудан алда кудайлап, ары-бери өткөндөр күчтүү аттар менен кечүүгө жайык издейт. Көлүгү жок элдин керегине Теректик Калык аванын токол өгүзү ишке кирди, зарылгандар, зарыккандар ушул кишиге кайрылып

жатышты. Ал соопчулук үчүн улуу-кичүүгө да жок дебеди, мен минтип жатам деп, көкүрөк кербеди. Жакшы адамдарыбыздын аркасы менен жашообуз уланып атканына көзүм жетти, көкүрөгүм толду. Кычагансып ушул учурда атам Мамбет авамды окууга өткөргөнү борбор шаарга жөнөп калды. Машинага олтуруу үчүн Көңдүк чатына жетишибиз керек экен.

Атты кайра айылга алып кетесиң деп, ат менен кошо жарышкан кер эшекке мени мингизип, алдына салып айдап алган. Атам экөөбүз түш ооп, бешим маалда Көңдүк айлына жеттик. Чакан, кичинекей кампа жана гараж жайгашкан курулушка келсек, ичинде төрт-беш эркек шарап ичип олтурушуптур. Атамды көргөндө эле атасын көргөндөй сүйүнүп, жайдары тосуп алышты да: -Асмандап учуп өтчү элеңер, эми эмне болду, Ысман аке?-дешип тамаша-чыны шарактап күлүшөт. Өлөрман эшейдин чөнтөгү толо күлкү демекчи, тиги адамдар өтө күлкүчү немелер экен. Алайкуу жолуна көпүрөлөр салынып, каттам бир аз жакшырып калган чакта, Ан-2 учагынын учуусу токтогон, алар ошону айтып, тийиштик кылып жатышат. Биз кудайы конок катары Аркалык аке дегендин үйүнө конуп калдык. Ал мен ойгоно электе, таң эрте атамды Көңдүк чатындагы машинага отургузуп, жөнөтүп келиптир.

Карагер жоргону минип, кер эшекти айдап, айылга жакындап келсем, Сагындык колхозунун башкармасы Теректин суусунан машинасы өтпөй, тегеренип турган экен. Аларды суудан ат менен ташыдым, ар бир алкаган сайын төбөм көккө жетип, ичим жылыйт. Бу жалганда жардам берип, жакшылык кылгандан өтөөрү жок, жамандык кылуу түтүндөй жеңил. Муну балдарыма, неберелериме, окуучуларыма кайра-кайра айткандан тажабайм. Колдон келсе таанышпы, таанышпы эмеспи, ал мааниге ээ болбойт, адамдын көңүлүн оорутпай, жылуу сөз, жаркын жүз менен кабыл алып, ийгилик каалап узатып койгонуң, биринчиден адамгерчилигиңди, экинчиден тарбия-таалим көргөнүңдү далилдейт. Сен жөнүндө жакшы пикир жаралат, сени менен эсептешет, мамиле түзөт, башкача айтканда, киши катарына кошуласың. Атың чыгат, сый-урматың артат, кадыр-баркың өсөт.



Атам, ошентип, кошумча акча тапкандын кыныгын алган, баягы Киреше Иманалиев менен убадалашканы боюнча Мамбет авамды университеттин экономика факультетине өткөрүп келди. Окумуштуу сөзүндө туруптур, 500 сом менен апам ажал таап кала жаздаган суусардын териси ишке жарап, акыбети кайткан экен. Авамдын шаарга көнүп, окуп кетишин тилеп, өзүмчө эле кудуңдайм. Орошон ойлорум алда кайда алып учат: -Мен дагы борборго жол тартканда атам айтпады беле, окууга өзүм өткөрөм деп, демек Фрунзеге чогуу барабыз дегенде эки көзүм төрт. Кандай гана сонун, жашыл шаар атанган калаанын чаңы жок кең көчөсүндө атам экөөбүз ээрчишип басып жүрсөк. Эгерим кителин чечпеген балдак буттуу адамды көргөндөр Ата Мекендик согуштун майыбын илгиртпей таанышат да, ыраазылыгын билдире ийилип таазим этишет. Багжайып, күлүмсүрөгөн атам башын саал ылдый кыла, сыпаа жообун узатат. Мен буга эмне үчүн сыймыктанбай коюшум керек?!

Чоң окууну окуйм деген ой-тилегимди эрте ойготкон, ошонун ичинен журналистика тууралуу жалпак тил менен түшүндүргөн биринчи мугалимим, социология илимдеринин кандидаты Маметимин Эркебаев – Одоновдордун тагасы, анын ичинде менин да чоң тагам эле. Ал 60-жылдардын орто чендеринде, универ-

ситеттин журналистика факультетинин экинчи курсун аяктаган кезде, Алайкууга, биздин үйгө келген. Анда үй-бүлөбүз менен Ийри-Суу жайлоосунда элек, аркы-беркини түшүнүп, алты жашка чыгып калгам. Жүрүш-турушу ийкем, өтө сылык, кийингени тыкан, таза, күлүмсүрөп сүйлөгөн, керилген каштары келбетине жарашкан, ак жуумал, маданияттуу жигит экен. Осмон, Орунбек жээндериникинде мейман болгон менен, көбүнчө биздикинде жүрдү. ФЭД-3 деген фотоаппаратын ала келиптир, баарыбызды сүрөткө түшүрүп, мага да сүрөт тартканды үйрөтүүгө өттү.

Мындан да маанилүүсү – борбор шаарыбыз Фрунзе жөнүндө ары кызыктуу, ары сырдуу, тарыхый тамыры бар маалыматтарды сүрөттөп айтып берет. Көркөм сөздүн касиетиндеги кулак менен эмес, жүрөк менен сезүүчү купуя сыртүмдөрдү ыгына ылайык колдонгондуктан, жомокчулардын жогорку жөндөмүн жан дүйнөсүнө сиңирип алгандай. Бир айлык эс алуусу кантип өткөнүн билбей калдык. Атам иштен бошобойт, тагасына союш союп, сыйлашы керек эле же анысын жасабайт. Апам баш болгон акыл калчап, сындагандарга мен да кошулам: -Атам сараң, малын аяп жатат, эмнеге биз айтканды укпайт-деп, ачык да, жабык да жаман көрүп аттык. Бул маселени апам айткан окшойт, эртең менен: -Силер эмнени билесиңер?-деди да, оозубузду тыйып койду. Көрсө, тагабыз сүйлөшүп жүргөн кызына баш кошуу үчүн жээндеринен жардам, кошумча сурап келгени ачыкка чыкты.

Атам тагасына кетээринде бир коюн берип, калган туугандардан чогулткан жети башты машинага салып, базарга жөнөтүптүр. Ошол койлорду соодалап, ага сарамжалын кошуп, Авазкан жеңеге үйлөнгөнүн жакшы билем. Маметимин тага окуусун мыкты аяктап, университетке мугалим болуп, диссертация жазып,



илимий даражага жетип, кандидаттык наамга эгедер, бакыйган окумуштуулардын катарын толуктады. Бор шаардан үч бөлмөлүү үй алып, үйгүлүү үй-бүлөнү түптөдү. Чындап эле журналисттик кесипти тандаганымды укканда, эр – тайын тартат дегенсип эрдемсиди, окууга өткөрүүгө да убадасын берип жиберди. Муну кулагы чалган атам өзүм окууга өткөрөм дегенин унуткансып, өтө башкача өзгөрдү, мурункусундай мага анчалык үйрүлүп түшпөй калды. Мени ээрчитип Фрунзеге да келген жок. Жолго чыгып жатканда: -Балам, Кудайга аманат, тилегиң орундалсын-деген кыска каалоосун айтканга араң жарады.

Илгери бир бала өкүнгөндөй: -Ата-энемдин көңүлү болбосо, мен кайдан чүкө утамын-дегендей, окууга биринчи тапшырган алгачкы жылым жыдыкей болду. Үч экзаменден төрт, бирөөнөн беш алганымда сынактан шыр өтмөк экемин, баам жетпей, кулагандардын тизмесине илиндим. Эмне кылмак элем, ичимен Ысман чолокту сөктүм, карасам окууга келгендердин көпчүлүгү атасы же энелери менен жүрөт. Агездеги университеттин ректору Салмоорбек Табышалиев согушка катышкан жоокер дешти, демек, атам келип, бир ооз өтүнүч кыла кирип чыкса, кандидат катары кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болмогум бар экен – эртеңки толук кандуу студент аталганга жолум ачылмак. Андайды да ушул жерде жүргөндөр айтып, бирин-экиси эбин тапкандарына жаным күйүп жатпадыбы. Көңүлүм ооруп, шылкыным бошоп, эч нерсени сүйбөй, сүйрөлүп кайра артка тарттым арманым менен.

Экинчи жылы эртерээк келдим, ысыгы ылжырата тердеткен шаарга көнүү үчүн убакыт керек, анын үстүнө китепканалар жетиштүү, алдын ала даярданууга шарт бар. Экзамендин башы дил баян жазуу менен

башталды, андан эки деген баа алып, жаным тынды. Сөз берген тагаман жарытылуу жардам болбоду, көрсө, экзамендерге өзү аралашпагандан кийин, колунан келбейт тура. Бирок, бир жакшы кеңешин берди: -Күзүндө даярдоо курсу башталат, мына ошого документтеринди өткөр, андан ары окууңду улантасың-деп. Айтканын аткардым, жолум ачылды, 1976-жылы КМУнун толук кандуу студентинин белети колума тийгende, чекемен тер чыга түшкөн, эки жыл катары менен окууга кире албай, шагым сынып, чүнчүгөндөн дымып калгам. Классташтарыман качып, чакырган отурuштарга барбай, кечиндеси көчөгө чыккандан тартынып, корунуп жүргөн күндөрүмдү кантип унутам.

Анткени орто мектепте жакшы окуп, комсомол комитетин башкарып, чогулуштарда сүйлөшкөн кыз-жигиттердин жүрүм-турумуна каршы туруп, сүйүүсүнө тоскоол болуу кылапатын көздөбөсөм да талкуугa салып, чакчаңдап сүйлөгөн жаным, аларга өйдө карай албай өчүңкү тарттым. Бирок, бош жатпадым, совхоздун ар кандай кара жумуштарын аткардым, жардамчы койчу, кой туутта, кыркымда, карагай кесмейде ж.б. чарбалык иштерден качканым жок. Аракетимдин арты менен эки жылдык эмгек стажга ээ болдум, даярдоо курсуна угуучулар эки жылдык эмгектик же аскердик кызматты өтөгөндүгү тууралуу тастыктоо болмоюнча кабыл алынчу эмес. Жупташкан жылдарымды сыймыктануу менен турмуштан алган сабактарымдын чор таман учуру деп коём. Ал эми атам окууга өткөрүүгө күчү жетпей калган тагасын: -Сөзүнө турбаган Алдар көсөө-деп, анча жактырбай жүрдү.

Менин Маметимин тагага эч наараазылыгым болбос, алгачкы окууга тапшырган жылы бир орунга 20 талапкер ат салыштык, андыктан окууга өтүү өтө кыйынга турган. Бирок, убадасынын өтөлүнө чыкты, колума дипломумду кармап, көрүнгөн редакциялардын, басмалардын эшигин каккылаткан жок. Түз эле Ош телерадио берүүлөр комитетине редактор кылды, себеби ал ошо кезде компартиянын Ош обкомунун нускоочусу – инструктору кызматында болчу. Жашыргандa эмне, жаштарга жаркын келечек деген менен таанышбилишиң, артыңан тиреген колдоочуң болбогон соң, "эшек иштейт – ат жейт" кейпинде, кызматтык тепкичтерден оңой эле көтөрүлчү эмессиң. Мындай көрүнүш алгач тымызын, кийин ачыктан ачык билине баштаган. Мунун арты-кийини: кемчилиги, кесепети, кедергиси, зыяны зор жыйынтыкка апкелди, дүйнөнү дүңгүрөткөн Совет өкмөтүнүн революциялык өмүрүн кыскартканга өбөлгө түздү, кыйроосун шарттады.



Шаар турмушуна көнүп, студенттик жашоонун ысык-суугун башыман өткөргөн сайын, менин ой-санаам атам тарапта. Мен жок кантип атты экен деген суроо кабыргамды кайыштырат, кээ кезде мени ээрчип Фрунзеге келбей койгонуна жиним келет, бирок ачуум тез тарайт. Баары бир түтпөйт экенсиң, кимиси жакындан жардам бермек эле, кыйналса да сыртынан билгизбей, баягыдай бакылдап жүрсө керек дейм, өзүмдү өзүм соороттуп. Оюм онго, санаам санга бөлүнөт, атам менен, айлым менен киндигим туташ болгонун даана сездим, айрымдар үчүн мен сени жакшы көрөм деп айтып коюш жеңил го, мага андай жасалмалуулук жарашпады. Бассам-турсам жан дүйнөм кыйналды, ошондуктанбы экинчи курстан баштап, жайкы каникулда курулуш отрядына барбай, айылга келдим. Үйдөгү чарбалык иштерди жасаймын: чөп оруп, кышкы тоют камдап, тамды, мал короону оңдоп, огородду тосуп, кыскасы күндүн кандай өткөнүн деле билбей калам.

Менин аракетимдин жыйынтыгын көргөн атам өтшыктандыргысы келеби, ким билсин, ары-бери мүнкөндө: -Курулушта тапчу акчаңды мен берем-деп көлуңдайт. Ал кайдан сезмек эле менин оюмда эмне бар экенин, акча үчүн эмес, атама жардамымды, көмөгүмдү милдетим катары эсептээр элем. Антсе да кайра кетип жатканымда колума 150 сом карматып: -Бул акча ашыгы менен жетет-дечү. Негедир көбүрөөк акча бергенге апам абдан каршы, башка акча жок дегенди кайра-кайра айтат да турат. Бирок, бир нерсени жакшы билчүмүн, атам апамдан жашырып, дагы 100 сомду өзүнчө берчү. Бул – үй-бүлөлүк бюджеттен тыш, жыгач буттагы кайыш өтүктүн essential кончунан тер жыттанып чыкчу. Жок бутунун ордун жан кишиге билгизбей колдонгон ишенимдүү капчык катары, жо-жок, мен жаңылышып жатам, банк сыяктуу жасап алганын карасаң, оңбогон чолок. Ким шекшимек эле десе керек.

Студент кезимде, азыр ойлосом, акчалуу эле болгон экенмин. Оор басырыктуу, койноот мүнөзүм менен тыйын-тыпырымды кыздарга, кийимге, оюн-зоокторго жумшаган жокмун. Тескерисинче, зарылган курсташ-досторума карызга берип, кайра артынан түшө доолаган жан эмес элем. Башкаларга окшоп, ай сайын үйдөгүлөрдөн: -Акча салгыла-деп, суранган адат алыста калгандай, колдо болгонума топук, көпчүлүктүн катарында жашадым. Баары бир ата-эне сыртта жүргөн баласын же кызын ойлойт да, айрыкча атам борбор шаарга каттаган тааныштарынан такай акча берип жибермейин таштабады. Айылдаштарымдын менин атымды атап, жатаканадан, окуу имараттарынан издеп таап келгенинде эле, ичимен кудуңдай түшөм. Аным акчалуу болгонума байланбайт, аман-эсендигин далилдеген атам жыттанган, айыл жыттанган кызыл, көк, жашыл түстүү жука кагаздардын жакшы кабар алып келгенине энчилеш.



Ал эми атамдын салам каттары бир айда эки жолудан эч адашпай дарегин табат. Кандай гана, кайсы гана каты болбосун, ар дайымкы аталышы – Дубай салам менен башталат да, салттуу уланат: -Алыскы Фрунзе шаарында окуп жүргөн уулум дениң сак жүрөсүңбү, окууларың жакшыбы? Тели-теңтуштардын арасында аман-эсен барсыңбы-деп уланып: -Бул кат атаң Ысмандан-делет да, андан кийин үйдөгү жана айылдагы ымыкый-чымыкыйларды калтырбай жазат. Баланча аксакал же байбиче кайтыш болду дегендерин деле калтырбайт. Булардын мага эмне кереги бар, мындай кабарларды жазбай койбойбу сыягында ой келчү. Көрсө, жарыкчылык турмушта Төрөлүү менен Өлүү негизги жаңылык экен. Убагында буга кол шилтегенимди эстесем, уялып кетем, убакыт өткөн сайын өз башыңа келээрин билгенде жашынаарга жер таппай, кайсалаарың бардыр бир маалда.

Мен айылдан келген каттарды өзүндөй кылып, көчүрүп койдум: -Салам кат. Кымбаттуу уулум Куштарбек, атаң Ысмандан деп билесиң. Кандай тениң сак, ойноп күлүп, окууңу ийгиликтүү окуп жүрөсүңбү? Өзүңдүн курдаш балдарыңдын баары эсенби? Эми, биз болсок сак-саламат, бала-бакырам менен кыбырап турамын. Бизде болсо 27-ноябрда Алайкуу участогуна же Сидоров совхозу боюнча майрам өттү. Базарбаев, Касымбеков, Топчубаев үчөө барды. Докладды рабочкомго жасатып, чогулуш бүткөндө Курманакунга, Акматка, Кебекке, мага 4-адамга Совет райондук партия комитети жана райисполком колу тарабынан, орусчакыргызча куттуктоо кат берди. Анан түшкү тамакка кетишип, саат 2-лерде Эр эңиш, Балбан күрөш, Кыз

куумай, Ат жарыш болду. Аттан сага теке атып берген Жумалинин, Токтоштун, Жолондун аты чыкты. Абилге эч ким чыкпады, Базарбайга 1-бөлүмдөн бирөө чыкты эле, Базарбай эңди.

Андан башка бала-бакыра кармашты, алыша албады. Ал күнү кеч кирип кетип, улак болбоду. Эртеси 28-де улак болду. Майрам өткөн күнү Базарбаевдер Акимжанга жатты. Мен дагы чай берейин десем, эртесинен өөдө кетип, кечкурунга чай бердим. Кеч кирип кетип, меникине жатып кетишти. Сенен көп сый көрдүк дешип, разы болушту. Бул майрам жаман өткөнү жок. 1-бөлүмдөн майрам күнү машинага адамдар көп түшүп, машинанын борту сынып, 1-бөлүмдөн Кубат деген адамдын башы ташка тийип, бул өлдү. Экинчи Ой-Талдык Бапалайдын үкасы койчу, карышкыр кармаган немеси Буура-Белден урунчук ташка мас болуп жыгылып өлдү. Андан мурдараак Чигитайдын энеси Жаңыл эже өз ажалынан өлдү. Эки күн болду Жолболдунун эжеси өлдү, сөзүм ушул балам.

Эмнегедир ушул каттын аягына жылын жазган эмес, менимче 1977-жыл болушу керек. 1976-жылы 1-ноябрда жазылган катында: мени көп кат жазбайсың, стипендия алып жатасыңбы, Муса Жангазиев менен тааныштырам, ээр заказ кылдың эле, аткара албай жатам деген ойлорун бөлүшкөн. Чынында мага көлдүк курсташым Жумагазынын авасы Кемел ата: -Кожант ээр алып келип бере аласыңбы?-деп суранган эле. Улуунун сөзүн жерге таштабай, кийин аны атам Айти соодагер акеден таптырып берген. Аталган ээр кара малдын тарамышына жыгач аралаштыра жабышкак желим менен чапталып жасалган мээнетине жараша наркы бар, ат жабдыктын бир түрү экен. Аманатты мен Ысык-Көлдөгү Ак-Терек айлындагы муктаж адамга жеткиргеним жадымда. Ал кишинин сүйүнгөнүн айтпа, төбөсү көккө жетти, көптөн бери эңсеп күткөн буюмун колуна алганда, Ысман чолокту тургай, ата-жотомду кошо алкап, жерге батпай турду. Мындан өткөн ырахат барбы, экөө тең кан күйгөн согушту көргөн, ошон үчүндүр атам майдандашынын бир ооз сөзүн жерге таштабаган чыгаар?!



Ушундай эле катта мындай деп жазылган жери бар: -Бул жакта Маарпат жеңең кыз төрөгөн. Момолойдун эки келини кыз төрөдү. Мурат, Жоошбай экөө өлдү. Башка эл эсен, эки-үч жолу аз-аздан кар жаады. Өөн кара, тоолор кар, совхозго 30-октябрда Базарбаев келип, Кайың-Талаага чогулуш өтүп, малчылар Тополоңго 1 Уваз, 4 миң сом акча берди. Анан кийинкисине килем, 3-2-1 миң сомдон төлдүн расчотун берди. Эр эңиш, улак, аламан чабыш менен бүттү-деп, калган каттагы маалыматка: -Топоз урунбайсың деп, топоздорумду совхозго кириш кылып, акчасын алалбай жатам-деген. Мамбет старший экономист, келинге амал бергеним жок, жаңы иштеген немеге 65 сом төлөйт экен. Өзүм ден соолугум жакшы, иштеп турайын-деп жазган. Катынын акыркы саптарын толук жазайын: -Ден соолугум жаман эмес, жакшы. Сөзүм бүттү, уулум. Намызды кетирбей, көөп кетпей, жакшы окугун-деп, атаң Ысман, энең Уултай. 1/XI 76-жыл. Артында эскертүүсү бар: -Конвертке 200 сом кошо салдым-дептир. Анысы топтолук колума тийген.

Кудайдын буйругубу же өзүмдүн кенебестигимби, айтор 1978-жылдын кышкы сессиясында бир сабактан үч алып калдым. Ошол кездин эрежеси боюнча бир сезон стипендияга жетпей, тишимдин кирин сорууга туура келди. Көңүлүм ушунчалык чөккөндүктөн, бирөөлөр үчүн алыскы, мен үчүн жакын Алайкуугa

барууга да мойнум жар бербейт. Каникул учурун жатаканада жуурканга чүмкөнүп өткөрүүнү чечкемин. Аңгыча, курсташым, бир чети досум, староста Ишенбек Осмонов кирип келди. Анын милдети: -Ким кетти, ким калды?-деген маалыматты деканатка жеткирүү. Мени көрүп эле бакылдады: -Жүрү, жата бербей менин айлыма, Ат-Башыга барабыз-деди. Жинди кыял немеге жок деш кыйын эле, түнкү автобуска түшүп, ата-жотом көрбөгөн аймакка жол тарттым. Туз буйруп койсо айлаң барбы, ошентип, Ат-Башы району менен Нарын шаарын көрүп келдим. Азырка чейин ошондогу досумдун пейлине ыраазы болом...

Андагы абалымды билип-туюп, мага жазган атамдын көптөгөн каттарынын ичинен бирөөнү толук, сөзмө сөз, бир тамгасын өзгөртпөй окурман менен бөлүшкүм келет: -Дубай салам. Кымбаттуу уулум Куштарбек. Ата энең экөөнөн тең чын жүрөктөн сага жиберген эсендикти суроо каты. Кандай уулум, тениң сак саламат, өзүң катарлаш балдарың менен ойноп күлүп жүрөсүңбү? Биз болсо эсенбиз, бала-бакыра баары ага туугандарың, эже-карындаштарың баары эсен турат. Биз тараптан камтама болбогун. Мен сен үчүн камтамамын. Себеби сен өзүм билем деп, жөн деле кат жазбайсың. Эмне үчүн эмне керек, алдын ала билдирүү керек. Кокус сен үч болсоң анын алдын алыш керек болчу. Ошол мугалим менен тил табыш керек. Менин кудуретим жетет. Эмне тартынасың. Мен сен үчүн карысам дагы окутайын деп ишти тапшырганым жок. Кышкы каникулга келем дегениңден бир сойуш растап койсом келбедиң. Эми Мамбетти жеткиз деп кыйнап турам. Балам качан келсең келериңди билдирип тур. Кош саламатта болгун...

Эми балам, мен өзүм бир аз ооруп, он беш күн төшөктө жаттым. Эми жакшы болуп, өз колум менен сага



кат жазып олтурам. Кушу, жанындагы жолдошторуңа менден ысык салам айт. Баарыңарга ийгилик каалаймын, ишиңер илгери болсун деп сагынып, сагынып атаэнең ысык демин жиберет. Одонов – колу коюлган, 23/ III 78-жыл. Карачы, демек, менин абалымды түшүнгөн, өзү да ооругандан кийин уулун ушунчалык сагынганы билинип да, көрүнүп да турат. Катты окуганымда атамдын чексиз сүйүүсүнүн даамын таттым, бул дүйнөдө, бул жашоодо менден өткөн бактылуу бала болбостур чагымда. Жүрөгүм түрс-түрс, көңүлүм көөдөн тирейт, маанайым менен маңдайым жаздын күнүндөй жарк дей түшөт, кусалыктын, сагынычтын күчү ушунда бейм?! Аттиң-ай, алдымда Алп Каракуш зымырыгым болгондо заматта жетип барбайт белем? Айла жоктон бир орунда отуруп-туралбай, тегеренип жаттым.

1979-жылдын апрель айынан соң, мындай каттар келбей калды. Дайын-дарегин сураштырсам, ооруп калыптыр. Бирок, ошого чейин мен үчүн түйшүк тарткан, убара чеккен, мага карата каалоо-ишенимин көрбөгөн менен, сезип да, туюп да турдум. Аралык менен убакыт өзүнүкүн алат тура, ааламдын чен өлчөмү бизге баш ийбей, кайра бизди баш ийдиргенге маш. Менин ошондогу атама болгон сүйүүм – анын жазган каттарын толугу менен сактап койгондугумда. Кудайга шүгүр, алар бүгүнкү күнү эстелик, өткөн өмүрүмдүн таанымы, балдарыма айта турган тарых, Ата-Баланын ортосундагы алака-мамиленин айкын мисалдары. Сизге урмат, Сизге таазим атаке!!! Ушул көз ирмемден пайдаланып, атасын киши катары көрбөгөндөргө суроо салат элем: -Силер да Ата болосуңар, анан балдарыңар эрезеге жеткенге чейинки мезгилде, андан кийинки учурда өзүңөрдү кандай кабыл алаарын ойлондуңарбы?

Төртүнчү курста кадимкидей токтолуп, тотугуп да торолуп, жаман-жакшыны ажыраткан чакта студенттик курулуш отрядына барбай калгандарга жатаканадан орун берилбейт деген мага жагымсыз жобо чыкты. Натыйжада мен жатакана албай калдым. Ары ойлондум, бери толгондум, бирок мээмден үйлөнүүдөн өтөөрү жоктугу тууралуу туюм – тирүүлүктүн мыйзамына баш ийүүгө үндөйт, эркекпи же ургаачыбы, баары бир бир бүтүндүктүн алкагында айланып, биологиялык күсөөнүн капшабына туш келтиргени мындай турсун, турмуштук ордунду тапканга түрткү бергенин четке кагууга жол бербей туруп алды. Баягы, болуп койгон, багын менин тагдырыма байлаган Исраилдин кызы ың-жыңсыз, башка бирөөнүн Айперисине айланса керек, бул боюнча кабарым жок. Курсташ кыздардын арасынан тандаган менен көңүлүмө төп келген, мени менен айылга жашай турган Айганышты табуу кыйын эле. Акыл калчап, ата-энеме жакын, Алайкуу өрөөнүнөн жубай, жар, түгөй табууга аракеттене баштадым.

Алгачкы абай салганым текке кетти, атам айткан нике кайыпка арга кыла албайт экенсиң – түбөлүк кол кармашкан келинчегим Батмажан борбор шаардагы жеңил өнөр жай техникумуна окууга өтүп, Коо-Чатыдан келиптир. Тууганым Тойчубек Акимжанов Чолпон Кадырбаевдин үйүнөн учурап, мени тааныштырганга алып барды. Ал кызды Сагындык атындагы мектептен көрүп жүргөмүн, агасы Токтобек менен бирге окуганымды эске түшүрдүм. Ата-энесин да жакшы тааныгандыктан... 



си күн тартипке чыкты. Аталган көйгөй меники, мен гана чечүүгө тийишмин, ошондуктан айылга, ата-энеме кабар кылдым.

Агезде азыркыдай кол же чөнтөк телефон жок, алдын ала буйуртма жасап, убакыт-саатын белгилеп, буйругуна жараша сүйлөшмөй. Атам Кара-Кулжа айлындагы Ысабек жездем менен Акыш эжемдикине келгенде үйүндөгү телефону менен байланышканга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Эрдемсиген мен: -Ата, Коо-Чатыдагы Аракеев Макендин кызы менен сүйлөшүп жатам. Жакын арада кыздын атасына барып, колун сураңыз-деп, толкундангандан оюмду толук айта албай турдум. Ал аркы тараптан: -Ой, сен, мен ал деген кызды албай койдуң! Кыйын болсоң, макулдашып бүтсөң, качырып ал. Анан барып ата-энеси менен чечишемдеп, кескин дагы, өктөм дагы жообун узатты. Атамдын кеби жана жүйөөсү толкуган сезимимди суу сепкендей суутуп, жан дүйнөмдү селейтти, кайра кайырганга сөз таппай калдым көмөкөйүм буула.

Чагымда мындайды күтпөсөм керек: -Ооба, балам, баары жакшы болот-деген бүтүмдү күтүп аткам. Телефонго берилген мүнөттөр бүткөндөн кийин, эсиме келдим, ичимден: -Ушундай тозали чолок, баягы куда болсоң, эмнеге тойго чакырган жок-деген сөзүмө жооп кылып, мени нөлгө уруп салганына ызаланган бойдон, ардыкканыма карабай Батмажаныма бараттым. Ой-санаам алып учат, мен сага көрсөтпөсөм элеби дейм өчөшкөндөй, баш кошсом эле баары бүтчүдөй шерденем. Акыры Азим менен Асылкан эжелеримдин жардамы аркылуу түгөйүмдү качырып алдым. Мага түрткү болгон жезде-эжеме өмүр бою ыраазымын, аларга бактылуу жашоо менен дөөлөттүү карылык каалаймын. Анан, кайран өзүм, болорун болтурган-

дан кийин аргасы жок да, Жаңыбай тууганын жанына коштоп, колуктумдун ата-энесинин алдына башын ийип, кулдук уруп барыптыр, андан башка колунан эмне келмек эле.

Жанында жакын жүрүп, атамдын болгон сыры турган, айрым кылыктарын да окуп бүткөм. Анысы ала жипти аттап, апамдын көзүнө чөп салган учурлары. Мен көргөн, мен туйган мындай окуялары жалаң жайлоолордо өттү. Биз, мадыра баштар, кызгылтым чоподон оюнчук машина жасап, сепил куруп ойноп жүрчү Кызыл-Булак тарапта Жорунун эки үйү катары менен жайгашкан. Чөп орок маалы эле, күч бүлө эркектери кыштакта, ургаачылары гана калган. Кеч күүгүмдө, көз байланган кезде кыйраңдаган атам ошол баштагы көздөй жөнөп калды. Ээрчип көнүп алган жаным, куйругун шыйпаңдаткан күчүгүндөй артынан калбай баратам. Арыда бир аял күтүп туруптур. Ошондо эсине келгендей, мага карап, башын бура: -Кет ары, мени аңдыбай!-деп, катуу зекиди. Үнү өктөм чыкты, үрпөйгөн, коркок короочуга окшоп, артка кайттым. Кадамымды санап келатканымда көкүрөгүм ачышты, анын себебин акыл токтоткондон кийин түшүндүм. Көрсө, менде атама карата балалыктын кызганычы пайда болгон экен.

Акетай, кайсы кылыгын айтайын, мандайкы Абакул аке досунукуна эки аптада бир жолудан жоголуп кетет. Ак никелүү аялы бар эркек – иттин үнү угулган жерге жатпайт деген эреже-бүтүмдү урганы жоктой, түнөп келген күндөрү апам байкуштун эсин эки кылды, жан дүйнөсүн жанчып, канча ирет туталантты. Дагы бири эсимде, Ак чукурдун түшөөрү аталган жерде жайлоодо элек. Кулданбеске тууганчылап, айылчылап келемин деп, таң атпай күүлөнүп алыптыр. Апам чырылдап: -Балдардын бирин ээрчитип ал!-деди. Атам



ага да макул, мага карап, башы менен жаңсай, бас дегендей ишаарат жасаганда, сүйүнүп кеттим. Артына учкашкан бойдон жолго чыктык, атын кыйнаган жок, басыгы менен жөн коюп, өр тартып бара жатабыз. Барган сайын жалгыз аяк кыя типтик тартып, мен артты карай жылмышам. Убарасы арбындап, уламдан улам оңдоно бергеним чыдамын кетирди көрүнөт: -Өйдө туруп, мойнумду кучакта-дегенде, эки таманымды ээрдин актасына таканчыктадым эле, кудайга шүгүр, боюм жазылып, койкоё түштүм.

Бүтүк көздөрүм бүркүттүкүндөй ачылды, аркы тоонун да, берки зоонун да аталыштарын сурайм. Атакем да жер таануу боюнча сабак өткөндөй, берген суроолорумду жоопсуз калтырбайт. Кулданбестин атагын алыстан угуп жүрчү элем, эми өзүн көрөм деген аруу тилегим көөдөнүмдү тирейт, эңсөөм эсимди эки кабат кылат. Күндүн көзү аркан бою көтөрүлгөндө Ак зоонун алдындагы апакай, эгиздей жанашкан боз үйлөргө жеттик. Алар кубануу менен жакшы кабыл алышты. Бул жерде селсебетте кароол болуп иштеген атамдын инилеринин бири жеңеси экөө айыл экен. Үй ээси атайы конокко арнап, козу сойгонго киришсе, кыз-келиндер куймак куйгандын аракетинде. Айтор, эшик алды азан-казан кыймыл, ардактуу адамга сый-урмат көрсөтүүнүн амалында, ары-бери чуркаган аяктар тыйылбайт. Менин жаман оюмда – Кулданбес жайлоосун укканга бар, көрүүгө зар болгонумду жашыра албайм.

Ал күнү сый-урматка карк болуп, конуп калдык, конгондо да бой тартып келаткан кызы менен бирге турган жалгыз жан жеңесиникине төшөк салып беришти. Таңдын эрте атышын тилеп, уйкуга алдырып, кудайдын эсебинен убактылуу чыктым. Качан гана түндүк түрүлгөндө көзүмдү ачсам, эбак эле Күн күлүң-

деп, жаратылышка жан кирип калыптыр. Чарчагандыкы болуш керек, эч нерсе сезбей, тырп этпей уктаган экемин, чиркин, каректерим жаңы ачылгандай болду. Атамды карасам, төрдө бейкапар кымыз ичип отурат. Дегеле жолго чыгаар оюу жок, ордунан кебелбейт, тимеле өз үйүндө жүргөндөй. Эртең мененки насиптен наар алган соң, атам менен аял сүйлөшүп алгансып: -Бар, ойноп келгиле-деп, мени жана кызын сыртка жөнөтүштү. Секелектен өтүп, бөдөнө тумшук мамагы билинер-билинбес көйнөгүн тирейт, кыз эмеспи, мага кырдуусунуп жатканы даана билинип турду. Эмне кылмакмын, болгону атамдын айтканын аткарып, кызды ээрчий, кырга чыктым.

Экөөбүздүн ортобуздагы оюн деле уланбады, канчалык өзүмдү зордосом да, жылдызыбыз коошпой туруп алды. Өңү анча серт эмес, өзүнө жарашкан оозу менен мурду ордунда, бир артыкчылыгы, о-о, укмуш, мойну ак куунукундай койкоёт, көргөн кишинин көңүлүн бура. Көздөрү коймолжун, каштары капкара, кирпиктери төгүлөт. Кыргыз кызынын сулуулугуна, келишкен келбетине мен мынчалык маани бербепмин, мүмкүн жайлоонун таасири тийди окшобойбу, ажайып дүйнөнү ачып жаткандай жаратылыш да жагымын, жылуулугун бизге жамынтып жатты. Бирок, жанымдагы кыздын кабак алдынан тез-тезден боз үй тарапты кылыя карай бергени кызыктай көрүндү. Менин да ички сезимимде дүрбөлөң, ээн үйдө калган эркек менен аял эмне кылып жатышат? Эмдигиче сүйлөшүүчү, кеңешүүчү сөздөрү түгөнө элекпи? Жашыргыдай, жашырынгыдай экөөнүн кандай сырлары бар сыяктуу ээме суроолордун жандырмагын издеп жатсам, мээме бир нерсе кылт дей түштү.

Ал көрсө ачык айтылбаган, балдар билүүгө тийиш эмес деп эсептелген, аны айкын көрсөтүү мүмкүн болбогон, адамзаттын түгүл, жан-жаныбарлардын эркек жана ургаачыларына таандык айкаштык – тукум улоочу, артында туяк калтыруучу жараяны турбайбы. Купуялуулугу менен уят катарында саналса да, тирүүлүктүн уңгусу, кумарлануунун маңызы, өмүрүңдүн негизи, көңүлүңдүн ышкысы, жан дүйнөңдүн изгиси, деги койчу, кандай айтсаң жарашат. Эртеден бери тымызын тиктеп жаткан экөөбүз, эми бетибиз ачылгандай боз үй тараптан көз албай калдык. Мезгил-мезгили менен аял колундагы чылапчындагы сууну эшиктен алыс серпет да, кошо кармай чыккан жез чөөгүнүнө суу куюп бүткөн соң, ийинге киргенсип, култ эте ичкери кирет. Ошентип, бул күнүм да өттү, атамдын кете турган түрү жок, убакытка кайыл, дагы кондук. Менин жиним келе баштады, өзүмдөн өзүм туталанып, ызамды кимден чыгарсам дегенге ыктап алгам, бирок жолум болбоду. Байкуш апамдын: -Балдардын бирин ээрчитип ал!-деп, чырылдаганы бекеринен эмес экен.



Кыйраңдаган чолоктун кылыгына иренжип жатып уктап калыпмын. Капталга түрткүлөп ойготкон атамды карагым келбей, шаша-буша кийинип сыртка чыксам, токулган ат мамыда байланып турат. Бөктөрүнчөгү бар, кол чаначтагы кымыз канжыгада, бастырып кеткенге баары шайма-шай. Дагы деле Кулданбести көрөмүн деген оюмдан кайта элекмин. Кудаа кааласа, ошол тарапка сапар алабыз дейм. Шам-шум эткенден кийин, барган үйүбүздүн ээлерине бата бердик, алар да: -Жолуңар байсалдуу болсун!-деп, каалоо-тилектерин билдиришти. Атка отуруп, кош айтышкан соң, атам атынын оозун айылды көздөй бурду. Баягы мен эңсеген жайлоо ары жакта, ой жеткен менен, дагы деле кол жеткис аралыкта калды. Кымыздын күчүбү, Күндүн жылуу илебиби же жан жыргалынын тааси-

кым билсин, атам кыңылдап, ичинен обон созо риби, ким билсин, атам кыңылдап, ичинен обон созо көңүлү кушубак, жүзү нурданат, кабагы жаркыйт, э-э, тобокеч. Бул абалын көргөндө Кулданбеске жетпей калган өкүнүчүм менен атама болгон таарынычым таркап кетпедиби заматта.

Ал ошентип өзү менен өзү алек, буйругу болсо бир күнү Куданбести көрөөрмүн деген тилек менин ичимди кытыгылайт. Атактуу жайлоонун аталышы тууралуу алган жообум мени канааттандырган жок. Өз алдымча издене баштадым: -Мүмкүн, Кулдан без эмес, аякта кайдагы кул, элди кубалагыдай, Гүлдөн боз же бөз (кездеменин түрү – ред.) болушу туурадыр? Айтылышына жараша баштапкы айтым алгачкы калыбын өзгөрткөн учуру миңдеп саналат, сөз дагы жандуу – мезгили келгенде колдонуудан чыгат жана өлөт, анын ордун жаңысы басат, кадим адам өмүрүндөй. Ушундай ойлор менен алектенип, атама суроо деле бербедим, туюмум менен эки күндүк жан жыргалын бузгум келбесе керек. Кийин ойлосом, оңбогур чолок экөөбүз мурунтан эле мамиле түзүп жүргөн аялдын үйүнө барган экенбиз. Айтор, балачакта атамдын аялзатына карата эркектиги боюнча эки ирет жаза басканын байкагамын. Мындайдын мен көрбөгөн, мен билбеген канчасы өттү? Карасаң, кыйралаңдап алып, ошондой кылыктарды тартынбай жасап турганын! Мен андай иштердин бирин да жасай албадым...

# АТАМ ЖАНА АРАК

*Келберсип, кекирейип*
*бой көтөргөн,*
*Адамдарга караганда.*
*Дүйнөнүн эң бир асыл*
*ичкичтерин,*
*Ааламдын кушу сымал*
*жогору баалайм.*
***Евгений Евтушенко***

Атам арakты танган да, чанган да жок. Эл катарында ээгин булгап жүрдү, бирок ичимдиктин артынан түшө кубалап, ар-намысын тебелетпей, өмүрүнүн акырына чейин эрмек да кылбады. Ал кездин жазылбаган мыйзамына ылайык эркектер арасында арак ичүү эрдик сыңар саналаар эле. Колуңда барбы же жокпу, ага карабай коногуңду шайтандын тамагы менен сыйлоо – союш сойгондон артык, чоң иш жасагандай эрдемситип турчу. Бул жүрүм жүрө-жүрө турмушубузга сиңип, каадага айланганын бүгүн да туюп олтурам. Алкоголдун адам ден соолугуна тийгизген терс таасири жөнүндөгү диний, элдик жана медициналык түшүнүктөр кулак сыртынан кетти, эске албай калдык. Анткени динге ишенбөөчүлүк боюнча атеисттик тарбия, элдик ишенимдерди эскинин калдыгы эсептеген Советтик идеология жапырт ичкилик ичүү жараянын шарттады. Өнүмдү сатып-өткөрүп өкмөттүн, мамлекеттин киреше булагына айлантты, өндүрүш шакылдап иштеп, дүкөндөр ар түркүн шишелерге тирелип турду. Кыскасы, кыргызбайларга арак ичкенди орустар үйрөттү десем ашыкча болбос.

Адатта үй-бүлөдө арак жөнүндө кеп болгондо, атам: -Согуш учурунда маанилүү чабуулдардын алдында жоокерлерге 100 граммдан тазартылган, накта спирт берчү эле-деп, эскергени бар. Аракты дары катары колдонуп да жүрдү, айрыкча Күн бүркөлүп, аба ырайы кескин өзгөргөндө бушайман болуп, жанын коёрго жер таппай калаар эле. Себеби, кан майдандан алган жарааттары – кесилген оң буту, жабыркаган сол буту ооруй баштачу. Ошону басаңдатуу үчүн бир ыстакан аракты тартып жиберип, кыйналганын унутуп, көңүлү жайдарлана түшкөнү көз алдымда. Кээ кезде ашыкча ичип алганда, фашисттик душмандарын кыйратып жаткандай үй-бүлөсүн кан кууруган учурлары болгонун жашырганда не? Арстандай күркүрөгөн добушунан коңшулары да коркуп, эстери чыкканы чындык. Мындай көрүнүштөрдү жападан жалгыз биз эле көргөн жокпуз, менин муунумдун ар бир экинчиси башынан өткөрдү, жон териси менен сезди.

“Мас болуу – жиндиликке машыгуу” сыяктуу учкул сөздөрдү чакырык кылып таштаган менен, Совет өкмөтү таптакыр тыюу салган эмес. 80-чи жылдардан кийинки чектөөлөр дөөлөттүү өлкөнүн бүлүнүшү менен аяктады. Бирок ошого чейин элдин басымдуу бөлүгүн аракечтикке көндүрүп салды, бирден бир мамлекеттин байлыгы болгон жарандарын, атуулдарын сактай алган жок, тескерисинче, арак-шарапка көз карандылыкты көбөйттү, аң сезимдин өнүгүүсүн жайлатты. Көрсө, мунун артында арамза ой бар тура, эрки бошоп калган элди жеңил башкарууга кеңири усул тапкан жана көйгөйлөрдөн убактылуу алаксыткан жашыруун саясаттын курмандыгы болуппуз да. Азыркы жаштарга ырахмат, дин тутуунун шарты менен ыйман жолуна түштү. Бизге окшоп ыстыкан кармабайт, Адал эмне



экенин, Арам эмне экенин ажырата билет, аракечтиктин артында өкүнүч, кайгы, кылмыш, бөөдө өлүм сымак өксүктөр турганын жакшы түшүнөт.

Кызымтал үйгө келген учурларында балдарын жакшы көрүп, ичинен сүйүп турса да, кайраттуу болушун каалайбы, бир нерсеге шылтап, тамаша кыла бышактатып ыйлатканга чейин жеткирмейи адат. Анан барып: -Атаңдын оозун урайын, кайраттуу бол!-деп, өктөм айтып, кайра эркелеткен күндөрү-ай. Анда Боз-Тектирдин Ак-Булагында жаздоодо элек, он-он бир жаштагы кезим. Кер эшекке 40 литрлик челектерди артып, сууга бара жаткам. Өөндөн эмнегедир эрте келип калган атам орто кызуу экен: -Эй, бери кел-деп, мени жанына чакырып алды. Көзүмө тике карап: -Мени көрдүңбү?-дегенинен: -Ооба, көрдүм-деп, бейкапар жооп бердим. Ал: -Эмнеге менин атымды албай кетип жатасың? Азырынча менин баламсың, эч жакка барбайсың! Мен эмнени айтсам, ошону аткарасың!-деп, күпүлдөй тилдеп, алюмин челектерди түшүрттү, эзме сөзү менен эрмектей мээни жеп, бышактатып ыйлатты. Бирок менин керээтим ичинен жакшы көрүп, эзилип турганын сезип эле жатат, каршы туруп, каяша кылууга даабайм, анткени атамдын сүрүнө туруштук берүү анча-мынча адамдардын колунан келе бербейт болчу.

Ошондо азыркыдай акылым жана кайратым болгондо эмне, аттиң: -Өлтүрсөң өлтүр, бар сууңду өзүң апкелип ал! Атыңды да өзүң арканда, жылкыларыңды өзүң сугарып, эртең менен өзүң айдап кел-десем, мага жалынып-жалбарып, уулум кайраттуу жигит болот экен деп, өлө сүйүнмөк турбайбы, бейиши болгур. Эмнегедир атам кайраттуу, чыдамдуу адамдарды жактырчу. Мен ким болуп калыпмын, бир жаш өспүрүм, балакаймын да. Учурунда бой тиреген, жигит-

тикке ооп калган Апы Бердибаев акени бир себепке байлап, ыйлатканын укканым бар. Күндөрдүн биринде Жаркынбаев Жумабектин үйүндө актив отуруш өтөт. Эшиктеги казандагы этти Жакып, Турдубек, Апы үчөө бышырат, меймандардан арткан арактын түбүн шыпкап ичишип, кызып калышканбы же астын-үстүн кылып оодарган эмеспи, айтор, эт алдыга тартылып жатканда, жанаша турган Жакып менен Турдубекти: -Чала бышырыпсыңар-десе, алар: -Жо, биздин тиешебиз жок, Апы бышырган-дешип чыга беришет. Анан: -Сени чакырып жатат-деп, атамдын кашына киргизип, каратып туруп сатып коюшат.

Ысман авам мүчө берсе керек деген үмүт менен сүйүнүп үйгө киргенде, ал: -Этти сен бышырдыңбы?-деп сураптыр. Апы эч ойлонбой: -Ооба, мен бышыргамдей, ишенимдүү жооп берет. Атам: -Ме, анда өзүң жедеп, каны куюлган, чала бышкан жиликти колуна карматып: -Менин көзүмчө түгөтөсүң-дейт катуу зекип. Апы жеп бүткөнчө тикирейип карап отурат. Каардуу чолоктун сүрүнөн корккон боз улан ач калган иттей, тамагы ооруганына карабай бурдай сугунуп, жеп түгөткөн соң: -Бар эми, бара бер, экинчи мындай кылбай жүр-дептир башын ийкегилеп. Ордунан обдула турган Апы аке босогону аттап, сыртка чыгаары менен: -Энеңди урайындар, мени алдап-дегенге араң жарап, менден өтө бышактап, ыйлап жибериптир. Ай-ай, атамдын кайсы бир кылыгын айтайын, акетай.

Уулу Мамбет авамын да кайратың жок деп, катуу кагуу жегени бар. Ал анда 8-класста окуп жаткан, Орунбек авамдын өкүл баласы – Муса колуктусу менен төркүлөп келип, сый көрүп жатышкан. Аңгыча эле акем түн ичинде боздогон бойдон, көз жашын көл кыла үйгө кирди. Жогорто Сыдык акенин кабаанак



ити бар болчу, ошол санына тиш салып, бут жагын жаралаптыр. Кой-айга келбей ыйлады, жарааты чыдатпай оорутуп, жаны кыйналып жатса керек. Апам менен Марапат жеңем тызылдап, үстүнө үйрүлүп түштү, жалынып-жалбарып да жатышат, кан чыккан жерин тазалап, иод сыйпаганга үлгүрүштү. Баятан бери байкап отурган атам көпчүлүктүн көзүнчө барк этти: -Чоң бала да итке каптырабы? Артка качсаң кабат да, бет маңдай келип, ары кубалабайсыңбы?-деп туруп, шатырата сөктү да, уулунун эч нерседен коркпогон кайраттуу болушун талап кылды. Анан: -Кокус, мени өңүм тургай, түшүмдө ит каап калса – иттин оозун айрып алам-дегени бизге көрсөтмөлүү эскертүү эле.

Атамдын жакшы касиеттеринин бири – күнөөсүн мойнуна алгандагысы, мастыгы менен үй-бүлөсүнө көрсөткөн кысымынан уялып, бир ай же эки ай арак менен алектенбей, күнүмдүк тиричилигин ондогондон баш көтөрчү эмес. Кечкисин балдарына китеп окуп бергенин көргөндө байкуш апам абдан бактылуу эле, мындай учурларды жакшы көргөнүн көздөрү билдирип турганын көп байкадым. Атакем араксыз өткөргөн күндөрүндө өтө алпейим, жумшак адамдын терисин жамынып алгандай, терс кыял-жоругун жети катар жердин алдына каткансып, кош карегинен мээрими төгүлгөндө кар бүртүгүн Күн илеби эриткендей, өткөн чактагы ичке буккан ызанын изи бир заматта жоголот. Ааламда мен үчүн андан артык акылдуу, парасаты жана аброю бийик Адам болбос, силер мени жөндөн жөн мактап жатат деп ойлобогула, анткени атамдын мүнөзүн, жүрүм-турумун ачык китептей окуп бүтпөдүмбү.

Ушул бойдон арак ичпей калды дегендер чоң жаңылышаар эле, кайрадан өзүн көндүрө-көндүрө, күркүрөп кирип кетпей, ыгы келгенде меймандары, достору

менен уурттап-татып коймоюн таштаган жок. Айрым бир адамдарга окшоп, бирөөлөрдүн арагын аңдып ичип, өзү эч арак куйбай же мас болбостун амалын жылма жасап, Ысман чолок – сараң, кыйтыр атыкпады. Сый көргөн кишисин кайра сыйлай алган деңгээлинен ылдыйлабады, анысын күчөткөндөн күчөттү. Алайкуунун ичиндеги дүкөндөр өз менчигиндей, кайсы айылга бастырып барбасын, ат үстүнөн туруп, дүкөнчүнүн атынан чакыра кыйкырганда, алар чуркаган бойдон 200 гр. арагын ийилип сунганын айтып калышат. Бир окуясын баяндай кетейин, ал кезде өрөөн боюнча Кайың-Талаа айылы калаадай гүлдөгөн мезгили экен. Типтүү мектеби бар, Ан-2 учагынын конуу тилкеси жайгашып, райондук керек-жарак коомунун жергиликтүү соода борбору болуптур, ашкана, буюмтайым, азык-түлүк, чарбалык дүкөндөр, аларга тиешелүү жана даярдоо кеңсесинин кампалары курулган.

Арак саткан дүкөндүн эшигин аты менен жөөлөтүп барып: -Эй, Аки, барсыңбы?-дегенде сатуучу болуп иштеген теңтушу атамды үнүнөн таанып, же: -Ой, Кылычбек кайдасың?-дегенинде жаш жардамчысы кырбы ыстыканга топтолтура куюп, колуна карматканга ашыкчу экен. Алар жаңы үйрөнчүк жаш кыздардан да бул кишиге ушундай мамиле кылууну талап кылышкан. Ал эми дүкөн жабылып калган убактарда Кызыл-Жар ооруканасынын башкы дарыгери менен нөөмөттөгү врачтары, анын ичинен көбүнчөсү: -Эй, Сейтакун, мен келдим-десе, 100 гр. таза спиртин көтөрө чыккандары өзүнчө эле айтып бүткүс аския. Арийне, атам ичкен жагынан да, иштеген жагынан да, жакшы мамиле түзгөн жагынан да өмүрүндө алдына киши чыгарбаптыр. Кайда барса сый үстүндө, кандай айтса оозунун жели коробойт, айтканы айткан, дегени деген



болуп келген. Бирок, 1978-жылдын күзүнөн баштап, арак тургай, атын ченине жолотпой калган жайы бар.

Жоготкон малын издеп жүрүп, Арык-Ашкан мойнокто аты үркөт да, эти оор эме жерге кулап, катуураак тийип калса керек, талаага түнөп калат. Эртесинде жолуккан адамдар ары жакта оттоп жүргөн атын кармап беришип, колтуктап аттандырышат. Ошондо ойлонгонбу же өзүнө өзү убада бергенби: -Жашым алтымышка келип калды, бирдеме болуп, кырсыкка кабылып, көз жумсам, баягы Ысман чолок арактан өлүптүр деген жаманатты сөзгө калам. Бүгүндөн тартып, аракты таштадым-деп апама айтыптыр. Мингичинен жыгылып, каңырыгы түтөй: -Карагер жоргодон кийин атка жетпедим-деген арманы да ушундан. Азыр аттиң дейбиз, көнгөн арагын аз-аздан ичип жүргөнүндө эмне, балким, дартка чалдыкпай, көпкө жашайт беле? Кескин таштап койгондугунун кесепетинен ооруп калды, болгондо да кан басымынан кармады. Буга Алайкуудагы олку-солку аба ырайынын өзгөрүшү да түздөн түз таасирин тийгизди. 1979-жылы апрель айында жаз эрте келгенине сүйүнүп, кош айдоо башталганда эки метр калыңдыктагы карды таштап койду табият. Кашка-Сууда байланышчылардын автобусун көчкү баскан учурда атамды оор кесел – инсульт басты.

Дүкөндөрдүн текчелеринде 3 сомдук “Водка”, 5 сомдук “Экстра” аталышындагы таза арактар, бир сомго жетпеген 85-90 тыйындык винолор тизилип турчу. Атам вино ичкен эмес, бирок 2 сомдук же 80 тыйындык литр шараптарын алып келип, үйдөгүлөргө көрсөтпөй, мал сарайдын ар кайсы жерлерине тыкшырганын билип калдым. Аларды кыштоого же жайлоого шашылыш жөнөп калганында сөзсүз малчы үкаларына алпарып берген адаты бар эле. Жана да өзү атка-

ра албаган, жасай албаган айрым иштерин ичкилик ичкенди сүйгөн адамдарга бүткөртүп, мээнетинин акысы катары колуна карматчу. Ал убакта адамгерчилик кылып, жардам бербеген, арак үчүн тил алчаак алкаштардын тобу пайда болуп калган. Алардын сап башында, баягы: -Ысман авама айт, эмне кылам?-деген Болотали, атама арак дос, теңтуш болуп алыптыр. Мага жолукканда: -Мен сенин аяш атаңмын-деп калжаңдачу, болбосо мектепте мени менен бирге окуган классташым эле, жоругу жолго калгыр.

Оору кар кылат деген чын белем, атты алчактатып бастырчу атамдын ордуна үйүнөн алыс чыгалбаган алсыз бечаранын кейпиндеги адамды көрүп жаттык. Карап туруп, кандай айла кылабыз, аракетибиздин баары көңүлүн көтөрүүгө жумшалат, ашыкча ойлонбосо дейбиз, балдарынан андан башка жардам жоктой. Болгон түйшүк байкуш апамдын мойнунда, анын маңдайына, тагдырына жазылыптыр, күнү да, түнү да тынымсыз, мөөнөтсүз күзөттө. Канчалык көп жашаган сайын эрди-катындын каны-жаны аралашып калат окшобойбу, экөөнүн ортосундагы бири бирине таандык күйүмдүүлүгү төө көтөргүс жүк. Айрыкча аялзаты чыдамдуу экен, бизге билгизбей ыйласа да, апамдын атама карата мамилеси эч өзгөргөн жок, ушунусуна каниет жана даңк. Кыздын баласындай аяр карайт, убакыт-сааты менен жуунтуп-тазалап, жакасын кирдетпеди, атүгүл бир орунга отургузбай, ары-бери которуп, ар дайым кыймылдап турушуна шарт түздү. Күн жылыганда эшик алдына чыгарат, атам өткөн-кеткендер менен учурашып, сүйлөшкөнгө жарады.

Бир жолу совхоздун активдери чөп оруу маалында Көк-Арт, Кан-Коргон, Кайың-Талаадан келишип, биздин үйдүн маңдайындагы талаадан чөп чаап жатып,



атамды тааныгандар кыйкыра салам айтып калышты. Аларды көргөн атам: -А-а, мен билген жигиттер экен. Атала-жармадан кенен куюп, мобу винолорду апарып бергиле-деди. Кыйналса да, темтеңдей басып, мал короодогу катып койгон үч бөтөлкө литрлик кызгылт шараптарды таап чыкты. Сарамжалын түгөлү менен, ага кошуп саламын айтып, жеткирип бардым. Алардын култундашканын айтпай эле коёюн, жалпы баары хор менен: -Ырахмат, Ысман аке!-дешип, кубанычтарын жашыра албай, кыйкырып турушту. Кеч кире түшкөндө тамдын артындагы 18 сотых чөптү сол-сол кыла чаап, бүткөрүп беришкен. Мындай көмөктөрдүн далайы болду, баягы: “Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт” сыңары атамдын кадыр-баркы Алайкуу өрөөнү боюнча өз даражасынан түшкөн жок десем туура болоор.

Кайың-Талаалык жорулардан Арапбаев Макен – күйөө баласы, Исраилов Арстан – өкүл уулу, экөөн тең атам жакшы көрүүчү, аларды сыйлап турчу. Булар чарбанын кеңсесинде эсепчи болуп иштешкен. Бир жолу атам жумуштан кетип жаткандарында чайга чакырат. Кеч курун биздин үйгө атчан бастырып, жакындап келишет да, өздөрүнчө кеңешип, бир бүтүмгө токтошот: -Аксакал кызуураак экен, ал кишиден сүрдөп отурбай, кетип эле калалы… Ошентип, ат тизгинин буруп, кокусунан жолдон кабылып калбайлы ниетинде, Одондун тегирменин айлана сайга түшүп, суу бойлоп, качып жөнөшөт. Атам эшик алдына жетип, атынан түшпөй: -Макен менен Арстан келдиби?-дейт апамдан. Жок деген терс жоопту алган соң, тигилердин сары изине чөп сала артынан кууп, Ак-Бейиттин кабагында (азыркы эстелик коюлган жер) аттарын сугарып, бейгам турпатында табат да: -Эй, жигиттер, бери бастыргыла!-деп кыйкырат.

Тиги экөө: сен кылдың, мен кылдым болуп, бири бирин жемелеп: -Жөн эле чайын ичип, сыйын көрүп кете бербей-дешип, күнөөлүү туткундардай, шылкыйышып, атамдын алдына келишет. Аларды баштан аяк сынаакы карап: -Эй, силерди сыйлап, адам катары тамак берейин дедим эле, эмне Ысман уу берет дедиңерби? Бар эми, жолунарга түшүп, кете бергиле-дептир. Кийин айтып жатышпайбы: -Уятыбыздан өлүп кала жаздадык, авабыз жибек менен мууздады го чиркин, бизди көтөргөн кара жер катуулугунан эле калган-дешип. Сөзүнө туруп, айтканын аткарган жагынан атамдын алдына чыгаар кишини азыр да таппай келем, ага кошул-ташыл Намысты жана Адамгерчиликти эң биринчи орунга чыгарып, туу туткан сапаты – мүнөзүнүн мүдөөсү, өздүгүнүн өзөгү, мендигинин мерчеми экени эми, оош-кыйыш заманда жакшы билинип жатат. Эски көздөрдүн өмүрлөрү өткөн сайын, салыштырмалуу алганда, биз, майдаланып баратканыбызды моюнга алуудан башка ылаажы жоктой.

Менин атам –Алайкуу өрөөнүндөгү эл арасында Ысман чолок аталган Адам өлгөндө: -Оо, намыска туулган кайраным!-деп, көпчүлүктүн ыйлаганы бекеринен эмес экен. Мунун далили катары дагы бир окуяны баяндап берейин. Жетим жүрүп жетилген, Жалал-Абад айыл чарба техникумунан зоовет адистиги боюнча билим алган Мырзабаев Орунбай Алайлык тоокелерден шаарга барып калган Мыскал аттуу кызга баш кошуп, бирге түтүн булата баштайт. Улуу агасы Токтомуш алдына – ачуу басарга Күйөө-Таш айлындагы аттуу-баштуулардан кошуп алууну көздөп, Акимжан абага айтса, ал аткез кылат, Амитжан авама келсе, ар кайсы шылтоону айтып, баш тартат. Айласы куруй кишилерден көзү өтүп, салып-уруп келатса, алдынан



атам чыгып калбаспы. Ал шак эле, ачыктан ачык арыздатка өтөт: -Ысман аке, инимдин кайын журтуна барганга кошулгула десем, паланчалар болбой коюшту, эмне кылсам болот?-десе: -Эмне кылмак элең, чолок экен дебесең, мына мени алып бар!-дейт.

Токтомуштун көктөн издегени жерден табылгандай, бир чети аягандай, бир чети актангандай айткан тура: -Сизди барыңыз деп, алыс жол болгондуктан айталбай жатпадымбы... Ошентип, экөө ээрчишип, Алай өрөөнүндөгү Жылуу-Суудагы кудаларды көздөй жөнөп калышат. Тоокелердин билерманы Камал дагы кан майдандан бир колун жулдурган чолок экен, Күйөө-Таштагы бөрүлөрдүн билерманы Ысман чолок экөө тагдырлаш, согушту көргөн фронтовик катары да окшошуп калышыптыр. Жолуккандарына биринчиден кудайга, экинчиден кыз-жигитке ыраазы, бири бирин издешпей табышканга канагат кыла чер жаза сүйлөшүп, тер чача сыйлашып, эки чолок арақты кумары канганча ичишти дейт. Камал куда колунда бар бай жана сөз баалаган, сыр билги, мыкты адам болгон окшобойбу, мейман үйүнүн төр жагындагы дубалга Улут атасы – Сталиндин канжасын кармап, маршалдык кийими менен турпатын килемге көчүрүп, илип алганын көпкө дейре оозунан түшүрбөй, айтып жүрдү. Бирок, ошол элестин мандайына туруп алып, Улуу Жеңиштин урматына ыстыкан көтөргөнүн мактаныч кылганы жок.

Эки куда эзелки достордой, эзилишип бүтө жаздаганда, Камал чолок үнүн бийик чыгара: -Эй, жаш куда, кызды болсо качырып алыпсың?! 5 миң сом калың төлө, мен дагы кызыма Алайкуулуктарга көрүнгүдөй сеп берейин-дегенде, Токтомуш аке токтолбой, ошондо эле сөзмөрлүгү бар окшойт, мындайча жообун айтыптыр: -А-а, куда, жетим жүрүп жетилдик, мен да ба-

ла-чакалуумун. Күйөө бала менен кызыңыз жаңыдан иштей башташты, калың алам деп талап койсоңуз, алардын акчасын беш жыл болобу, он жыл болобу, буйругуна жараша чогулттурайлы. Ага чейин жаштар жебей-ичпей, ооздорун кармап, өлбөстүн күнүн көрүшсө деле мейли, айтканыңызды аткарам, аксакал-дегенде, ал: -Ой, кысталак, Тоокенин чологуна тең келээр Бөрүнүн чологун коштой киргенде эле, сенден түңүлгөм. Болуптур эми, эки бала бактылуу болсун-деп, ак батасын берип, анан карсылдай күлүп, экөөнү жакшылап сыйлап, узаткан экен. Ошентип, атамдын Намыс үчүн туруп бергенин караң, бул бир эле мисалынан...

## АТАМ ЖАНА УСТАЧЫЛЫК

*Эгер сиз бай болсоңуз, эң таза сезимдерге,*
*Түбөлүк каласыз Ааламды аралап.*
*Анткени – таза сезимдер гана,*
*Турмушка өлбөс болуп жаралат.*
*Эгерде бай болсоңуз таза сезимдерге,*
*Өтөсүз тоскоолдукту тебелеп.*
*Анткени – таза сезимдер гана,*
*Турмушка күчтүү болуп төрөлөт.*

**Жолон Мамытов**

Устачылык өнөргө атамдын жакындыгы табигый көрүнүш, акылы тетик адамдын колу жатык, ар нерсеге ыктуу болот, ошону менен бирге түпкү тегинен бери келаткан көндүм таптакыр, ың-жыңсыз жоголуп кетпеси белгилүү. Качандыр бир кездерде уулунан чыкпаса, неберисинен же тукумунан кайра жанданып, ата кесибин аркалоо салтка айланганын көрүп да, билип да жүрөбүз. Демек, Ысман чолоктун усталыгы асмандан түшкөн эмес, ал кан аркылуу муундан муунга өтүп, адамзат тарыхында жана жеке үй-бүлө чөйрөсүндө Жети атанын жаңырыгы катары кайталана берүүчү касиет. Ал уул-кызга эки тараптан келет, биринчиси – аталыктан, экинчиси – энеликтен же жаратылыш мыйзамына таянып айтсак, эркек менен ургаачынын ортосундагы өнүмгө өмүр берилгенден тышкары акыл-эс, талант, шык, жөндөм ж.б. өнөрлөрдүн башаты түйүлдүк кезинде эле жаны менен кошо жаралмагы айныксыз. Болгону буга балдардын өсүү жараянында туура багыт,

туура тарбия берилгенде гана натыйжа, жыйынтык чыгаарын бөркүңдөй көр.

Ой токтотуп, абай салып, талдап көрсөм, менимче, атамдын устакечтигине жетесинин белегинен сырт, өзүнүн умтулуусу күч, акактай таза сезимдери алып келиптир. Алар: жакшы өмүр сүрсөм деген, кор болбой жашасам деген, татыктуу уул-кыздарды тарбиялап өстүрсөм деген, мени түшүнгөн жоро-жолдош күтсөм деген таза сезимдер. Албетте, көкүрөктөн ниет-тилектерди кабыл алган бир жөн, айтылгандарды жүзөгө ашыруу үчүн сөздөн ишке өтүү керек, анын үстүнө турмуштук зарылдык да желкелеп турганда, күн сайын ага-туугандарыңа, коңшу-колоңдоруңа көз-кор болуу коркунучу бар. Андыктан ар кимге жалдырабай же кол куушуруп, коркуп-үркүп отура бербестен батыл аракеттенүү менен маселени бир жаңсыл кылуу кажет. Адамдын колунан баары келет, бул далилди талап кылбаган чындык – ички дараметиңди ийгиликтүү жолго салат, кубаттуу түрткү, жана да алга сүрөйт. Алдын ала акыл менен мээ чабыш кыл, болжомун түз, артка качып, айныба, досум.

Чырпык кезинде өзү сайган, өзү бапестеп өстүргөн теректери жетилип-бышканда, четинен тандап жыгып, алгач атына ылайыктап, ээр чапты. Торпоктун чылгый териси менен каптап, кыйла жыл токунду, азыр ал атадан калган эстелик сыягында көкүрөк күчүгү – Айбек уулунда сакталуу. Эмне жасабасын, эмне кармабасын дасыккан, кыйын, атактуу усталардан кемиген жок, ишине жарактуу жана керектүү аспаптарын ичкерки шаарлардан: Ош, Өзгөн, Жалал-Абаддан сатып алчу же бирөөлөр аркылуу буйуртма берчү. Көмүркөйүндө көпчүлүк көрбөгөн, көргөндү таң калтырчу шаймандар бар эле. Айнек кескичи айылды жаз-күз



алты айланганы, аны да өзү колдонуп, терезелерди бүтөп жүрбөдүбү. Кызык эле киши, алакандай айнектин кесиндилерин да, ыргытып ийген жок. Үйүбүздүн беш айбанына чатыраш жасап, айнектердин сыныгын эби менен курап, бир башкача, элде жок үлгүдөгү терезени такканы бир тең, өз колунан чыккан кире бериштин каалгасы эле бир койлук дегидей бар.

Атамдын өнөрүн көрүп туруп, буту чолоктук эч нерсе эмес турбайбы дейм, мына колу чоркоктук – адамды чолоктон жаман жүдөтөт экен. Муну өз башыман өткөрүп келем, канча аракет кылсам да, менде атамдыкындай жөндөм, шык ачылбай койду. Антейин десем, экинчи уулум Адылбектен, Адигимен үмүтүм зор, чоң атасын ошол тартат окшойт. Кармаганы, жасаганы жандуу, кыймылы шайдоот, убагында атамдын өз колу менен мар текенин мүйүзүнөн кесип саптаган эң керектүү аспабын – Арзыбай агасы, бейиши болгур, усталардын устасы сомдогон керкисин таап, салтанат менен тапшырсам, илгерки бармак тиштетүү ырасмисин аткаргандай болмокмун. Кашайып, табылбай жатат, кайсы бир колу туткак кески кармап кеткендей. Атамдын көзү турганда, аспабы түгүл, дат баскан мыгы жоголбой, өз ордунда турмак. А кишинин сарамжалы укмуш эле, жылына Ош шаарына барып, бутуна протез же жасалма жыгач балдак жасатканы кетчү. Андагы усталар менен ынак мамиле түзүп, бекер берилүүчү бир жолку эндүү кайыш курдун ордуна эки-үчөөнү кармай келчү.

Жоон саны менен жасалма бутту курчаган эндүү кайыш кур, агезде аттууга бар, жөөгө жок, айылдан табылышы кыйын болгон. Мурда колдонуп жүргөн, кургап же жыртыла баштаган арчындамасын шашпай отуруп алып, кайра жамап-жаскап, жарактуу кылып,

жаңысын ат жабдыктарына колдонуп жүрдү. Бир жолу менин көзүмчө басмайыл жасады, ага өзбек тектүү уста досторунан алып келген өткөн кылымдагы зергерлердин күмүш жасалгасын бастырганда, жабдууга коюу Түндөгү жылдыздардай жаркын көрк берип, көргөн көзгө өзгөчө – борбордогу тарых музейиндеги ажайып табериктей таасир калтырды. Тим эле Карагер жоргосунун сымбатын ачты. Ашып калган курларын өзү сыйлап, урматтаган адамдарына тартуулаганды жакшы көрчү. Айрымдары атайы кадырын салып, көксөгөнүн алып тынчу. Биз, балдары, кол эмгек сабагынан жыгач күрөк, отургуч, ээр ж.б. оюнчуктарды жасап келүүгө тапшырма алганда, атабыздын алдына тизилип, кезегибизди күткөн учур – балалыктын бактылуу көз ирмемдери турбайбы. Андан да, "5" деген жогорку бааны алгандагы кубанычыбыз койнубузга батпай, тимеле өзүбүз жасагандан бешбетер баш киймибизди көккө далай ыргытпадыкпы, акетай.

Комуздун көлөмүнөн кыйла кичкинтай, оюнчук комуз жасайм деп отуруп, кызып кеткенде кадимки комуз чапкан учуру да болду. Элдин алды катары короосуна кирген "Москвич-407" үлгүсүндөгү автомашинасына өз колу менен үй – гараж салган. Анын таманынан ороо казып, алдынан оңдоого, ароого алгыдай шартын түзгөнү жана эшигин кулптап койгонго жарамдуулугу – агездеги айыл үчүн чоң жаңылыктардын биринен эле. Дубалды өзү сокчу деп жогоруда эскертпедим беле, ооба ошондой. Бийик дубалга шаты аркылуу чыгып барып, көчүгү менен минет да, ободо салган сайын артка жылып, ишин улантат. Бул чакта Ысман чолокту эч ким, эч нерсе алагды кыла алчу эмес, бүткүл оюу, бүткүл дити, бүткүл көңүлү жасап жаткан жумушуна байланган, айланадагы адамдар ал



үчүн жок катары. Ошондон го, мал акырды ондоп атса, кичүү уулу Айбектин ойноогу кармап, жанына келет. Аны: -Ары турчу, энеңди урайын, жолтоо болбой-деп сөгүп койсо, төрт жаштагы эркетайы, 53 жашында көргөн перзенти: -Жөн эле турсам, энемди сөгөсүң-деген тейде, огобетерден догурунуп, бетин тултуйтуп, сөйкөнүп туруп алганда, аргасы түгөнгөндөн солкулдап ичинен күлгөн экен.

# ООРУ ЖАНА ӨЛҮМ

*Бул дүйнөгө келген өмүрдү,*
*Кетпес кылып жасап койсочу?*
*Белгисиз бир күндүн колунда,*
*Кылыч турат бизди мойсочу.*

***Жолон Мамытов***

Врачтардын көрсөтмөсү боюнча атам баш-аягы үч жолу инсульт болуптур. Биринчиси жеңил өткөн, каруукүчү кабелтең, шайтандын тамагынан кылт эттирип жүргөн чагында тоготпой, сестенбей көтөрүп кеткен экен. Экинчиси, 1979-жылы дебедим беле, күркүрөгөн арстандай кайраттуу адам – колго түшкөн коёндой, муун-жүүнү бош, жашык пендеге айланганы өкүнүчтүү. Мурункудай каалаган жагына ат менен бастыра албай, жөлөтүп-таятып жатып, машинага араң отуруп, айылдагы бата кылчу үйлөргө кыйналуу менен барып-келгенге мүмкүнчүлүгү болгон. Эптеп, өзүн бошотчу жерге этияттап жетип, тамак-ашты колдон ичип, кан басымга каршы дары-дармектерди колдонмоюнча жашоосу токтоп, жарык дүйнө менен коштошуусу сааттын жебеси чыкылдаган сайын чукулдай берген абалга жеткен. Мен ал учурда Фрунзеде элем, окуумду бүтөөргө дагы эки жылдай убакыт бар. Андыктан атамдын жанында туруп, камкордук көрүү вазийпасы мага буюрбады, атамды апам гана карап жатты.

Дипломумду колума алганда келинчегим Батмажан экөөбүз жаңы тирдик, жаш үй-бүлөлөрдүн санын көбөйтүп, жан сактоо далалатында ишке орноштук. Мен Маматемин тагамдын арты менен мен Ош телерадио комитетине редакторлук кызматка, жубайым да Забытакун аксакалдын кадыры менен жакшы ишке – Ош областтык



туризм комитетине текшерүүчү кылып кабыл алышты. Несин айтасың, Батмажандын ошол кездеги кызмат ордунун барктуулугу-ай. Бирок, чийки май жегенсийм, атамды багыш керек эле дегеним менен, колуктума түзмө-түз түшүндүрүп айта албайм. Балким ал: -Сенден башка балдары жокпу?-десе, так кесе, кескин, чечкиндүү жүйөө таап, айтууга даяр эмес элем да. Жан биргем, жан күйөөр атакемдин ал-ахвалын күн сайын почтодогу, чарбанын кеңсесиндеги телефондор аркылуу сурап турдум. Ошого чоң иш жасагансып, канием алам, жакшы болуп кетет дегенде үмүтүмдүн билиги өйдө көтөрүлөт. Маммет авам өзүнчө үй салып, бөлүнүп кеткен, тай чабым алыс, анысынан да совхоздун ишинен бошобойт. Асылбек борбордо окуп жаткан, уулдары Кеңешбек 14, Айбек 11 жашта. Бүткүл түйшүк байкуш апамдын мойнунда. Ушуларды ойлогондо ичимен кан өтөт.

1984-жылдын май айында: -Атанды бак, айылга келдеген сунушту Акимжан авам айтты жана мени көндүрдү. Ансыз да ным жерге отуруп алгандай, араң жүргөн жаным, шак эле макул болдум. Ал айтылган күнү иниси Айтмамат шоопурун жөнөтүптүр, азыноолак оокат-кечебизди жүктөп, Ош шаарынан көчүрүп кетти. Менин айылга келгениме атам абдан кубанды. Так сүйлөй албайт, тили бурулуп, булдуруктап калыптыр. Суроого жооп бергендин ордуна күлөт же жашыйт, бирок өлкөдөгү, айылдагы жаңылыктарды мурункусундай эле кызыгып укканына таң калдым: -Кудая тобо, ушундай да адам болот экен, э-э? Баягысындай жыгач бутун байлана салып, өзү басканга дармансыз, сөзсүз бирөөнүн көмөгү керек, эртеңкисинде карылыктын дөөлөттүү төрү көрүнбөйт, уламдан улам ылдыйлап баратканы жүрөгүмдү ачыштырат. Бирок жан бөлөк тура, жакындан жардам кыла албаганыма, оорусуна ортоктош болбогонума кимди күнөөлөмөк элем?

Атамдын жанына, айылдаштарымдын арасына кайрылып келишиме өмүрлүк жарым Батмажандын бандай салымы бар, айтканыма көндү, аялзатынын артык сапаты ушунда экен, жолдошуна каяша айтпай, каршылык көрсөтпөй, колдой билди. Азыркы келиндер ата-энесине каратпай, эр сөрөйүн мурдунан чүлүктөп алып, төрт тарабы кыбыла, каалаган жагына жетелеп кетип жатпайбы. Аларга караганда биздин муундагылардын ыйман, ынсабы бар экенине да бир жолу ынандым. Анын үстүнө жубайымдын ата-энеси – менин кайнатам жана кайненем Аракеев Макен менен Чотонова Бүкайыр тарбия-таалим көргөн, наркты билген тектүү жердин тукумдары, Совет бийлиги учурунда тап душманы катары кулакка тартылган Аракеден, Түлөкөдөн, Чотондон калган жетимдерди жетилтип, турмуш жолуна кошкон милдетти аткарган ардактуу адамдар. Ал уулкыздардын аты-жөнүн атасам отуздан ашык тизмени түзүүм керек. Өзгөчө апабыз Бүкайыр байбиченин: -Айланайындар-деген сөзү эле мээримин чачканда, ак жуумал тарткан кызыл жүзүнө жарашык, өзүнчө эле энелик асыл касиети Ай сымак төгүлүп да, көрүнүп да турчу.

Келинчегим экөөбүз тең ардактуу атамдын үстүнө үйрүлүп түшүп, байкуш апамдын түйшүгүн жеңилдеткендин аракетинде болдук. Ар кимибиздин милдетибиз өзүнчө, мен сакал-мурутун сапсайтпай тегиздейм, чачын алып жатканда тамаша ыргытам: -Эсиңиздеби, кичинекей кезимде мокок устара менен башымды чолок буттун тизесине кыскан бойдон ыйлатып, чачымды алчу элеңиз? Азыр Сизди ошондой кылам-десем, атам жан-дили, келбет-турпаты менен мыкылдап күлөт, кайраты калыбындагы капчыгай жаңырткан каткырыкка добушу алсыз, үнү ичине түшүп кеткендей. Жуунтуп-тазалаганда, кийимин котортондо, ажатканага алпарганда, Күн чубактатып, эшикке



көтөрүп чыкканда жаңсоосу менен кайра-кайра батасын берет, жарыктык. Айылды, көчөдөн өткөн-кеткенди көрүп, таза абадан дем ала дене-бою жазылганда кайрадан үйдөгү жумшак диванга жаткызам.

Жанына жакын отуруп, акыркы кабарларды, жапжаңы жаңылыктарды айтып берем, кызыктуу, күлкүлүү окуяларды баяндайм, бир жаман жери – кабыл алуусу кеңдеп, суроолуу көз караштары көбөйө берди. Турмушка, тирүүлүккө кызыгуусу жоголгон, наркы дүйнөгө ыктап алган момун мүнөз күтүп, жанынын тынчын көздөп, эшик-эликке чыкканды көп каалабай, үйгө эле киргиси келип атканы бизди бушайманга салат. Июнь айынын экинчи числосунда үчүнчү жолу инсульту кайталанды, сүйлөй албай, колу-буту кыймылдабай, төшөк тартып калды. Мындайда эмне кылаарыңды билбей, алдастап калат экенсиң, ага-туугандардын, коңшу-колоңдордун оорулуунун акыбалын сурап, кирип-чыгып турганы зор тирек болду. Жыгылгандын биринчи күнүндө таң эрте келген Жаңыбай чоң атабыздын байбичеси Бапы чоң эне тамырын кармап көрүп: -Ыраазычылыгын тилеп, жакшы карагыла, бери келбейт, ары жакка ыктап калыптыр-деп, ачуу чындыкты ачык айтты. Мен алгач ал байбичени жаман көрдүм. Ал чоң энебиз тамырчы, суу менен дарылаганды жакшы билчү. Бейтапка суу ичирип, буту ооруса сууга сал деп, дайыма кеңеш бергени эстен кетпес.

Жабырлангандын алгачкы төрт күнүндө абалын сурап, көргөнү келгендерге: -Жакшымын-дегенди көзү аркылуу билгизип жатты. Эми ойлосом, алар да атам менен акыркы ирет коштошкон экен. Кирип-чыккандар менен атамдын ортосундагы кыргызга гана тийиштүү, кыргызга гана таандык бир башкача өзгөчөлүктү сездим, улуттун улуулугу ушунда окшойт: түбөлүктүү, акыреттик жайына аттанып жатса да, “жакшымын” дегенинде терең

философия, терең акылмандык касиет – артында калган урпактардын жүрөгү оорубасын, ден соолугу болсун, өлүмдөн коркпосун таризиндеги жаратылыш мыйзамын бир сөз менен түшүндүрүү вазийпасын аткаргандыгы тура. Эл ичинде: -Жакшы жүрмөк бар, жакшы өлмөк жок, ооpу ооpу эмес, ооpу баккан ооpу-дешет, бул калетсиз бүтүм, ошентип, оору баккан түйшүк менин башыма келди. Кыймылсыз жаткан атамдын денесин таза кармоо милдет, жамбашындагы, арка-белиндеги жумшак эттер эзилип, жара болот, айрыкча заарасын сак-сактап турбаса, жоон сандарын оюп таштайт.

Мага апам байкуш жана атамдын жатындаш карындашы – Жамила эжем каралашты, бир жолу эжем экөөбүз алдын кургактап жатканда, аял эмеспи, алда кокуюн айтып, кейип жибергенде, атамдын акыл-эси, эс тутуму жайында белем, бизди карай өзгөчө күлүмсүрөп, мурутунан жылмайды. Эжем агасынын оюн окугандай: -Кагылайын каралдым, бир боорум-ай, силерди кыйнадым го, эми эмне болосуңар дегендей белги берип жатпайбы-деп, көздөрүн жаштап алды. Акыркы күндөрү коңурукту кош тарткан уйку басты, бутунун учунан өйдөлөп, денесинин табы кетип, таштай муздайт. Барган сайын ал муздактык жүрөгүн көздөй жылат, күтүүдөн башка аргабыз жок, бирок, үмүтүбүз үзүлбөйт. Түнкү саат төрттөр чамасында жүрөгү токтоду, аттиң арман, атам Түбөлүк жашоосуна учуп кетти, ажалына аралжы боло албадык! Ошентип, 1984-жылдын 9-июнун таңында жарык дүйнөгө, бул жашоого бир келген, 65 жаштагы Одонов Ысман аттуу Адамдан айрылдык.

Өлүм өксүгүн, жоготуунун жолун жан дүйнөдөгү өкүнүч менен, сезимдеги кайгы-муң менен, каректеги ый менен бастык, ага болбоду. Антсек да негедир көкүрөгүбүз, муун-жүүнүбүз бошоп, эсибиз эңгиреп туруп



алды, бирок эл бар экен. Улам бири келип, азабызды тең бөлүштү, кайрат айтып, көңүлүбүздү көтөрүп, алаксытып жатышты. Ар бир айтылган атаң жөнүндөгү жагымдуу кеп-сөзгө, жакшы ой-пикирге кадимкидей чыйрала түшөт экенсиң, жанагы: -Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн-деген накыл кеп ошондон чыкса керек. Өлүккө ыйлагандын да адеби болоорун ошондо түшүндүм, үңүлдөп эле ыйлай берүү жарабайт тура. Менин абалымды көргөн Орунбек авам: -Ала-Тоом атам, Арстаным атам, Алтыным атам деген сөздөрдү кошуп, жоктоо ырындай ыйла-деп үйрөткөнү ырас болуптур. Көз көрсөткөнү келген айылдаштардын, ага-туугандардын көпчүлүгү өкүрүп түшкөнү менен парзынан эмес, карызынан кутулгандай, ары басаары менен кайдыгер. Өзгөчө эки адамдын жоктоп ыйлаганы эсимде калды.

Биринчиси – Момолой жездебиз узакка жаш төгүп, өнтөлөп ыйлады, тагыраагын айтканда, кадимкидей кошок кошту:

-Алтыным, жаным, үкам, а-а,  
Кайрылбас жакка кеттиңби, а-а?  
Артында калган тууганды,  
Кимдерге таштап кеттиң, а-а?!  
Ишенип сага жүрчүбүз, а-а,  
Ичимден алкап, сүйчүбүз, а-а!  
Артыңда калган тууганды,  
Өзүңдөн башка күйчүбү, а-а?!

Эркек кишинин көзү өткөн маркумду жоктоп, кошок кошконун биринчи көрүшүм, төкмөлөрдөй маани-маңызына келтире куюлуштуруп, атамдын чыныгы жүзүн, элге кылган жакшылык ишин сөз менен ачып, ага жамандыкка таандык мундуу обонго кошкону – мерестин да муздак жүрөгүн жибитти окшойт. Экинчиси – Супатаев Макен аке, ал Акимжан авам каза болгондо

Ысан аваны кучактап алып, элге угуза, узакка кошок кошкону бар. Таланттуу экен, ичиндеги бугун ырга айлантты, угуп тургандардын көзүн жаштатып, дагы бир жолу ыйлатты. Аттиң деймин, кошок, жоктоо ыры айыл арасында жоголуп баратат, жесирлер жана кыз-кыркындар кагазга жазып алган кыска саптарын кайталамыш болот, бирок окшошпойт. Ал эми эркек киши кошок кошпойт деген түшүнүк жаралган, чын ыкласынан, чын ниетинен чыккан арманын ачык айткандын эмнеси жаман? Ыйдын арты менен көкүрөгүң бошойт, сөздүн күчү менен эсил кайрандын эмгегин эл алдында эскерип жатасың, ичке толгон терсаяк ойлор – мордон оргуган түтүн сымак обого тарап, жеңилдене түшөсүң.

Улутубузду дүйнөгө дүңгүрөтө тааныткан, атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматов ааламдан өтүп, сөөгү Германиядан келе жатканда, дагы бир залкар жазуучубуз Төлөгөн Касымбеков: -Кошок кошуп, үн чыгара өкүрүп, ыйлап тосуп алайлы, мен баштап берейин-деген сунушуна баары көнүп, Элмирбек Иманалиев комузу менен коштоп, кошкон кошогу кыргыз кыртышында салтка айлана баштаганы жакшы жөрөлгө. Биз, ата-энебизден эле эмес, бир боорубуздан, жакыныбыздан, замандашыбыздан, катарлаш адамыбыздан айрылып жатканыбызды, эми ал пенде сыңары экинчи ирет биз менен жүз көрүшпөй турган Түбү өлүк жайга, Көргө киргенин нагыз сезүүгө тийишпиз. Ошондой абалга жаны кейигендер гана ичиндеги күйүтүн сыртка чыгара алат, жасалмалуулуктан тыш, орду толгус жоготууну жалпыга жарыя катары жоктойт. Ошондой атамды эскиче, эсибизди эңгиретким ыйлаган айылдагы карыя Дүйшө аке болду. Аксакалы ылдый жаш куюлта:

-Намыска туулган кайраным,

Эми кайдан табайын-деген ушул эки сапты чын дилинен улам-улам кайталап, өкүрүп турушу – муун-



жүүнү бошоп, шыпшынган аялзаты түгүл, кайраттуу, мерез эсептелген бизди, эркектерди да жашытты.

Жерге берген күнү Айт намаз, Жума намаз жана атамдын Жаназа намазы чогуу окулду, кудайыма тобо. Алайкуу боюнча дүңк этти: -Ысман намаз окубаса, арак ичип жүрсө деле Алда Таалага жаккан экен, ыйык күндө коюлду-дешти көпчүлүк. Бирок, алар атамдын жашыруун сырын билишпейт эле, ал көкүрөк кага эл көзүнө түшпөй бир маал намазын, айрыкча багымдат намазын отуруп алып ишке ашырган. Коммунист болгону үчүн гана ачыкка чыга алган эмес. Абакул досу молдоке экен, көптөгөн зам сүрөөлөрдү, куран аяттарын бир дептерге толтура жазып келип, колуна тапшырганы бар. Атам аларды өз алдынча жаттап жүрдү, пендечилиги күчтүүбү же Акырет (Акыры өт) жайына камындыбы, ким билсин, Пайгамбар жашка жакындаган сайын Кудайга болгон күчтүү ишеними жүрөгүнө орноп, азоо аттай оолукма, оргу-баргы мүнөзү жумшак тартып, оозунан жан кейитчү жаман сөздөр чыкпай калган. Оорунун айынан намазга жыгылганга алы келбегенине өкүнгөндөй, тили булдуруктаса да, көмөкөйүнөн келме келтире күңгүрөнгөнү көздөрүнөн көрүнүп турчу эле.

Азыр өкүнбөйм, аз убакыт болсо да атамды өз колум менен бактым, колуктум экөөбүз тең Ак батасын алдык. Бала үчүн мындан артык бакыт барбы? Атанын ыраазычылыгы – сенин келечегиң, балдарыңдын жолунун ачылышы. Ата-энеңе кандай мамиле кылсаң, эртеңки күнү балдарыңдан ошону күт, кийин тагдырыңа таарынба, жер сабасаң да калыбына келбейт. Дөөлөттүү карылыкты өз колуң менен жасайсың, ыйманыбызга камчы чаппай, чынын айталы: бүгүнкү жаштарга таарыныч бекер, анткени аларга жаман-жакшы үлгүнү, өйдө-төмөн өрнөктү биз, улуулар көрсөтүп жатабыз. Андыктан тукум, туяк катары

жараткан алдыңкы муундун өкүлдөрүнө урмат-сыйыбыздан башка, өктөбүз болууга тийиш эмес. Булар өз мезгилинин, өз заманынын каармандары, адамзат тарыхындагы бир бүтүндүктү түзүүчү өнүмдөр, Ааламга вазийпасын аткарууга жаралган адамдар, чала сабат молдокелер айткан Жалган дүйнөнүн коноктору. Айта берсе сөз көп, алардын бири – мен үчүн көзгө басары, атам жөнүндө артында калган урпактарына эскерүү таштайын деген каалоо-тилегимдин күчтүүлүгүнө байланган.

Анымды 2019-жылы, тактап айтканда, Одонов Ысмандын 100 жылдыгына карата чыгарам деп кыялданчу элем. Бирок, чындыкты айтып, моюнга алыш керек, жалкоолукка жамбашымды алдырган жаман адатым – менин жан шеригим жана эгизим, жар-түгөйүм экен, ыкшоолуктун айынан белгиленген мөөнөт мөңкүгөн бойдон кийинки жылга жылып кетти. Эмнегедир атам тууралуу бир да сап жаза албай, кыйнала бердим. Өз заманынын кишилери боюнча орус классиктери: Лермантовдун, Тургеневдин, биздин залкар: Сыдыкбековдун кемелине келтире сүрөттөгөн көркөм чыгармаларын кең-кесири окусам да, атамдын келбети ак-кара түс сүрөттөгүдөй үн-сөзү жок алдымда турду. Акыры өзүмдү алдаштырып жатып, атамдын жашына – 65ке чыкканда зорго баштадым. Аракетимдин акыбетин албетте, окурмандарым талдоого алаар, менин милдетим жакшыбы, жаманбы адамзат тарыхындагы XX кылымда жашап өткөн Адамдын, анын ичинде Инсандын эскерүү китебин элге тартуулоого негизделди.

Эмесе, алтымыш беш жаштагы акыл парасатым менен – менин Атамдын адамдык, пенделик сапаттарын талдап көрөлү, мына бул мен эсептеген 10 мыкты сапат Алтын эреже катары адамдарга бакыт-таалай алып келет экен, алар атамдын жашоо-өмүрүндө болгонбу же болбогонбу, саресеп салсак:

1-сапат – Уят, Абийир – жан туюмунун өзөгүн түзгөн;



2-сапат – Ар-Намыс – ар дайым жан дүйнөсүн жандап жүргөн;

3-сапат – Жөнөкөйлүк – улуу инсандар жупунулукту сүйгөн;

4-сапат – Билимдүүлүк – дүйнөлүк деңгээлдеги маалыматтарды билген;

5-сапат – Жакшылык кылуу – жардам берүү үчүн башына түйшүк үйгөн;

6-сапат – Улууну урматтоо – жашоо маңызына айланган;

7-сапат – Кичүүнү ызааттоо – көңүлүнүн чордонунда байланган;

8-сапат – Топук кылуу – колдо болгонуна каниет алган;

9-сапат – Дили тазалык – жамандык жасоодон алыс качкан;

10-сапат – Адилеттүүлүк, Калыстык – ар бир күнү карманган.

Кымбаттуу менин уул-кыздарым, инилерим жана неберелерим! Ысман атабызда терс сапаттар жок турбайбы деген ойдон оолак болушубуз керек. "Ар адамда бир кыял, ал кыялды ким тыяр?!" дегенди кыргыз жөн айтпастыр, анын сыңарындай пенделиктеги 10 жаман сапаттарды санайлы, ал жосундар атабыздын мүнөзүндө кездешкенби, талдоого алайык:

терс сапат – Түркөйлүк, Наадандык – көргөн да, уккан да жокмун;

терс сапат – Жалкоолук, Жатып ичерлик – жан дүйнөсүнөн окчун;

терс сапат – Ичи тарлык – ички көрөңгөсүнө чоочун;

терс сапат – Текеберлик – баарына бирдей, басынткан эмес;

терс сапат – Кыянатчылык – апакай дили жол бербес;

терс сапат – Кызуу кандуулук – "жети өлчөп, бир кес";

терс сапат – Жемкорлук – эл энчисин эңшергендерди желкелеп өткөн;

терс сапат – Ыпластык – тазалыкты жолдош күткөн;

терс сапат – Ысырапкерчилик – сарамжалы менен түткөн;

терс сапат – Көрө албастык – ат чабым алыс жүргөн.

Карагылачы, атабыз терс 10 сапаттарда да 95% таза чыгып жатат, биз үчүн сыймыктана турган, башыбызды бийик көтөрүп, туу туткан адамдын тукуму болуу кандай жакшы?! Бирок, дардаңдабай коё тургула, алды жакта айтууга татыктуу дагы сөздөрүм бар. Эң өкүнүчтүүсү – атамды мыкты билген замандаштарынан мүнөзүн менден да тереңирээк ачкан маалыматтарды убагында топтой алган жокмун. Антсе да көрүп-билгендеримди, эшитип-уккандарымды улаштырып, эскерүү китебин урпактарына таштап кетейин деген аруу тилегимдин жүзөгө ашып жатканына шүгүр. Кыргызда кыйын кеп бар го: -Өзү өлсө да, сөзү өлбөйт-деген, анын сыңарындай Ысман чолоктун артында аз болсо да айрым-айрым таамай айтымдар калганы – азыркы күндө Алайкуу өрөөнү тургай, дубанды дуулдаткан ылакапка айланган. Оозу шоктор эле эмес, олуттуу, калбаат сүйлөгөндөр да мисал катары же тамаша сыяктуу кыстырма кылышат. Атамдын айткандарынын арбыны элдики болуп кеткен, алардын арасынан эсиме келгендери булар:

-Мен өзүм болбогондон кийин, эмнесине сүйүнөм? (Акимжан авам жетекчи болгондо айтканы).

-Отурган жерим отуз сом! (Ордумду жоктогондо эстейсиңер дегени).

-Ай, айланайын, арамзаалыгың көздөрүңөн көрүнүп турат! (Алдамчы, куйтуларга карата айтымы).

-Ой, кеп чолок бутта эмес, кеп жүрөктө! (Атамды аяган аялзатына жооп).

-Сарамжалдуулук сарандык эмес, сактаган байлык... (Турмуштук кеңеши).



-Мен чолок – ат минбегенде, сени минемби? (Райкомдун нускоочусуна каяша).

-Мой мерген, кой союш берген. (Адан акенин сыйына карата).

Жана жогоруда айта турган сөзүм бар дебедим беле, мына эми айтайын: -Урматтуу атамдын урпактары! Биздин атабыз жалпы эл сыймыктана турган адам болгонунда талаш жок, бирок силер чоң атабыз, бабабыз, бубабыз мыкты киши экен деп, курулай мактанбагыла. Эгер силер өз эмгегиңер, өз аракетиңер менен менин атамдай таза, адал өмүр сүрсөңөр – ошондо гана Ысмандын атын алып, айтып жүрүүгө татыктуусуңар! Арбактын насили жана руху ыраазы болот, о-о булар Атанын уулу, Атанын тукуму дешип, жапырт эл суктанат жана эсепке алат! Бул өмүрдө, бул тирүүлүктө заманага шайкеш, мезгилге жараша жакшы, байгер жашагыла, үй-бүлөңөрдү, ага-тууганыңарды бактылуу кылгыла! Өзүңөрдү сыйласаңар, башканы барктай аласыңар, киндик кан тамган айлыңарды ардактасаңар, Ата-Мекендин, Кыргызстандын кадырына жетесиңер! Улуулардын акылын уккула, жаман болсун дебейт, алардын артка таштаган өмүрүндө чоң турмуштук тажрыйба камтылган, кийин өкүнүп калбагыла!

Атаңар алты саны аман болбосо да, нагыз реалдуулуктун казанында кайнаган, жашоонун кыйынчылыктарынан корккон эмес, төш белгиси жок өз доорунун баатыры! Эли-жери үчүн, ата-энеси үчүн, ага-туугандары үчүн, үй-бүлөсү үчүн ажалга тике карап, эки жолу кан майданды кечип келген. Бутунан ажырап, майыптыгына карабай, алдуу-күчтүүлөрдөн кем калбай, жакшы, жаркын келечекти өз колу менен курган. Эр жигиттердей волейбол, футбол оюндарын, улак тарканды унутса да, шахматты, дойбуну, ордону орду менен ойногон. Айрыкча ордонун оңбогондой күйөрманы

ге, тоорумак тоорул же кадамак кадап, ичке киргенде эле, тоорумак тоорул же кадамак кадап, ичке киргенде-
ги чүкөлөрдү учурата-учурата черткени октой уччу, эл-
дик эпостогу Айкөл Манастын төөнүн бутун сындырган
окуясын элестеткилечи?! Кол каруусунун күчү укмуш-
тай болчу, аны булчуңдары айгинелегендей көзгө толум
эле. Андыктан ден соолугуңарды чыңдагыла, спорттук
мелдештерге катышкыла, күрөштөн качпагыла!

Көп адамдар өз турмушундагы жеке кызыкчылыгын
көздөп, тиричилик өткөрүшөт, ал эми биздин атабыз
андайлардын тизмесинен эбак чийилген, ар дайым эл-
дин таламын талашкан, жалпынын жашоо шартынын
жакшырышына, айылдын, чарбанын өнүгүшүнө, араке-
тинин акыры барып, бейиштей күнөс өлкөбүздүн өнүп-
өсүүсүнө кошкон салымы зор. Мисалы, 1969-жылдагы
катуу жуттан кийин Өзгөн районунан Совет району
өзүнчө бөлүнүп чыккан. Жаңы районго Саматов деген
такыр баш адам райкомдун 1-катчысы болуп дайындал-
ды. Ал кызматка киришкенине мактангандай, Сагындык
колхозунда он жылдан бери иштеп келаткан Бөтөнөев
Апытайды башкармалыктан алды, анын ордуна Үсөнов
Дарманбекти шайлады. Ошол чоң чогулушта атам жа-
рыш сөзгө чыгып, айыл арасындагы жолдор каралбай,
шагыл төгүлбөй калганына көп убакыт болгонун, баткак
кечип каттоо кыйын экенин ачык айтыптыр. Бийликтин
ззэрин сезген, көзүн май баса баштаган катчы элдин ко-
жоюну ким экенин көрсөткүсү келгенби, өзбекче чалып,
атамды ардантkыдай каккан экен:

-Ысман сүйлөйт десе эле, бир нерселерди сүйлөй
берет экенсиң-деп, сөөмөйүн кезейт. Кудай мындай
бербеспи, кошоматчылар кол чаап, чырактарына май
таамп, чолокту ырас кылды, тынч эле өз оокатын жасап,
мындай иштерге киришпей эле койбойбу дешип, мыйы-
гынан күлүшөт. Андан көп өтпөй эле, атам үйгө кубан-



ганынан култуңдап келди, Одонов Ысмандын көтөргөн
маселеси туура экен, айыл арасындагы жолдорду талап-
тагыдай оңдоо керектиги тууралуу көрсөтмө обкомдон
жөнөтүлүптүр. Экинчи бир мисалы, 1974-жылы Ош обко-
мунун 1-катчысы Султан Ибраимов кой кыркым убагын-
да Алайкууга келип, Кызыл мойноктун Тар дайрасынын
жээгиндеги кең сазда жайгашкан сарайда жолугушуу
өткөрүп, эмне өктөңөр бар дегенде, атам ордунан туруп,
электр энергиясы жетпегендиктен эл эскиче 10-чырак
менен отурганын, ичкери каттоо кооптуу болгондуктан
суу жээги аркылуу түз жол курууну сунуштаган. Айыл-
даштарым атамды алкап, шатырата алакан чаба колдоп,
көйгөйдү чечип берүүнү өтүнүч кылышканы жадымда.

Султан Ибраимов: -Туура айтасыз, аксакал, сиз айт-
кан иштер жакынкы убакытта аткарылат-деп, эл алдын-
да убадасын берген. Сөзүнө турган эр жигит экен, жарык
жана жолго байланышкан маселелер көп өтпөй жүзөгө
ашты, эл мүдөөсү аткарылды. Мындай көйгөйлөрдү көтө-
рүү көптөрдүн колунан келген эмес же айтканга мүмкүн-
чүлүк берилбей, алды торолсо, айрымдары бийликтин
куугунтугунан корккон, ошондуктан унчукпай отурууну
эп көрүшкөн. Ал эми эл дегенде, жер дегенде эт-бети-
нен кеткен атамда, баягы бала кезиндегидей карышкыр
кырган койлордун тулкусунан чочулаган коркуу сезими
жокко эсе эле. Ар качандан бир качан көпчүлүктүн түй-
шүгүн тартты, чоңдорго жаман көрүнүп калбайын деп,
кара башын, кара жанын коңулга каткандардын ката-
рын толуктабады. Кайра тескерисинче, кичи мекенинин
көрүнүктүү патриоту болду. Силер да ошондой деңгээлге
жеткиле, Ысмандын ырыс-кешиктүү урпактары! Калкы-
бызга канчалык жакшылык кылсаңар, ошончолук ата-
ңардын элеси Ала-Тоодой жаркып, жаратмандыкка үн-
дөгөн жылуу илептүү жашыл нурга айланат.

Ош областтык "Ленин жолу" гезитинин 1978-жыл, 21-сентябрдагы санында Карымшак Ташбаевдин "Даңгыр жол" очерки "Алтын калем" сынагына коюлуп, жарык көргөн. Очерк жанры адабий-көркөм чыгармалардын түрүнө кирет, демек, биздин атабыз өз доорундагы адабий каарман! Карымшак аке ушул эмгеги менен сынактын сыйлыгын жеңип алган, мыкты кыргыз акыны, Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмери наамынын эгедери. Эң өкүнүчтүүсү Кыргыз эл акыны аталбай, жазмышка баш ийип, көзү өтүп кетти. Жердештери Төлөгөн Мамеев менен Маркабай Аматовдон мурда эле бул наамды алууга татыктуу болчу. Борбордон алыс жашап, улунуп-жулунбай, тынч өмүр сүргөн талантты эч кимиси баалаган жок. Маданият министри Күлүйпа Кондучалова эжеке: -Менин бир арманым, өз учурунда Токтосун Тыныбековго Эл артистти наамын алып бере албай калдым-дегидей эле, Карымшак акенин чыгармаларын сыйлаган күйөрмандары ан үчүн өкүнүп жүргөндүр. Аталган очеркти толугу менен китепке киргиздим, бул дагы атамдын таржымалы, өткөн өмүрүнүн бир үзүмү. Ыраматылык атама ырахмат, гезиттен кыркып алып, каркыттап катып коюптур.

*Алтын калем конкурсу*

# ДАҢГЫР ЖОЛ

## (очерк)

Тоодон чыккан күн нуру менен кошо аттанган буудай ыраң жүздүү, олбурлуу адам ар күнү төмөн карай желе-жорто өтөт. Анын жалдуу карагер аты да бир калыпта көнүмүш адатка салып жүрүп олтурат. Карагердин жат жоргосу үстүндөгү оор бойлуу ээсин жай термелте ыкшап, туяктарынан болор-болбос чаң чыгара жорголойт. А ээсинин элик шыйрак камчысы оң колунда, анда-санда ыргактуу шилтеп, бирок анын өрмө көгү карагердин соорусуна тийбей, жалынан жанып өтөт.

Эшигинде огородуна суу буруп жүргөн, отун жарып жаткан же башка бир тиричиликтин үстүндө алек болуп жүрүшкөн айылдын адамдары алыстан эле таанышып, эгерде жаштардан болсо:

-Оо, аксакал, жакшысызбы? Ден соолугуңуз жакшыбы, демдүүсүзбү?-дешип баш ийкеше жылуу саламдашат. А эгерде саламдашчу жигит жакын жерде болсо шашыла басып, кол берүүгө ашыгат.

Карагердин жолу узакка созулбайт, бар болгону айылдын этегине чейин келет да, "Г" формасында салынган бир кабат имаратка карай бурулуп, анын телефон зымдары тартылган карагайдын түбүнө келет да, көнүмүш адаты боюнча тык токтойт.

Үстүндөгү олбурлуу ээси аттан аярлап түшөт да атын аса байлап, жанагы "Г" формасындагы имараттын жанындагы эшиги күндү караган үйдү көздөй бет алат. Колундагы жалгыз таягын ныгыра таянып, сал-

мактуу басышынан анын согуштун инвалиди экен деп байкоого болот. Ал адам "Айылдык китепкана" деген жазуусу бар дарбазанын тепкичтеринен кыйла көтөрүлөт да, бешмантынын чөнтөгүнөн ачкычтарды алып, эшикти ача баштайт.

Дал мына ушул көрүнүштү бул тоо башында жашаган адамдардын бардыгы билишет. Дал мына ушул көрүнүш – өзүнүн күн баткан тарапты карай салынган үйүнөн аттанып, дал ушул жупуну түшкөн бир кабат үч бөлмөлүү китепканага чейинки аралыкты атчан басып өткөн көрүнүш ар күнү кайталанат. Дал мына ушул көрүнүштү жердештери ар күнү көрүшөт. Бул көрүнүш жазда да, жайда да, күздө да, кышта да кайталанганы кайталанган. Бул көрүнүш күн ысыган ысыкта да, нөшөрлөгөн жамгырда да же уюлгуп кар учкан кышкы бороондо да кайталанат.

Тек гана ушул көрүнүшкө көнгөндөй, ансыз өмүрү өтпөй калчудай сезилет. Дал мына ушул атчан келип-кеткен көрүнүшсүз бул адам жашай албоочудай, ушул көрүнүшкө биротоло ыкым алып, анын рахатына али толук кана электей бул адам. Ушул көрүнүш 30 жылдан бери кайталанат. 30 жыл эр адамынын үчтөн бир жашы го! Бул адамдын буга чейинки өмүрү кандай болду экен?

Сидоров атындагы совхоздун Кызыл-Жар участкасындагы айылдык китепкананын башчысы Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу Одонов Ысман менен биз эл чогулган айылдын четинде узунунан коюлган дөңгөчтүн үстүнө жанаша олтуруп алып, өткөн-кеткен окуялар жөнүндө аңгемелешкенбиз. Анда Ысман аке мага башынан өткөн көп окуяларды айтып берген эле. Бул жолу биз чечилип сүйлөштүк.

-Эхе, иним-дейт Ысман аке колун серпе шилтеп, адатынча башын кашып: -бул баштан көп нерсе өттү. Анын кайсыл бирин айтасың. Бирок ойлой келсең – адамдын өмүрү ушунчалык тез өтөт экен, анын тездигин мындан бил: өткөн өмүр жолуңду элестетсең – бир мүнөттүк кыял чабытыңа сыйбай калат. Зымырап өткөн өмүр күндөрү колго кармалбайт тура. Жаш өткөн сайын "Эмне иш аткардым?" деген өкүнүчкө кабылат экенсиң.



Бул адамдын балалык чагы Улуу Октябрь революциясынан кийинки тап күрөшүнө туура келди. Алгач ал илим-билимге умтулуп, Гүлчөдө ачылган жетим балдар үйүнө кирип окуду. Качан кана Совет району өзүнчө бөлүнүп, ага "кат кагазы бар" кадрлар керектелгенде интернатта окуган "дурус иштеп кете алат" дегендердин арасында ушул Ысман аке да бар эле. Алгач райондун аткаруу комитетинин секретары, кийин парткабинеттин башчысы болуп кызмат өтөп жүрдү. Зирек жигит ишке тез аралашты. Ал убактагы түшүнбөстүккө кожо-молдолукка, өзүмчүлдүккө каршы жүргүзүлгөн партиялык саясаттын курчуган күрөшүндө такшалып жатты.

Бирок кандуу согуш башталып, Мекенди коргоого Ысман Одонов да биринчилерден болуп аттанды. Ат жандуу кыргыз жигити атчандар полкуна түшүп, атчан жүрүүнүн ыкмасын тез өздөштүргөнүнө байланыштуу полктун командиринин адъюданты болуп дайындалды.

Ысман аке согуштан кийинки жылдарда партиялык уюмдун секретары, мектеп директору, жана башка кызматтарда иштеди. Акыры колхоздун башкармасы анын инвалид экенин эске алып, айылдык китепкананын башчылыгына дайындашты.

-Бул кызматта да 30 жылдан ашык убакыттан бери иштеп жатам. Иш жаман эмес. Китепкананын китеп фондусу 8000 ден ашат. Окурмандардын саны жылдан жылга көбөйүүдө. Алгачкы жылдары китепканага бир да жан басып келбейт эле. Эригип, эшигинде отурган тоолуктарга "мынабу китепти окуп көрчү" деп куржунга жүктөп жүрүп таратып, элдин китепке болгон

Мен аңгемебиз бүткөндөн кийин коштошуп бара жатып, Ысман акенин даңгыр жолун элестетип келе жаттым. Жөнөкөй, карапайым, бирок иши, эмгеги жаштарга үлгү болорлук бул адамдын алтымышка барып калганын да ойлодум. Бирок, али алдуу-күчтүү, чо-локмун деп жатып албай, партия менен өкмөттүн саясатын элге таратып, сөзү менен элди эмгекке үгүттөгөн түйшүкчүл адамдын мүнөзүн элестетип келаттым.

***Карымшак Ташбаев***

***Совет району, Алай-Куу селосу***

Мына балдарым, Одондун тукумдары, Ысман атаңар тууралуу баянга батына албай, батынсам да батыл кирише албай, кетенчиктетип жатып, жазып бүткөн дасмиям. Баарына жагат деп айтканга оозум барбайт, балким мен жаңылыштык кетирген жерлерим бардыр, андай болсо алдын ала кечирим сурайм. Бирок, бир маанилүү маалыматты билүүгө, сезүүгө милдеттүүсүңөр: ал – биздин тегибиздин беделине шек келтирбей, белдүү жашап өткөн, биздин ата-жотобуздун дарегине жаман сөз тийгизбей татыктуу өмүр сүргөн, кийинки урпактарынын жаркын келечеги үчүн кам көргөн – Улуу, Уяттуу жана Ар-Намыстуу Адамыбыздын жолун улап, өрнөк тутуп, сыймыктануу менен Тирүүлүктүн оош-кыйышына, түмөн түйшүгүнө чыдап, ынтымагыбызды арттырып, жакшы күндөрүбүздү бирге өткөрүүгө тийишпиз. Атамдын тагдыры – ХХ кылымдагы адамзаттын тарыхы, коомдун өнүгүшүндө орду бар Инсан экенин эсиңерден чыгарбагыла.

Бир тамчы суу экинчи тамчыга кошулуп, анан үчүнчүсүн, төртүнчүсүн өзүнө тарта топтолуп отуруп, башат болот, андан булак жаралат. Ал дайрага түшөт, дарыянын агыны мухитти – океанды түзгөн табигый жүрүмдөрү аркылуу бүткүл Ааламдын бир бүтүндүгүнө айланат экен. Канчалык кыйын болсоң да, океанды түп тамыры менен чайпалта албайсың. Адам өмүрү



да ушул жараянга түспөл, жан сактоо үчүн биригишет, өнөктөшөт, чоң же чакан чөйрөсүн – тактап айтканда өз өлкөсүн же мамлекетин түптөйт. Анын сыңарындай, биздин атабыз алдына мерчемдүү максат коюптур, кичинекей чөлкөмүн, алакандай аймагын кастарлап, Күйөө-Таш айылын жанындай сүйгөн, алды-алдынан тал кармап, ар кайсы жерлерде жашап жүргөн агайын-туугандарынын башын бириктирген бир тамчы сууга окшош. Ошонусу менен толук кандуу өз доорунун адамзат тарыхында орчундуу орду бар. Акылын, кайратын, жигерин, каруусун, кажырын пайдалуу жана натыйжалуу ишке салып, биздей тирүү жандуу эстеликтерди артында калтырып кеткенине шүгүр кылалы.

Ал эми мазарындагы бейит башындагы белгисин эл катары таштан койдурдук. Аны Ош шаарында узак жылдар жашаган, аталган шаардагы Алишер Навои сейил багына Навоинин айкелин тургузган, Тургунбай Садыковдун досу, замандашы, таланттуу айкелчи Давид Хейзеге жасаттык. Болгон-бүткөн чыгымына атамдын “баягы банкындагы” каражатын колдондук, өзү айткандай: сарамжалы сактаган байлыктан ашып түштү. Белгилүү күндөрдө жыт чыгарып, куран окутуп жатабыз. Кыргызчылыкты колдонбой койгонго мүмкүн эмес экен, атам да анын ар бир шартын, ар бир ырасмисин, ар бир жөрөлгөсүн аки-чүкүсүнө чейин ишке ашырчу эле. Өзгөчө улуттун уңгусун сактаган каада-салтын, үрп-адатын сыйлап келгендиги бизге дем берет, мындан ары Ата жолун ишенимдүү улообузга түрткү. Антпесек, биз өздүгүбүздү – Кыргыз экенибизди тастыктай албайбыз, бөтөн элдин тилин туурап, кийимин кийүү, күдүктүү динин тутуу эртеңки келечек үчүн колтук ачкан душмандыкка тете. Ошондуктан атаңардын арбагы ыраазы болсун десеңер – элибиздин баалуулуктарын барктаган Ысман Одоновдой чылгый да, чымкый да кыргыз болгула…

## МАЗМУНУ

ДОСУМ ЧЫН ЭЛЕ ЗАЛКАР ЭКЕН.............................3
БАЛАЛЫК.....................................................10
БОЗ УЛАН КУРАК ЖАНА СОГУШ .........................21
СОГУШТАН КИЙИНКИ ЖАЙ ТУРМУШ ...................31
ҮЙ БҮЛӨ ТҮЙШҮГҮ, ДОС,
КАРЫНДАШ-УРУКТАРДЫ УРМАТТОО ..................53
АТАМДЫН ТУУГАНДАРЫ ...................................79
АТАМДЫН ӨЗҮНҮН БИР ТУУГАНДАРЫ................119
АТАМ ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШ.................................132
АТАМ ЖАНА МЕН ............................................157
АТАМ ЖАНА АРАК ...........................................205
АТАМ ЖАНА УСТАЧЫЛЫК...................................217
ООРУ ЖАНА ӨЛҮМ ..........................................222
ДАҢГЫР ЖОЛ ................................................237

*Даректүү-көркөм басылма*

**АТАМДЫН ТАГДЫРЫ –
XX КЫЛЫМДАГЫ АДАМЗАТТЫН ТАРЫХЫ**

Редактор: *Ишенбек Осмонтегин Тыналы уулу.*
Корректорлор: *Курманбүбү Субанова,*
*Жарашбаев Бактыбек Айдарбек уулу.*
Верстка жана дизайн: *Адилет Кеңеш уулу.*

Басууга 15.04.2022 кол коюлду. Гарнитура Charter.
Форматы 60x84 1/16. Офсет кагазы.
Офсет ыкмасы менен басылды.
Көлөмү 16,0 басма табак. Нускасы 500.

«Мега Формат» басмасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 7-мкр, 34-үй



## КУШТАРБЕК ЫСМАНОВ

1956-жылы, 20-сентябрда Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Кызыл-Жар айылдык Кеңешине караштуу Күйөө-Таш айылында туулган.

Сегиз жашында Өзгөрүш башталгыч мектебинин биричи классына кирип, 1974-жылы Сагындык атындагы орто мектепти ийгиликтүү бүтүргөн.

1974-76-жылдары Сидоров атындагы совхоздун жумушчусу.

1976-81-жылдары СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетиндеги журналистика бөлүмүнүн студенти.

1981-84-жылдары Ош облустук телерадио комитетинде редактор болуп иштеген.

1984-жылдан тартып, киндик каны тамган айылына көчүп келип, Акимжан Жаңыбаев атындагы мектепте мугалим, директордун окуу иштери боюнча орун басары, директорлук кызматты аркалаган. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим минитрлигинин Ардак грамотасынын жана «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгисинин ээси.

Бүгүнкү күнү эмгек ардагери, үй-бүлөөлүү, бир кыз, үч уулдун атасы.